С(Кырг)7-5
М74

Гүлсайра Момунова

# КУТ ДҮЙНӨ



Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

Заказ 2382. Тираж 1.000.000

С(Кыргз)7-5
М-74

ГҮЛСАЙРА МОМУНОВА

*Куттуу Ата-Мекенибиздин мамлекеттүүлүгүнүн
2200 жылдыгына арнайм*

# КУТ ДҮЙНӨ

**Ырлар**

106384

Бишкек-2004

ББК 84 ки 7-5
М-76

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:

Чыңгыз АЙТМАТОВ
Надырбек АЛЫМБЕКОВ
Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ
Сооронбай ЖУСУЕВ
Салибай ШАТМАТОВ
Эрнист ТУРСУНОВ
Маркабай ААМАТОВ
Махаббат МОЛДАЛИЕВА (Башкы редактор)

**Момунова Г.**
**М–76 Кут дүйнө:** Ырлар, - Б.:2004 - 410 бет

ISBN 9967-409-39-8

Белгилүү акын Гүлсайра МОМУНОВАНЫН Ата-Мекенибиздин мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган бул китебинде куттуу мекен, анын куттуу адамдары жөнүндө эгемендүүлүк жылдарынын ичинде жазылган чыгармалары кирди

М 4702300200-04 ББК 84 Ки7-5

ISBN 9967-409-39-8

© Момунова Г., 2004



# ГҮЛСАЙРА-КУТТУУ ЖЕРДИН КЫЗЫ

Кыргыз жери керемет! Мына, ошол керемет жердин Талас өрөөнүндө туулуп, өсүп жетилген Кең-Арaлдык Гүлсайра Момунова 1955-жылы орто мектепти бүткөндөн кийин борборго келип, В. В. Маяковский атындагы кыз-келиндер институтуна кирет да аны ийгиликтүү бүтүргөн соң Советтик Кыргызстан» газетасында адабий кызматкер, бөлүм башчы болуп иштейт. Андан соң республикалык коомдук саясий көрком журнал «Кыргызстан аялдарында» башкы редактордун орунбасары болуп кыйла жылдар эмгектенет. «Дарак бир жерден көгөрөт» дегендей ушул эки кызматка өмүрүн арнап, эң алгачкылардан болуп республикада эмгек сиңирген журналист деген ардактуу наамга ээ болгон.

Гүлсайра поэтикалык чыгармаларды студенттик кезде жаза баштаган. Ал ырлар кийин Гүлсайранын чыгармачылык жолунда жакшы атакты камсыз кылып, ыр жыйнактарынын көрүн түзүп, жарыкка чыккан китептеринин аркасында республикабызга таанымал, талантуу акын болуп чыга келди. Гүлсайра калеми такшалган сайын улам жаңы чыгармачылык белеске умтулуп, ондогон ырлар жана поэмалар жыйнактарынын автору болду. Эгемендүүлүк жылдарында чыгарган «Жан дүйнө» жана колуңуздардагы «Кут дүйнө» деген эки томдук акын Гүлсайранын эмгектеринин негизин түзөт.

Орус классиги М. Е. Салтыков-Щедрин «Менин окурмандарыма» деген макаласында, окурмандардын туташ бир кылка болбосун, кара чырак алдында кат тааныган кара таман мужуктар, үшүлдөгөн шам алдында китеп окуган ак сөөк төрөлөр, айымдар, бабалар, князьдар, графдар, окумал жаштар, атүгүл мастар өзүнүн окурманы экенин, бирок чыгарма баарына бирдей жага бербесин эскерткен. Демек Гүлсайранын ырларын да азыркы замандагы айылдык да, шаардык да окурман ар башка кабыл алышы мүмкүн. Ошентсе да Гүлсайранын ырлары элдик кайрыктардын, элдик поэзиянын өзөгүнөн өнүп чыккан жөнөкөй, тез жетимдүү, уккулуктуу поэзия.

Бирок ошол ырдын элге жетимдүү болушу үчүн канчалык аракет, түйшүктөр жатат. «Ыр жазып жатканда биринчи ирет окурман көз алдымда турат. Ушул ырымдан ал өзүнө керектүү бир нерсе ала алса экен, окуп жатканда мүдүрүлбөй, шыр, жыргап, рахат, алып, эргип окуса деген тилек менен ырларымдын уйкаштыгы ойлоруна куп келишин куюлушуп туруусу үчүн түйшүктөнөм» - дейт Гүлсайра. Чындыгында ырларын окуганда кыйналбай эле төгүп салгандай туюлат. Ал эгер жазма акын болуп калбаганда токмо акын болуп



калат беле деп да ойлойсуң. Бул жактан акындык стили байкеси Байдылданы тартып калган. Эң негизи жасалмалуулук, көркөмдөйүм деп кали эле жылтыр сылтырларды тага бербей жок. Ыймандай ойду чын жүрөктөн нукура айта алгандыгында. Аны өзүңүздөр окуп баа бересиздер.

Бирөөлөр кастык кылса ичтен күлө,
Кол сунуп андан бийик улуу күнгө.
Таарынбай таш сунсаң да ыйык көрүп,
Баары бир сүйөм сени жарык дүйнө ...

Гүлсайрадай кыргыз акын кыз-келиндери кечээ эле дүйнөгө келген жок. Аларды эчен кылымдардын кербен сапары даярдаган. Кыргыз аялдарынын мүнөзүндөгү асылкечтик, жароокерлик, боорукердик, кербездик касиеттер аларды атам замандан бери кошокчу, жомокчу, ырчы, комузчу, өнөрпоз, уз кылып калыптаган. Байыртан бери секетбай, күйгөн, ашыктык ырлар асыресе сулуу жыныска /аялдарга/ таандык. Эпостордогу, жомоктордогу, дастандардагы кумарлуу, кыялкея аялдардын баардыгы ырчы. Аларды окугандар жакшы билишет.

Кечээ эле өткөн Бурулча, Балкы кыз, Айкүмүш, Карачач, Күңөтай, Каптагай кызы кадимки аялдардан болгон. Жазма адабияттын жоктугунан алардын күйгөн ырлары оозеки тарап, күйгөн ырлар элдики болуп кала берген. А китептерде жазылбай, аты аталбай кыргыздын канча акын кыз-келиндери өттү экен?!

Кыз-келиндердин күйгөн ырлары айрыкча Ата-Мекендик согушта күч алды. Тылдан фронтко жазылган сансыз каттарда алыста калган жарлардын, түгөйлөрдүн, жубайлардын коксоосу, оксуусу, мүдөөсү ыр менен айтылган. Эпистолярдык ырлар өзүнчө жанр. Ошол мезгилдин окулдору Нуркамал Жетикашкаева, Сатин Абдыкеримова, Тенти Жунушбаева, Нишакан Жүндүбаева Советтик Кыргызстандын алгачкы акын кыз-келиндери болуп чыга келишти. Ошол согуштун азап тозогун балалык таза сезим менен сезип көрүп калган Гүлсайра аны өзүнчө жазды. Аны нукура турмуштук кылып сүрөттөдү. Алсак Гүлсайранын жыйнагында «Кызы менен энеси» деген баллада бар. Автор аны балладада атабаса да баллада дедик.

-Көйнөгүңдү уй жегир,
үшкүрөсүң жаш туруп,
Кыз өңдөнүп күлбөйсүң,
Көңүлүңдү паска уруп,
Сабыр эт балам, тынч укта.

Жаш да сендей болобу,
Жатканын көр бүрүшүп.
Эрте соолгон гүлгө окшоп,
Баратасың чүрүшүп,
Байкуш кызым тынч укта!

Энеси менен кызынын мундуу диалогу менен кандуу майдандан кайтпай калган, сүйгөн кызына ашыктык сырларын айтпай калган, махабатын жүрөгүнө катып, «кылчак-кылчак жоодурап, ичиндеги көп сырын көзү менен жобурап» кеткен жаш жоокердин тагдыры сүрөттөлөт. Махабаттын айлында ачык жүрбөй, черди жазып шаңданып күлбөй калган кызынын абалын ичинен туйган энеси мурдагыдай урушпай да, унчукпай да калган, ал жоокерден кара кагаз келгенин билет, ошондон ичи орттонуп, мелтиреп үн сөзсүз жүрөт.

-Кан майдандан бир жигит,
Кайтмак эле апаке.
Катып жүргөн бир сырын,
Айтмак эле апаке.
Унута албай курудум.

Жок дегенде арман ай!
Бир жолугуп калсамчы!
Өзүнө окшош сүйкүмдүү,
Бала төрөп алсамчы.
Болбос беле арманым? ...

Ашыктык деген кандай?! Мурда кызынын абалын билбей «тиякта кан күйүп кармаш жүрүп жатса, үрөйүмдү учуруп ушкүрөсүң биякта, түн ичинде түйшөлбөй, түн уйкумду үч бөлбөй тынч укта»-деп какыс-кукус кылчу энеси эми кызы сүйгөн жоокердин өлүмүн угуза албай бушайман

Кара кагаз келгенин,
Ал баланын өлгөнүн ...
Кантип кызга туюнтам,
Жанып турган жүрөктү,
Кантип эми суутам? ...

Мындагы ишенимдүү сүрөттөлгөн Кыз менен Эненин ички дүйнөсү жөнөкөй окурмандарга да, кескин артыкчылык менен айрымаланган татаал таланттарга да тез жетет. Анткени, акын турмуш чындыгын кыйналбай эле бир дем менен жазып



салган. Деги, ар кандай таланттуу чыгарма ушундай жөп-жөнөкөй болору белгилүү. Дегеле акын көпчүлүк ырларын эч кыйналбай жеңил эле төгүп койгондой, бирок ошол окурман кыйналбай окусун үчүн канча түйшүк жатат дейсиң. Гүлсайранын «чай ичип кет» деген ырын окуп көрөлү:

Буркуратып чайымды,
Демдеп коюп отурам.
Оо, жолоочум, кайрылып,
Чай ичип кет колумдан.

Чай ичишип бир азга,
Баарлашып алалы.
Жакындатып ниети
Даамдашып алалы ...

Бул маанайы жарык, меймандос, жайдары, элпек ырдан мындан да кененирээк мисал келтирсек болмок ыр турушу менен эмоция жана сүрөттөмө катар өтүшүп, ыр рельсинде жарыш жатат. Адамды сүйүү, мейманды кадырлоо, жолоочуну күтүү-акындык эргүү менен бир жагымдуу жылуу илеп согуп турат. Подтекстен дасторкон жайып отурган пейли кең аялды көрөбүз. Менимче, Алыкулдун «Бизге түнөй кет» деген ырына үндөш, бирок өзүнчө табылга. Бул Гүлсайранын чайы.

Жаратылышынан жароокер, ачык-айрым, чечен аялдар сөз кыябын келтире таамай айтат. Акылынан ай көрүнгөн, жүрөгүнөн нур төгүлгөн, тилинен бал тамган аялдар барган сайын азайып баратат. Аялдардын көбү көр оокат айынан ашыктык, асыл сезимдерин өчүрдү же болбосо дүнүйө мүлктүн артынан сая түшүп, жансыз буюм-кийимдерди артык көрүп, ачкөздүктүн мурунтугун салынды. А улуу Карл Маркстын аныктамасы боюнча, дүйнөдөгү эң баалуу байлык-адам. Бир кездеги аялдардын оозунан чыккан сөз өзү эле алтын болуп куюлуп турар эле. Ошол азайып бараткан сейрек касиет Гүлсайранын талантына таандык десек жаңылышпас элек.

«Наалыйсың да наалыйсың,
Койсоңчу эрте карыйсың
Ашык экен көйнөгү,
Эмнесине тарыйсың?»...

Гүлсайра Момунованын ырлары ал аял жүрөгү, аялдын жан дүйнөсү, аял сүйүүсү. Гүлсайранын сүйүү лирикаларындай эркектерге арналган аялдын ашыктык сезим ырлары кыргыз поэзиясында гана эмес, дүйнөлүк поэзияда да чанда.

«Кааранындан кагылайын эркектер» деген ырдын темасы эле айтып тургандай бүткүл аялзатынын атынан эркектерге ода

«Каараныңдан кагылайын эркектер,
Биз таянган тоосуңар го кебелбес.
Силер барда турмушубуз толтура.
Силер барда ырыскыбыз кемибес»

бул ыр кээ бирөөлөр тайкы ойлогондой сексуалдык мамиледен өйдө турган эркектин турмуштагы ээлеген ордун, эрдик кайратын, кубаттуу билегин, мээримин, коркүн сүроттоо менен алар турмушубуздун тиреги, түкүлдөп согуп турган жүрөгү экендигин даңазалайт.

Эркектер айланайын асыл жолдош,
Турмушту алга сүрөп келе жаткан.
Алпечтеп сенин жумшак алаканың,
Аялдар сени менен таалай тапкан.

Турмуш чындыгын кашкайта ташка тамга баскандай айтып берүү менен дегеле адамды кадырлап сүйө билүүгө чакырган асыл ой-тилек жатпайбы тереңинде. Эркекти сүйүү, жарды сүйүү-бул жашоону сүйүү эмеспи.

Дагы бир « Мага кымбат» деген ырында:

«Мага кымбат сенин үйгө шашканың,
Жарк деп күлүп сенин эшик ачканың.
Өзүң менен келген сымал күн кирип,
Мага кымбат жанга шоола чачканың»...

Мына күйөөсүн сүйгөн жароокер, асылкеч аялзатынын жаркын маанайы.

Аял катары Гулсайра турмушта адамга мамилеси кандай ачык, таза, мээримдүү болсо ал түздөн түз ырларында чагылышкан.

«Телефондон мээрим үнүң угулду,
Жүрөгүмдө кетти ысык кан ойноп.
Жарк деп сүйкүм күлүп ийди бул дүйнө,
Алды жаткан ажарланган таң ойноп.»...

Акын жаны ар дайым тазалыкты, аруулукту, бийиктикти, улуулукту сүйөөрү анык. Гулсайранын ырлары да ошондой.

«Сүйсөң мени арзып сүйгүн сагынып,
Элжиregин эриксизден жалынып.
Карабагын бир минут да кайдыгер,
Калбас ким бар чын сезимге багынып.»



же «Алдап айткан сөздөн коро,
Жасап түзөп-акылдуу.
Чын көңүлдөн дөөрүп койчу,
Чын сезимиң аркылуу.»

же «Сени сүйүү-жашылдануу,
Гүлүн ачуу жашарып.
Сени сүйүү-асылдануу,
Арууланyу-тазарып.»...

же «Үн катчы, айтчы сөздүн бүтөөр жерин.
Үмүтүм уксам дейт го күткөн кебин.
Жым жырттык буулуктуруп, тумчуктуруп,
Үнсүздүк үшүмдү алып барат менин»

-канчалык сүйсө да өзү баштап үн ката албаган аялзаты сүйгөнүнүн үн катуусун канчалык күткөндүгүн көрүп турабыз. Кантсе да жүрөгүндө таза аруу сүйүүнү катып жүргөн адам жашоодогу эң бактылуу адам. Гүлсайра өз турмушунда сүйгөнүнө жеттиби, жетпедиби ким билет, бирок ырларынын жүрөгүндө сүйүү бар, жалын бар. Ал ошонусу менен бактылуу. Өзү да бир ырында айткандай:

«Жыргалдуу тирүүлүккө ыраазымын,
Кезинде чагылгандай жанарым бар.
Өмүрдү коштоп келет нурдуу обон,
Жашоодо эмнеден арманым бар.»

-деп жүрөк отун өчүрбөй сактап келет, нурлуу ырларын бүгүн да ырдап келет. Ооба өмүр деген бир жерде токтоп калбайт экен.

«Кылчактап сенин жаркын элесиңе,
Кылкылдап кырларды ашып барат өмүр.»

деп акын өзү айткандай өмүр кырларды ашып баратса да ырлары, акын кыялы кырда туруп кызыл жоолук булгалап жатпайбы.

же «Келдиңби сүйүү эсимди эки оодарып,
Эчаккы өчкөн сезимге кайра от жагып,
Эскиртпейм сени эскирсе мейли өмүрүм,
Эзилип жанып, алоолоп күйөм тутанып.»...

Акын жүрөгү карыбайт дегендин далилин көрүп турабыз. Дагы бир ырында:

Мейли тагдыр бакытыңды бербегин,
Байлыгыңды маңдайыма илбегин.
Андан өткөн мага байлык, бакыт жок,
Жалгыз гана балдарыма тийбегин»

- деген ырын бекеринен көптөгөн кыргыз энелер ырдап жүрбөсө керек. Ырдап демекчи Гүлсайранын «Тагдырга», « Табар белем», «Таптым сени», «Сен бар үчүн», «Сыр», «Кызгалдак», «Сен болбогун», «Издейм сени», «Сен мага», «Билбейм кандай» жана башка ырлары белгилүү обончулар тарабынан музыка жазылып ырдалып келет.

Акындын жүрөк сүйүүсү кенен. Ал баланы сүйүү, элди, жерди Мекенди сүйүү, жаратылышты, адамдыкты, адалдыкты, адептүүлүктүү, нарктуулукту,аруулукту, акындын темасы көп тармактуу. Алардын ичинен баланы сүйүү ырына бир аз кайрылып өтөлү. Гүлсайранын баланы сүйүү ырлары да көпчүлүк акындардай балага курдан кур жалына бербей, турмуштук окуя, сүрөт,энелик назик сезим менен берет:

«Балдарга жөнөдүн кошуна,
Менин да баламды көрүп кой.
Өзүмдү издейт го жанындан,
Имерип бетинен өөп кой»...

же «Кадамдарым чимирик болуп,
Мен үйүмө шашып барамын.
Жатты бекен кайдалап ыйлап,
Көздөн учуп менин кааранын.

Ал деп мага өзүн ыргытаар,
Адатынча кош колун сунуп.
Бул дүйнө кетер көңүлдөн учуп,
Сезимдер жалаң шаттыкка тунуп.

Бала үчүн эне эмнеден кечпейт, эмнеге барбайт.

Сен үчүн кур калгамын далай ырдан
Сен үчүн жалгыз аштым далай кырдан.
Бир сенин күлкүң үчүн, көөнүң үчүн,
Өмүрдө кызыгымды курман кылгам. - Мына ушул куплетте эле акындын бүткүл тагдыры, энелик жүрөктүн улуулугу айтылып тургансыйт.



Гүлсайранын ушул «Кут дүйнө» деп аталган китебинин кол жазмасын колго алганда, ото эле которүңкү ат койгон экен деген ойго кеткен элем.Окуп чыккандан кийин анын ошондой аталышына толугу менен макул болдум.Анын ырларында Ата-Мекен, жаратылыш, адамдар чын эле куттуу экенине ынандым. Өзү да куттуу жердин топурагынан жаралган эмеспи, дүйнөнүн баары,адамдардын баары акындын назик жүрөгүнө, таза сезимине кут болуп уюп, аны ырга айландырган экен. Куттуу Ата-Мекен жана анын куттуу адамдары, түбөлүктүү бүтпөс тема махабат жөнүндө ак жарыла ырдаган экен. Ата-Мекенди сүйүү,замандаштарды баалай билүү, алардын эмгегине, бактысына кубана билүү да чоң касиет. Куттуу адамдар болумүндөгү баарыбыз эле көрүп билип жүргөн белгилүү инсандардын жарк эткен жакшы жактарын көрсөтүү менен башкаларды да ошондой болууга үндөсө, экинчи жагы адам көңүлүн которо айткан жакшы сөздүн таасири канча. «Мактоо жеткирет, чагым олтүрөт»-дегендей жакшы сөзүбүздүн эмнесин аяйбыз, ал эми аягандар толуп жатпайбы. Адамды которгон да сөз, өлтүргөн да сөз. Гүлсайранын адамдын көңүлүн которүүдөн кубат алган чыныгы акындык табияты көрүнүп турат. Жакшы сөздүн күчү адамга канча дем, күч берет, ишине демөөрчү, сүрөөнчү болот. Сүрөөнчү демекчи алар да өздөрүн моралдык жактан сүрөгөн, акынга материалдык жактан сүрөөнчү болуп берсе жакшы болот эле го. Автор бул жагын да ойлогон болуу керек. Бул заманда китепти чыгарыш, чыгарып алган соң сатыш деген бир азап болбодубу. Муну ойлосоң жазбай эле койгуң келет. Бирок жүрөгүндө чыныгы талант шыгы бар адам жазбай да кое албайт тура. Ошондуктан жазыш да, чыгарыш да эрдикке тете болуп калды бул заманда. Далайлардын үнү өчүп, калеми колдон түшүп калбадыбы.

Арноо ырлары көп экен деп ойлоор окурман, окуп көрсөңүз ошол ар бир арноо ыры өзүнчө бир чыгарма, өзүнчө ой, өзүнчө ыргак, өзүнчө образ. Арноо ырлары кыргызга гана тийиешелүү өзүнчө жанр Гүлсайра бул жанрдын устаты.

Ар бир адам бир-бирине окшобогон сыяктуу, ырлар да бир -бирине окшобойт. Элге,жерге кызмат өтөөнүн, жүрүм-турумдун, нарктуулуктун, адептүүлүктүн, ыймандуулуктун,адамдык аруулуктун үлгүсү. Мындай элибизге белгилүү инсандар жөнүндө жазыш ото жооптуу да-ото татаал. Ошого карабай бир катар залкар замандаштарга дит багып кайрылган экен, таттуу сөздөр менен татыктуу бааларын берген экен. Жакшы тилек жарым ырыс, ылайым ошол акын тилегендей болсун. «Анчалык болбосом да ошондой болууга аракеттенем» деген экен бир белгилүү инсан өзүнө арналган ырды окуп

берсе. Мына акын тилегинин кайрымы.

Катарлаштарын балоо санатына ээ болбогон, интеллектик деңгээли көтөрүлө элек бироолор такыр эле кемчилиги жокпу дешер. Кедергини издесе бардык эле акындардан, ал тургай классиктерден да табылат. Гүлсайранын ырлары негизинен өзүнө окурман тандабаган, бардык катмардагы окурмандарга бирдей жеткиликтүү ак жаркын асыл ойлуу, аруу сезимдүү ырлар. Мындай акынды кыя чаппай сүрөп гана турсак мындан да жакшы ырларды толкуп ташып жаза берерине ишенебиз.

«Кызыктуу кыял менен өмүр сүрүү,
Бактылуу Ата-Журтум сени сүйүү.
Рахат сени ырдоо жарык дүйнө,
Теңдешсиз кучагыңда тирүү жүрүү.»

- деген өзүңдүн ырыңдай жарык дүйнөнүн кучагында кызыктуу кыялдарга батып, Ата-Журт, адамдарды сүйүүдөн бакыт таап, аны ырдоодон рахат алып жаркылдап жүрө бер, сүйүктүү замандаш!

*Эрнис Турсунов*





**Китептин демөөрчүсү**
**Абдраимова Дилбар Жанболотовна**

## КЫЗЫМ ДИЛБАРГА

Балакстинди алайын ай!
Туш болдук күнгө кандай.
Дем бердиң апакеңе
Турганда арга калбай.

Турганда китеп чыкпай.
Туюкта жүрөк сыздай.
Жаныңдын дартын сезген,
Жакын жок тура кыздай .

Апаке, мунайба- деп,
Бирөөдөн суранба- деп.
Башыңды көтөрүп жүр,
Санаага чулганба деп

Кысылып кийим кийбей,
Кең кесир ичип жебей.
Чогултуп колго салдың,
Тапканың чеке тердей.

Чыгарып берейин- деп,
Кубанчка бөлөйүн- деп
Керекке жарабасак,
Эмнеге төрөдүң-деп.

Бул китеп сенден демек,
Берилген мага белек.
Саргайып ак барагы,
Чаң басып жата бермек.

Карганда болуп жөлөк,
Тырмактап жыйнап терпеп.
Өмүрдө бергенимди,
Жатасың кайра төлөп.

Жүрөктө бир тилегим,
Жакса эгер бул китебим.
Теңирим ыраазы болуп,
Батасын берсин элим.



# КУТТУУ МЕКЕН



## КУТ ДҮЙНӨ

Жарык дүйнө жаркып жаткан кут дүйнө,
Эмне жетсин айың менен күнүнө.
Жэрдин шарын алаканда абайлап,
Бир ыйык күч жүрүш жасайт күнүгө.

Таазим этип ар бир көргөн күнүмө,
Көргөнүмө тобо кылып сүйүнө.
Тургум келет эшиктерин кең ачып,
Кут киргизип Жердей ыйык үйүмө.

Ар күн сайын дүйнө кезип чыгамын,
Кыял минип ай ааламга сызамын.
Кут жаап турган Жердин көркүн кумарлуу,
Мээрим төгүп кучагыма кысамын.

Бар бол дүйнө эмне деген сулуусуң,
Чексиз кенен, мелмилдеген улуусуң.
Биз конокпус, тилейм сенин түбөлүк,
Айың жаркып, күнүң балкып туруусун...

Жакшы адамдар жаркып жаткан кут дүйнө,
Силер менен көркү чыгып бул дүйнө
Кандай жакшы бар болгонуң дүйнөдө.
Мен силерди көргөн сайын сүйүнө,
Катып коюп жүрөгүмө жүрчү элем,
Болдуң чырак ырдан бүткөн үйүмө.

Кут дүйнөсүң жаны жаркын адамдар,
Көңүл гүлү жүрөгүмө жакындар.
Жүрөгүмдө калемимдин учунда,
Силер жаккан оту өчпөгөн жалын бар.

Силер менен байып кеңип жан дүйнө,
Кут эрчитип келгилечи үйүмө.
Пейлин бузуп куту учуп кеткендер,
Жолобостон алысыраак жүргүлө.

Кел жакшы адам, ыр дүйнөмдүн, төрүнө,
Мен силерге ак пейлимден төгүлө.
Сыйым ушул ыр сунамын жүрөктөн,
Эмне жетсин жакшы сөзгө өмүрдө.



Силер дагы жаш муундар келгиле,
Ошолордой жакшы болуп көңгүлө.
Али дагы карыздармын көбүңө.
Жакшы адамдар көп болсо экен дүйнөдө!

## КЕЛ-КЕЛ ЗАМАН

Кыргыз жери гүлдөө үчүн жаралган жер,
Кыргыз эл бакыт үчүн туулган эл.
Келаткан дээрден дээрге каны менен,
Ээ кудай, эл журтумдун пейилин бер.

Күн сайын периштедей тилек тилейм,
Теңирим эл журтума ырыскы бер.
Адалдык, бакыт, тынчтык, теңдик менен,
Кел заман келчү болсоң элиме кел.

Кел заман, элдик ыйык салтың менен,
Тазарып арууланып кандан канга.
Тутунган ата бабам наркың менен,
Тамчылап дилден дилге, жандан жанга.

Кел, кел заман, кел заман береке төк,
Бапырап күлүп жайнап төрүмө өт.
Адамдар айдай жаркып, күндөй күлсүн,
Элимден жакырдык кет, жамандык кет.

Кел-кел заман, кел заман кыргызга кел,
Элге бер, элден кийин мага да бер.
Арзан бер, бекер бер-деп сурабаймын,
Ар тамчы ырыскыңа агызам тер.

Кел-кел заман ишенем келериңе,
Теңирим мээрин төккөн эл, жериме.
Жерим бар алтынга бай, элим бар акылга бай,
Жамандыкты жакшылык жеңерине.

Кел заман, топтоголок дөөлөт менен,
Тосолу жалпак болуп Мээнет менен.
Тоголок токтоп калсын уюп куттай,
Дөөлөткө Мээнет тутка, Мээнет-Жерден.

106384 нб

## АТА МЕКЕН

Ата Мекен- карызмын жашоо берген,
Жарык дүйнө жаркыраган күн үчүн.
Апакемдин ыйык аппак сүтү үчүн,
Кулагыма дайым турган угулуп,
Атакемдин жалынычтуу үнү үчүн.

Ата Мекен көркөмүнө карызмын,
Бар байлыгың, бар келбетиң меники.
Өнүп-өстүм окшошсом деп өзүңө,
Жан дүйнөмдө бар байлыгым сеники.

Мен ыр карызмын өзүң берген баягы,
Жүрөгүңдөн жүрөгүмө төгүлгөн.
Сезимиме агып кирип шаркырап,
Жан дилиңден жан дилиме өрүлгөн.

Пейил карызмын өзүң берген баягы,
Колдо барын төгүп турган бапырап.
Качан барба жаракөр да, жайдары,
Кучак жайып тосуп турган жаркырап.

Сүйүү карызмын өзүң берген баягы,
Ажарланган кереметтүү түн үчүн.
Жүрөгүмө жарык чачып түбөлүк,
Аруу сезим тартуулаган күн үчүн.

Өмүр карызмын өзүң берген бөпөлөп,
Өзүң үчүн өмүр бөлөм өмүрдөн.
Канат бол деп, уул төрөп, кыз төрөп,
Аларды мен өзүң үчүн өстүрөм.

Карыздармын тоолоруңа, сууңа,
Касиеттүү таткан ыйык тузуңа,
Кагылайын өзүм сүйгөн адамдар,
Демөөр болгон, канат болгон учуума.

Бактылуумун сени сүйүп жүргөнгө,
Ыраазымын сенде өмүр сүргөнгө.
Суктандырып сендеги ар бир көз ирмем,
Карыздармын сендеги ар бир күндөргө.

Көңүл карызмын сенин назик гүлүңдөй,
Сунгум келет жүрөгүмдү кулпуртуп.



Бөпөлөгөн көп чүрпөңдүн бириндей,
Койсоңор да мени такыр унутуп.

Оо Ата-Журт, касиетиңе карызмын,
Арбагы үчүн өткөн ата бабанын.
Батасы үчүн Бакай, Манас атанын,
Акылы үчүн Каныкейдей апанын.
Миң жылдардын катмарынан кол сунуп,
Ак жолун ач ак калпакчан балаңдын!

## ТЕҢИР СӨЗҮ

Аллаталам жаратканда эң алгачкы Адамды,
Ал Адамды кыргызчалап неге «Адам» деп атады.
Адам ата ошондо эле кыргыз болуп жүрбөсүн,
Эстегиле теңир сөзүн же айтканым катабы?

Аллаталам жаратканда алгачкы тун баласын,
«Адам» деген ысым берип адамзаттын атасын.
Кошуп берип жалгыз койбой Обо энени жанына,
Өзүң менен көбөйгүн деп берген экен батасын.

Теңир сүйүп ал уулуна пейил берген турбайбы,
Жарык кылып жан дүйнөсүн кеңир берген турбайбы.
Жер чокусу асман менен жакын турган канатташ,
Бейиш кылып Ала-Тоодой жерин берген турбайбы.

Едем багы мүмкүн ушул Ала-Тоонун арасы,
Жемиштери тамшандырган бейиш багын карачы
Тунук суусу, гулзар жери жан жыргаткан рахат,
Кудум эле гүл аңкыган Едем сейил бакчасы.

Жерди Теңир айткан экен жалпыңардын үйүңөр,
Ошол үйдү бийлеп турсун жүрөктөгү сүйүңөр.
Толтургула, ээлегиле, көбөйгүлө тукумдап,
Айланткыла, бейиш болсун жерде өмүр сүрүүңөр.

Кайгы да жок, коркунуч жок, беймарал бир жайчылык,
Жылытууга күн чачырап, түндөсүндө ай чыгып.
Ыйба кылып тиймек тургай адамдардын жанынан,
Айбандар да бир туугандай өтүп турсун жай жылып.

Момун жандар ошол жерди мурастыкка алышсын,
Бүт баарына бийлик кылып, сүйүү отун жагышсын.

Түк болбосун согуш, кылмыш, зордук менен зомбулук,
Жер жүзүндө жалаң гана ыймандуулар калышсын.

Кургап калган чөл шаттанып, жер жашарып гүлдөсүн,
Ээн талаа элге толуп, шаар орноп сүйүнсүн,
Жоомарт жери ак мээнеттин кайрымжысын кайтарып,
Алган түшүм тоодой болуп, кампа толо үйүлсүн.

Бейиш деген ошол болот алгын дептир жаратып,
Мээнет менен керек болсо күн кечкирсин, таң атып.
Жер жүзүнө түбөлүккө камсыз кылып тынчтыкты,
Балдар үчүн азапты эмес, бакыт гүлүн карматып.

Жараткандын ошол сөзүн айтып жаткан жокпуспу,
Жашоо үчүн бейиш багын багып жаткан жокпуспу.
Пендесине жалаң гана жакшылыкты каалаган
Теңир сөзүн жүрөктөргө тагып жаткан жокпуспу.

Адилеттүү теңдик заман куруп жаткан жокпуспу,
Адилетсиз зордук күндү кууп жаткан жокпуспу.
Жол тосконго каршы туруп, ожорлоно күрөшүп,
Жамандыкты жакшылыкка буруп жаткан жокпуспу.

Теңиримдин ак жолунда бара жаткан жокпуспу,
Пейилдерге арамдыкты аралаткан жокпуспу.
Көңүлдөрүн бөөдөсүнөн суук сөзгө сыздатып
Адамдардын жүрөктөрүн жараланткан жокпуспу.

Адам деген Теңир сөзүн актап жүргөн жокпуспу,
Адам парзын көңүлдөргө сактап жүргөн жокпуспу.
Сынамакка Теңир берген убактылуу өмүрдүн,
Таза жашап, баасын билип, барктап жүргөн жокпуспу?...

## БАЙЫРКЫМЫН

Бул денемде согуп турган байыркынын жүрөгү,
Ой тилегим, тунук санаам байыркынын күдөрү.
Аткан таңым, чыккан күнүм, ичкен суум байыркы,
Карт Ала-Тоо куттуу Мекен Байыркынын түнөгү.

Тамырынан өнүп чыккан эң байыркы Адаммын,
Жоодур көздүү, кызыл жүздүү кыргыз болуп жаралдым.
Адам ата, Ева энеден келе жатам уланып,
Жаңыланып байыркынын өзөгүнөн таралдым.



Байыркынын алып жүрөм мээрим толгон көздөрүн,
Сүйлөп жүрөм ошондогу балдай таттуу сөздөрүн,.
Адамдыгын, ыйман, арын, чалкып жаткан пейилин,
Бердим бекен байыркыдай таза сактап өздөрүн.

Сактап калдым бекен баатыр аталардын эрдигин,
Алып калдым бекен ысык апалардын мээримин.
Тарттым бекен ыйык Мекен бийиктигин, кендигин,
Түптөй алдым бекен асыл түптүү журттун элдигин.

Элдигинде болду бекен бир тамчыдай үлүшүм,
Актадымбы ата бабам күткөн тилек үмүтүн.
Сактадымбы ар намысын бийик кармап колума,
Антпегенде текке жашап, бекер өмүр сүрүшүм.

Байыркынын басып кеткен издеринен гүл өнүп,
Бабаларды тарттым бекен нуска кептүү ыр төгүп.
Уруктантып ыймандарга жакшылыктын үрөнүн,
Урпактарга берип кеткен жүрөгүнө нур төгүп.

## ЭГЕМЕН МЕКЕН ЭСЕН БОЛ

Кыйрына кыдыр түнөгөн,
Кудайдын мээри төгүлгөн.
Касиеттүү Ала-Тоо
Ыйыктан ыйык көрүнгөн.

Аскасы нурга чөмүлгөн,
Алланын мээри төгүлгөн.
Агылып түшүп мүрөгү,
Алтындан чачпак өрүлгөн.

Ташкындуу тарых жолунда,
Баскансың кандуу эчен жол.
Эңсеген күнүң нур чачты,
Эгемен Мекен эсен бол.

Ата-бабам эңсеген,
Тилеги келди берип кол.
Түбөлүгүң түз болсун,
Түпкүлүү Мекен эсен бол.

Мээримиң чачып жылмайып,
Эченге достук берип кол.
Эртеңи үчүн элимдин,
Эгемен Мекен эсен бол.

Жаскырып жолдон кетпесин,
Доско ак, жатка бекем бол.
Эртеңи үчүн жеримдин,
Эгемен Мекен эсен бол.

Эгемен күнгө туш келген,
Элиндин чексиз багынан.
Сен үчүн болуп жан курман,
Аталар каны агылган.

Аталардын эң ысык,
Кан жанынан жаралдың.
Муундардын мурунку,
Муң-зарынан жаралдың.

Көсөмдөрдүн көксөгөн,
Арманынан жаралдың.
Бабалардын ак тилек,
Батасынан жаралдың.

Айтпай журттун аруу ой,
Күдөрүнөн жаралдың.
Карт тарыхтын адилет,
Жүрөгүнөн жаралдың.

Айкөл Манас атанын,
Колдоосунан жаралдың.
Ишибизди бир кудай,
Ондоосунан жаралдың.

Аталардын эр жүрөк,
Кайратынан жаралдың.
Намысты колдон бербеген,
Айбатынан жаралдың.

Дүйнөдө өсүп өнүккөн,
Өлкөлөр менен теңдешкин.
Бутуңдан туруп өркүндөп,
Эртерээк Мекен эр жеткин.



Эр жеткин да бек жеткин,
Өсүштү алга тездеткин.
Эл журтуң бүтүн бакыбат,
Бактылуу күнгө кездешкин.

Күнүгө күнүң туулуп,
Алдыңдан айың жаңырсын.
Күткөнүң күндө табылып,
Айкын жолуң ачылсын.

Ала-Тоо куттуу жериме,
Тамырың жайып бекем бол.
Өмүрүң тилейм түбөлүк,
Эгемен Мекен эсен бол!

## НАМЫСЫМА ТИЙДИҢ СЕН НЕГЕ

Коом алмашып, доор өзгөрдү,
Бирде ташып, бирде бөксөрдү,
Ат салышып чындык жалганы,
Акыйкаттык акыр тескелди.
Ар бир коом өз жолун чаап,
Өз заңына өзөк сөз берди.
Ала салган мезгил шарында,
Адамга ар кыл тагдыр кез келди.
Бирде ач калып, бирде ток болуп,
Барды жокту барын көз көрдү.
Бирде кыргын, бирде тынч болуп,
Түнөктөдү кээде ач белди.

Ала-Тоону таянып алып,
Азып арып өзүн торолтту.
Агыны күч турмуш дайрада,
Азын алып, көбүн жоготту.
Ачкалыкка муунун жалматып,
Айкаштарда жанын коротту.
Артын тилеп арманын жутуп,
Кайрат кылып өзүн сооротту.
Эч бир коом жогото албаган,
Эч бир доор өзгөртө албаган,
Адам болуу улуу законун,
Кагаз түтүп жаза да албаган.
Кылымдардан кылым карытып,
Муундардан муунга арналган.

Жүрөктөрдөн жүрөккө өтүп,
Адам менен кошо жаралган.
Өмүрлөрдөн өмүргө өтүп,
Каны менен кошо айланган.
Ыйман деген улуу закон бар,
Акыл сезим өзү тандаган.
Кылыч менен башын кессе да,
Жүндөй тытып жанын эссе да.
Асман жерге бомба жардырып,
Жамгыр болуп ажал сепсе да.
Жокчулугу алып белден бек,
Каар заман каарын төксө да.
Өлбөй тирүү адам ыйманы,
Тозок жолдо азап чексе да.
Өртөнүп мүлк отко жанса да,
От ичинде жалгыз калса да.
Колдо бардын баары күл болуп,
Ачкачылык аймап алса да,
Жаалы катуу жоого кабылып,
Жаанын огу көзгө атса да.
Өлбөй келди адам ыйманы,
Сөөгү сөпөт жерде жатса да.

Эчен доор өлбөй келди эле,
Ата бабам сактап берди эле.
Эчен кыргын азап тозоктун,
Айкашында ыйман жеңди эле
Ата сөзүн жаттап келди эле,
Эне сүтүн актап келди эле.
Калканч кылып каруу билегин,
Ата журтту сактап келди эле.
Бир кишидей намыска туруп,
Элдигимди тактап келди эле.
Чөпкө да зыян келтирбес,
Адамдыкты барктап келди эле.

Түпсүз элдей түбүмдү унутуп,
Ыйманыңды жедиң сен неге.
Касиетти кандагы унутуп,
Караңгы элбиз дедиң сен неге?
Көөдөндөгү жарыкты унутуп,
Түркөй элбиз дедиң сен неге?
Баарынан да Манасты унутуп,
Нарксыз элбиз дедиң сен неге?



Байыркы элбиз десек баш чайкап,
Ичиң тарып күлдүң сен неге?
Эң байыркы канды дүргүтүп,
Намысыма тийдиң сен неге?

## БИШКЕГИМ

Ордолуу шаарым жүрөгүм Бишкек,
Ордумду сенден жүрөмүн издеп
Омоктуу эмгек берсем деп тилеп,
Ой менен күн-түн келемин иштеп.

Бакчалуу шаарым түнөгүм Бишкек,
Бактымды сенден жүрөмүн издеп.
Суйкайган сулуу койнуңдан тапкан,
Сүйүүнүн гүлүн келемин изгеп.

Көркөмү көздү суктанткан Бишкек,
Көз илбей сергек түн каткан Бишкек.
Жашоонун шандуу кайрыгын кайрып,
Күүлдөп тынбай үн каткан Бишкек.

Жасанып күндө жаңырган Бишкек,
Жылдыздан мончок тагынган Бишкек.
Жүргөндө алыс сапарда аз күн,
Жүрөктөр туйлап сагынган Бишкек.

Мандайдан күнү албырган Бишкек,
Асманда айы жанырган Бишкек,
Жүрөктүн тынбас канындай туйлап,
Жолунда кыймыл агылган Бишкек.

Кең пейил мээрим энедей Бишкек,
Чайпалбас улуу кемедей Бишкек.
Достукка жылуу кучагы кенен,
Манастай айкөл ченебей Бишкек.

Көшөгөң көктөй көгөргөн Бишкек,
Көк жашыл бакка бөлөнгөн Бишкек.
Миллион адам койнуна батып,
Миллиончу бөбөк төрөлгөн Бишкек.

Сүйүүдөн бүткөн тирегим Бишкек,
Күтүүдөн бүткөн күдөрүм Бишкек.

Үмүттөн бүткөн тилегим таттуу,
Өмүрдө кызык күндөрүм Бишкек.

Өзгөчө сүйүп жалынам Бишкек,
Өзүңдө туруп сагынам Бишкек.
Булагың болуп агылып кирип,
Чырагың болуп жагылам Бишкек.

Кайгырсам көңүл бурарым Бишкек,
Калдайып жанда турарым Бишкек.
Карааның мага күч кубат болуп,
Канымандан бүткөн турагым Бишкек.

Берилип алган билимим Бишкек,
Изилдеп тапкан илимим Бишкек.
Бүлбүлдөп сенден чырагым жанып,
Жашоого кайра тирилдим Бишкек.

Толкундап жазган ырларым Бишкек,
Толгонуп айткан сырларым Бишкек.
Тоо жели сылап мандайдан сүйүп,
Толукшуп турган ынагым Бишкек.

Жоголсом издеп барарым Бишкек,
Жогомду издеп табарым Бишкек.
Аңкоо бир учур жоготуп ийген,
Атыңды таптык кайрадан издеп.

Ордобуз Бишкек баатырдын аты,
Болмокчу куттуу баатырдын арты.
Бошотуп кирген баскынчы жоодон,
Үйлөрдүн өчкөн чырагын жакты.

Кайраты ашып, кареги чоктой,
Каптаган жоого кирчү экен октой.
Бишкектин шамы балбылдап күйсө,
Баатырдын ошол жүрөгү оттой.

Ордолуу элдин ойлогон артын,
Намысын коргоп чыгарган даңкын.
Бактылуу элим жаркырап күлсө,
Баатырдын ошол тилеги жаркын.

Чыгарып бийик урпагың үнүн,
Айланып келди эңсеген күнүң.



Батаңды бергин арбактуу ата,
Чакырдык кайра атыңды бүгүн.

Кечиргин бизди айкөл атабыз,
Кечиргис далай кетти катабыз.
Кырмызы кызыл тууңду сайып,
Эркин коом куруп жатабыз.

Дубалың акак жылмакай таштан,
Чагылып күнгө ак шоола чачкан.
Күзөтүп сени көчөңдө турат ,
Күүлөнүп Манас атабыз атчан.

Созулуп түп-түз жолдоруң кенен,
Маанилүү жашап, ойлоруң терең.
Меймaнга келген жүрөгүң ачык,
Жарк эте түшкөн каш кабак менен.

Аярлайм сени ичимден багып,
Карай да берем каректе от жанып.
Жарыгын чачкан достук нурунан,
Жашоомо келем жалын от алып.

Турса дейм сенин бутагың сынбай,
Учса дейм бийик арымың тынбай.
Арам бут сенде баспаса деймин,
Жаман көздөрдөн сактагын кудай.

Турса экен сени Теңирим сүйүп,
Турса экен жарык ак шамың күйүп.
Өмүрлөр сенде агарып, көктөп,
Ала-Тоо элге жарыгың тийип.

Жүз тосуп, толук айдарым желге,
Кол созуп, толук ак калпак элге,
Түбөлүк жаша ордобуз Бишкек,
Орногон Чүйдөй кут түшкөн жерге!

## ТОКМОГУМ

Келип турат Токмок шаарым кел-келиң,
Көтөрүлдү кайра баштан желегиң.
Куттуу Чүйдүн ордо шаары байыркы,
Эң алыста , эң түпкүрдө дарегиң.

Ким чечсе да туура келген чечимге,
Калың элдин жүргөн эле эсинде.
Заманга бап кужулдөп да, күргүштөп,
Гүлдөп турган борбор эле кезинде.

Баласагын байырлаган Токмогум,
Катып жатат байыркынын жомогун.
Кайрып алып калмактардан Атаке,
Кайра баштан туусун сайган ордонун.

Башты көтөр баатыр шаар Токмогум,
Багың жаркып келип турат оң жолуң.
Аталардын рухунан нар алган,
Урпактардын жүрөгүнө орнодуң.

Баш көтөрүп Токмок шаарым гүлдөгүн,
Келип турат сенин жакшы күндөрүң.
Бак таалайдын, берекенин шаары бол,
Жолун ачып, өмүрлөрдү түрдөгүн.

Уюткусу куттуу Мекен Чүйүмдүн,
Пейли кенен, берекелүү үйүмдүн.
Тогуз жолдун тоому болуп байыртан,
Тоому сенде толгон токой түйүндүн.

Шарапаты эгемендик күнүндүн,
Тийип мына көтөрүлдү түндүгүң.
Балдарыңа түндүгүңдү көтөргөн,
Бата берип,барбаландап сүйүнгүн.
Кубанычка, ыр күлкүгө бөлөнүп,
Кулпуна бер, куту болуп Чүйүмдүн!



## ТООЛУКТАР

Тоолордун абасы эле таза дебе,
Абадай ууз ойлор жашайт анда.
Тоолордун чокусу эле бийик дебе,
Тоолуктар бийиктикти самайт анда.

Тоолордун келбети эле көркөм дебе,
Элинин кыялы да көркөм келет.
Тоолордун суулары эле өктөм дебе,
Тоолуктун мүнөзү да өктөм келет.

Тоолордун көлдөрү эле терең дебе,
Элинин ойлору да терең келет.
Чалкыган Чүй, Ош сымал өрөөнүндөй,
Калкынын пейили да кенен келет.

Тоолордун баштары эле аппак дебе,
Тоолуктун нисти да аппак келет.
Тоосу да, эли дагы ырдап турган,
Тоолордун койну толо талант келет.

Тоо койну караңгыда али дебе,
Тоолуктун сезимдери жарык келет.
Өзүнчө нарк-насили, адеби бар,
Өмүрү жазып бүткүс тарых келет.

## ЖҮРӨГҮМ ТООЛОРДО

Кыялым күлүктү мингенсийт,
Жаз келсе жапжашыл коолорго.
Делбиреп күү чертип жүргөнсүйт,
Элирип жүрөгүм тоолордо.

Алдыда максатка жаркыган,
Жетүүгө батыраак камынып .
Тоолордун суусунда шар аккан,
Кыялым жүргөнсүйт чамынып.

Жашарып түбөлүк тургансыйт,
Тилегим жапжашыл арчада.
Заңкайып көк тиреп тургансыйт,
Теңирим кыпкызыл аскада.

Тоолорум кулпунуп күнүгө,
Не деген суулусуң дүнүйө.
Күн сайын өзүңө табынып,
Суктана караймын күнүгө.

## ТООМО ШАШЫП ЖӨНӨДҮМ

Жашоодон чарчап чаалыгып,
Ызы-чуу эзип мээмди.
Тоомо качып жөнөймүн,
Желине сергип келгени.

Назарым сынып быркырап,
Көңүлүм калган кездерде.
Келгени барам дарылап,
Тоодогу салкын кечтерге.

Жүрөгүм ыйлап зыркырап,
Шак сынып жашоо ойнунда,
Энемдей мээрим тоомдун,
Корголоп барам койнуна.

Боз үйдөй чакан үйүм бар,
«Үч эмчек» тоонун боорунда.
Тоо ылдый аккан үн курап,
Ырчы суу «Нооруз» боюнда.

Жарганат өңдүү жардагы,
Жабышып уя салгамын.
Баш паанек болуп жайы, кыш,
Уяма учуп барамын.

Чөкчөйгөн ошол үйүмдү,
Ак сарайларга бербеймин.
Алтынга тоодой алмашкыс,
Асылын жердин жердеймин.

Эстетип турат бул тоолор,
Сүтү ийип турган энени.
Эркелеп барам ботодой,
Эмчектен ошол эмгени.

Кыя жол менен бир таман,
Бийикке батып отурам.
Бакытка батып ченемсиз,
Көңүлдү көркө толтурам.

Ааламды чайкап алтынга,
Андагы күндүн батканы.
Алмашкыс эч бир жыргалга,
Андагы таңдын атканы.

Ажайып ушул коктумду,
Ааламдын деймин бейиши.
Аралап басып жүргөндө,
Адамдын калбайт кейиши.

Чарчасам желпип айдарым,
Жүзүмдөн сылайт сергитип.
Ыргалып гүлдөр жайдарым,
Ырларын сунат эргитип.

Көргөнү келген меймандар,
Кубанып мындан кайтышат.
Ушундай жерди жердеген,
Укмуш байсың деп айтышат.

Чылк байлык эмей эмине,
Жер, суу, күн, аба береке.
Теңирим сунган бул белек,
Берилет жалаң эмгекке.

Эмчекке окшош бул тоолор,
Эл журтун келет эмизип.
Эмгектенген эрлерге,
Эт майын кенен жегизип.

Чакырып жатат сулуу жаз,
Чакырып жатат жашыл төр.
Кол булгап жатат Жоогазын,
Гүлдөдүм дейби бачым көр.

Чакырып жатат буруксуп,
Шыбактын жыты аңкыган.
Ырчысы көрктүү дүйнөнүн,
Торгойдун үнү таңшыган.

Чакырып жатат мамыр гүл,
Жаадырай күлүп алма гүл.

Жабыркай бербей көп эле
Жаныма кел дейт жакын жүр.

Чакырып жатат сырдуу түн,
Тоо койнун жарып от жанат.
От жанында кош караан,
Кобурашып отурат.

Тунжурап түнү жупжумшак,
Жаш баладай балбырап.
Күкүктөнгөн Нооруздун,
Күүсүнө кетем магдырап.

Чакырып жатат кең дүйнө,
Ааламга чексиз чалкыган.
Тардыкты таштап артыма,
Кендикке ошол тартылам.

Чакырып жатат бийиктик,
Асманга бою созулган.
Пастыкты таштап артыма,
Бийиктикке кол сунам.

Чакырып жатат ээндик,
Кулачты кенен ачууга.
Кыялга батып кызыктуу,
Кыпкызыл ырды жазууга.

Чакырып жатат эркиндик,
Жасылып кенен басууга.
Ачылып гүлдөй чанактан,
Өзүмдү бүтүн чачууга.

Чакырып жатат мөл булак,
Кашкайган аруу тазалык.
Жүзүңдү жууп алгын дейт,
Көңүлдү чайып тазарып.

Чакырып жатат айдыңдар,
Майдалык койду жүдөтүп.
Унутуп тирлик көйгөйүн,
Көңүлдү кел дейт гүлдөтүп.

Тоолордон тарайт тазалык,
Тоолорго чыксаң жашарып.



Ыйыктык ошол тоолордо,
Мөңгүдөй ичиң агарып.

Андыктан бексн абалтан,
Ыйыктар чыккан тоолуктан.
Касиет пайгамбарыма,
Тоолордон ошол жолуккан.

Тоолордон алган турбайбы,
Токтогул өчпөс күүлөрүн.
Тууураган тура буруусуз,
Булбулдун таңшык үндөрүн.

Тоолордон алган турбайбы,
Атай да укмуш ырларын.
Тууураган үнү шаңкылдап,
Шар аккан суунун ыргагын.

Тоолордон алган турбайбы,
Тоолуктар өмүр жыргалын.
Тоолорго арнап сүйүүсүн,
Тоолорго катып сырларын.

Кыргызга тоолор таянып,
Тоосуна кыргыз жөлөнүп.
Термелип келет касиет,
Бешигине бөлөнүп.

## ТУУГАН ЖЕР

Оо тууган жер, сени аралап басканда,
Талааң өңдүү кеңип кетет жүрөгүм.
Карлыгачтай кайкып учуп кыялым,
Асманыңдай бийиктенет көңүлүм.

Оо тууган жер, сени аралап басканда,
Сууң өңдүү жакуттанат өмүрүм.
Жашыл аалам токойуңду аралап,
Гүлүң жыттап, гүлдөй жайнап өнөмүн.

Оо тууган жер сени аралап басканда,
Бул жашоонун жыргалына тунгансыйм.

Сенден мага бир керемет күч келип,
Манас ата изин басып тургансыйм.

Кырка тоолор, сени тиктеп турганда,
Бул жүрөгүм кубанычка толтура.
Ак калпакчан элин коргоп кырсыктан,
Бакай ата отургансыйт чокуда.

Сени менен кубанчым да, кууралым,
Сенден сезгем бул жашоонун жыргалын.
Дале жанга берип келет жылуулук,
Жылаңайлак бурт-бурт кечкен турпагын.

## КУТ КОНГОН БИШКЕК

*/Бишкек шаарынын 125 жылдык Маракесине/*

Бишкегимдин көрк келбетин карачы,
Бойго жеткен сулуу кыздай жасанып.
Биз улгайдык карап жүрүп суктанып,
Ал баратат күндө кайра жашарып.

Бишкегимдин бешенесин карачы,
Жарк-журк этип нурдан бүткөн жаркылдап.
Шаар үчүн көздү ачып жумганча,
Кылым жашы артта калды закымдап.

Ошол эле бир кылымдын ичинде,
Көз тайгылтып чыга келди кулпунуп.
Көз алдыда жайып кенен канатын,
Кең ааламга кулач жайды кол сунуп.

Байыртадан кулак мурун кесскендей,
Жаткан жерге чың уйкуда ойгонбой.
Кут түнөдү күндөй күлүп жаркырап,
Шаар конду бирөө кое койгондой.

Бишкек баатыр жердин сырын баамдап,
Төрт-Күл аттуу ыйык жерди байырлап.
Ушул жерде чеп болгон деп бир кезде
Ой жүгүртүп кылымдарга арылап.

Ал дөңсөөгө тигип алып алачык,
Бир-эки күн конуш кылып өргүдү.
Аламүдүн суусу кирип күрпүлдөп,
Кепке келбес бууралардай көрүндү.



Жээгин бойлоп издеп жүрсө кечмелик,
Кайрылыптыр бир аксакал карыя:
«Уулум суудан кечирип кой, карачы,
Буракандап алган тура дарыя».

Карыяны отургузду ээрине,
Бишкек ыргып түшө калып атынан.
Калбай артка учкашайын дегенче,
Өзү ага учкашыптыр артынан.

Тентек дайра капталга уруп шарпылдап,
Атты алкымдап омуроолоп алыптыр.
Үстү-башы сыгып алма суу болуп,
Ал карыя кургак бойдон калыптыр.

Карыяны жөлөп аттан түшүрүп,
Анын кургак калганына таң калды.
Кармаганда колу жумшак кебездей,
Эпелектей жөлөгөндө салмагы.

- Балам, - деди калбаат сүйлөп карыя,
- Эч кабатыр болбой мында көчүп кел.
Конуш кылган ата-бабаң ээлтен,
Түбү түптүү касиеттүү ушул жер.

Конуш кылсаң ушул жерди туурлап,
Канат жайып өркүндөйсүң өсөсүң.
Көз өтсө да атың калат артыңда,
Түбөлүккө эл озунан өчпөйсүң.

Шаар болуп ошол түшкөн конушуң,
Атың кетет батыш менен чыгышка.
Борбор болот сенин атың аталып,
Барктуу болбойт сенден өткөн кыргызда.

Бата берип жөнөп кетет карыя,
Ойго батып Бишкек калат жаркыган.
Сыйлуу мейман кылайын деп үйүнө,
Заматта эле таппай калат артынан.

Кыдыр сөзүн түйүп терең көңүлгө,
Бишкек бабам ушул жерди конуштап.
Алтын капка шаар кирип түшүнө,
Кеткен экен кийинкиге добуштап.

Чункур-Чактан түшүп келип там салып,
Кербендерге түнөй турган жай салып.
Бак өстүрүп, эгип эгип, жер айдап,
Алат чакан бир айылга айланып.

Бишкек баатыр ары баатыр, өнөрлүү,
Чебер уста темирчилик жагынан.
Орол жактан окуп келген билимдүү,
Пейли кенен, ак жарылган агынан.

Сом темирди жууруп, ийлеп камырдай,
Кылыч, найза, мылтык жасап узанган.
Келген жоого айбат болуп жолотпой,
Курал болуп элдин колу узарган.

Күлүк аты, колдо курал болбосо,
Кайдан болсун эр жигиттин айбаты.
Окту жонуп, өзү кошо ок болуп,
Ташты жарып туруучу экен кайраты.

Канча жоонун туусун жыгып кыйратып,
Бишкек баатып туу жыгар деп аталып.
Эли үчүн туруучу экен туу болуп,
Колдон бербей каны менен кайтарып.

Канжыгага байлап коюп керт башын,
Жоо жаракчан эл четинде турчу экен.
Ниети акты тосуп алып ак дилден,
Ниети касты жолотпостон куучу экен.

Улуу Жибек жолун улап келгенди,
Тосуп алып, кайра узатып коргогон.
Кыштак куруп басып кеткен изине,
Кыргызымдын ордо шаары орногон.

Автобекст бул күндө да ошол жер,
Калың элди арбагы анын жолдогон.
Жолоочунун тийип алкыш батасы,
Конушуна капкалуу шаар орногон.

Эл үзүлбөйт ушул жерден күн-түнү,
Айланган ал улуу жолдун тоомуна.
Бата айткыла арбагына баатырдын,
Ак жол каалайт багытыңа, жолуңа.



Өлөрүндө бата айтсын деп жолоочу,
Жол боюна койгула деп айтыптыр.
Күндүн нуру тегиз тийген Төрт-Күлдө,
Жатайын деп керез кылып кайтыптыр.

Байге берип, тогуз атка мал жетет,
Сөөгүмдү ат чаптырып койгула.
Чыгып келет менин кашка күлүгүм,
Атым чыгат, артым аман болгула.

Асыл ата төлгө кылган турбайбы,
Ат чабышка салып кашка күлүгүн.
Арбагында сүрөп берип кетиптир,
Алды жакка таштап тоодой үмүтүн.

Теңир колдоп шаарым өнөр-билимдүү,
Дөөтү коргоп койнунда кут түнөгөн.
Көрө билип суу кечирип жатканда,
Кыдыр ата ушул күндү сүйлөгөн.

Жүрөгүндө накта адамдык кан ойноп,
Болгон үчүн наркты билген ыймандуу.
Кыдыр дагы жактырганын даарыйт да,
Сыйын көрүп улууларга ыйбаалуу.

Баатыр болгун, падыша бол, жалчы бол,
Жакшылыкка даяр турсаң аттанып.
Дайым сени жандап жүрсө ыйманың,
Арт жагыңда атың калат даңкталып.

Элим айтат бут киргенде кут кирет,
Жибек жолдон басып өттү канча бут.
Аны күткөн элдин асыл пейлинен,
Орноп калды жергебизге кеткис кут.

Келгендерге кербен сарай курушуп,
Коргош үчүн тегерете куруп чеп.
Тейлеш үчүн тегерете үй салып,
Көчө түшүп ырыскысын таап жеп.

Билишкен жок жашап жаткан адамдар,
Ушул жердин келечектүү эртеңин.
Бир мууңдун көз алдында бир кылым,
Көз тайгылткан шаар болуп кетерин.

Төөчөн өткөн, атчан өткөн чаңдуу жол,
Өңгүл, дөңгүл кагыраган таштуу жол.
Түркүн түрлүү машиналар зуулаган,
Бүгүн болсо мелмилдеген шаңдуу жол.

Бактуу-шактуу гүл аңкыган көчөлөр,
Рахаттуу бейиш дешет көргөндөр.
Басып жүрүү өзүнчө эле бир сөөлөт,
Көөнү сергек ал көчөдөн өткөндөр.

Көп кабаттуу ак үйлөрдү карачы,
Москванын үйлөрүндөй заңкайып.
Аскасына атаандашып тургандай,
Ала-Тоонун этегинде маңкайып.

Ак куулардай койкойушкан ак үйлөр,
Катар турган кемелердей калкылдап.
Терезелер чагылышып күн менен,
А түнкүсүн жакуттанып жаркылдап.

Коюн колтук кучакташып бак менен,
Көчөлөрү гүлгө оронуп алышкан.
Каналдагы гүлдөй агып адамдар,
Аллеяда маек куруп басышкан.

Жаштар барат көчөсүнө көрк болуп,
Күлмүндөшүп гүлдүн көркүн талашкан.
Карттар барат чүрпөлөрүн жетелеп,
Саябандуу жашыл бакка жарашкан.

Бишкегимдин көчөсүндө баратат,
Бүт дүйнөгө ысмы маалым адамдар.
Жаш Мекенди күчтөнтүүгө, түптөөгө,
Шилтенүүдө улуу , ыйык кадамдар.

Бишкегимдин көчөсүндө баратат,
Эралиев, Айтматовдой агалар.
Ал адамдар жүргөн жердин өзү кут,
Куттуу ордо Бишкек сенин багың бар.

Эли менен көркү чыгып шаңданып,
Көчө гүлдөп жарык маанай жаркырап.
Ажоо Акаев жаш баладай кубанып,
Эли менен кошо жүрөт бапырап.



Бишкегимдин жүз жыйырма беш жылдыгын,
Бүткүл калкым сыймык менен тосушту.
Шаар мэри Керимкулов Медетбек,
Аким Токон Шайлиева аянбай,
Коздоодо улуу салым кошушту.

Манас орден шаарыма деп берилген,
Ар бириндин таккым келет төшүнө.
Шаарым деген ар намыстуу уул-кыз,
Кабыл алгын берген сыйлык өзүнө.

Бешенеге бүткөн алтын бешигим,
Оңго солго кеңири ачып эшигин.
Жаманында, жакшысын да батырып.
Бирдей көрүп , бирдей берип кешигин.

Элине окшоп көрком ички дүйнөсү,
Адамдардай айкөл ачык мүнөзү.
Өркөнү өсүп, илим, билим жагынан.
Артып барат элин алга сүрөөсү.

Көчөлөрү көркко батып кулпуруп,
Кыймыл агат алга карай умтулуп.
Курамадан жыйнап жүрүп эл кылган,
Атам Манас руху тирүү кол сунуп.

Жүз жылдык да ак тоюнду көргөмүн,
Ачкыч алып ак үйүнө киргенмин.
Өнүп-өстүм канат бутак жайылып,
Өзүң менен жарым кылым бергемин.

Билим издеп айыл жерден келгемин,
Билим гүлүн, сүйүү гүлүн тергемин.
Өзүңдө өттү өмүрүмдүн кызыгы,
Жаштыгымды, жалынымды бергемин.

Тагдырыма өзүң болдуң тагдырлаш,
Талабыма өзүң болдуң талапташ.
Тең бөлүштүң кубанычымды, кайгымды,
Кыйбасымсың, сырдашымсың санаалаш.

Кыялыма болуп бердиң күүлөөгүч,
Ырларыма болуп бердиң сүрөөгүч.
Учарыма канат болуп талбаган,
Конoрума болуп бердиң тирөөгүч.

Куларымда таянч болуп жөлөдүң,
Кайгырганда кубанчыңа бөлөдүң.
Момураган баёо кызды жетилтип,
Көзүмдү ачып сен кайрадан төрөдүң.

Көчөдөн ар күн сайын басып келем,
Көркүңө көз отумду чачып келем.
Туурум менсиз ээн калган өңдүү,
Тура албай алыс кетсем шашып келем.

Өзүңдө басып жүрүү бакыт кандай,
Өмүрдө арманы жок толук жандай,
Өкүнүч, өксүү деген унутулуп,
Жаадырап чыга келем жаркып маңдай.

Көчөңдө кубанычтуу бассам экен,
Койнуңдан издегеним тапсам экен.
Көз өтүп кетсе дагы күнүм бүтүп,
Өчпөстөн көңүлүңдө калсам экен...

Кылымдар ата бабам эңсеп келген,
Көксөгөн эгемендик колго тийип.
Көтөрүп башыбызды басып калдык,
Колдогу кызыл тууну кармап бийик.

Кылымдар кырылышып жетпей келген,
Күн да келди Ала-Тоого күлүңдөп.
Кудай берди пейлибизге жараша,
Ата-баба көтөр башты дүңгүрөп.

Кудуңдадык кубанычтуу жалпыбыз,
Кут конгондой карыбыз да, жашыбыз.
Конгон кутту колубуздан бербейбиз,
Ийнибизде турган кезде башыбыз.



## ӨЗ МҮДӨӨҢДӨН УЛУУ БОЛ

Эл үчүн каны жанын арнап койгон,
Эрдиктин, адамдыктын жеткен чеги.
Баарынан калк мүдөөсүн бийик койгон,
Манастай бол кыргыздын жигиттери.

Туу астында чачылганын жыйнаган,
Элди, жерди сүйүүнүн жеткен чеги.
Өлкө куруп келечегин улаган,
Манастай бол кыргыздын жигиттери.

Көргөнү эрдин камы, элдин камы,
Акылдын, изгиликтин кеменгери.
Каснетине кубанган элдин баары,
Каныкейдей болгула кыргыздын келиндери.

Ак куу болуп аттанган ашыгына,
Акылдын, аруулуктун бийик чеги.
Периштедей жаралган ар намыска,
Айчүрөктөй болгула кыргыздын бийкечтери.

Даанышман кысталышта акыл тапкан,
Бакайдай бол кыргыздын улуулары.
Калкынын намысы үчүн башын сайган,
Семетейдей болгула кыргыздын жигиттери.

Болбосоң да эр Манастай ар бириң,
Адал жашап, адамдыктын кулу бол.
Жан жагыңа тийип турсун бир нуруң,
Өз башыңдан, өз мүдөөңдөн улуу бол!

## КАНИЕТ

Ар бир таңдын атканы майрам мага,
Бассам да муз үстүндө көк жылгаяк.
Бороонду жиреп, калың карды матап,
Баскандай аппак гүлдүү бакты аралап.

Ар бир таңдын атканы майрам мага,
Таң менен көчө толо эл агымы,
Ташкындуу агымында мен да бармын,
Ушу экен тирүүлүктүн эң жагымы.

Ар бир таңдын атканы майрам мага,
Дениң соо, күч кубатың, алың болсо.
Насибин ак эмгектен таап жеген,
Балдарым жаркылдаган аман болсо.

Эл көргөн кыйындыкты бирге көрүп,
Даамды ачуу-таттуу бирге татып.
Капилет кайгы-муңду бирге бөлүп,
Каниет кубанчына бирге батып.

Сүйүнүп жашап келем ар бир күнгө,
Жашоодо эмне болуп, эмне койбойт.
Күнүмдүк кыйындыктар жолуң торойт,
Дегендей өмүрдө өсүш ансыз болбойт.

Ар бир жакшы ыр жазганым майрам мага,
Кайра-кайра окуймун оттой жанып.
Мен андан жашап келем каниет алып,
Күндөр да күлө карайт токтой калып.

## УШУНДАЙ БИР ЭЛ КӨРДҮМ

*/ Туркияга барганда /*

Сурайсың сен, Туркиядан айтып берчи не көрдүң?
Сылыктыгы түпкү атама окшош сыпаа эл көрдүм.
Алаканда алпечтелген карегиндей коздордүн,
Көркко батып саймаланган шаар, кыштак жер көрдүм.

Сурайсың сен, Туркиядан эмне көрдүң башкача,
Пейил көрдүм элиме окшош чын коңулдон тап-таза.
Ыйык көрүп « кош келиң»- деп кызматыңа жүгүргөн,
Сыйга бүткөн элди көрдүм молтүр жап жаш балача.

Эң оболу муну көрдүм башкалардан озунган,
Ыйман көрдүм, адеп көрдүм кары, жаштан созулган.
Элдин сели дайра болуп, кочолордон акса да,
Бир масы жок, тентеги жок арасына кошулган.

Ыйык көрүп, сыймык көрүп сыйлайт экен карысын,
Жаны менен сактайт экен улутунун намысын.
Бироолорго көро албастык, бут тосууну билбестен,
Жакшылыкка жумшайт экен жашоодогу жарышын.



Ала-Тоонун баласындай өркөчтөнүп тоолору,
Ала-Тоонун салаасындай көркко батып коолору.
Доолот токтоп турган экен жалпак адал мээнетке,
Бейиш жайга айландырып, туулган жерин колдору.

Берекени кордүм андан чоң казандай кайнаган,
Адамдыкты көрдүм андан жакшылыка шайланган.
Кыргыз десе жанып турган көргөн өңдүү бир боорун,
Жакындыкты кордүм терең каны менен байланган.

## ТООДО

Тоого чыгып чалкыдым,
Кубангандан ыйладым.
Гүлдү кечип, гүл жыттап,
Көңүлүмдү сыйладым.

Тура качты эликтер,
Туура жактан чоочулап.
Жаныбарым качпа деп,
Карап турдум соңуркап.

Бут алдымдан бырпырап,
Уча качты бөдөнө,.
Торгой турат ыр ырдап,
Безеленип төбөдө.

Майрамдашып жаткандай,
Сыртта бардык жаныбар.
Гүлдөн гүлгө бал жыйнап,
Ызылдашат аарылар.

Аткан октой аскадан,
Бүркүт сызып жөнөдү.
Кылаң этти бир түлкү,
Ал кыраанды көргөнбү.

Белден ашып элирип,
Кулун сызып бaратат.
Атчан адам кырдагы,
Баатырлардай каратат.

Тоонун көркү боз үйдүн,
Ак түтүнү булады.

Ак көйнөкчөн бураң бел,
Мөл булактан суу алды.

Суу алды да бийикти,
Серепчилеп карады.
Алда неге суктанып,
Алда нени самады.

Атчан адам кырдагы,
Шукшурулуп бүркүттөй.
Ага сызып жөнөдү,
Селкини көп күттүртпөй.

Табият кандай жароокөр,
Жаадырап жайнап кулпурат.
Теребел көшүп магдырап,
Булбулдун үнү угулат.

Туш тарапты карасаң,
Түркүн сүрөт ажайып.
Тетигинде асманга,
Төшүн керет көк жайык.

Токой толкуп жаткансыйт,
Түркүн боек сүртүнүп.
Жайкалат да, чайпалат,
Жасалгасын бүтүрүп.

Арча, кайың, карагай,
Долоносу, четини,
Өскөн экен аралаш,
Жол талашпай эч бири.

Күн көрүктүү көңүлүм,
Көөдөнгө батпай чалкыды.
Гүлдөрдөн чыккан буркурап,
Себинип жытту атырды.

Арчанын жыты бур этти,
Боз үйдөн чыккан түтүндөн.
Күн чагылып жылт этти,
Жердеги кумдан, күкүмдөн.

Алоолоп турат жүрөгүм,
Дүрт этип жанып кетчүдөй.



Эркелеп ичтен жалынып,
Эзилип баарын өпчүдөй.

Жан боорумдай кучактап.
Ар бирине сүйөнүп.
Алгым келди алардан,
Айкөлдүктү үйрөнүп.

Калыс, таза, мээримдүү,
Калп айтышпайт алдабайт.
Көнүп бардык эркиңе,
Канатына калкалайт.

Тоо койну бейпил мээримдүү,
Эркелеп турдум энемдей.
Сергитип кайра сергилең,
Жамгыры кетти себелей.

Басып жүрүп баалабас,
Байлыгым өзүң экенсиң.
Аралап жүрүп байкабас,
Бакытым өзүң экенсин!

## ТОО ЖОЛУ

*/ Бишкек Ош жолуна/*

Жаңы түшкөн асфальт бети мелтиреп,
Кара майдын коңур жыты кете элек.
Жаңы жолдо баратабыз биз алгач,
Чубалжыган изибизди жетелеп.

Жол жаркырайт күн көрүнгөн жүзүнөн,
Бетин чийип адам изи түшпөгөн.
Канча заман өтөр экен, канча адам,
Алгач баскан биздин ушул из менен.

Канча эрлер арнап аппак көңүлүн,
Ушул жолго сайып коюп өмүрүн.
Ташты жарып аска менен таймашып,
Турбадыбы тоонун тешип өңүрүн.

Төө ашууну биринчи ирет ашабыз,
Оо айдоочу аяр менен айдаңыз.
Жолоочунун алып жүрчү үрөйүн,
Тоонун жолу ийри-буйру айланыш.

Тоо жолуна жолоочубуз атайы,
Тоодой кубат, кубанч алып кайталы.
Кийинкиге биздин доор жаратып,
Алгач чыйыр салганбыз деп айталы.

Алгач салган биздин ушул из менен,
Элим өтөр түркүн үмүт, иш менен.
Өтүп турсун ушул жолдон бактылуу,
Кубанычтуу ажарланган жүз менен.

Ырдап өтсүн ушул жолдон адамдар,
Жыргап өтсүн ушул жолдон адамдар.
Ушул жолдон кайтып турсун олжолуу,
Өнөр, билим , бакыт издеп баргандар.

Кыйры чексиз кете берсин жол чеги,
Араласын улам жаңы элдерди.
Калсын жаркын жолу болуп достуктун,
Жакындатып биз көрө элек жерлерди.

## ТОБО ДЕЙИН КУДАЙЫМ

Тобо дейин кудайым,
Жанга кайрат күч бердиң.
Намыс бердин, ар бердиң,
Турпатымды бүт бердиң.

Тобо дейин кудайым,
Жүрөгүмө нур бердиң.
Ошол нурду чачууга,
Сезимиме ыр бердиң.

Тобо демин кудайым,
Мээрим бердиң бүтпөгөн.
Бүт нерсени кечирип,
Эч убакта түтпөгөн.

Тобо деймин кудайым,
Сүйүү бердин көңүлгө.
Алоолонгон жалыны,
Жете турган өмүргө.

Тобо деймин кудайым,
Адеп, ыйба, нарк бердиң.



Элиме окшош жөнөкөй,
Адал пейил салт бердиң.

Тобо деймин кудайым,
Ышкы берген дилиме.
Жолуктурган түбөлүк,
Ырдын улуу пирине.

Тобо деймин миң ирет,
Суусун ичип дүйнөнүн.
Чексиз бакыт жарык, улуу,
Күн астында жүргөнүм.

## ЫЙМАН УЛУК

Адам үчүн бул дүйнөдө эң,
Эмне улук деп, суроо бердиң.
Ыйман улук бардыгынан деп,
Ойлондум да жооп бердим.

Бирөө айтты: «Мекен улук»,
Бирөө айтты: «Ата-эне улук».
Да бири айтты: «Сөз улук»-деп,
«Чындык улук», «кудай деген пенде улук».

Ыймансыз анын баарын сатып кетер,
Дилинде таза ыйманы болбосо эгер.
Дүйнөдө бардык ички айкаштарда,
Түбүндө дили таза ыйман жеңер.

* * *

Ыйманы ысык асыл энекем,
Ыйман бер деп күндө тилеген.
Балдарына, бардык адамга,
Жатарда да, жана таң эртең.
Жолго чыкса- ыйманда барыңыз,
Коштошордо- ыйманда калыңыз.
Уктарында- ыйманда жатыңыз,
Адам өлсө- ыйманы саламат болсун,
Деген сөздү дайым айттыңыз.

Дайым сени ыйман жандасын,
Өзүңдү алсын, пейилиңди албасын.
Каргаса да ыйман каргасын,

Жалгаса да ыйман жалгасын-
Деген сөзүң бизден калбасын!
Дайым бизди ыйман жандасын!

## АРАК АЗГЫРГАН ЖОО

Каптап жоодой бир сел келди го,
Адамдагы эркти жеңди го.
Билинбестен алкымдан алып ,
Калкыма бир азап берди го.

Азезил жоо алдап кетти го,
Көңүлдөрдү арбап кетти го.
Акырындап башты айлантып,
Акырында жалмап кетти го.

Кары жашы түшүп кетти го,
Толкунунда сүзүп кетти го.
Билгизбезден бирден оп тартып,
Өмүрлөрдү үзүп кетти го.

Ошол жоо каптап кирген арак экен,
Арактын арты барып арман экен.
Арактын жүргөн жери жаңжал экен,
Бомбадан ядролук күчтүү экен,
Каптаган келте ооруудан түптүү экен.

Көңүлдү тумандатып басат экен,
Акылды арбап уусун чачат экен.
Арактан абийир өлүп, сезим өчүп,
Адамдан ыйман безип качат экен.

Арак деген тажаал, өжөр жоо экен,
Кылкылдаган, кыжылдаган кол экен
Кыйын болуп адам аны жеңмеги,
Бир кабылсаң арылбаган шор экен.

Арак деген кирип келип үйүңө,
Ажырагыс жакын болуп күнүгө.
Балдарыңдын балдарына доо кетип ,
Акырындап жетет экен түбүңө.

Анда неге айтылачы, ичесиңер сүйүнө,
Билсеңер да арт жагында каларыңды күйүнө!



Ким көрүптүр мындай шумдукту,
Атасына уулун жулунтту.

Кол салып курсактагы балага да,
Канын бузуп уусун жуткусту.
Колго түшүп бердик го мээрим төгүп,
Жан душманын жакшы көрүп,
Көзгө түшпөс, колго урунбас тукум курутту.

Ачууну ушунчалык таттуу көрдүк,
Арсызды ушунчалык барктуу көрдүк.
Кубалап жатса дагы наркыбызды,
Ошонун жүргөн жерин нарктуу көрдүк.

Алмаштык улуу тамак нанды дагы,
Алмаштык ыйык көргөн данды дагы.
Ошону бардыгынан жакын көрүп,
Алмашып койгондор бар жанды дагы.

Эчен бир эрендердин эркин алды,
Шалдайтып күч кубатын демин алды.
Калжаңдап калк ичинде кадыры жок,
Карынын акыл нуска кебин алды.

Аялдын сылык сыпаа сөзүн алды,
Суктанткан, ажарланган өңүн алды.
Жапайы көз карашы сезими өлгөн,
Сулуунун жоодураган көзүн алды.

Үйлөрдүн касиеттүү кутун алды,
Үрпөйтүп үйдүн ээсин утуп алды.
Билбестен уттулганын үйдүн ээси,
Балдардын ырыскысын жутуп алды.

Үйлөрдү бүлүндүрүп чууну салды,
Таптаттуу мамилеге ууну чалды.
Жайнаган оттун күлү сапырылып,
Эчен бир жылуу очок сууп калды.

Кирген жоо ушунчалык өчүн алды,
Жаштыктын жалындаган кезин алды.
Түңүлүп анын кайра жанарынан,
Эчен бир асыл сезим өчүп калды.

Төрөлбөй кала берди эчен бала,
Төрөлгөн күндө дагы акыл чала,

Ууланган кандан бүткөн ошол бала,
Кедерги коом үчүн болду жара.

Баарынан кыйын экен аялзатка,
Башынан жаны назик аяр затка.
Аларды бир тооруса чыкпайт экен,
Бүгүнкү жуккан ооруу адамзатка.

Аялды бир кармаса бекем кармайт,
Чыгарбай жипсиз торго чырмайт, камайт.
Дүйнөдө мындан башка жыргал жок деп,
Жабышып өмүр бою арбайт, алдайт.
Ал байкуш кыйышпаган ашыгындай,
Кай жакка баратканын билбей калат.

Ээси жок үйдүн ичи муздап калат,
Мээримсиз жүрөк сезим уктап калат.
Кумары бала ордуна аракка өтүп,
Апасы бөтөлкөнү жыттап калат.

Кучактап бөтөлкөнү ыктап калат,
Алып бер деп көрүнгөндү кыстап калат.
Жутулуп кетти дешип бөтөлкөгө,
Баш чайкап жакындары сыздап калат.

Кунарсыз үйдүн куту качып кетет,
Жыйналбай, тазаланбай сазып кетет.
Арак деп үйдүн куту болчу аял,
Ак уруп колду шилтеп басып кетет.

Балдары жерди тиктеп басынышат,
Көздөрүн жалтандатып качырышат.
Апасы келе жатса кыйшалактап,
Ордуна кубануунун жашынышат.

Дегенден уялышат менин апам,
Күнүгө арак ичип сазып жаткан.
Куюлуп көөдөнүнө сүт ордуна,
Каңырсып кусундусу ачып жаткан.

Таралбай үрпөлөңдөп чачы кеткен,
Арактын орун алып тагы беттен.
Алкынтып мүнөзүн да бузуп салган,
Агылтып ачуу оозу ачуу кептен.



Дегендей аракечтен жинди качып,
Көпчүлүк теңелишпейт тетир басып,
Тийишип тиешесиз жанга деле,
Темтеңдейт өз абийрин өзү ачып.

Бир өзүн бардыгынан кыйын көрдү,
Менсинип башкаларды тыйын көрдү.
Ууланган акыл, сезим элес албай,
Балдардын күлкү ордуна ыйын көрдү.

Ичпечи, апаке, деп бала турат,
Жеп алчы апаке, деп нанды сунат.
Таап кел андан көрө жүз грамм деп,
Баласын наны менен бетке урат.

Ичпечи, апаке, деп кызы турат,
Ичип ал апаке, деп айран сунат.
Айраның арагымдан айлансын- деп,
Айрандуу кесе менен кызын урат.

Ал эмес көзгө түшпөйт жарык дүйнө,
Жаркырап суктандырган жанды мүлдө.
Унуткан анын укмуш бар экенин,
Ал үчүн арак болсо болду күндө.

Аракеч ал аялды эри чанды,
Баш байлап башка аялга кетип калды.
Ал аял жалгыз калды болуп жарды,
Жалдырап балдарынын тойбой карды.

Өзүнүн балдарына башка болду,
Эненин мээримине ачка болду.
Эчен таттуу тилеги ташка тийип,
Наристенин көздөрү жашка толду.

Жашоого бардар, жакшы көзүн сатты,
А кызы бойго жетип өзүн сатты.
Баласы ачкасынан базардагы,
Акчасын бирөөлөрдүн жула качты.

Аракеч эне үйүндө соолуп жатты,
Ойлобой бул арактан эмне тапты.
Төрөдү балдарына эмне берди,
Энеден энчи болуп эмне артты.

Баарынан артык көрүп арак жутат,
Шыңгытып ыйман, арын кошо жутат.
Жутулуп өзү ага баратканын ,
Байкабай өмүрдөгү баарын жутат.
Эрк керек жеңиш үчүн андай жоону,
Эрки жок бошоңдорду арак утат.

Ушундай тилсиз бир жоо каптап келди,
Жолунда жолукканды таптап келди.
Элимдин чоң душманы өжөрлөнгөн,
Токтотор күч бар бекен ошол селди?!

## КЫЙКЫРЫК

Оо калайык, кулак салгын кебиме,
Айтып турам жан дүйнөмдөн кыйкырып.
Кайгы-капа азабыңды көргөндө,
Салгым келет жер жаңырткан
эң бир ачуу кыйкырык!

Ушуга эле ушунчалык чуу салып,
Айгай салган кандай неме дебегин.
Турмуштагы майда деген бирок чоң,
Бул көйгөйдүн ар бириңе керегин.

Бою өспөгөн буту чийдей баланын,
Кантип карайм көзүндөгү кайгысын.
Кантип артам ичиндеги муң-зарын,
Кантип берем кубанычтын дарысын.

Оо чиркинай, арман барбы мындан зор,
Кайгы муңу кан-жанына таралып,
Айыбы жок өзүн-өзү жек көрүп,
Наалат айтып калганына жаралып.

Топ кубалап ойноп жүргөн балдарга,
Терезеден көзү өтүп суктанып.
Алар менен кошо чуркап кетсем дейт,
Оору тушап, ичтен сызат буктанып.

Баласынын ушул оор кайгысы,
Эне атанын эт жүрөгүн жаралап.
Баарысынан аянычтуу көрүнүп,
Айланчыктап алыс кетпей каралап.



Жоодураган жазыгы жокナристе,
Бул жашоодон өтмөк беле кор болуп.
Балапандай канаттары жулунган,
Отурган жер түпсүз тереӊ ор болуп.

Чуркасам дейт жердин жүзүн айланып,
Учсам ээ дейт жүрөк түтөп арманга.
Ал суктанат учуп жүргөн чымчыкка,
Буту менен басып жүргөн жандарга.

Бул оорунун таба алышпай дабасын,
Баланы алып кайда гана барбады.
Колдо барын аянышпай жалдырап,
Канча табып, дарыгерди жалдады.

Баш катырып келди мүшкүл бул оорую,
Кайдан, кантип, эмнеликтен экенин
Башында эле калган майып жаралып,
Йод аздан денесинде эненин.

Адам кээде аз нерсени кызганып,
Чоң кырсыкка кабыласың аябай.
Кайдан келип , пайда болду билбейсиң,
Денедеги ооруларың ар кандай.

Йоду жок туздан сатып аласың,
Караймын деп бир тыйындын көзүнө.
Оору сатып алганыңды билбейсиң,
Үй-бүлөңө жана дагы өзүңө.

Көп нерсени байкоосуздан жасайсың,
Көп нерсени билбестиктен ичесиң.
Туз деп эле ичип жаткан жөн тузуң,
Өмүрүңө уу экенин билбейсиң.

Сыркоо дейбиз анын сырын билбейбиз,
Азап тартып жүргөндүктү эмнеден.
Алыс качат эч бир оору жолобойт,
Бардык заттар толук болгон денеден.

Йоддолгон гана тузду ичкиле,
Болсун десең толук акыл-оюңар.
Бала чактан алдуу-күчтүү дeнеңер,
Болсун десең сын келбеттүү боюңар.

Ансыз дагы өмүр кыска адамда,
Бар байлыгың ден соолугуң чың болсун.
Йоддолгон туздан гана ичкиле,
Баскан турган, кылган ишиң тың болсун.

Туз кемисе жок ооруну табасың,
Оору болсо өмүрүңдү кемирет.
Денебизде болуш керек турбайбы,
Менделеев тапкан бардык элемент.

Тузуң бүтсө өмүр дагы бүтөт деп,
Ата бабам билип айткан турбайбы.
Илип алып ошол сөздүн маанисин,
Муундардын кулагына куялы.

Баалуу туруп суудан арзан нерсе жок,
Ыйык туруп туздан арзан аз болот.
Татымы жок тузсуз ичкен тамактын,
Туздан салсаң гана даамдуу аш болот.

Ошол даам даам болот денеге,
Кубат берет, каруу берет адамга.
Муну өзүң айтпасам да билесиң,
Миң мертебе айткым келет жана да.

Оо туугандар, кулагыңа саламын,
Йоддолгон гана туздан ичкиле.
Көөнүң таза, ден соолугуң чың болуп,
Бул жашоонун ырахатын сезгиле!

Тузду сатып алып жаткан учурда,
Ушул сөздү эске тутуп коюңар.
Йод аздан пайда болот турбайбы,
Адамдагы коркунучтуу оорулар.

Пачкадагы йоддолгон туздан ал:
Алыс качсын коркунучтуу оорулар,
Богок, рак, өчпөй калуу каны аздык,
Тамырланса кайран өмүр сорулар.

Бардык нерсе кудайдан деп коебуз,
Пешенеге алда качан жазылган.
Кудай дагы сактангандыы сактайм дейт,
Аракетти жакшы көрөт башынан.



Дүйнөдөгү асылдыктын бардыгын,
Азыктанып пайдалан деп жараткан.
Баары керек эч нерсе жок артык баш,
Дүйнөдө жок пайдасы жок жөн жаткан.

Акыл эс да болбойт экен жетиштүү,
Денебизге йод жетпей калгандан.
Акылы кем бала багып өстүрсөң,
Адам үчүн эмне деген чоң арман.

Оо адамдар, кагылайын, туугандар,
Дары болсун ичип жаткан сууңар.
Таза болсун, йоду да бар болсун,
Дарман болсун,өмүр болсун тузуңар!

*Курманбек баатырдын 500 жылдыгына*

## БАР БЕКЕН БҮГҮНКҮНҮН КУРМАНБЕГИ

Ушул жер Курманбектин каны тамган,
Ушул жер зор эстелик андан калган.
Эгемен күнгө жеткен ушул Мекен,
Жаралган аталардын кан жанынан.

Жаралган аталардын арманынан,
Жаралган калың журттун муң зарынан.
Жаралган апалардын көз жашынан,
Жаралган бабалардын батасынан.

Жаралган атпай журттун тилегинен,
Адилет карт тарыхтын жүрөгүнөн.
Ала-Тоо кыйырына Кыдыр түнөп,
Теңирдин мээри түшкөн түнөгүнөн.

Жаралган айкөл Манас колдоосунан,
Момундун ишин кудай оңдоосунан.
Эр жүрөк аталардын айбатынан,
Эрлердин Курманбектей кайратынан.

Ойлогон баарын коюп Мекен жерди,
Кам көрүп калкалаган калың элди.
Өзүнөн эл мүдөөсүн бийик койгон,
Бар бекен бүгүнкүнүн Курманбеги.

Ушул күн суусап турат андай эрге,
Элине таянч болор андай белге.
Баатырлар жалаң эле согушта эмес,
Жашоо үчүн тынч күндө да керек элге.

Курманбек эли журтум деген баатыр,
Эли үчүн канын жанын берген баатыр.
Өтсө да канча кылым журулушуп,
Элинин кан жанында келе жатыр.

Бет бурбай беттешкенин жеңген баатыр,
Өмүрүн эли үчүн берген баатыр.
Бирге ашып эчен белес, ашуулардан,
Элинин өмүрүндө келген баатыр.

Бабасы эр Манасты тарткан баатыр,
Эрдикти жүрөгүнө каткан баатыр.
Толтосун жүрөгүнүн элге арнап,
Жүрөктүн толтосунда жаткан баатыр.

Жолотпой жергеге жоо сүргөн баатыр,
Жалтанбай жалгыз өзү түргөн баатыр.
Өтсө да эчен кылым эскирбестен,
Элинин көңүлүндө жүргөн баатыр.

Кыргыз деп кызыл кыргын кечкен баатыр,
Калкыма жан курман деп чечкен баатыр.
Качырып кылкылдаган миң сан колду,
Кыйылып кырчынында кеткен баатыр.

Сүйүүнү ыйык тутуп сүйгөн баатыр,
Кадырын көңүлүнө түйгөн баатыр.
Багынбас эч нерсеге баатыр башын,
Жүрөктүн буйругуна ийген батыр.

Курманбек ак сүйүүнүн султанысың,
Кыйышпас чын достуктун ынагысың.
Каргаша канча элдердин башын жуткан,
Өзөктөн чыккан өрттүн курманысың.

Калкыңдын канындагы арманысың.
Кан жутуп жалгыз жолдо калганысың.
Эр үчүн «жоодон өлгөн салтанат»-деп,
Туманып баатырдыкка жанганысың.



Чыныгы баатырдыктын ырларысың,
Чыныгы ашыктыктын сырларысың.
Чыныгы адамдыктын өрнөгүсүң,
Чыныгы жан дүнүйө жыргалысың.

Баатырдыкты таба албаймын сенден артык,
Сен жөнүндө айта албайм элден артык.
«Эр Курманбек баатыр»-деп улуу дастан,
Эл өзү айтып келген мээрими артып.

Ал дастан кылымдарды аттап келди,
Эрдикти көкүрөккө сактап келди.
Атасы баласына мурас кылып,
Оозунан түшүрбөстөн жаттап келди.

Кылымдар жаагын жанып айтып келди,
Сүйгүн деп Курманбектей элди-жерди
Кутмандуу кыргыз эне көп тууса деп,
Калк үчүн Курманбектей берендерди.

Эли үчүн төгүлсө эгер эрдин каны,
Мекен деп өрттөнсө эгер эрдин жаны.
Кадырлап канча доор өтсө дагы,
Тирилтип алат тура эли аны.

Курманбек тура келип жолубузга,
Ойнотуп Телтору атын тоюбузга.
Отурат бапырандап төрүбүздө,
Кубанып ырыбызга, ойнубузга.

Кубанып эгемендүү эл болгонго,
Дүйнөдө өлкөлөргө тең болгонго.
Ишке ашып көксөгөнү чалкып турат,
Элинин келечеги кең болгонго.

Дүйнөгө Курманбектей эрди берген,
Жанга азык көркөм дастан кенди берген.
Кагылам касиетинден, кыргыз калкым,
Ааламдай көкүрөгү кеңдигинен.
Карабай барга жокко барын чачып,
Асыл нарк бапыраган пейилинден.
Кадырлап урмат кылуу эл баатырын,
Калдайган түпкүлүү журт элдигинден.
Баатырды баатыр гана баалай алат,
Барк билген бул да сенин эрдигиңден!

## ЧООР ҮНҮ

*/баллада/*

Замандын бир заманында,
Ала-Тоонун арасында.
Жашап турган кыргыз айлы,
Эки суунун саласында.

Жашоосун кечирген эл
Беймарал тоосуна ыктап.
Жоо келди капысынан,
Жатканда бейкут уктап.

Түндүгү жерге түшүп,
Туурдугун өрт жалмады.
Жуурулуп аккан канга,
Бырыксып күлү калды.

Эр башы томолонуп,
Энелер эстен танды.
Эмчегин кыя чаап ,
Баласын тартып алды.

Караңгы түндө келип,
Тынч элге бүлүк салган.
Наристе жаш бөбөктү,
Ар үйдөн терип алган.

Бул кандай каар заман,
Бу кандай сырдуу душман.
Жалаңдап жалаң гана,
Эмчекте баланы алган.

Өлүмдү тик караган,
Бул элден эр көкүрөк,
Тукумун асылдантып,
Болгонбу бүлө күтмөк.

Кетиптир жүздөй бала,
Кармалып жоо колуна.
Капарсыз эч нерседен,
Эч нерсе жок оюнда.



Чоңойду билишпестен,
Эл журту ким экенин.
Угушпай ата тегин,
Кай жактан келгендигин.

Чоңойду жүздөй жигит,
Кылыч чаап, найза сайып.
Үйрөттү баш алганга,
Балдарда эмне айып.

Казатка аттандырды,
Кайрадан кыргыздарга.
Өзүнүн балдарына,
Өздөрүн кыргызганга.

Калмактын кол башчысы,
Бийиктен турду карап.
Жорудай шукшурулуп,
Алдыда канды самап.

Айылга жакындашса,
Боздогон үн угулат.
Эзилтип эбегейди,
Күүсүнө кулак тунат.

Теребел күүгө чөгүп,
Айлана боздоп турат.
Жүрөктү титиретип,
Сезимди козгоп турат.

Бул кандай армандуу күү,
Жүрөккө мынча жакын.
Чоорчуга бурулушту
Билмекке күүнүн атын.

Койлорун жайып коюп,
Чоорчу чоор тартат.
Чабам деп келген эрлер,
Чоорчуга боор тартат.

Капарсыз эч нерседен,
Чоорчу чоор тартат.
Эрлерде аны сайын,
Эт жүрөк балкып барат.

Сыздаган чоор үнү,
Эрлерди кыйнап турду.
Жаш кетип көздөрүнөн,
Сызылып ыйлап турду.

Акырын чочутпастан,
Чоорчуга барып жакын.
Бул кандай күү эле деп,
Сурашат күүнүн жайын.

Кеткендей түштөн чоочуп,
Селт этип калат токтоп.
Сыздаган үн басылып,
Күрсүнүп алат онтоп.

-Бул күү дейт бала үшкүрүп,
Жыйырма жыл мындан мурун.
Кайталап сыздап калган,
Сыздаган эне муңун.

Жүз бала кеткен экен,
Калмакка жоо колуна.
Наристе бөбөк кезде,
Эч нерсе жок оюнда.

Алардын арасында,
Эки эгиз бөбөгүм бар.
Жыйырмага чыкмак быйыл,
Жан боорум, жөлөгүм бар.

Катылып аман калгам,
Кармашка ал бар беле.
Бөбөктүн оң бетинде,
Бармактай кал бар эле.

Эгизбиз деген балдар,
Ээрден түштү кулап.
Артынан баары түшүп,
Жатышты ыйлап чуулап.

Кучактап улам бири,
Баланы кызып боорго.
Өпкүлөп кезек менен,
Өткөрүп колдон колго.



Аңгыча келди ак сакал,
Аппапак сакалы бар.
Далайды көзү көргөн,
Салыңкы кабагы бар.

-Ушуну билип жүргөм,
Ушуну сезип жүргөм.
Шилтейт деп кайра бизге,
Жүрөктү эзип жүргөм.

Койнумдан тартып кеткен,
Өзүмдүн балдарымсың.
Көзүмдүн чечекейи,
Көңүлдүн арманысың.

Кейитип тартып кеткен,
Келдиңби кыраандарым.
Билбейсиң ата энеңди,
Каңкорлор кыргандыгын.

Карачы кылгандарын,
Жиберип тургандарын.
А көрөк кайра алардан,
Кетирбей кегиңди алгын.

Кайраттуу эрлер калбай,
Кайгуулдап бара албадык.
Кайда деп издөө салып,
Кайырып ала албадык.

Чал кемпир, келин калып,
Кан жутуп карайладык.
Каран күн башка түшүп,
Айласын таба албадык.

Кеткеним кайрып берген,
Кудайга чексиз тобо.
Кайгылуу элибизге,
Болдуго чексиз олжо.

-Ракмат чоорчуга,
Төгүлткөн чоор күүнү.
Кыргызга кандан бүткөн,
Таанытты чоор үнү.

Атадан балага өткөн,
Бир бооруң ушул чоор.
Кыл кыяк, комуз коштоп,
Келе атат канча доор.

Укканды титиретер,
Укмуштай өнөрүң бар.
Өнөрүң өлбөс болсо,
Өмүрдө көрөрүң бар...

Шектенип калган белем,
Кароолдо турган калмак.
Жиберди жигиттерин,
Кабарды болуп алмак.

Кандагы намыс оту,
Шакардай кетти кайнап.
Калмактан келгендерди,
Саматта салды жайлап.

Артында тургандары,
Ашыгып качып берди.
Көргөзүп арам оюн,
Сырларын ачып берди.

Душмандан өлбөй туруп,
Өч албай кантип калам.
Эр жетип келди элем деп,
Эл бетин кантип карайм.

Сокмокко кызуусунда,
Аттанды эрлер кайра.
үйрөнүп согуш өнөр,
Эр жетип келген жайга.

Кан деген кое бербейт,
Акыры кегин алды.
Калган эл сыздап боздоп,
Ичине демин алды.

Эсинен калмак ооп,
Экинчи келгис болду.
Эркинче жаткан элди,
Ээлеймин дегис болду.



Жайнатып кайрып берген,
Жашоодо көрөр күнүн.
Жабыла мактап жатты,
Чоордун ыйык үнүн.

-Оо элим,- деди аксакал
Ушундай өнөрүң бар.
Өнөрүң өлбөс болсо,
Өмүрдө көрөрүң бар!

## ЫНТЫМАК

Көп балалуу бир үйдө,
Күндө чатак, күндө чыр.
Келе албады бир тилге,
Бир бирине болуп кыр.

Эрте турса атасы,
Түндө кар жаап салыптыр.
Үйдөн чыккан балпайган,
Бир из түшүп калыптыр.

үй бүлөнүн баарысы,
Тегиз уктап жатканда.
Бул кандайча из болду,
Таң жаңыдан атканда.

Бир нерсени камтыган,
Ууру болуп жүрбөсүн.
Таң атканда жөнөгөн,
Мында калып түндөсүн.

Кармайын деп ууруну
Арт жагынан октолду.
Бир чоң бакка барганда,
Из көрүнбөй жок болду.

-Уурум,мындай чык деди,
Калдың бакка жашынып.
Из жашырып бекинип,
Кетем дебе жазгырып.

Анда бакка тил кирип,
-Бакыт элем үйүңдө.

Чыр чатакка чыдабай,
Качып чыктым түнүлө.

Анда мынча мени издеп,
Келиптирсиң артымдан
Бир тилегиң айтып кет,
Аткарайын жакындан.

Кары калды калтаарып,
Акылдашып келейин.
Үйдөгүлөр эмне дейт,
Анан жообун берейин.

Бири байлык сурады,
Бири берсин жер деди.
Бир баласы жулунуп,
Алтын күмүш зер деди.

Неберe айты:-Атаке,
Сурап келчи ынтымак.
Үйдө жаңжал күнүгө,
Жанга батты чыр-чатак.

Айтса айтпаса төгүнбү,
Ынтымакты сурайын.
Ынтымактын жогунан,
Тарттым далай убайым.

Кайра барып муну айтты:
-Ынтымакты сурадык.
үйдөн качып береке,
Чыр чатактан куурадык.

-Тилегиңди орундап,
Анда бердим ынтымак.
Менин дагы шертим бар,
Аны менен бир турмак.

Бөлүнө албай бир жүрөм,
Мен да кошо барайын.
Ынтымакка шерикмин,
үйүңөрдө калайын.

Ынтымакка багынып,
Бакыт кирди бул үйгө.



Кут береке агылып,
Келе берди күнүгө.

Кубанычка малынып,
Жашап калды үй бүлө
Ынтымактуу, ыраштуу,
Күндөрүнө сүйүнө!

## КУРАН КИТЕП

Атам айтып кетти эле,
Куран китеп оку деп.
Бүт жакшылык ичинде,
Көңүлүңө току деп.

Атама айтып кетиптир,
Атасынын атасы.
Куран ыйык баарынан,
Тазалардын тазасы.

Касиеттүү бул китеп,
Китептердин атасы.
Адамдарга жолдогон,
Кудайымдын батасы.

Окуп чыксаң боюңа,
Асылдыкты жыйганың.
Турмушуңа колдонсоң,
Тазармачы ыйманың.

Касиеттүү бул китеп,
Баш булагы билимдин.
Түпсүз аалам чеги жок,
Жыйындысы илимдин.

Касиеттүү бул китеп,
Ыйыктардын ыйыгы.
Кучак жетпейт мелмилдейт,
Чексиз дүйнө кыйыры.

Куран китеп окусаң,
Көптү өмүрдө утасың.
Айкын жолуң ачылып,
Исламды бек тутасың.

Алып ислам ачкычын,
Дүйнө сырын ачасың.
Кызыктырбайт көр дүйнө,
Көкөлөйсүң учасың.

Куран китеп окусаң,
Карып муңун угасың.
Эки көзүң ачылып,
Элге көңүл бурасың.

Куран китеп окусаң,
Бийиктенип кененсиң.
Соопчулук жолуна,
Качан болсо беленсиң.

Куран китеп окусаң,
Калп сүйлөөдөн алыссың,
Кара кылды как жарган,
Калкың үчүн калыссың.

Куран китеп окусаң,
Жаман жолго барбайсың.
Жалгандыкка жолобой,
Жакшылыкты жандайсың.

Куран китеп окусаң,
Адамдарга аярсың,
Жарык жолуң ачылып,
Жакшылыкка даярсың.

Айткандарын аткарсаң,
Эркин жеңил басасың.
Ишиң жүрүп ал тургай,
Кудайга жол ачасың.

Куран китеп окусаң,
Жолой албайт арамдык.
Адилдиктен айнытпай,
Жандап жүрөт адамдык.

Касиеттүү бул китеп,
Эң боорукер, кеменгер,
Окуш керек түшүнүп,
Адам болом дегендер!



## ӨЗҮНДҮ ӨЗҮҢ БАК

Тобо дейм, жайылып дасторкон,
Баары бар колумда жок эмес.
Оо журтум, баарыңды ойлосом,
Бары бир курсагым ток эмес.

Мелмилдеп жып-жылуу үйүм да,
Шаарымда бир жерден от жагып.
Айылды ойлосом үшүйм да,
Калчылдайм капалуу ой багып.

Жасантып боюмду түрдөнткөн,
Мээнети ак балдар бар багыма.
Оо калкым, жалпыңды жүдөткөн,
Жакырдык батууда жаныма.

Аш салып берсе албайм колуңа,
Ар кимдин жашоосу ар башка.
Өзгөрүш өнтөлөйт жолуңа,
Аракет мээнетке жараша.

Көз артпай анчалык дөөлөткө,
Жайнатып бир үйдүн отун жак.
Ишенип бир гана мээнетке,
Оо калкым, өзүңдү өзүң бак.

## НААЛЫДЫМ

Албан зоодой жаш жигит,
Сагыз сатып отурса
Бир бурчунда шаарымдын
Бул кесибин жактырбай,
Өзүмчө эле наалыдым.

Ээ ботом, отурасың бүрүшүп,
Бир көчөнүн бурчунда.
Тоо томкорсоң болбойбу,
Жаштык жалын курчунда.

Андан көрө элине кетпейсиңби,
Жер казып эгиниң экпейсиңби.
Тер менен жайнатып молчулукту,
Жокчулукту жүрөккө теппейсиңби.

Андан көрө тоо жакка барбайсыңбы,
Ата кесип малыңды бакпайсыңбы.
Ачкалыктын алкымын жулуп алып,
Ат ойнотуп кумардан канбайсыңбы.

Андан көрө жайлоого барбайсыңбы,
Жалкоолуктун жилигин чакпайсыңбы.
Жакырдыктын жүлүнүн жулуп алып,
Жакып байдай жайкалып калбайсыңбы.

Туугандар колдоп-буттап алат жөлөп,
Таласка кетпейсиңби мындан көрөк.
Дем берип туп-тунук суу, таза аба,
Алганың мүмкүн берет Манас төрөп.

## АК БОСОГО

Босоргон жапыс үйдү ыйык көрүп,
Бүгүлүп босогосун аттагамын.
О менин кутман калкым, ызаат менен,
Нускаңды көкүрөккө жаттаганмын.

Тосуп алды боорсок чачып башымдан,
Кирген үй үмүт менен эшик ачып.
Өзүңдөн мен кайрадан төрөлгөнмүн,
Дүйнөгө экинчи ирет көзүмдү ачып.

Киргемин ошол үйдүн отун жагып,
Коломто ак түтүнүн булатууга.
Ак пейил, бейкут, адал өмүр сүрүп,
Ичинде кубанып да, кубантууга.

Кызык көрүп, гүлү турмак чөптөрүн,
Ыйык көрүп жерде жаткан ташын да.
Ыйба кылып туруучу элем ийилип,
Жакын көрүп карысын да, жашын да.

Ак жалгап эне болдум мээрим күтүп,
Кирген үй чоң турмушка эшик ачып.
Жандырып бир үйүндүн чам чырагын,
Жүргөмүн жүрөктөгү нурум чачып.



Бөлөнүп ак сүтүмө ашып ташкан,
Төрүмдө балдар ойноп жыргап куунап.
Турмушка тобо кылдым, пейилим ток
Турганга коломтодон түтүн булап.

## КАЙЫНЭНЕ

Күйөөдөн эрте калды ушул кемпир,
Көз түшкөн келин эле жаркылдаган.
Белсенип үйгө дагы, элге дагы,
Керектүү иш бүтүрүп шартылдаган.

Кызматы мээнети күч каттуу болду,
А бирок кайрымжысы таттуу болду.
Аттанган жалаң гана жакшылыкка,
Алынып эл журтуна барктуу болду.

Арбагын алган жардын сыйлаймын деп,
Өткөрдү бүт өмүрүн жалгыз бойдон.
Уулум бар медер кылар укпаймын- деп,
Эчендер сөз салышса болбой койгон.

Маңдай терден тапканы майлуу болду,
Жакшына үйлүү болду, жайлуу болду.
үйлөнтүп жалгыз уулун сүйгөнүнө,
Жайнаган очор-бачар жандуу болду.

Кубат жок баягыдай жокту тапчу,
Ден соолук да оң болбой ал күч кайтты.
Жактырбай сөз сүйлөсө кага сүйлөп,
Келиндин мамилеси суук тартты.

Кызганчы болду үйдүн бардык жагын,
Бир кезде кемпир өзү тапкандарын.
Өздөрү бөлөк ичип катып салып,
Кызганат таттуураак тамактарын.

Өздөрү жуунган соң сымыратып,
Жа десе самынын да катып салат.
Бар өзүң сатып ал деп магазинден,
Чаңкылдап сөз сүйлөтпөй кагып салат.

Оо шумдук кайдан көргөн бекиткенди,
Бапырап мурун баары ортодо эле.
Ал эмес өмүрүн да балага арнап,
Тагдырын бүтүн берип койгон эле.

А уулу бирин билсе бирин билбейт,
Билсе да аялынын сөзүн сүйлөйт.
Аябай энесине корс-корс этип,
Аярлап аялынын көзүн тиктейт.

-Ылайым ынтымакта жашай берсин,
Булардын ынтымагын бузбайын дейт.
А көрөк жашарымды жашап алдым,
Жаным тынч тигил жайда уктайын дейт.

Кемпирдин отурганын оор көрүп,
Кабагын карыш салып келин зилдейт.
Чыр салып болор болбос нерседен да
Булкунуп токтоно албай көпкө жиндейт.

Отурат үйгө батпай, ойго батып,
Муңайып жүрөк муздап, көңүл сыздап.
Баладай картайганда жетим болуп,
Көңүлгө кара булут алды кыштап.

Бир күнү көздөн жашы тоңгон бойдон,
Муң жүрөк согушунан токтоп калды.
Келини эл көзүнө кейигендей,
Калп эле апакем деп жоктоп калды.

Эненин көз жаштары каткан бойдон,
Келиндин көз алдында турчу болду.
Уктатпай басса турса тынчын алып,
Ыйманын камчы менен урчу болду.

Дегиче кайынэненин буту кетти,
Каңгырап ошол үйдүн куту кетти.
Кагылып дасторкондо береке жок,
Агылып мурункунун жугу кетти.

Деп калат апам тирлип келчү болсо,
Алпечтеп алаканга салат элем.
Акылсыз акмак эле болгон экем,
Кубантып көзүн карап багат элем.



Өлгөндөр кайра кайтып келмек кайда,
Өмүргө беш күнчөлүк чыдабады.
Тийет деп өз башына коркуп жүрөт,
Жазыксыз кайын энеге салган кайгы.

Илгерки уламышты эске салат,
Айтылып эл оозунда келе жатат.
Эртерээк кутулууга кайынэнеден,
Келини жар башына алып барат.

Ал жардын бийиктигин карап алып,
Түрттөрдө кайынэнеге жакын барып.
Каткырып күлүп ийет эне анда,
Келини сурайт анда аң-таң калып.

-Күлөсүң эмнеге ырысы жок,
Өлсүн деп сени мындан түрткөн жатам.
-Кайынэнемди түрткөн элем ушул жардан,
Өз башыма түшкөнгө күлүп жатам.
Сен дагы күлүп калба байка, балам!

Дейт эне-келин селт деп колун тартат,
Үйүнө кайра ээрчитип алып барат.
Менин да келбесин деп өз башыма,
Энени урмат менен багып калат.

Жасаган жамандык да, жакшылык да,
Акыры издеп келип ээсин табат.
Жакшылык жакшы күндөй кайра кайтып,
Жамандык эселентип өчүн алат.

## БАЛАМДЫ АТПАГЫЛА

*/ Баткендеги канкор сакалчандарга /*

Сакалчан, жоосунуңдан чочуп турам,
Жүрөктү калкан кылып тосуп турам.
Атынан энелердин жер жаңыртып,
үнүмдү бардыгынча созуп турам.
Баламды атпагыла!

Он гүлүнөн бир гүлү ачыла элек,
Оргуштаган кумары басыла элек.
Кулунум жасыгы жок чырпык бойдон,
Ак тилегин турмушка ашыра элек.
Баламды атпагыла!

Кетелек бала оозунан эне сүтүм,
Кайта элек алдан күткөн көп үмүтүм.
Селт этип, коркунучтуу түштөн чоочуйм,
Баткенге оюм учат зуулап күн-түн.
Уулумду атпагыла!

Адамга жакшылыка жаралды эле,
Жаныма жалгыз бүткөн каралды эле.
Чөпкө да зыяны жок кыргыз аттуу,
Атадан теңир сүйгөн таралды эле.
Уулумду атпагыла!

Ал сакчы Ала-Тоосун коргоп турат,
Канында Манас каны ойноп турат.
Арылып арамдыктан артыңа кайт,
Алдыңдан жолборс жүрөк тороп турат.
Баатырды атпагыла!

Жактырбай кудай көктөн карап турат,
Канкор деп пайгамбарым каргап турат.
Исламга шек келтирдиң, көө жаптың,
Энелик эт жүрөгүм кайнап турат.
Куралды кан күсөгөн таштагыла,
Асманда Теңирим да айтып турат.
Күнөөсүз пенделерди атпагыла.

Атарда бир кудайды эстегиле,
Көздөрүн энелердин тиктегиле.
Боорукср ата бабаң айтты эле го,
Чакпаган жыланга да тийбегиле.



## ЭЛ ЭМНЕ ДЕЙТ

«Эл эмне дейт»- дебейт экен көпкөндөр,
Абиирлерин айран сымал төккөндөр.
Алдамчылык иче турган ашындай,
Уурулуктун уу сазына чөккөндөр.

«Эл эмне дейт»- дебейт экен жамандар,
Текебердүү кесир сүйлөп калгандар.
Элдик байлык эсебинен чалкалап,
Кылган иши, баскан изи арамдар.

«Эл эмне дейт»- дебейт экен адамдар,
Жан дүйнөсүн жакырлантып алгандар.
Башты чанып, жылда бирге үйлөнүп,
Жада калса жан баласын тангандар.

«Эл эмне дейт»- дебейт экен ургандар,
Элдик байлык эсебинен тунгандар.
Кулу болуп, өлүк дүйнө, акчанын,
Кудук сымал кулкунуна куйгандар.

«Эл эмне дейт»- дебейт экен сойкулар,
Ар намысын сатып жүргөн жойпулар.
Уят деген улуу журтту унутуп,
Элдин сөзүн элес албай койдуңар.

«Эл эмне дейт»- дебейт экен наадандар,
Чөнтөк тонoп арам оокат тапкандар.
« Кудай карап турат»- дебей ал турсун,
Өмүр кыйып чоң күнөөгө баткандар.

«Эл эмне дейт»- дебейт экен бийликкор,
Аны менен болом дейт ко бийик, зор,.
Элди сатып бир бийликтин айынан,
Андай адам эл бийлесе эли кор.

«Эл эмне дейт»- деген сөзүң улуу экен,
Ыйык экен көкөлөгөн туу экен.
«Эл эмне дейт»- деген асыл калкымай,
Эртеңинди эмне күтүп турду экен?

## КАЛКЫМА ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК КААЛОО

Кел, жаңы жыл, кел заман, берекең төк,
Бапырап күлүп жайнап төрлөргө өт.
Адамдар айдай жаркып, күндөй күлсүн,
Элимден жакырдык кет, жамандык кет.

Молчулукту мойнуңа мингизип кел,
Жокчулукту түбүнөн күйгүзүп кел.
Бүт ааламды мээримиңе жылытып,
Адамдарды адамга сүйгүзүп кел.

Жаңы жылда Жакшылыктар мол болсун,
Келечекке кең ачылган жол болсун.
Достугубуз достук болсун түбөлүк,
Бек кармашкан ынтымактуу кол болсун.

Жаңы жылдса ар бир үйдө той болсун,
Персент тапсаң бешик боосу бек болсун.
Кара өзгөйдүн мээрим кирип ичине,
Ар адамда арзуу тилек, ой болсун.

Ата-энеге баладан бакыт таптыр,
Арам ойдун жолуна капкан чаптыр,
Байыркы эл, байыркы өлкө кыргызымда,
Кылымдар өчпөй турган жакшы из калтыр.

Баласызга бала бер эгиз кылып,
Адамзатка ыйман бер тегиз кылып.
Бул дүйнөнү мээримине чалкытып,
Кыз жигитке сүйүү бер деңиз кылып.

Элимдин мингени жорго болсун,
Иши оңолуп кийгени торко болсун.
Оңунан берип, солунан берип,
Теңир жалгап, тапканы олжо болсун.

Адамдарга жаштык бер карыбасын,
Карыларга кубат бер арыбасын.
Ичи тарга пейил бер айкөл кылып,
Жакшылыкка ичтери тарыбасын.

Элимден жакырдык кет , жамандык кет,
Эрлерден элди бузар арамдык кет.



Кой марээк болсун бейпил ар бир күнү,
Чыр чатак, адамдардан жалгандык кет.

Калкыма муюбаган бел болуп кел,
Кут түшчү чекесине тер болуп кел.
Эмгек кайнап кужулдөгөн жыл болуп кел,
Маңдай жарып ар адамдын тилегин бер!

Адамга акыйкат, чындыкты берсин,
Жамандыкты жакшылык жеңип келсин.
Үмүт, тилекти Теңирге буралык,
Элдин пейили ыйманга толуп келсин!

Теңирим элимди колдо адашпасын,
Татаал жолдо жамандык жанашпасын.
Дүйнөгө көкөлөгөн баркы менен,
Улут учу узарып, көөнү агарсын!

## КЕЛДИ НООРУЗ

Келди Ноорuz, жаңылануу жаны күн,
Күндүн нуру төгүлүп дүйнө шандуу.
Кылыччан кыштан аман чыкты эл журт,
Кыбырап күнгө умтулду жерде жандуу.

Келди Ноорuz тилегени береке,
Казан толо көп көжөсүн сапырып.
Пейилдерди арзулукка сугарып,
Адам уулун жакшылыкка чакырып.

Келди Ноорuz арзуу жаз, дүйнө жаңы,
Нуруна жуунaлы, тазаралы.
Ойлобой жамандыкты кечиришип,
Жаңырып, жан дүйнөдө жашаралы.

Жооп бер өзүңө өзүң ар алдында,
Бирөөнүн ажаатына жарадыңбы?
Камыккандын жанына демөөр болуп,
Жабыккандын үмүтүн жага алдыңбы?

Жооп бер өзүңө өзүң ар алдында,
Айтарлык эмине бердиң элин үчүн.
Башканын насибине көзүңдү артпай,
Адал тер төгө алдыңбы жериң үчүн?

Келди Нооруз, Жер энебиз нан берсин,
Жергебизге жер жайнаган мал берсин.
Канат бутак өссүн тукум жаңырып,
От жакалай очор-бачар жан берсин.

Жүрөлү кубанчында, сүйүнчүндө,
Тилейли жер шарынын амандыгын.
Жашайлы кырсыктан тыш бейкуттукта,
Көрбөйлү бул жашоонун жамандыгын.

Кел Нооруз,
Ата бабам мурас кылган кут майрам,
Кошо келди жаркыраган сулуу жаз.
Теңир асман өзү турсун аластап,
Адам уулу бар балээден бол калас.

Ала-Тоонун арчасынан түтөтүп,
Баарыңарды чыккым келет аластап.
Каалайм сага байкерчилик жашоону,
Кыргыз калкым бар балээден бол калас!
Алас, Алас, Алас!

## МЕНИН КҮНҮМ

Аткан таң алып келди күндү төрөп,
Жер бетин нурга чайып турду жаркып.
Кеч кирди күн жүзүнө, көз нуру өчүп,
Кыйналып кызарды да кетти батып.

Дүйнөдө түбөлүктүү эч нерсе жок,
Оо демек өчпөйт деген күн да өлөт.
Төрөлүп эртеңки күн келсин үчүн,
Жаралар жаңы күнгө кезек берет.

Өкүнбөйм өтүп кетсе күнүм карып,
Ааламга жаңы өмүрдү төрөп бердим.
Алгыла аманатым ыйык сактап,
Мээримге күндөй ысык бөлөп бердим.



## АК БАТА

Бата бердиң көп болсун деп душманың,
Менин болсо чыгып кетти бушманым.
Анча эмне кылган күнөөм бар эле,
Өмүрүмдө көп болгудай душманым.

Тийишип бөөдө бирөөнүн тоосун чакпасам,
Көрсөтүп каар катуу сөз айтып какпасам.
Катуу сөз тургай кастарлап адам көңүлүн,
Кайрылып кирер эшикти катуу жаппасам.

Токтой калып, ыйба кылып жол берип,
Бирөөлөрдүн алдын тороп баспасам.
Амандыгын тилеп ичтен кол берип,
Арт жагынан кыяпат сөз айтпасам.

Эмнеге душманым көп болмокчу,
Эмнеге басар жолум тосмокчу.
Жаман көрөм душмандашуу дегенди,
Кереги жок бул батаңды токтотчу.

-Билем, билем ал күнөөгө батпайсың,
Бир адамды жаман айтып какпайсың.
Жөн жүрсөң да душман өзү табылып ,
Жакшы ырларың жалынына кактасын.
Берген эле даяр бол деп, сак бол деп,
Бир жакшы адам мына ушинтип батасын.
Өмүрүмдө көзүмдү ачып, түз тийген,
Татып келем ал батанын аркасын.

## КАНТИП СЕН АШ КЫЛАСЫҢ

Кайышып миллиондор ачка жүрсө,
Кантип сен аш кыласың миллионду.
Ушулбу эл ишенчин актаганың,
Буулду миңдин жолу, миңдин колу.

Карызга эл ишенчин алдап алдың,
Үшүтүп үмүттөрүн уурдап алдың.
Билсең сен өзүң батып чоң кылмышка,
Атыңды түбөлүккө булгап алдың.

Көрүнөт көзгө суук, таштай муздак,
Мактанып ак сарайдай салган тамың.
Ууланып калды элдин каргышына,
Баландын баласына берген наның.

Кантип сен уктайсың ыйманың тынч,
Колунан эл токочун жулуп алып.
Кагынып кургак чыгып актанасың,
Келаткан эл насибин бууп алып.

Кашыктап баары тегиз сузуп ичмек,
Бир дайра элди көздөй акпай калды.
Какшытып салдың тегиз бир өрөөндү,
Калың эл анын дайнын таппай калды.

Дайраны бир коңулга ката албайсың,
Жол издейт, жылчык издей ашат, ташат.
Төгүлөт ашкан нерсе ташкын болуп,
Акыры каптап кирип кайра өзүңдү,
Бир башың ал ташкында ала салат.



## КУРУСУН

Элге жексур көрүнүп,
Жеткен мансап курусун.
Тамыры жок гүлгө окшоп,
Сенин ошол турушуң.

Андан көрө кул болуп,
Өз элиңе жага бил.
Ишиң менен эр жигит,
Эл көңүлүн таба бил.

Жеткен бийлик курусун,
Элге жексур көрүнүп.
Эл менен бол ал көрөк,
Эл көргөндү бир көрүп.

Элиң турса ач болуп,
Тойгон курсак курусун.
Эл ырысын тоносоң,
Кантип сага буйрусун.

## КАЙДАСЫҢ ЖАЙСАҢБАЕВ

Кайдасың Жайсаңбаев жайрандаган,
Төрүмдө тууган болуп тайраңдаган.
Өңдөнүп ууру чычкан кампадагы,
Капталдан капты тешип майкандаган.

Кайдасың Жайсаңбаев качып кеткен,
Бир элдин ырыскысын ташып кеткен,.
Бекинип кантип уктап жүрөт экен,
Бүт элди касиеттүү сатып кеткен.

Кайдасың Жайсаңбаев уурдап кеткен,
Элимдин ырыскысын бурдап кеткен.
Жаны ачыр кыйындыкта тууган десек,
Ашынган ач көздүгү буура белең.

Кайдасың Жайсанбаев безип кеткен,
Тузунан кыргыз элдин кечип кеткен.
үйүнө түнөп алып түн киргенде,
Бууданын короодогу чечип кеткен.

Бүт элдин ырыскысын ала качып,
Жүрөсүң жер үстүндө кантип басып.
Ууланып бүткүл элдин каргышына,
Курусун жашаганың ашып-ташып.

## ЖАЛБЫРАК

Баш багып бүчүрүнөн турду дагы,
Мезгилдин шарапатын түйду дагы.
Бой жасып чыга келди жашоо сурап,
Колдорун улуу күнгө сунду дагы.

Жашоого көзүн ачып келгендиги,
Өзү эле бакытым деп делбиреди.
Жаркылдап күн нуруна жагалданып,
Жапжашыл желек болуп желбиреди.

Жактырып жазда келген бул жыргалды,
Күлмүңдөп күн нуруна бой ыргады.
Эркелеп жел толкуса кошо толкуп,
Чертилип комуз болуп ыр ырдады.

Ырдады бул жашоонун жарык күнүн,
Ыргады ажарланган айлуу түнүн.
Бий бийлеп шуулдады, дуулдады,
Өзүнчө күүгө айлантып шамал үнүн.

Суйсалды табигаттын көркү болуп,
Суктантты далай көздүн өртү болуп.
Таңшыды сулуулугун тил катканча,
Мактады бутагына булбул конуп.

Үшүтүп жылыта албай күздүн күнү,
Жүрөгүн дирилдетип мезгил сүрү.
Саргайып кетти өңү сагынычтан,
Угулбай баягыдай булбул үнү.

Кеч күздүн ызгаарынан жүрөгү үшүп,
Саргайып алдан тайып куурап бүтүп.
Жатайын мындан көрө жер кучактап,
Шамалга дир-дир этет кой деп үзүп.



## БИР КАСЫМДЫ ТААП АЛДЫМ

Акмакты акмак дебей жөн жүргөндө,
Караны аппаксың деп дөөрүгөндө.
Баарына бирдей тегиз жакмак элем,
Бир касым болмок эмес өмүрүмдө.

Бирок да калбай ичте бөөдө арманым,
Акмакты акмаксың деп айтып алдым.
Караны карасың деп катар баспай,
Алыстап андан көрө жалгыз бастым.

Билсем да аңдып калар пастыгыңды,
Сезсем да мага жасар кастыгыңды.
Мансабың эптеп жеткен зор болсо да,
Жалтанбай айтар сөзүм айтып алдым.
Жамандык издеп жүргөн арттан шимшип,
Жаныма бир касымды таап алдым.

## РАКМАТ КАСЫМА ДА

Ракмат айткым келди касыма да,
Түркүн ушак, сөз тараткан артымдан.
Өмүрдөгү билип, билбей жасаган,
Башымдагы күнөөлөрдү арылткан.

Ракмат айткым келди ичи тарга,
Көрө албай ак ишимди кара деген.
Турууга дагы бекем кайрат менен,
Чыйралтып учарыма канат берген.

Ракмат айткым келди ушакчыга,
Бурмалап түз ишимди кыйшык деген.
Теңелбей күлүп коюп теңиримдин,
Көзү түз болгон үчүн жашап келем.

Ракмат айткым келди өзүмчүлгө,
Өмүрдө далай жолу күйүп алдым.
Кадырын билип бирок адамдыктын,
Жакшыны ого бетер сүйүп алдым.

## БИРИМДИК

Миң жылдардын катмарынан суурулуп,
Кыргыз атам бизди көздөй умтулуп.
Аян болду бүлбүлдөгөн бул таңда,
Коңур үнү кулагыма угулуп.

Кулак салгын кагылайын балдарым,
Бир жарк этип келип турат заманың.
Бир кан төкпөй эркиндигиң алганда,
Бир бөксөрдү ичте жаткан арманым.

Көндүңөрбү башымдагы жаратты,
Жара чаап аны кимдер канатты.
Алты кандык алты жакка чачырап,
Кирген душман көрсөттү го санатты.

Шылый чаап уча турган канатты,
Чилдей кууп туш тарапка таратты.
Жерди кезип кеттишти го банаалап,
Бири Манжур, бири Ооган тарапты.

Калган эл да түштү далай азапка,
Түшүп бердик тобокел деп казатка.
Чөмүлдү го кызыл канга туулган жер,
Жетебиз деп жандан кымбат азатка.

Биз өмүрдү силер үчүн деп бердик,
Бул Мекенди силер үчүн деп келдик.
Тосуп бердик башыбызды кылычка,
Журтубузга келсе экен деп эркиндик.

Бул Мекенди силер үчүн сактадык,
Бир кадамын, бир ташын да сатпадык.
Эл четинде, жоо бетинде өттү өмүр,
Бир түн тынчып белди чечип жатпадык.

Душманга биз капысынан кабылдык,
Биримдиктин жоктугунан чабылдык.
Ар ким өз-өз коктусунан кырылып,
Келе алышпай ынтымакка жаңылдык.

Ал катадан келдик кайра туралбай,
Өзүбүзчө каганатты кура албай.
Тууну сайып бир бүтүнгө келе албай
Башты кошуп бир башчыны уга албай.



Көп бөксөрдүк ал катадан толо албай,
Бытырадык өзүбүзчө боло албай,
Арманда өттү канчалаган өмүрлөр,
Кайра айланып өз тууруна коно албай.

Силер жеткен ушул күнгө умтулуп,
Кээде кууп, кээде өзүбүз куулуп.
Тууган жерди жат душмандан талашып,
Каным калган турпагына жуурулуп.

Кууса дагы Ала-Тоодон чыкпадык,
Өр таянып бийиктикке ыктадык.
Ушул күндү кылымдардан кылымга,
Күтө-күтө кучагында уктадык.

Катабызды албагыла кайталап,
Кээ бириңер келесиңер айгайлап.
Ордоң бузуп ортоңорго от жагып,
Оюу бузук турган кезде сагалап.

Урпактарым кулак салгын кебиме,
Бир кишидей биримдикке келгиле,
Эр жигиттер эрдик ыйык милдетиң,
Элдин камын, жердин камын жегиле.

Бириңерге бириң болгун таяныч,
Ата-Журтка ошол бекем калканыч.
Жалгыз болсоң, жардамдашың жок болсо,
Жа дегенде кыйын болор жан багыш.

Кыргыз калкым, ыйманы ысык бир боорум,
Кезиң келип, түшүп турат оң жолуң.
Дүйнө таанып, эсептешип, достошуп,
Болду өзүнчө мамлекет борборуң.

Карап көрчү басып өткөн тарыхка,
Жетиш үчүн мына ушул бакытка.
А биз болсок арманда өттүк кол сунуп,
Ак көпөлөк умтулгандай жарыкка.

Согулуп кайда гана урунбадык,
Жарышып шамал менен дуулдадык.
Бир гана таштай албай Ала-Тоону,
Бек сактап урпактарга туурладык.

Бир кезде кирген суудай ташкындадык,
Бир кезде кургак чөлдөй какшып калдык.
Бирде биз күлүк минип күүлдөсөк,
Бирде биз араң илкип басып калдык.

Бир кезде жерди жарып дүбүрттөдүк,
Дүйнөгө Манас болуп дүңгүрөдүк.
Бирде биз коломтону ойлуу тиктеп,
Комуздун кылдарында күңгүрөндүк.

Турмуштун казанында кайнап келдик,
Биримдик-ынтымак деп сайрап келдик.
Улуу эпос, ырларыңдын кайрыгында,
Курчутуп кызыл тилди кайрап келдик.

«Биримдик»- деп өтүштү ата бабаң,
«Ынтымак»- деп сайрады акын агаң.
Биримдик ошончолук бийиктеби,
Биримдикти калкымдан качан табам.

Биримдиктин жогунан кырылганбыз,
Жыгылбас жерден тайып жыгылганбыз.
Бириге албай эрлердин башы кетип,
Топтой ыргып кырчында кыйылганбыз.

Биримдиктин жогунан бүлүнгөнбүз,
Бел бүгүп жүгүнбөскө жүгүнгөнбүз.
Өзгөгө орун берип төрүбүздөн,
Өзүбүз улагага сүрүлгөнбүз.

Жардам деп башкаларга кайрылганбыз,
Жерлерден майдай семиз айрылганбыз.
Алгын деп келгиндерге кулач жайып,
Өзүбүз тообузду таянганбыз.

Бир тууган бир тууганга кас болгонбуз,
Бел сынып, алдан тайып пас болгонбуз.
Чачылып жылдыз сымал айлуу түндө,
Чамалуу сан жагынан аз болгонбуз.

Кээ бирде биригише калышканбыз,
Намысты жоодон бирге алышканбыз.
Дуулдап шамал менен тең жарышып,
Ат коюп далай жерге барышканбыз.



Арстандай катылганды качырганбыз,
Күргүштөп селдей толкуп ташыганбыз.
Турактап ат туягы жеткен жерди,
Атылган бытырадай чачылганбыз.

Бакытты келе жаткан качырганбыз,
Баалабай баатырга да асылганбыз.
Баланы Курманбектей атсыз таштап,
Жап жалгыз жоо колунда калтырганбыз.

Дөөлөттү келе жаткан качырганбыз,
Дөбөсү көрүнгөнгө асылганбыз.
Башкалар жакшыларын көкөлөтсө,
Биз болсо буттан чалып басынтканбыз.

Душман болуп бир тууган эки эгиз,
Жоо болушуп өз ара өйүз-бөйүз.
Эрөөлдө эр сайышып кырчылдаштык,
Экиге бөлүп алып элди тегиз.

Тоо болуп эр өлүгү эрегишкен,
Кара жерди титирете тирелишкен.
Кан жутуп жеңилгени жер таянса,
Жеңгени жерге батпай чиренишкен.

Эстечи эрегиштен эмне таптык,
Күнөөсүз эне боздоп канга баттык.
Ынтымакка келе албай ыдыроодон,
Акыры ырыс качып, тактан тайдык.

Кыркылып уча турган кош канатың,
Кыр-кырда карайлады карып калкың.
Эстечи эмнеден кулады эле,
Алтынчы кылымдагы каганатың.

Жужандардын соккусуна чыдабай,
Бир кишидей такат кылып туралбай.
Тоо таяндык түзөң жерди калтырып,
Артын бер деп ушул күндү утурлай.

Улутту урууларга бөлүп жарган,
Бийлигин бир өрөөндүн ээлеп алган,
Айынан бийликкордун сай-сайладык,
Бир бүгүнгө келе албай канча заман.

Бир тууну биригип кармай албай,
Эки баш бир казанга кайнай албай.
Агызып канды суудай айкаштарда,
Чабышып келди бирин-бири жайлай.

Чыныгы душман сырттан турду күлүп,
Өзүнө пайда экенин турду билип.
Даанышман ата какшап ынтымак деп,
Күңгүрөп жүрөк сыздап, ичтен күйүп.

Бабалар ичтен күйүп оңтоп келди,
Антсе да Ала-Тоосун коргоп келди.
Биримдиктин жогунан пайдаланып,
Башкалар көзүбүздү торлоп келди.

Мекен үчүн чабышканда чабыштык,
Кыл чайнашып кырчылдаштык карыштык.
Айлакердик, акыл, эрк да айкашып,
Достошкондун сунган колун алыштык.

Суу башылап сулуу жерди жердедик,
Сугун арткан сугалакка бербедик.
Алтын, күмүш өлүк мүлккө кызыкпай,
Баа жетпеген бар байлыгым жер дедик.

Замандардан заман өттү заркырап,
Канча толкуп суулар акты шаркырап.
Кутту Чүйдүн кенен боорун карасаң,
Нурдан бүткөн шаар өсүптүр жаркырап.

Күнү-түнү турмуш күүсү кагылып,
Көчөсүндө оттуу кыймыл агылып.
Элдер барат түрдүү тилде сүйлөгөн,
Жарык кабак бакытына кабылып.

Кыйырына кыдыр түнөп алыптыр,
Кыргыз уулдун кылган иши жагыптыр.
Адал пейил жүзү жарык ажону,
Барпалңдап Манас сүрөөп барыптыр.

Күндө эскерип, атап Манас атасын,
Өткөндөрдүн оңдосом деп катасын.
Аянбастан дүнүйөлүк той берип,
Асылдардын алган экен батасын.



Жарык нурду адам жергеката албайт,
Адалдыкка арамдыктар бата албайт.
Эселенет элге кылган жакшылык,
Эли барда эске алынбай кала албайт.

Күн тийгендей жаркылдатып ырайын,
Сүйлөйт экен буйруса деп кудайым.
Болсо экен деп ырашкердик ынтымак,
Тилейт экен кабыл болсун ылайым.

Акыры ишинерди кудай оңдоп,
Арбагы аталардын Манас колдоп.
Карматып туубузду колубузга,
Эгемен улуу жолго элди жолдоп.

Курулду эң негизги Ата-Мекен,
Туш болуп бактыбызга бизге келген.
Гүлдөтүү кутман калкым,эми өзүңдөн,
Жаратылыш аябай барын берген.

Дүйнөдө атагың бар баалуу кенден,
Байлык бар баа жетпеген жер, суу деген.
Береке сузуп ал деп берген эгем,
Мында да мээнет менен, бирдик менен.

Кут түшүп,ыйык мекен Чүйүбүзгө,
Нур жаап койну кенен үйүбүзгө.
Жайнаган жарык кабак элди көрүп,
Жүрөгүм балкып турат сүйүнүчкө.

Кубанып араладым борборуңду,
Күн-түнү кыймыл аккан ак жолуңду.
Кучактап көзүм менен сүйүп бердим,
Жаркытып тигип алган ак ордоңду.

Куттуктайм ордолуу журт болгонуңду,
Урпактар Теңир жалгап оң жолуңду.
Бутуңа туруп калкым, бардык жактан,
Тилеймин баралыңа толгонуңду.

Урпактар бул бакытты барктагыла,
Эрлердин этегинен тартпагыла.
Бекемдеп бүгүнкүнүн байдубалын,
А көрөк эртеңкиңди тактагыла.

Көксөөсүн айрымдардын көрүп турам,
Көргөндө кутум учуп, чөгүп турам.
Айынан бир бийликтин ээси жоктор,
Бир элди дале экиге бөлүп турган.

Оо калкым, биримдигиң бийик экен,
Замандан заман өтүп жетпей келем.
Айыкпас өзөгүнө түшүп кеткен,
Дарты бар биримдиктин бийлик деген.

Санжыра унутулуп сабактарың,
Кан менен какшап жазган барактарың.
Капырай ушунчалык кучтүү белем,
Кандагы бийликкордук адаттарың.

Бүтпөптүр бийлик үчүн дале күрөш,
Кызартып эки көзүн жанды үрөш.
Төгүлгөн канга, ыйга кайыл болуп,
Каптатып үгүт менен элди сүрөш.

Чоң дарты ал күрөштүн бийлик экен,
Бийликтин бийлээр сырын билет бекен.
Ал бийлик керт башы үчүн кызмат өтөп,
Камырдай эл тагдырын ийлейт бекен.

Бийлик ал эң жоопту милдет кандай,
Жол көрсөт караңгыда күйгөн шамдай.
Уктатпай эл тагдыры, жер тагдыры,
Бийлик ал билгиң келсе элге малай.

Бийликпи бийлебесең сырын билип,
Өзүңдү сыноо үчүн келет бийлик.
Бийликти бийлеткиле калкың үчүн,
Көксөгөн көйгөйүнө сүңгүп кирип.

Бийлике шайлап алсын элиң таанып,
Барбагын асты элге бүлүк салып.
Курусун жек көрүнүп көпчүлүккө,
Барганың биримдикти бөлүп жарып.

Кетирген кемчиликти улам оңдоп,
Жашоону жакшылыкка улам жолдоп.
Гүлдөтүп элди, жерди андан көрө,
Түптөйлү Ата-Журтту бекем коргоп.
Түшүрбөй биримдиктин ыйык туусун,
Эгемен күнду баалап, эгем колдоп.



## СУКТАНАМ КҮЗДҮН ӨҢҮНӨ

Сары алтын, жакут салынбайм,
Суктантпайт өлүк дүнүйө.
Табышмак сырдуу сапсары,
Суктанам күздүн өңүнө.

Сап сары оттой күз өңү,
Алоолоп жанып күйүүбү?
Жабыгып жетпей өмүрдө,
Саргайып бүткөн сүйүүбү?

Үзүлүп түшкөн жалбырак,
Өмүрдү жашап бүтүүбү?
Болбосо кайра күч жыйнап,
Жашоону жаңы күтүүбү?

Мөмөсүн төккөн жемиш бак,
Бошонуп кайра сергүүбү?
Жаратар жаңы ыр акындай,
Эртеңки күнгө эргүүбү?

* * *

Мезгилдей ууру эмне бар,
Билгизбей баарын тоногон.
Тушоосун салып акырын,
Бараткан жолуң торогон.

Бапыйган дарак кечеги,
Калыптыр бүгүн тонолуп.
Бариги жерге кубулуп,
Бутактар калган сопоюп.

## ТОО ГҮЛҮ

Артык экен чыдамың да, сабырың,
Бекем кармап жер эненин тамырың.
Сугалактар үзүп алып кетишет,
Айланага арткан кезде жагымың.

Мен өзүңдү бийиктиктен көрөмүн,
Деп койомун аман болсун өжөрүм.
Кара өзгөйлөр кетет сени тебелеп,
Атайылап арткан сайын көркөмүң.

Гүл эмессиң идиштеги бөпөлөп,
Баккан бирөө бапеселеп, өнтөлөп.
Мактаса да канча көркүн ашыра,
Шүмүрөйүп соолуп калган эртелеп.

Ал идиштен өткөн сайын күн улап,
Жагымсыз бир былгып жаткан жыт урат.
Сен турасың элдин алып көз жоосун,
Жыпар чачып айланага буркурап.

Чоктой гүлүм сен баатырсың, өжөрсүң,
Жулган сайын, үзгөн сайын өнөсүң.
Бул жашоонун узактыгын, бардыгын,
Жерге сиңген тамырыңдан көрөсүң.

## БУЛ ӨМҮР-БИЗДИН ӨМҮР

Бул өмүр-биздин өмүр,
Сүргүн деп бербедиби.
Анда биз сүрдүктүрбөй,
Сүргөндөй сүрбөйлүбү.

Бул жашоо биздин жашоо,
Сүйгүн деп бербедиби.
Анда биз арзар болбой,
Сүйгөндөй сүйбөйлүбү.

Бул өмүр-биздин өмүр,
Белекке бербедиби.
Алгандын бермеги бар,
Арттырып бербейлиби.



Бул жашоо күрөш жашоо,
Жарыш деп бербедиби.
Күч сынап чоң мелдешке,
Таймашып жеңбейлиби.

Бул өмүр-өнөр өмүр,
Өнүк деп бербедиби.
Өзөктөн чарт жарылып,
Өркүндөп өнбөйлүбү.

Бул өмүр-сынак өмүр,
Кандай деп бербедиби.
Жарк этип дил сынактан,
Жаңырып келбейлиби.

## ЭНЕНИН ЫРЫ

Ойгонуп бешик терметем.
Ой менен көккө сермешем.
Ободо жылдыз жарк этет,
Ойлонуп бала сен десем.

Түн сүртсө көзүн жаңыдан,
Таңшыса булбул таңынан.
Талпынып күлсөң жайдары,
Таалайга чексиз малынам.

Адамга сүйкүм жүргөнүң,
Жарашып борс-борс күлгөнүң.
Мындан да кызык балбылдап,
Алдыда сенин күндөрүң.

Күн нуру балкып чачырап,
Кубаныч күндө артылат.
Эртеңки сонун бой жеткен,
Элесиң көзгө тартылат.

Бактыга чайкап жамалын,
Кир чалбай жарык кабагын.
Жүрсө деп элдин ичинде,
Өмүрүн тилейм баланын.

## МЕН ҮЙҮМӨ ШАШЫП БАРАМ

Оо адамдар, жол бергилечи
Мен үйүмө эрте жетейин.
Уулум күтөт анда апалап,
Мотурайган секет кетейин.

Автобустар келгилечи тез,
Мен үйүмө бачым барайын.
Отургандыр умсунуп коюп,
Эрбендеген жаным чабайын.

Кадамдарым чимирик болуп,
Мен үйүмө шашып барамын.
Жатты бекен эзилип ыйлап,
Көздөн учуп менин карааным.

Сыртым токтоо, жалындап ичим,
Алиге мен жолдо жүрөмүн.
Бөбөк көзү тинтет үй ичин,
Учуп жетти менин жүрөгүм.

Ал деп мага өзүн ыргытар,
Адатынча кош колун сунуп.
Бул дүйнө кетер көңүлдөн учуп,
Сезимдер жалаң шаттыкка тунуп.

## БАЛАМДЫН БЕТИНЕН ӨӨП КОЙ

Балаңа жөнөдүң кошуна,
Менин да баламды көрүп кой.
Өзүмдү издейт го жаныңдан,
Имерип бетинен өөп кой.

Балдарга жөнөдүң кошуна,
Мени бир өзгөчө сыйлап кой.
Жаныңа келгенде жалжылдап,
Баламдын башынан сылап кой.

Балдарга жөнөдүң кошуна,
Эненин белегин берип кой.
Кандай деп ээгинен көтөрүп,
Мен болуп бир жолу эрип кой.



Эс алуу жакшы го көл жээги,
Антсе да абалын сурап кой.
Таарынткан жокпу- деп бирөөлөр,
Сыр сурап көңүлүн улап кой.

Өзүңдүн балаңды өпкөндө,
Ага да мээримиң төгүп кой.
Томсоро түшпөсүн жалдырап,
Баламдын бетинен өөп кой!

## БАЛАГА

Сен болбосоң шаттыгым болбос эле,
Сен болбосоң бакытым толбос эле.
Өмүрдү көркөө бөлөп кулпундуруп,
Багыма булбул куш конбос эле.

Сен болбосоң мен кимге шашмак элем,
Сен болбосоң мен кимге ташмак элем.
Толтуруп үйүбүздү каткырыкка,
Мен кантип көңүлүмдү ачмак элем.

Сен болбосоң кимге дейм тапканымды,
Сен болбосоң кимге дейм бакканымды.
Чымчыктай жем тиштеген сага шашам,
Көтөрүп каруума артканымды.

Сен үчүн кыйындыкка бекем туруп,
Сен үчүн кырсыктарга моюн сунуп.
Тер төгүп толкун жиреп өтүп келдим,
Ташкындуу дарыядан кулач уруп.

Сен үчүн кур калгамын далай ырдан.
Сен үчүн жалгыз аштым далай кырдан.
Бир сенин күлкүң үчүн, көөнүң үчүн,
Өмүрдө кызыгымды курман кылгам.

Сен үчүн жоктон барды болтурсам деп,
Колунду кичинекей толтурсам деп.
Жетелеп өр талашып келе жатам,
Боюнду жакшылыкка создурсам деп.

## БАРДЫК БАЛДАР АМАН БОЛ

Бул дүйнөдө эмне сулуу десең сен,
Баарынан да бала сүйкүм дейт элем.
Жашоо күндү эгер кырсык чырмаса,
Баарынан да бала камын жейт элем.

Келет аны бүт кырсыктан коргогум,
Жүрөгүмдү калкан кылып торогум.
Көз уйкуда жатса дагы имерип,
Балам үчүн коргон болот колдорум.

Көз алдымда канча сонун сүрөт бар,
Көңүлүмдү элжиретип жүрөт ал.
Балам үчүн качан болсо жыпжылуу,
Жүрөгүмдө ааламдай кең түнөк бар.

Бала менен өмүр берем өмүрдөн,
Бала менен мээрим берем жүрөктөн.
Көктөп бүчүр уланганы жолумдун,
Бала менен ичкенсиймин мүрөктөн.

Адам эмес бардык жандуу бала деп,
Жашап өтөт жашоо күндүн камын жеп.
Баарысына жек сурундай угулат,
Өмүр касы согуш деген ачуу кеп.

Баласы бар бүчүр байлап талдын да,
Баласы бар тармалданып малдын да.
Кумурска да уясына дан жыйнап,
Тырмаландап баласынын камында.

Жашайын деп баары умтулат өмүргө,
Жашоо жакшы бул дүйнөнүн көркүнө.
Адам эмес жаш чырпыктын бутагы,
Чалынбасын кандуу согуш өртүнө.

Өң жагынан ак, сары бол, кара бол,
Достук менен бир-бириңе сунуп кол.
Өмүр үчүн жер шарында түгөнгүс,
Дүйнөдөгү бардык балдар аман бол.



## ҮЙ ТОЮНА АК БАТА

Каныбек, Динар!
Жаңы үйүңөр куттуу болсун,
Кубанчыңар жуптуу болсун.
Кыдыр даарып кирип турсун,
Аппак шамың күйүп турсун.
Ажарыңар айдай жаркып,
Күндүн нуру тийип турсун.
Жагымы артык жубайларга,
Дос кубанып күлүп турсун.
Ак пейлиңер көркүн ачып,
Агайын журт сүйүп турсун.

Аппак үйдүн жарашыгы,
Маңдайыңар жаркып турсун.
Наристелер төрүндө ойноп,
Бакытыңар балкып турсун.

Теңир эгем берип турсун,
Ырыскыңар кеңип турсун.
Төрүндө орноп кут береке,
Тууган урук келип турсун.

Адамга эмне керек,
Эң мурун пейил керек.
Пейлиңер кенен болсо,
Үйүңөр кенен демек.

Үйүңөр пейлиңерден,
Жарк этсин келсек кирип.
Көрүнсүн көзүбүзгө
Ак сарай үйдөй бийик...

Келели үйүңөргө,
Кубанып кайтыш үчүн.
Келели пейлиңерге,
Жылынып алыш үчүн.

Түндүгүңөр түшпөс болсун,
Очогуңар өчпөс болсун.
Насибиңер мелт-калт толуп,
Бакытыңар бүтпөс болсун.

Алла таалам колдоп турсун,
Ата бабаң колдоп турсун.
Оңдон берип солдон берип,
Ишиңерди оңдоп турсун.

Уул, кызың убай берсин,
Урпагыңды улай берсин.
Узак жашап улук болуп,
Улуу иштерде кудай берсин.

Кутту үйдө куунап жаша,
Кубулжутуп ырдап жаша.
Ырыс шерик жарың менен,
Ынтымакта жыргап жаша.
Кыргызыма кызмат өтөп,
Кызыл туусун ыргап жаша.



## КАРЫЯ КОММУНИСТТИН КАЙГЫСЫ

Каруусун казык кылган кайран муун,
Аяшпай кара жанын, көздүн нурун.
Турмуштун түбүн түптөп курган элек,
Көтөрүп коммунизм кызыл туун.

Көтөрүп эл милдетин, мезгил жүгүн,
Ак чачтуу кемпир-чалбыз мына бүгүн.
Санаабыз сапырылып турган учур,
Ойлонуп урпактардын көрөр күнүн.

Биз заманды кедей, бай болуш үчүн,
Курдук беле ач көздөр тойсун үчүн.
Бердик беле өмүрдү, канды төгүп,
Айрымдардын капчыгы толсун үчүн.

Карыганда дөөлөт күтпөй болдук карып,
Жалпы журт жалчы болду жакырданып.
Жан дүйнө жакырданса андан жаман,
Кай жакка токтоор экен акыр барып.

Күн сайын адатымча эрте турам,
Сүйөнүп таягыма сыртка чыгам.
Чубаган кумурскадай өйдө-төмөн,
Жолдогу адамдарга көңүл бурам.

Бир кезде кезек күтүп турар эле,
Кирүүнү көп зарылап сурар эле.
Жок десе саламдашып чыгайын деп,
Өзүмдү бир көргөнгө кумар эле.

Бири да кандайсың деп салам айтпайт,
Ал тургай саламыма кулак какпайт.
Эр жетим, адамдарга керексизде,
Же кудай аманатын эрте тартпайт.

## ЫРААЗЫМЫН

Жашоо жалаң жаралбаптыр шаттыктан,
Жүрөктү титиреткен ыйын көрдүм.
Жашоо жалаң жаралбаптыр кайгыдан,
Жүрөктү кубандырган сыйын көрдүм.

Жашоо жалаң жаралбаптыр күлкүдөн,
Көңүлдү сыркыраткан күйүт көрдүм.
Жашоо жалаң жаралбаптыр күйүттөн,
Көңүлдү көккө ыргыткан үмүт көрдүм.

Тобо дейм көргөнүмө мунун баарын,
Теңирдин жарык аалам, жарык күнүн.
Өмүрдү бергенине ыраазымын,
Жайнатып көңүлүмө сүйүү гүлүн.





## ЖАКШЫ АДАМДАР

Жакшы адамдар, мен силерге карызмын,
Жан жыргаткан жакшынакай сөз үчүн.
Жарга кулап бараткaнда колумдан,
Тартып алып жардамдашкан кез үчүн.

Мен силерге көкөлөгөн ыр карызмын,
Ыпысык жүрөгүмдөн төгүп жазган.
Жаркытып көңүлдөргө гүл өстүрүп,
Делбиреп жан дилимди өрүп жазган.

Мен силерге пейил карызмын ааламдай,
Өмүрүмө дайым жүргөн дем болуп.
Жараттардан айыктырып ар кандай,
Жүрөгүмдө дартка жүргөн эм болуп.

Мен силерге салам карызмын, жалындуу,
Жарк дей түшкөн кубанычтуу үн үчүн.
Жолукканда жакшы сөздүү жаракөр,
Жанга кубат тартуулаган күн үчүн.

Мен силерге көңүл карызмын, гүлгө окшош,
Жаадыраткан өмүрүмдү кулпуртуп.
Көп жакшылык жасагандын бириндей,
Койсоңор да силер мени унутуп.

Кутула албайм ал карызымдан баа жеткис,
Буюм болсо кутулмакмын оюмда.
Кутула албай келемин өмүр бою,
Адамдыктын уулу карызы мойнумда.
Тилегеним көңүлүңдө бар болуп,
Бир жакшы ырдай жүрсөм болду оюңда.



## АТЫБЫЗДАН ЧЫНГЫЗ АГА СҮЙЛӨСҮН

Атыбыздан Чыңгыз ага той берсин,
Ал тойуна бүтүн дүйнө эл келсин.
АК ниеттүү жакшы адамдар бүт келсин,
Алар менен жергебизге кут келсин.
Байыркынын ыйык туусу ыргалып,
Бакыт ыры, шаттык ыры ырдалып
Карт Ала-Тоо ай ааламга бой керсин!

Атыбыздан Чыңгыз ага сүйлөсүн,
Ар кыргыздын жакшы жагы Чыңгызда.
Жүрөктөгү сенин айтар сөзүңдү,
Жакшы адамың сүйлөп турса ырыс да.
Кадырына жете алдыкпы же жокпу,
Чыңгыз деген
Ала-Тоодой бир сыймык бар кыргызда!

Улуу тойдо уулу агабыз сүйлөсүн!
Айта билет ыгы менен акылдуу.
Ар бир сөзү таразалап койгондой,
Ар бир адам жебей ичпей тойгондой.
Аша кетпей, салмактуу да сабырдуу.
Чыңгыз деген
Бир жаралган даанышман бар кыргызда!

Атыбыздан Чыңгыз агам сүйлөсүн!
Ар сөзүнөн элдин үнү угулат.
Чын көңүлдөн кол чабуулар жаңырып,
Сөз пашасы, сөз атасы айтылып.
Коштоп турат бир үн менен дуулдап.
Чыңгыз деген
Бактыбызга бир чындык бар кыргызда!

Атыбыздан Чыңгыз агам сүйлөсүн!
Ааламдагы акыйкаттын атынан
Көңүлдөрдү сылап турган жибектей,
Душманы да тура албаган ийикпей,
Дүң-дүң бүтпөй ар сөзүнүн артынан.
Чыңгыз деген
Пайгамбардай керемет бар кыргызда!

Атыбыздан Чыңгыз агам сүйлөсүн!
Ошол сөзгө кулак түрөт келечек.
Күлө карап жаңыра элек кылымдар,
Сүйө карап акылына жымыңдаар,

Урпактар да төрөлө элек, келе элек.
Чыңгыз деген
Эч урагыс мунара бар кыргызда!

Атыбыздан Чыңгыз ага сүйлөсүн!
Баш көтөрүп башын ийт бабалар.
Сөөгү агарып Баласагын заңкайып.
Тура келип Манас бабам бакжайып.
Алкап турар ак жоолукчан апалар.
Чыңгыз деген
Кандан бүткөн касиет бар кыргызда!

Атыбыздан Чыңгыз ага сүйлөсүн!
Эч бир элдин тийбейт намыс, арына.
Балдарыбыз Жер сыяктуу бир үйдүн.
Перзентибиз төбөбүздө бир күндүн.
Өмүр каалайт, өсүш каалайт баарына-
Чыңгыз деген
Баарыга тең улуу Адам бар кыргызда!

Атыбыздан Чыңгыз агам сүйлөсүн!
Ал гана эмес адамзаттын атынан.
Ааламдагы тынчтык жашоо жаатынан.
Анын үнү акыйкаттын өз үнү.
Анын дили адамдыктын ак дили.
Чыңгыз деген
Жаркыраган бир жылдыз бар Чыгышта!



## ЖООЛУКЧАН ЭЛЕ ДЕБЕСЕ

*/ Кулуйпа Кондучаловага/*

Биз үчүн жандуу тарыхтай,
Түпкүрдөн тийген жарыктай.
Бир касиет жар болуп,
Жүргөнсүйт сизди карытпай.

Далайга эже күбөсүз,
Далайдын сырын билесиз.
Далайлар менен иштешип,
Элесин сактап жүрөсүз.

Жаман, жакшыны көргөнсүз,
Жалтанбай иштеп келгенсиз.
Жалпы журттун иши үчүн,
Жаш өмүрдү бергенсиз.
Далайга нуруң чачкансыз,
Далайдын багын ачкансыз.
Таалайы үчүн элиңдин,
Дайрадай болуп аккансыз.

Чечилбес ишти чечкенсиз,
Чечкиндүү жактан эстесиз.
Сыпайы сүйлөп сыр бербей,
Зыңгырап басып келгенсиз.

Жетпеген жерге жеткенсиз,
Жеңилбестерди жеңгенсиз.
Жоолукчан эле дебесе,
Жоругу баатыр эрденсиз.

Ашыкча сүйлөп күлбөгөн,
Адамдын баары сүрдөгөн.
Жанына барбай калтырап,
Эр азаматтар жүдөгөн.

Артыкча мүнөз, сырлары,
Аялдын дейбиз сырттаны.
Асылзат аруу жан дейбиз,
Арамдык иштен сырткары.

Замандын залкар кызысыз,
Заңкайган тоонун учусуз.
Кубантып бизди жүрө бер,
Кутмандуу элдин кутусуз.

## САБИРА ЭЖЕ, КЫРГЫЗ ЭНЕ

*/Кыргыз Республикасынын эл артисти,
Кыргыз Республикасынын эл баатыры -
Сабира Кумушалиевага /*

Сен энесиң сүйкүм кыргыз энесиң,
Алып жүргөн энелердин элесин.
Куту болуп, экрандын, сахнанын,
Куп жарашып кубандырып келесиң.

Куп жарашып элечегиң, жоолугуң,
Энелердин түркүн кыял жоругун.
Келиштирип ойноп берүү жагынан,
Өзгөчөлүү бийик сенин орунуң.

Сен энесиң бүт адамга энесиң,
Көрүп турам Обо эненин элесин.
Жасалмасыз дал турмуштун өзүндөй,
Адамдарга кубанч берип келесиң.

Сен энесиң кең Ала-Тоо жерденсиң,
Бул турмушка талант болуп келгенсиң.
Жашоо күрөш каршылыгын, кайгысын,
Кайрат менен, талант менен жеңгенсиң.

Таазим этип сиздей улуу талантка,
Ээ болдуңуз баатыр деген атакка.
Эки доорго эл энеси аталып,
Карыбаска канат бүтсүн канатка.



## КОМУЗ ҮНҮ КАРЫБАЙТ

*/Республиканын эл акыны
Тенти Адышевага/*

Эжекем шайыр мүнөз шаңкылдаган,
Жайдары күмүш күлкү жаркылдаган.
Эскертип Жоомарт жазган кыя жолду,
Туп-тунук кыз күлкүсү шаңкылдаган.
Антсе да аялзаттын сырттаны элең,
Айбыгып кандан, бектен жалтанбаган.
Ак сөздү бетке айтуудан тартынбаган.

Ар убак сөз атасын айтар элең,
Чын туруп чындыкка жан тартар элең,
Жаңылдай аялзаттын мырзасы элең,
Ойлору чалкып жаткан көлдөй терең.

Басканда көчөбүздүн көркү элең,
Кыргыздын ыйык калтар бөркү элең.
Элестеп көзүбүзгө умай эне,
Элимде урмат ээси төркү элең.

Бир жүрсөк арабыздын шаңы элең,
Сүйлөшсөк сөзүбүздүн балы элең.
Күлгөнүң жаш баладай жарык күндөй,
Ажарлуу адамдыктын шамы элең.

Жанашсам жан дүйнөмдөн жаркыыр элем,
Бир бассам энем өңдүү балкыыр элем.
Көңүлгө түгөнбөгөн байлык алып,
Рухтун кемесинде чалкыыр элем.

Жоготтум адашкандай бир боор энем,
Жан дүйнөм эңшерилди зилдеп терең.
Айжаркын өзүңдөгү асылдыкты,
Артында балдарыңдан издеп келем.

Ак жалын карагаттай көздөрүңдү,
Орундуу ойлондурган сөздөрүңдү.
Канагат көрүп келем, угуп келем,
Артыңдан агылыптыр мөлтүр булак,
Жуунуп тобо кылып тунуп келем.

Мөп мөлтүр ниетиңдей ырларыңды,
Суусаган жүрөгүмө сунуп келем.
Артыңда өмүрүңүз тунук экен,
Жаралып бул дүйнөгө келгендеги,
Адамдын арттырары ушул экен...

Ар жалбырак өз үнүндө шыбырайт,
Ар бир жылдыз өз алдынча жаркырайт.
Үчүнчү кыл үзүлсө да комузум,
Кыргыз барда кайра колдо шартылдайт.
Адам карыйт, адам өтөт дүйнөдөн,
Комуз кетпейт, комуз жап жаш карыбайт!



## ЭЛ КУТУ БОЛУП ЭСЕН ЖҮР ЭЖЕ!

*/Кыргыз эл жазуучусу Зуура Сооронбаевага /*

Кырларды далай аштыңыз, эже,
Кылымга жарык чачтыңыз, эже.
Кыргызга өчпөс мүлк болуп калар,
Кыярбас эмгек жаздыңыз, эже.

Кайралган кызыл тил болдуң, эже,
Тазарган мөлтүр дил болдуң, эже.
Санаалаш, муңдаш, тагдырлаш өсүп,
Калкыңыз менен бир болдуң, эже.

Жан дүйнө аттуу булаксыз, эже,
Жайкалган көрктүү чынарсыз эже.
Руху бийик, ыйманы таза,
Көкөлөп турган мунарсыз, эже.

Жан дилиң жүрөт сабалап, эже,
Ала-Тоонун койнун аралап, эже.
Жетилтип канат элине арнап,
«Жетимдерге» каралап эже.

«Астра» гүлдөй ачылдың, эже,
Ак бермет болуп чачылдың, эже.
Жан ачып далай тагдырга күйүп,
Жакшылык үчүн шашылдың, эже.

Жан тартып «Чоочун адамга» дагы,
Чоо жайын тартып ийилдиң, эже.
Жаңылган жандын жан сырын тыңшап,
Жан дилиң менен жибидиң, эже.

Китебиң ачсам жабалбайм, эже,
Окубай тынчып жатаалбайм, эже.
Кубаныч, арман, махабат, баян,
Сезимди жанган тана албайм, эже.

Китебиң окуп ыйладым, эже,
Мөлт эткен жашты тыйбадым, эже.
Коюпсуң ички муңумду жазып,
Сыртыңдан сүйүп, сыйладым, эже.

Бүтпөсүн кызуу базарың, эже,
«Сынбасын ыйык мазарың» эже.
Жан дүйнөң жаркып, пейилиң чалкып,
Элиңе арбын чачарың, эже.

Көйкөлүп бассаң келбетсиң, эже,
Көчөнүн көркү берметсиң, эже.
Көздөрдүн далай көз жоосун алып,
Көркүңдү бузбай бой жеттиң, эже.
Каныкей сындуу келбетсиң, эже,
Курманжан сөздүү берметсиң, эже.
Калемиң менен калкыңды алып,
Кадырың менен бой жеттиң, эже.

Кайраттан ушул жаспаңыз, эже,
Карылык көздөй шашпаңыз, эже.
Калдайган калктын батасы тийип,
Кылымды сүрүп таштаңыз, эже.

Кудайым берсе андан да ашып,
Өмүрдү узак чаттаңыз, эже.
Эл куту болуп, эл көркү болуп,
Чолпондой жанып батпаңыз, эже!



## САГЫНЫП ЖАЗДЫ КҮТТҮ ЭЛЕҢ...

*/Эл акыны Нинакан Жундубаева*
*эженин жаркын элесине/*

Гүлдөрүн эңсеп төрлөрдүн,
Сагындың эле бул жазды.
Сен сүйгөн кызыл өрүгүң,
Кечигип барып гүл ачты.

Өзгөчө быйыл күттү элең,
Сагынып жазды буктанып.
Жайнаган кызыл өрүктүн,
Гүлүнө турдуң суктанып.

Кар жаап салды боройлоп,
Турганда жаңы сүйүнүп.
Бүрүшүп тоңуп өрүктүн,
Гүлдөрү жатты күбүлүп.

Күбүлүп кошо жан дүйнөң,
Жүрөгүң тоңуп калтырап.
Бүрүштүң өрүк гүлүндөй,
Тура албай кайра жаркырап.

Сагынып жазды күттү элең,
Күтпөдү өмүр күндөрү.
Жыттабай калдың эжеке,
Жаз келип гүлдөр гүлдөдү.

Сагынып жазды күттү элең,
Кетчүдөй болуп ал качып.
Гезитке ырың берди элең,
Кечиктиң жазым деп жазып.

Сагынып жазган ал ырдын,
Чыкканын калдың окубай.
Ал күнү жердин койнуна,
Коюлуп жаттың, кокуй ай!

Суктанып жашоо күндөргө,
Сулуу жаз кетпей оюңдан.
Ыр жазып жатып көз жумдуң,
Калемиң түшпөй колуңдан.

Жоготуп алдык бул жазда,
Жамалды жаздын күнүндөй.
Учуруп ийдик үлбүрөк,
Жаныңды өрүк гүлүндөй.

Жаң элең өрүк гүлүндөй,
Гүл турмак беле күбүлбөй.
Гүл беле адам өмүрү,
Турабыз кантип күйүнбөй.

Жазмышка ошол болуучу,
Койсок да болот күйүнбөй.
Сен тиккен «Кызыл өрүгүң»,
Кылымдар жашайт күбүлбөй!...



## СЫБЫЗГЫП НАЗИК ҮН БОЛУП

*/Жумакан Тынымсеитовага/*

Жашоону сүйгөн элең сен,
Сыбызгып назик үн болуп
Сүйүүңдү чачкан элең сен,
Мээрими ысык күн болуп.
Ажарың ачкан элең сен,
Аскада аппак гүл болуп.

Сүрөтүн тарттың ыр менен,
Ала-Тоо, Мекен келбетин.
Калпыган элең чуудалуу,
Чалкыган көлдүн берметин.
Балдарың менен эмчектеш,
Бешигин ырдын терметтиң.

Ырыңды окуп кубандым,
Асылы ойдун айтылган.
Эмгекти сүйгөн адамдын,
Элеси даана тартылган.
Сүйүшкөн жаштын сырлары,
Саптарында катылган.

Ыргактуу жагым ыр үчүн,
Уйкудан таттуу безипсиң.
Алптардан алып жарыкты,
Ааламдын кыйрын кесипсиң.
Жол табыш үчүн көңүлгө,
Жүрөктү мыжып эзипсиң.
Кайра, кайра чыйралтып,
Кыл аркандай эшипсиң.
Келерки жаңы муунга,
Чыйрамынан жанбаган
Ырларың менен кезиктиң.

## БАРПЫ АКЫН

Акындын алпы Барпы акын,
Таңдайы таттуу бал акын.
Эргитер кары жашты да,
Эритер кара ташты да,
Касиет күчү бар акын.

Ырлары чалкар көл акын,
Мөлмөлүү сындуу мөл акын.
Көркөм ойлуу, ыргактуу,
Төгөрөгү төп акын,
Тең келбейт ага көп акын.

Айтышса сөзү мурч акын,
Айкашта өткүр курч акын.
Жөө айтып ырды комузсуз,
Жүрөгү ырдап турчу акын.
Жүрөккө кубат сунчу акын.

Көңүлдүн гүлүн териптир,
Керемет ырды төгүптүр.
Дүйнөнүн көркүн Барпы акын,
Көр болчу десе ишенбейм,
Көздүүдөн артык көрүптүр.

Кыябы менен кынаптыр,
Кыйуусун таап улаптыр.
Кыздардын көркүн Барпы акын,
Көр болчу десе ишенбейм,
Көздүүдөн артык ырдаптыр.

Барпы Акын өзү кут дүйнө,
Ырлардан бүткөн пир дүйнө.
Сүйүүдөн бүткөн сыр дүйнө,
Жаркырап жаткан жан дүйнө.
Жалганды сүйбөс чын дүйнө.



## АТАЙ АГАГА

Ырдасаң үнүң шанкылдап,
Комузуң колдо шартылдап,
Элиң сүйгөн ырчы элең,
Эркелеп ырдап жаркылдап,
Эт жүрөктү эзчү элең,
Элирип ырдап заңкылдап.

Үн жокко сенин үнүңдөй,
Күү жокко сенин күүңдөй.
үнүңдү уккан адамдар,
Туралчы эмес сүйүнбөй.
Ырыңды угуп калгандар,
Тамшанат али түңүлбөй.

Кайрык жок ошол кайрыктай,
Ыргак жок ошол ыргактай.
Жолугуп кокус калгандар,
Жиберчи эмес ырдатпай.
Жүргөн жериң гүлдөтүп,
Адатың эле жыргатмай.

Ырдаса оттой жанчы эле,
Ай дагы тыңшап калчу эле.
Аргендей үнгө арбалып,
Адамда кумар канчу эле.
Кайнаган майдай эритип,
Кайдагы ойго салчу эле.

Ырдачу эле от болуп,
Түтүнү жок чок болуп.
Күйгөндөн ырдап турганда,
Комузу колдо оштонуп.
Кыйкырып коштоп тургандар,
Туралчы эмес токтолуп.

Атай деген бир дүйнө,
Чалкып жаткан кең дүйнө.
Ак караны ылгабас,
Телегейге тең дүйнө.
Адамзат үчүн кенч болуп,
Тамшанып угат бүт дүйнө.

## КАНБАЙТ КУЛАК КУМАРЫ

*/Байдылда Сарногоевге/*

Канча өзөн суусу соолуп кургады,
Канча тоолор күкүм болуп кулады.
Өчүрө албай мезгилдердин бороону,
Курчу канып кылымдардын кулагы,
Байдылданын ырларындай турбайбы,
Жан жыргаткан элдик ырдын булагы.
Жүрөгүңө нурдай болуп куюлуп,
Манас айткан элдик ырдын ыргагы,
Дал Бакемдин ырларындай турбайбы,
Ошондуктан бардык кыргыз энчилеп,
Китептерин кайыр сурайт берчи деп,
Уккан сайын канбай кулак кумары.

Бопбоз чымчык көзгө түшпөс жупуну,
Күчү ырында сен кыргыздын булбулу.
Алтын-алтын канча терең казса да,
Өчүрө алгыс ырларындын жугуму.
Акындыгы тартып калган айныбай,
Өтүп кеткен таланттардын тукуму.
Тамшандырып балдай таттуу көмөкөй,
Комуз күүдөй ырларынын угуму.
Элиң тилейт өмүрүңдү, ырыңды,
Жазган сайын жазса экен деп утуру.



## СЕНИН ЫРЫҢ

*/Эл акыны Сооронбай Жусуевге/*

Сенин ырың ыр эмес, бир мүрөкпү,
Нур жиберип өмүрлөрдү жашарткан.
Миң толгонуп ырдап турган жүрөкпү,
Жарык дүйнө, тирүүлүктү саматкан.

Сенин ырың ыр эмес, бир жалынбы,
Табы каптап кыз жамалын кызарткан.
Сенин ырың мөлтүр тунук агымбы,
Сергектентип сезимдерди тазарткан.

Сенин ырың таңдайдагы бал беле,
Тамшандырып, дилди көккө эргиткен.
Сенин ырың жазгы жарык таң беле,
Илхам берип көңүлдөрдү сергиткен.

Сенин ырың жалыны күч сүйүүбү,
Ар бир адам жаны эргип ырдаган.
Ой көлүндө, сыр көлүндө сүзүүбү,
Жаркын сезим толкунунда жыргаган.

Сөздүн улуу кудурети тирилтип,
Сенин ырың болуп берди Курманжан.
Эр жигиттей аялзаттан кезинде,
Эли үчүн калканч болуп турган жан.

Сенин ырың ажал менен арбашып,
Айрылганда Заринадан, Канаттан.
Ашыктыкты айтып, арман жаш төгүп,
Сенин ырың жүрөктөрдү канаткан.

Чын сүйүүгө коюп тоодой эстелик,
Даңктап ырдап кайра муңду тараткан!
Сенин ырың чексиздикке умтулуп,
Ак канатчан зуулдап кетип бараткан.

## ЭЛ КУТУ

*/Кыргыз Республикасынын Баатыры, СССРдин эл артисти, академик Асанкан Жумакматовго/*

Көтөрсө кереметтүү күү төгүлгөн,
Эл куту сенин сыйкыр таягыңда.
Элинин касиетин алып жүргөн,
Күү менен жазган өмүр баянында.

Башкача жан киргиздиң багын ачып,
Күүлөрдү коломтодо күңгүрөгөн.
Элиндин кылымдарга жарпын жасып,
Күүлөрүн күүлөп бердиң дүңгүрөгөн.

Күүлөрдү эшик төрдөн чыга албаган,
Күүлөдүң жеткичекти ай ааламга.
Кызыгын, кымбаттыгын тана албаган,
Кенч эттиң дүйнөдөгү бүт адамга.

Жок эле симфония мурда бизде,
Жаратып ага өзүнчө өмүр бердиң.
Кубулжуп кыргыз күүсү оркестрде,
Элиңе күүдөй улуу көңүл бердиң.

Ал күүлөр эл тарыхы, элдин жаны,
Кылымдап кыял минип келе жаткан.
Көрүнбөс көңүл гүлү, жанга дары,
Көч болуп көөдөнүндө желе тарткан.

Кумары күүдөн канып бүтпөй турган,
Элимдин бийик руху, ырысысың.
Урагыс элдин кутун түптөй турган,
Кыргыздын музыкада Чынгызысың.

Күүлөрдүн касиеттүү деми күүлөп,
Өзүңдү алып келди улуу жашка.
Жаштыктын, махабаттын күчү үндөп,
Агатай арбызда узак жаша!...



## БИЗДИН ЗАМАНДЫН УЛУКМАНЫ

*/Академик Мамбет Мамакеевге/*

Адамга эмне кымбат, өмүр кымбат,
Өмүрдүн сакчысысың эң бир кылдат.
Баатырсың колго кармап көкөлөтүп,
Жашоонун туусун жыкпай турган ыргап.

Эрдигиң эрдик экен эмне деген,
Кармашкан каары күчтүү ажал менен.
Өзүңсүң кудайдан соң кудуреттүү,
Өмүрдүн өчөр күнүн кайрып берген.

Каларда жүрөк токтоп дүкүлдөгөн,
Токтоосуз алып калып түңүлүүдөн.
Каарман эмгегиңе баа жетпейт го,
Кайырып жарык күндү күлмүндөгөн.

Жүрөктү төшөп кылган эмгегиңден,
Жүрөктөр жүрөт согуп эчендеген.
Жүрөктөн алкыш айтып жүргөндөр көп,
Билишпей кайтарарын эмне менен.

Биздин заман улукманы чоң Адам,
Адам үчүн болуп берип чоң караан.
Көр оозунан алып калдың далайды,
Аралжысың арачалап ажалдан.

Чоң сыркоонун тозогуна байланып,
Калган адам издейт сизди айланып.
Мамакеев өзү карайт дегенде,
Үмүт жанат көңүлдөрү жайланып.

Сыркоону соо денеге алмаштырып,
Илдетин кесип салып, жалгаштырып.
Келесиң колу чебер уздарга окшоп,
Денени жамап-жаскап, улаштырып.

Оор кыйноо, сыркоолор бар ар кандай,
Кетүүчүдөй, үзүлчүдөй жан калбай.
А сиз болсо кайрып берип жашоону,
Бутка кирген тикенекти алгандай.

Алып салып, карап турсаң жаркырап,
Ошол адам бүт алкышын жаадырат.
Жакындары, үйбүлөсү, канча адам,
Алдыңызга кулдук уруп жалбарат.

Бакыт барбы мындан артык адамга,
Сыймык барбы мындан артык айтарга.
Өчкөн күнүн кайрып берип белекке,
Канча азамат келди кайтып катарга.

Уккан сөзүң адамдардан азамат,
Алган сыйың, күндө жаңы ракмат.
Түйшүк менен алып келе жатасың,
Эмгегинден күндө жаңы рахат.

Эмне жетсин мына ушундай бактыга,
Алмаштыргыс чексиз бийлик, тактыга.
Мээнет менен акыл, илим айкашып,
Парасаттуу адамдыктан таптың да.

Бийик кармап Адам деген атты да,
Ата бабам ыйык туткан наркты да.
Бир мүнөздөн, бир жүрүштөн жаңылбай,
Күтөр адам күтөт тура баркты да.

Тарткан белең Кыдыр ата мүнөзүн,
Жагынбаган, жалтанбаган курч өзүн.
Сенин элге сендегиңди тааныткан,
Сенин элге таамай айткан түз сөзүң.

Далай адам турат сизден жалтанып,
Оргу-баргы мүнөзүңдөн сактанып.
Чыркыраган чындыкты айтып койот деп,
Күнөөлүүлөр өзүн алыс карманып.

Адамдар бар жасалма сөз, ичи арам,
Арттан бирди, жүздү көрсө бирди айткан.
Сылык сыпаа жылмалардан көрөкчө,
Оргу-баргы мүнөз артык бетке айткан.

Аткарылып атуулдук милдетиң ,
Коомдун да айыктырып илдетин.
Калыстыгың, бийик рухуң тазалап,
Жүргөнүңдү эмгегиңди билбейт ким?



Депутаттык кездериңде укчубуз,
Мамбет ага сүйлөсө деп турчубуз.
Мүдөөбүздүн төбөсүнөн түшкөндөй,
Уккан сайын канып кулак курчубуз.

Жүзүңүздө баатырдыктын сүрү бар,
Жамандыкты жапыруучу түрү бар.
Мүнөзүңүз ак алмаздай жаркылдап,
Жалгандыкты кыйып түшөр күчү бар.

Ошол чынбы эр ортону дедиңиз,
Элүү эмес, жетимиш деп чечтиңиз.
Аны өзүң, жүзүң менен далилдеп,
Жалын жаштык кайрат менен келдиңиз.

Болсун, болсун эр ортону жетимиш,
Тилек кылган улуу жашка жетиңиз.
Касиеттүү кары болуп калдайган,
Убай көрүп, узак жашап бериңиз.

Бериптир кан Бакайдай акыл ойду,
Манастай эр келбеттүү сымбат бойду.
Жараткан экен адам өмүр үчүн,
Шыпаалуу ыйык, таза, жеңил колду.

Аман бол, ошол жеңил колуң менен,
Ажайып акыл тунган оюң менен.
Атасы асыл өмүр сакчылардын,
Сыймыктуу, ыйык, таза жолуң менен!...

## АРЫБА, АЛА-ТООДОЙ АГАЛАРЫМ

*/Кыргыз элинин кадырман аксакалдары, ардактуу агаларым Турдакун Усубалиевге жана Корчубек Акназаровго арнайм/*

Аппак чачтуу Ала-Тоолук агалар,
Алп эмгегиң аска-зоого барабар.
Ала-Тоону бийиктетип тургансыйт,
Асмандатып силер баскан кадамдар.

Арка жөлөк, акылчы, данасыңар,
Аттиң, аттиң азайып барасыңар.
Башыңар кошулганда оо агалар,
Эл тагдырын акылга саласыңар.

Күн нурундай мээрим бар жүзүңөрдө,
Тартып турган мээр бар сөзүңөрдө.
Эңсеймин «айланайын» дегеніңди,
Эне болуп калсам дагы ушу күндө.

Көтөрөр колумдагы туумдайсың,
Ыймандын булагына жуунгансың.
Инилерим өссө экен агалардай,
Көтөргөн элдин жүгүн ар намысын.

Карысы бардын ырысы бар дейт экен,
Карыянын айткан сөзү эм экен,
Кан Бакайдай карыларын сыйлаган,
Кыргыз эли касиеттүү эл экен.

Жайкалып жер көктөсө малы жайнап,
Молчулук колун берип казан кайнап.
Мөмөсүн көтөрө албай алма багы,
Жерге келип бир кезек булбул сайрап.

Тынч алып уктай албай оттой жанып,
Таң менен талаасына жетип барып.
Ойготуп сугатчыны уйкусунан,
Суу ичсе каткалаң жер мооку канып.

Тоодогу чабан эмне болду экен-деп,
Түн бою жолго чыкты бороон жирeп.
Мал жаны аман-эсен болсо экен-деп,
Мээрман атасындай тилек тилеп.



Бар бекен айылда элдин отун, суусу,
Бар бекен картаңдардын уну, тузу.
Унутуп өзүн-өзү кулдай иштеп,
Эл камы, эл милдети бүт жумушу.

Айрымдар бийлик тийсе кандай болуп,
Калышат бир өзгөчө жандай болуп.
Корчукем бой көтөрбөй карапайым,
Иштеди эл журту үчүн малай болуп.

Дайындап бүлүнгөндү оңдосун деп,
Жаманды жакшы жакка жолдосун деп.
Ишенип Тукем келди оң колундай,
Көтөрүп эл таламын колдосун деп.

Эки адам иши менен жакындашып,
Көп жылдар бирге иштешти акылдашып.
Куюлуп максаттары бир агымга,
Ойлору бир уюлдан табылгансып.

Өлкөнү өстүрүүдө алга карай,
Кое албайм бирин айтсам бирин айтпай.
Биринин асыл оюн бири аткарып,
Келишти элге жакшы күндү самай...

Бир сүйлөшсөк чексиз байып калабыз,
Биз силерден акыл сузуп алабыз.
Кысталышта сөз атасы айтылып,
Силер менен толуп турат арабыз.

* * *

Оо Туке чейрек кылым эл бийледиң,
Ак ниет адал иштеп тең бийледин.
Кыңыр иш кырк жылда да билинмекчи,
Түз жүрүп кыйшык сөзгө илинбедиң.

Кез эле өз бийлигиң өзүңдө эмес,
Сөзүң да сүйлөп турган өзүңкү эмес.
Чечимиң өзүңкү эмес эң кылдат бол,
Эмне дейт жогор жакка сүйлөш, кеңеш.

Ушундай кезеңдин да жолун таптың,
Достошуп жогор жактын оюн таптың.
Иштеттиң ал достукту элиң үчүн,
Тең карап, өзгө - жатка бирдей жактың.

Эркиңиз эрдигинен түткөн экен,
Көп иштер ошол кезде бүткөн экен.
Мекендин пайдубалы белен болуп,
Эгемен ушул күндү күткөн экен.

Деген бар эр эмгегин жери жебейт,
Бул Мекен сизден бизге тийген белек.
Жылуулук нуруң тийген ар бир кыргыз,
Унутпай жакшылыгың айтып келет.

Сиздин тушта эркелеп өмүр сүрдүк,
Жети атабыз көрбөгөн үйгө кирдик.
Жарыкка жылда чыгып жазган китеп,
Бейкапар ойго келбей көртирилик.

Буга азыр мисал издеп алыс барбайм,
Бүгүн мен өзүң берген үйдө жашайм.
Сиз курган чоң ГЭСтерден жарык алып,
Сиз салган жолдор менен басып барам.

Борбордун ак мрамор ак үйлөрүн,
Көркүнө көзүм түшүп сүйүп карайм.
Тукемдин деми турат дубалында,
Деп коем курмак элек бүгүн кайдан.

Үйүмө жылуу, жарык кирген сайын,
Жашоонун ысык, суугун сүргөн сайын.
Алкышым жүрөгүмдө гүлдөй өнүп,
Төрөлгөн чүрпөлөрдү сүйгөн сайын.

Күнүгө жарык таңда турган сайын,
Колумду жылуу сууга жууган сайын.
Кыдырдай сизди эстейм колдоочудай,
Жарык күн жакшылыгын сунган сайын.

Жакшылыгың жашап келет мен менен,
Күн нурундай мээримине жылытып.
Көпкө кылган көп жакшылык бириндей,
Балким такыр калгандырсыз унутуп.

Негизи жакшылыкка жаралгансыз,
Атаңыз Калыгулдан бата алгансыз,
Кыргыздын кызыл туусун желбиретип,
Кылымдын кыйырына тага алгансыз.



Тер төгүп өмүр бою көшөрдүңүз,
Жол болуп элиң үчүн төшөлдүңүз.
Салынган көпүрөдөй доордон доорго,
Жол баштап жакшылыкка жөнөдүңүз.

Калса да канча иштериң санат болуп,
Эл үчүн эмгектенүү адат болуп.
Талпынган темир канат Мекен үчүн,
Дале сиз берсем дейсиз канат болуп.

Узартып элибиздин сунган колун,
Бүтүрүп Кара-Кече темир жолун.
Бар экен муздап турган үйлөр үчүн,
Жылуулук берсем деген асыл оюң.

Эмне бар жолдон улук, жолдон ыйык,
Жол үчүн койгон элдер жанын кыйып.
Жок дешет бул соопко жетер сооп,
Дүйнөдө жакшылыкты келсе жыйып.

Уланып нарк салтыңыз элибизде,
Ак иштеп депутаттык ишиңизде.
Барынан өз кулкунун бийик коюп,
Далайлар түшүп кетти жеп ичишке.

Уланып калды элдин каргышына,
Баланын баласына берген наны.
Малынып турат элдин көз жашына,
Мактанып ак сарайдай салган тамы.

Көтөрүп маселени улам жаңы,
Сөзүңүз ишиңиз да элдин камы.
«Депутат болуп жүрүп өмүр бою,
Жок дешет Турдакундун салган тамы».

Бардыгын элдин көзү көрүп турат,
Баамдап ак карасын терип турат.
Андыктан өзүңүздү урмат кылып,
Алкышын жүрөгүнөн төгүп турат.

Тоо элине тоодой эмгек эттиңиз,
Тоонун койнун жаркыратты демиңиз.
Тоодой болгон курулуштар салынып,
Токчулукту толгоп алып келдиңиз.

Аппак чачтуу Ала-Тоолук агалар,
Алп эмгегиң аска зоого барабар
Ала-Тоону бийиктетип тургансыйт,
Асмандатып силер баскан кадамдар.

Сүйлөшсөк чексиз байып калабызда,
Силерден акыл сузуп алабызда.
Айтылып сөз атасы кысталышта,
Агалар узак жаша арабызда!

## АДАМ

*/Талас районунун Каракол колхозунун мурдагы башкармасынын торагасы болуп көп жылдар иштеп, өзүнүн баалуу тажрыйбасы менен өз учурунда айыл чарбабыздын өсүшүнө салмактуу салымын кошкон, айыл жеринин кайра куруучусу, айыл элинин камкорчусу болгон Социалистик Эмгектин Баатыры Рысбек АЙДАРАЛИЕВГЕ/*

Туш болбосун кандай гана заманга,
Адам деген качан болсо Адам да.
Жетекчиби, жумушчубу, дыйканбы,
Качан болсо басым жасайм Адамга.

Кудайым да жаратканда балам деп
Алгачкы уулдун атын коюп Адам деп.
Көтөрө бил жаманын да, жакшысын,
Адам атын сакта ар бир кадам деп.

Адилет бол ак жолуңдан кайтпа деп,
Абийириңди, ыйманыңды сатпа деп.
Тата бил деп ачуусун да, таттуусун,
Айткан тура адамдыкты баркта деп.

Жоомарт болгун, берешен бол карыпка,
Айкөл болгун, пейилиңди тарытпа.
Эмгекчил бол, чечкиндүү бол тартынба,
Жакшы иш калтыр, беш күнчөлүк жарыкта.

Биз адамдар тирүүлүктө байкабай,
Улуу адамдын улуулугун аңдабай.
Бирге жашап жаныбызда жүрсө эле,
Көрүптүрбүз өтпөй турган адамдай.

Көзү өткөн соң жерди сабап калабыз,
Бир бөксөрүп омкорулуп арабыз.
Качан болсо орду турат жоктолуп,
Андай жанды кайдан эми табабыз.



Бул дүйнөгө келгенден соң кетүү бар,
Ар бир жанда болот ага кез келүү.
Таасим этип арбагына сыйынуу,
Тирүүлөрдүн ыйык парзы эскерүү.

Эскеребиз Адам эле ал кандай?
Пейил күткөн чалкыган кең ааламдай.
Туулган жердин адам эмес ташын да,
Сүйүп өттү наристе жаш баладай.

Өттү журтун кубандырып баркталып,
Өзү дагы, жери дагы даңкталып.
Айдаралиев, Айдаралиев аталып,
Дүркүрөдү бүт союзга макталып.

Миллионду жыйнап жалаң эмгектен,
Салып берген казнасына элинин.
Миллионер чарба болуп аталып.
Кампа толо тоодой үйүп эгинин.

Адамдык бүт жакшы сапат анда эле,
Барпаңдаган кыргыз пейли бар эле.
Качан болсо берекеси төгүлүп,
Качан болсо тоо суусундай шар эле.

Кимдер гана ал пейилди көрбөдү,
Кимдер гана таазим этип келбеди.
Эчен эрен конок болуп төрүндө,
Пейилине көөнү балкып тердеди.

Мактанычы, сыймыгы эле кыргыздын,
Дөөлөтү эле, башаты эле ырыстын.
Үлгү кылып, туудай тутуп көргөзөр,
Ачкычы эле бардар жакшы турмуштун.

Иш билги жетекчи эле, дыйкан эле,
Өзүнө көп касиет сыйган эле.
Көрөгөч, уюштургуч кажыбаган,
Боюна жакшылыкты жайган эле.

Кадик жан жердин сырын билген эле,
Эл, жердин тагдырына күйгөн эле.
Канткенде ишенчиңди аткарам деп,
Каруусун казык кылып жүргөн эле.

Жайкалып жери көктөп, малы жайнап,
Молчулук колун берип, казан кайнап.
Жемишин көтөрө албай мөмө дарак,
Жерге келип бир кезек булбул сайрап.

Мына ушундай асыл Адам бар эле,
Эли үчүн күйүп турган шам эле.
Жүргөнү эле көңүлүңдү толтуруп,
Сөзү дагы, иши дагы шар эле.

Сүйлөшкөндө сөздөрүнө канчу элек,
Ой көлүнөн акыл сузуп алчу элек.
Жакшы иштерди жазыш үчүн таратып,
Жаңычыл деп ал адамга барчу элек.

Барган сайын бир жаңылык тапчу элек,
Барган сайын жаңы барак аччы элек.
Жакшы адамды издеп келген кишиге,
Рысбекти көрсөтүүгө шашчу элек.

Чарба ошондо бутунан бек турду эле,
Эл турмушун бардарлыкка бурду эле.
Жаркыратып ачып айыл ажарын,
Жакшылыктын байдубалын курду эле.

Эчен жаңы курулушту курду эле,
Эртеңкиге белек кылып сунду эле.
Элге кызмат көрсөтүүнүн үлгүсүн,
Көкөлөтүп колго кармап турду эле.

Айылда элдин куту болуп турчу эле,
Ар адамды ынтаа коюп укчу эле.
Жармачтарга жардамдарын көргөзүп,
Кубандырып сураганын сунчу эле.

Турчу эле тооонун койну шаңга толуп,
Төрт түлүк күтүрөгөн малга толуп.
Жүрчү эле күнү-түнү белин чечпей,
Ишине арнап коюп өзүн толук.

Маданий үй тоо боорунда заңкайып,
Ак тилектен бүткөндүгү байкалып.
Көп жыл болду көрбөгөнгө сиз тиккен,
Ак кайыңдар турса керек жайкалып.



Баарынан да жаштарга кам көрчү эле,
Атасындай сүйүп көңүл бөлчү эле.
Билим ал деп чоң шаарларга узатып,
Бүт каржысын кассасынан төкчү эле.

Жесирлерге алын сурап барчы эле,
Карылардын көңүлдөрүн тапчы эле.
үйү жокту жаңы үйлөргө киргизип,
Бүт түйшүгүн өз мойнуна алчы эле.

Өз элинин колдоочусу болуучу,
Кыдырындай жолдоочусу болуучу.
Тагдыр кээде карап кетсе тескери,
Түз каратып оңдоочусу болуучу.

Айтканымдын кайсынысы ката эле,
Ошол адам атасызга ата эле.
Аска тооодой караан болуп бел болуп,
Мээрим төгүп жалпыбызга ага эле.

Жүрүүчү эле пулу жокко пул болуп,
Жалам талкан уну жокко ун болуп.
Отунсузга отун болуп жылытып,
Өз элине жүрсөм дечи кул болуп.

Ушуну да болот экен көрө албас,
Болот экен жакшылыкка көнө албас
Өз камынан көтөрүлүп чыга албай,
Калк камы үчүн кара токоч бөлө албас.

Асыл башын кармап берип балаага,
Каматышкан жыгып берип жалаага.
Калкы ыйлап чыркырашып жаш төккөн,
Кылган эмек кетеби деп талаага.

Ал заманга түшүнбөйсүң капырай,
Адат эле асылдарды камамай.
Эл ичинде болуп жатты дүң-дүң сөз,
Айдаралиев ак кетти деп карандай.

Ак ийилген бирок чарт деп сынбаган,
Убактылуу Адам эркин сындаган.
Адилеттик келген акыр күчүнө,
Жакшы Адамды жамандыкка кыйбаган.

Баары бир ал өз оюнан кайтпаган,
Темирдей бек чындыгынан жанбаган.
Адам бойдон кала берген баары бир,
Адалдыкты өмүрүнө тандаган,
Көңүлдөрдө кала берди улуу Адам...

Учурган барчындарың шумкар болду,
Таптаган кулундарың тулпар болду
Бир көрсөң кумарыңдан канар элең,
Баягы көчөттөрүң чынар болду.

Эр эмгеги унутулбай элинде,
Төлөп жатат эселенип жеринде.
Көрүп калдык биз да анын чекесин,
Аңыз болуп улуулардын кебинде.
Анын изи өчпөс болду түбөлүк,
Караколдун адыр, түзү, белинде.
Анын ысмы сыймык менен аталып,
Келер муун, келечектин чегинде.
Өзү өлсө да өлбөйт эмгек, жакшылык,
Жашай берет эл журтунун эсинде!



## ҮМҮТТҮН АК ШООЛАСЫ ҮЗҮЛБӨСҮН

*/Эл аралык «Мээрим» фондусунун торайымы,
Кыргызстандын канайымы Майрам Дүйшоновна Акаевага/*

Кучактап Ала-Тоону сунган колуң,
Мээрман мээрим деген атка кондуң.
Жүрөктүн жылуулугун чачыратып,
Эл үчүн күндөй балкып, айдай толдуң.

Асылдыгың, нарктуулугуң билинип,
Жакшылыкка кызмат өтөп ийилип.
Бой көтөрбөй боор толгоп элиңе,
Оорун колдон алгың келет жүгүнүп.

Кан менен кошо келген кайрымдуулук,
Бул адат кандай ыйык, кандай улук.
Эл үчүн жанды суруп бергиң келет,
Жолотпой жакырдыкты алыс кууп.

Алынып асылзаада пейлиң менен,
Акылгөй жанга жагым кебиң менен.
Жар болуу эл башчыга кандай кыйын,
Аркалоо Мекен жүгүн теңиң менен.

Куймөлүп керегине кыйын күндүн ,
Көтөрүп кайрымдуулук улуу жүгүн.
Көтөрүү андан дагы кандай кыйын,
Каржалган эл тилегин, эл үмүтүн.

Анан да талантың бар калемгерлик,
Айкашып ага улуу кеменгерлик.
Дүйнөлүк даанышмандар дүнүйөсүн,
Жазганың өзүнчө эле болду эрдик.

Даанышманды даанышман көрө билет,
Жарыгын алыстыктан төгө билет.
Жарыктан ошол улуу кубат алып,
Кайрадан башкаларга бере билет.

Акылмандык дүйнөлүк да айылдык,
Адамдагы ушунчалык жакындык.
Айкалышып бир өзөнгө куйарын,
Бериптирсиң сезим менен адамдык.

Үзүлбөгөн үмүттөрдү жазыпсың,
Алоолонгон өчпөс отун жагыпсың.
Элиңдеги нарк насилди дүйнөгө,
Сыймык тутуп, сүйүү менен айтыпсың.

Эң бир баалуу, нарктуу китеп жазыпсың,
Жүрөктөгү сүйүү отун чачыпсың.
Ата-баба адептерин туу тутуп,
Каада салттын көшөгөсүн ачыпсың.

Окуп чыктым бир дем менен кызыгып,
Көңүл эргип, жүрөк толкуп, жан ысып.
Алдын сызып алдым баарын белгилеп,
Калып калды беттеринде көп сызык.

Окудум ар бир сөзүң акыл болуп,
Оюңа башымды ийип, макул болуп.
Куюлуп жан дүйнөмө байлык болуп,
Жуурулуп жүрөгүмө жакын болуп.
Муну мен айта албасам жаным эргип,
Эмнеге басып жүрөм акын болуп.

Окудум ар бир сөзүң жылдыз болуп,
Агылды жүрөгүмө ырыс болуп.
Ага мен «Ай бали!»- деп үн кошпосом,
Эмнеге басып жүрөм кыргыз болуп.

Окудум ар сөзүңө аяр болуп,
Жаркыган жан дүйнөңө кадам коюп.
Жакшыны жакшы экен деп айта албасам,
Эмнеге басып жүрөм Адам болуп.

Окудум болдум кенен сырдашкандай,
Жыргадым үн алышып ырдашкандай.
Сен менен көп жерлерде болуп кайттым,
Бир барып колтукташып бир баскандай.

Окудум бирге жашап бир жүргөндөй,
Үй бүлө кубанчыңа бир күлгөндөй.
Жооптуу канча милдет бир башыңда,
Миң түркүн түйшүгүңдү бир бөлгөндөй.

Үзүлбөйт адамдагы үмүт дечи,
Үмүттүн үзүлгөнү күйүт дечи.
Карыптык жанга батып турса дагы,
Эч качан жакшылыктан түңүлбөөчү.



Күн батса кайра таңдын атаарынан,
Жакшылык теңиримден кайтарынан.
Акыры жолугарын үмүтүнө,
Акыры бакыт даамын татарынан.

Түңүлбөй Теңиримдин береринен,
Турмуштун кыйноолорун жеңеринен.
Көз жумуп баратса да адам байкуш,
Кайрадан үмүт кылар келеринен.

Атанын улап ушул улуу сөзүн,
Ажайып ак үмүтү мына өзүң.
Атага коюлган ак мунарадай,
Аппапак нуруң чачып турган кезиң.

Атадан алган улуу накыл кептин,
Катылган ак сандыгын ачкан кезиң.
Абалтан келе жаткан салтты улап,
Кайрадан муундарга айткан кезиң.

Жаңырып ата сөзү улук болуп,
Кайрадан көңүлдөргө ыйык конуп.
Көргөзүп дүйнө элине кыргыздарды,
Бул китеп улуттук чоң сыймык болуп.

Айланып адамдыктын китебине,
Ишенем дүйнө элине жетерине.
Тазартып көркко бөлөп адам жанын,
Дайрадай жайпап, чайкап өтөрүнө.

Бул китеп чыгарды бейм бир бугумду,
Бекемдеп жан дүйнөдө туйумумду.
Басты бейм чаңкоомду сезимдеги,
Байытып ички дүйнө рухумду.

Сен айткандай бийлик дагы өтмөкчү,
Суудай агып байлык дагы бүтмөкчү.
Өнөр гана жашап калат түбөлүк,
Өмүр өтсө жаңы өмүр күтмөкчү.

Сенин дагы калемгерлик өнөрүң,
Сездиң бекен өлбөстүккө өтөрүң.
Тарых болуп, тагдыр болуп өрнөктүү,
Келечекке жарык нурун төгөрүң.

Сен жазбасаң ким муну жазмак элс,
Жазса да ким мынча ачмак элс.
Дүйнөгө адамдыкты үлгү кылып,
Агылып жүрөк сырын айтмак элс.

Айтыпсың жан сырыңды жан дилиңден,
Агызып маңызынды бал тилиңден.
Ыймандуу жаратыпсың жаркын дүйнө,
Акылгөй, адебиңден, билимиңден.

Теңирим берген экен чексиз белек,
Сен аны кабыл алып чеке тердеп.
Адамзат үчүн белек арнаптырсың,
Дөөлөткө жүрүп албай эркелеп.

Элиңе белек жоктур мындан артык,
Тарыхты көз алдыга бердиң тартып.
Көз артпай башкалардын бактысына,
Кубана билүү дагы чексиз бакыт.

Кубанам жетишкенге көп иштерге,
Сендеги маңдай жанган жеңиштерге.
Акылдуу алакаң бар, кадырың бар,
Дүйнөлүк алыштарда бериштерде.

Теңиң менен чет өлкөгө баратып,
Суктандырып дүйнө элин каратып.
Каныңдагы жазылбаган адепти,
Келүүдөсүң өзүң менен таратып.

Аялдык жаракөрлүк, ак дилиңден,
Мамилең адамдарга ак пейилден.
Жагымдуу маанайың бар жасалмасыз,
Тубаса туулгандан кандан келген.

Адамдык чоң касиет тереңдеги,
Көрүнөт сыйлагандан ата энени,
Жүрөгүн кубандырып, нурга бөлөп,
Деп турат сыйлагыла энелерди.

Деп турат медер тутуп жериңерди,
Сүйгүлө наркын сыйлап элиңерди.
Бардык иш, максатына көмөк болуп,
Сүйгүлө тутуп пирдей эриңерди.



Деп турса ал китепти балуу дебей,
Айта албай тура аламбы нарктуу дебей.
Адамдык сезимдерди даңктап турса,
Тилиңди жумшак, назик таттуу дебей...

Жазгандай китебиңди бийик тутуп,
Ырдаган бешик ырын аял ыйык.
Туптунук нистиңе эрип кетип,
Теңирим берген экен улуу сыйлык.

Төрөлсө мурда жылы Ай-Тегиниң,
Төрөлдү ушул жылы Ай-Теңириң.
Айдарың ата болуп барпаландап,
Терметет айдай уулун ай келиниң.

Назиктик өзүңдөгү сыпайылык,
Өзү эле айтып турат аял ыйык.
Деп турат дүйнөдөгү жашоону улап,
Ырдаган бешик ырын эне улук.

Бешик ырын Аселдей эне ырдаган,
Бешик ыры ай жаркып сен ырдаган.
Бешик ырын ырдасын эми Сайкал,
Бүтпөсүн өмүр ыры жан жыргаган.

Бешик ыры бөбөктү мемиретккен,
Бешик ыры жүрөктү элжиреткен.
Жашоо ыры алдейлеп жердин шарын,
Терметип өмүрлөрдү элжиреткен.

Бешик ыры мээрим ыры жагымдуу,
Эне ыры, жүрөк ыры жалындуу.
Ырлардын энесине бейпилдиктин,
Кимде болбойт башын ийип багынуу.

Бешикте ай бөбөгүң мемиресин,
Энелик эт жүрөгүң элжиресин.
Селт этип түшүнөн да чоочубасын,
Бактысы, ырыскысы кемибесин!

Бешикте Ай-Теңириң момурасын,
Жалынып апакеси кобурасын.
Жанында жандап жүрсүн периштеси,
Жанашып эч жамандык тоорубасын!

Ата-энe, эл журтуна убай берсин,
Аскардай ата жолун улай берсин.
Аталып элдин улуу, азаматы,
Адамдык ак жолунда кудай берсин!

Артынан бала чубап келе берсин,
Кудайым тилегинди бере берсин.
Жараша аппак асыл ниетиңе
Дүйнөгө кулачыңды кере берсин!

Үмүттүн ак шооласы үзүлбөсүн,
Кудайым жылдызыңды түшүрбөсүн.
Доороонуң жүрүп турсун элиң менен,
Күндөрүң мартабалуу күлмүңдөсүн.

Батасын берсин ыйык Кыдыр карап,
Жолдосун улуу атасы Манас жандап.
Узун өмүр акылы терең болуп,
Колдосун Көкө-Теңир өзү жалгап.

Ай-Теңир эң негизги Адам болсун,
Эр болсун эл журтуна караан болсун.
Жылдызы жана берсин улам бийик,
Эл сүйгөн элдик улуу жаран болсун!

Турамын эл атынан бата бере,
Ишенем колун жаят элиң деле.
Бул ырды окугандар омийин деп,
Батасын берип турсун Умай эне!

Бала жок өзүң үчүн бөлөк-бөтөн,
Баа берип мээримиңе жүрөм көптөн.
Энесиз наристеге эне болуш,
Жокко дейм кайрымдуулук мындан өткөн.

Мээримдүү өз баласын сүйгөн аял,
Боорукер башкага да болот аяр.
Калкыңа кайрымдуулук сооп ишиң,
Кайрылып кудайымдан канат жаяр.

Өлбөсүн баласы бар жылаан дагы,
Ымыркай эмчек издей кандай кайгы.
Эненин жытын издейт жанга жакын,
Тагдырга кээде таш боор айла барбы.



Толгонуп бүт тогуз ай көтөрдү да,
Толготуп үч баланы төрөдү да.
Көз жумду тагдыр экен бир жаш келин,
Үч эмди ороп жерге жөлөдү да.

Ал үйдүн өчкөн шамын жаксам дедиң,
Кайгылуу кабактарын ачсам дедиң.
Мээримдүү эне ордуна эне болуп,
Табылгыс жоготконун тапсам дедиң.

Балдардын көрө турган күнү болдуң,
Үч бөлмө жарык, жылуу үйү болдуң.
Майана төлөп берип ар ай сайын,
Ичерге кең кесири сүтү болдуң.

Тайнеси үч баланын минтип ыйлайт:
Кудайым кайгы берди бизди кыйнап.
Балдардын бактысы үчүн чексиз тобо,
Майрамды берген экен бизди сыйлап.

Беш маал намаз окуп бата берем,
Жардамын жаным калбай айта берем.
Бир гана эне орду толбойт экен,
Буулугуп ичтен кайгы тарта берем...

Сен үчүн жүздөп, миңдеп мындай балдар,
Эненин мээриминен кур калгандар.
Энем дейт наристелик сезим менен,
Энелик мээриминден нур алгандар.

Көл тунук, көлдөй чалкып мээрим тунук,
Мээримден көл жээгинде шаар туруп.
Алпейим энелик ак жүрөгүңдөн,
Кылымга берген белек өзүң сунуп.

Орнотуп балдар үчүн бейиш жайын,
Өстүрүп балдар үчүн бейиш багын.
Окусун, ден соолугун оңдосун деп,
Ойлопсуң ойноп күлөр бардык жагын.

Талпынып жетилсин деп баралына,
Татыктуу адам болуп заманына.
Мээримдүү энесиндей ак тилектүү,
Алыстан жалынасың караанына.

Далайдын барасың сен алын сурап,
Жакшы сөз жан сергитип, көңүлдү улап.
Арнаган жанга жагым жылуулугуң,
Жүрөктүн тереңинен алды турак.

Бул мээрим жагымдуулук кайдан келген,
Асылдай асылзаада жандан келген.
Деп турган кимди болсун «Айланайын,
Жалынчак жандар эле атаң, энең.

Кадырлуу нарк, насилдүү атаң Дүйшөн,
Астектеп сөздү багып, сөздү сүйгөн.
Үмүттүн ак шооласы үзүлбөсүн,
Сиңирип сезимиңе, кыттай түйгөн.

Өзгөнү өзүңдөй бек сыйлай билген,
Өзүнө каалаганды каалай билген.
Агылып кандан өтүп келген экен,
Адамда адамдыкты баалай билген.

Өзүңдөй көңүлгө төп адам барын,
Сезгенде кандай гана жайланамын.
Кубанам өзүм жасап жаткан өңдүү,
Деп коюп мээримиңден айланайын.

Сендей жан коймок беле жер сагынбай,
Таластай туулуп өскөн эл сагынбай.
Канчалык башың көккө тийсе дагы,
Уяга учуп кеткен кайра бармай.

Сен дагы туулган жерди сагыныпсың,
Тууруңа таасим этип багыныпсың.
Үй салып, «Ата-Уя» деп атын атап,
Атанын арбагына жалыныпсың.

Деп тилеп «Ата-Уядан» акыл аксын,
Атадан муундарга накыл калсын.
Ал үйгө китепкана ачып берип,
Айтыпсың туулган үйдүн шамы жансын.

Жердештер ошол үйгө кирип турсун,
Теңирим мээрин төгүп сүйүп турсун.
Айылымда жакшылыктын кемесиндей,
Чырагы туулган үйдүн күйүп турсун.



«Илимдин жылдыздары» түнөк кылсын,
Дүйнөлүк «Даанышмандар» сүйлөп турсун.
Билимдин, акыл, ойдун аппак кушу,
Жарыкка муундарды үндөп турсун.

Бул жерге сенин киндик каның тамган,
Бул жерде наристелик үнүң калган.
Дүйнөгө майрам күнү көзүң ачып,
Майрамдай ата-эненин күнү калган.

Андыктан ар убакта шашыласың,
Көркөмү көздөн учуп сагынасың.
Мөкөдей ыйык көрүп, сыймык көрүп,
Таластын ташкынындай агыласың.

Очогу туулган үйдүн кандай ыйык,
Мээрими ата-эненин кандай ысык.
Койнунда балалыктын бал күнүнө,
Дүйнөдө тең келбейт го эч бир кызык...

Угулуп атакеңдин жалынганы,
Апакең кучак жайып чакырганы.
Айлана күндө жаңы, күндө сулуу,
Гүлдөрдүн чанагынан ачылганы.

Булактын шылдыр-шылдыр агылганы,
Очоктун алоолоно жагылганы.
Жылдыздар өтө жарык жаркырашып,
Кашындай айдын кара жаңырганы.

Жүзүңдөй айдын кайра толгон кези,
Толукшуп болорундай болгон кези.
Бой жетип чоң турмушка жолдомо алып,
Башына бакыт кушу конгон кези.

Балалык койнунда өттү сулуулуктун,
Жер чокусу тоолордой улуулуктун.
Ак кайыңдуу Каракол өзөнүнүн,
Таза аба, мөлтүр булак тунуктуктун.

«Шумкар уя» асмандын түркүгүндөй,
Балапан басып жаткан бүркүтүндөй.
Түбөлүк козголбогон эстеликтей,
Көзүңдөй аталардын үмүтүндөй.

Шумкар да коноор жерге конот тура,
Кут дагы токтоор жерге токтойт тура.
Ардактап асылдыкты, арууулукту,
Кудай да колдоор жанды колдойт тура.

Кут конуп «Ата-Уянын» шамы жанып,
Жаштардын көзү ачылып, оюу байып.
Жетелеп келечекке бара бермек,
Өзүндөн тийип турган ошол жарык.

Атадан калган экен жөнөкөйлүк,
Энеден өткөн экен мээримдүүлүк.
Түпкүлүү ата салттан, асыл нарктан,
Агылып келген экен бул элдүүлүк.

Китебиң окуса дейм ар бир Адам,
Көңүлгө токуса дейм ар бир жаран.
Кайрадан бир жаралып алар беле,
Ыймандан, адеп, нарктан жалак кылган.

Китепти окуса дейм бүткүл Адам,
Билбеген кыргыз калкын бүткүл аалам.
Түркөй эл, караңгы деп, жапайы деп,
Ишенип жүргөн болсо сөзгө жалган.

Китепти окуса дейм бүткүл дүйнө,
Кыргыз ким билсе деймин ушул күндө.
Ажосу, үй-бүлөсү кандай экен,
Укса дейм укпагандар кулак түрө...

Жалган мактоо эмес карап көзүңө,
Башка өлкөлөр наам берди өзүңө.
Улуу элдин улуу «Достук» орденин,
Путин өзү тагып кетти төшүңө.

Биздеги адат ойлонобуз кечигип,
Башка элдер баалаган соң чечилип.
Убагында талант баасын бере албай,
Тымпыябыз колдогудай сезилип.

Бар болгун Аскар тоодой бактың менен,
Калкыңа Каныкейдей баркың менен.
Ылайым эл журтуңдун майрамы бол,
Ажайып ыйык, таза наркың менен.



Кучактап Ала-Тоону сунган колуң,
Мээрман мээрим деген атка кондуң.
Дүйнөнү мээрим гана сактап калмак,
Түбөлүк түгөнбөгөн мээрим болгун!...

## ӨМҮРГӨ ЖАРЫК ЧАЧЫП

*/Талас районунда коп жылдар бою райкомдун секретары болуп кызмат отоп, азыр ардактуу эс алуудагы Өмурзакова Эркин эжеге/*

Мээримдүү, көңүлү гүл Эркин эже,
Эжесиң бүт Таласка, бүткүл элге.
Кезинде азаматтай ат көтөргүз,
Элиңе адал иштеп бердиң эле.

Көп жылдар райкомдо катчы болуп,
Иштедиң аялдарга башчы болуп.
Мырзадай адеп күтүп асылзаада,
Акылгөй аялзаттын асты болуп.

Биз барсак кучак жайып тосуп алып,
Кетчү элең эл кыдыртып коштоп алып.
Жүрөктөн баарлашып ырыбызды,
Тараза кылдат сынчы элге салып.

Жаныңда бирге жүрдүм элге барып,
Жаныма күч кубатты элден алып.
Шыгыма шык кошулуп, канат байлап,
Келчү элем ырлар жазып оттой жанып.

Өткөрүп юбилейин акындардын,
Жүрөгү эл журтуна жакындардын.
Эсимде Касым, Сукем, Байдылданы,
Жаркытып өзүң дагы жаркылдадың.

Унчукпай көп иштерди бүтүрчү элең,
Айттырбай ойду алыстан түшүнчү элең.
Кыздары унутулдук кең Таластын,
Өзүңдөй болбогон соң күтүнчү эжем.

Өмүргө жарык чачып оюң терең,
Бир жашайт жакшы күндөр мени менен.
Ыр сүйгөн жан дүйнөсү жарык эжем,
Жакында ыр кучактап сага келем!

## ЭР АЗАМАТ ЭЛ НАМЫСЫН ТУУ ТУТКАН

*/Жогорку кеңештин эл окулдор жыйынынын депутаты, «Кок-Бору» федерациясынын президенти Болотбек Шерниязовго/*

Анык жигит эл намысын коргогон,
Элдин камын эртеңкисин ойлогон.
Көөнү жарык көк-бөрүчүл көк жалсың,
Көөдөнүндө кыргыз каны ойногон.

Асыл нарктуу үй-бүлөдөн төрөлүп,
Касиеттүү бешигине бөлөнүп.
Апаң берген аппак сүттөн нар алып,
Атаң берген ак батадан көгөрүп.

Өнүп-өстүң таасын болду кадамың,
Далай бийик эл ишине жарадың.
Сен элиңе, элиң сага таянып,
Кыргыз үчүн Ала-Тоодой карааның.

Эл иши үчүн эрдиктерге даярсың,
Эң негизги нарктуу жакшы адамсың.
Көк-Бөрүнү көкөлөтүп жүргөндөн,
Көпчүлүктүн көңүлүнө жагасың.

Көк-Бөрү өнөр бүткөн кыргыз канынын,
Ташты жарган кайратынан жаралган.
Шамдагайлык, чеберчилик, күчтүүлүк,
Байыркынын тамырынан таралган.

Ала-Тоонун арстандары айбаттуу,
Атырылган ат үстүндө кайраттуу.
Дуулдаган шамал менен жарышкан,
Ат үстүндө бүркүт сымал канаттуу.

Алга чыгып эл аралык жарыштан,
Кай мелдеште мөөрөй утпай калышкан.
Аталардын рухунан демденип,
Кырчылдашып тизгин колдо карышкан.

Тарткан белең каблан Манас жүрөгүн,
Дүңгүрөтүп заман күүсүн күүлөдүң.
Камчы чаап бардык жактан аянбай,
Көк-Бөрүнү дуулдата сүрөдүң.



Көк-Бөрүгө арбын болду салымың,
Учкулдантың канат байлап арымын.
Ат үстүндө октой учкан кыргыздын,
Айтып турат тереңдеги тамырын.

Уюштуруп эл аралык жарышын,
Коргоп берип кыргыз элдин намысын.
Атуулдук чоң эрдигиң эмеспи,
Бул да сенин айтсак сөздүн калысын.

Садык иниң үлгүңдү алып аркаңдан,
Эл өнөрүн туудай туткан салтыңдан.
Айтыш өнөр кетсе экен деп өр алып,
Аттаныптыр асыл ишке артыңдан.

Айтыш өнөр сөз өнөрү төгүлгөн,
Улуттук бир өзгөчөлүк көбүргөн.
Кыябын таап кызыл тилди кайроодон,
Эл бар бекен кыргыздардай көрүнгөн.

Асмандатып кыргыз элдин дөөлөтүн,
Асылдары бизде экен го төкмөнүн.
Элмирбекти, Жеңишбекти карачы,
Толкуп ташып, тоо суусундай төккөнүн.

Чоң майрамдын шаңына шаң киргизип,
Кыргыз элдин ким экенин билгизип.
Чоң ракмат келе жатат көтөрүп,
Баарыбызды ат үстүнө мингизип.

Айтыштын ал ачып берип бактысын,
Далайларга берип өнөр ачкычын.
Таразалап элдин салып сыңына,
Көргөзүүдө оргуштаган чактысын.

Садык иниң бир тууганың бөбөгүң,
Бардык иште сен таянар жөлөгүң.
Сенин колуң, көзүң болуп эл менен,
Көрөбүз иш чордонунда жүргөнүн.

Өскөн экен тартып сендей агасын,
Өрнөк тутуп улуу акыл данасын.
Апаңар да ак тилектен төрөгөн,
Ага-ини эл ишине жарасын.

Ага ат минсе ини аны токусун,
Алыс кетсе ордун басып отурсун.
Өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп,
Айткан экен бөксөлөрүн толтурсун.

Өтөсүңөр бириңерден бириңер,
Барпаландап Баткен аттуу иниңер.
Ачып алып «Манасчылар ордосун»,
Иш баштаптыр бүтүн кыргыз сүйүнөр.

Манасчылык бараткансыйт сүзүлүп,
Асмандагы ак булуттай үзүлүп.
Баткен иниң жакшы иш баштап жатыптыр,
Ушул иштин маани жайын түшүнүп.

Жүрөсүңөр эл кызматын аткарып,
Шернияздын балдары деп аталып.
Бир ата эмес улуу болуп улуттун,
Умтулдуңар улуу иштерге аттанып...

Депутатык ишине да так дешет,
Дилде чындык, сүйлөгөнү ак дешет,
Мылжыңы жок ана, мына дебестен,
Таасын чечет маселени так дешет.

Азамат дейт эл эмгегин коргогон,
Элдик жигит эл көйгөйүн ойлогон.
Жулуп бердиң элдин ырыс-насибин,
Ооздорунан көркөөлөрдүн жойлогон.

Элди бирөө жаткан кезде онтотуп,
Ынсапсызды колго чаап токтотуп.
Көрүп турдук сессияны теледен,
Жатканыңды абиирине от коюп.

Эл өзүңдү коргоочум деп билишет,
Кыйындыкта колдоочум деп билишет.
Ала-Тоодой караан тутуп, бел тутуп,
Жакшылыкка жолдоочум деп билишет.

Көрүнбөгөн касиети бар дешет,
Көөнү деңиз көтөрүмдүү нар дешет.
Бир мүнөздүү көбүрбөгөн көппөгөн,
Көп иши үчүн тоо суусундай шар дешет.



Пейли ток жеп ичкенден алыс дешет,
Кара кылды как жарган калыс дешет.
Азтектеп ата наркын, элдин салтын,
Жүрөктө туу тутканы намыс дешет.

Шер дешет жарашып өзүнө аты,
Керемет эр мүнөздүү паразаты.
Салмактуу калбаат жүрүп, калбаат сүйлөп,
Кадимки эр Манастай салабаты.

Эр жигит дейт эл намысын коргогон,
Элдин камын, эртеңкисин ойлогон.
Көөнү жарык көкбөрүчүл көк жал дейт,
Көөдөнүндө кыргыз каны ойногон.

Сүрдүү дешет бир көргөндөр сүрдөгөн,
Тердеп, кургап карай албай жүдөгөн.
Баарлашып адамдыгын көргөндө,
Анан барып эсин жыйнап сүйлөгөн.

Күлбөйт дешет бир көргөндөр тартынат,
Титирешип сүйлөй албай калтырайт.
Таба билсең, ача билсең жүрөгүн,
Күлгөндө да тоону жара каткырат.

Ишкер дешет жаны тыным албаган,
Канга сиңген кайратынан жанбаган.
Иш дегенде өзүн койгон унутуп,
Асыл ишке өзүн бүтүн арнаган.

Калып калды дагы кандай жагыңыз,
Билбегенди дагы билип айтарбыз.
Эң негизи эл намысын туу туткан,
Атуулсуз ардактаган барыбыз.
Бар бол иним, барпаландап аман жүр,
Бар болгонуң барыбыздын багыбыз!

## АЯЛДЫК КАСИЕТИҢ

*/Ташыбекова Жамал Чойбековнага - Аялдар Федерациясынын торайымы/*

Элдин баары айтышат жакшы аял,
Мүнөзү адамдарга жумшак, аяр.
Жарк эткен жамалында эң жагымдуу,
Аялдык касиет бар элге жагар.

Адамдык касиет бар тартып турган,
Ар качан жакшы сөзүн айтып турган.
Жүзүңдү жарык кылып келет элге,
Пейлиң бешененден балкып турган.

Жамалдын, жана жандын сулуулугу,
Өзүңдө ыйман, адеп улуулугу.
Башыңа конгон экен кеткис болуп,
Ажайып аялзаттын улуу куту.

Келдиңиз эки доорго кызмат өтөп,
Жаркылдап айлананды көркко бөлөп.
Аялдык аруулукка ашык кылып,
Далайдын эт жүрөгүн келдиң өрттөп.

Ал түгүл аялдар да тартылабыз,
Адамдык мээриң бар багынабыз.
Кандайдыр бир жакындык тартып турат,
Капыстан барбай калсак сагынабыз.

Жүрөсүң жашообузду оңдоймун деп,
Түйшүктү жакшылыкка жолдоймун деп.
Түйшөлтүп толгон токой маселелер,
Канткенде жардам берип колдоймун деп.

Түздүңүз аялдардын чоң уюмун,
Уюмдар башын кошкон чоң уюлун.
Мээримдүү кучагыңа тарткың келет,
Артыкча кенен экен ой туюмуң.

Алдыртан жардам берип мактанбастан,
Томукту тоо көргөзүп даңктанбастан.
Аткардың унчукпастан далай иштн,
Аялдын жолун ачып даттанбастан.



Аялдар асылдыкты сенден алсын,
Сиңдилер сени туурап, сени тартсын.
Өзүңдөй кайда иштебе, кайда жүрбө,
Жагымдуу жан жагына жарык чачсын!

## БУЛБУЛ ҮНҮ КАРЫБАЙТ

*/Кайыргул Сартбаевага/*

Кыргызымда Кайыргүлдөй бир гүл бар,
Кайталангыс шыңгыр күмүш бир үн бар.
Оргуп чыккан Ала-Тоонун боорунан.
Мөл булактан татпай калган кимиң бар.

Күлкайырдай көңүлүңдө жайнаган,
Булбул болуп мукам-мукам сайраган.
Бал көмөкөй кайрып-кайрып алганда,
Көңүл толо кусалыкты айдаган.

Тоо суусубу толкун болуп ырдаган,
Жүрөктөрдүн назик кылын ыргаган.
Тирүүлүктүн тири укмуштай үнүнө,
Тамшанышып уккан адам жыргаган

Ак булутпу асмандагы каалгыган,
Ак шоокумбу ай ааламга жагылган.
Мындай назик үн болобу керемет,
Ак нур болуп тамырыңдан агылган.

Тоо гүлүбү чанагынан чачылган,
Адамдарга жыпар жыты чачылган.
Кайыргүлдүн сүйлөп эле бергенин,
Уккан адам көңүл чери жасылган.

Ырдап келет секелек кыз убактан,
Өтүп барат пайгамбар жаш курактан.
Ошондо да жаштык үнү карыбай,
Угуп турган кулактарды кубанткан.

Ооба, ооба булбул үнү карыбайт,
Күлүк тулпар күүдөн кайтпайт арыбайт.
Шыңгыр булак ага берип түгөнбөй,
Түбөлүктүү зор мухитке агылат.

## ТОКТОГУЛДУН ЭСТЕЛИГИНЕ

Чертсеңчи сагындым го комузуңду,
Көөдөнгө уяласын булбул үнү.
Сезимди миң сан кайрык алып учкан,
Сыйкырдуу уккум келет ошол күүнү.

Оо Токо, чертип ийчи комузуңду,
Нөшөрлөп ырды дагы нурдай төгүп.
Жүрөгүм элжирессин көңүл эргип,
Ойлорум тереңине кетсин чөгүп.

Оо Токо чертип койчу кол ойнотуп,
Сагынып куштар болгон калкың уксун.
Күү менен тулку боюң кошо эрип,
Төбөңдө тебетейиң бийлеп турсун.

Оо Токо, шартылдатчы комузуңду,
Кыялым канат каксын көңүл тоюп.
Негедир отурасың чарчагандай,
Тизеге комузуңду жөлөп коюп.

Эс ал, Токо, комузуң шаңшып турат,
Күүлөрүң оркестерде таңшып турат.
Муңканса мууну бошоп, көзүн жаштап,
Дүйнө эли куштар болуп арзып угат.

Ук, Токо, комуз кылы үзүлгөн жок,
Урпактар колдорунан түшүргөн жок.
Уул-кызың колдон колго жалгап кетти,
Күүлөрүң дүйнө кесип көңүлдөр ток.

Гүлбурак жап-жаш бойдон махабатың,
Өлгөн жок, карыган жок Алымканың.
Көөнү жакшы көлөкөлүү жайдары,
Ааламга даңктап келет аялбаркын.



## АЛ ЭСТЕЛИК ТИРҮҮ БОЛЧУ БИЗ ҮЧҮН

*/ Улуу акын агабыз Жоомарттын Эркиндик багындагы эстелиги уурдалды деген кабарды укканда /*

Селт дей түштүм, кандай айбан алды экен,
Каснетке кантип колу барды экен.
Дүйнөдөгү ыйыктыкты жөн койбой,
Ушунчалык жан дүйнөсү жарды экен.

Жоомарт турчу көз ирмебей күнү-түн,
Муундарга таштап тоодой үмүтүн.
Өтүүчү элек саламдашып, сүйлөшүп,
Ал эстелик тирүү болчу биз үчүн.

Ал эстелик тирүү болчу биз үчүн,
Баруучу элек агабызга гүл сунуп.
Ыйык көрүп, сыймык көрүп караанын,
Баруучу элек агабызга ыр сунуп.

Жаткан өңдүү бир мыкаачы баш алып,
Эстеликтен кеткен өңдүү кан агып.
Кан шорголоп эт жүрөгүм титиреп,
Солуктадым кеткен өңдүү жанды алып.

Ыйыктыкка кол салчу эле кандай жан,
Адам кейпин кийип жүргөн малдай жан.
Тирүү өлүк, жүрөгү таш, пейли пас,
Жоомарт менен иши эмне андай жан.

Эстеликтин үстү жагы тонолуп,
Орду калган көзгө суук соксоюп.
Бүт кыргыз эл жетимсиреп, жер карап,
Өтчү болдук күнөөлүдөй томсоруп.

Томсоробуз кандай күнгө кез келдик,
Түйдөктөлгөн түйүндөрдү чечпедик.
Эстеликтин эчендери коюлат,
Жоомарт үчүн бүт кыргыз эл эстелик.

## АТУУЛСУЗ АСЫЛ НАРКТУУ

*/Жогорку кеңештин эл окулдор жыйынынын торагасы, академик Алтай Борубаевге/*

Боз шумкардай табы мыктап канганы.
Бороон жара бийик чабыт алганы.
Депутаттар төрагасы данакер,
Жер ийилтер илимпоздук салмагы.

Алымдыгың бүт ааламга таанылып,
Бүткүл дүйнө алымдары багынып.
Чоң жылдызга Алтай деген ат берип,
Атың турат ай жылдызга тагылып.

Качан болсо калк ишине даярсыз,
Жүрөгүңдөн жарык чачып жанасыз.
Жакшы сөздөр ээрчип жүрөт артыңдан,
Эл ишенет жалпы журтка жагасыз.

Журт алдында жүзүң жарык, ниетиң ак,
Жөн келген жок башыңызга кадыр барк.
Күбүр сөздөн, кыңыр иштен алыссыз,
Эң негизи-ыйман таза, ишиң так.

Калбаат жүрүп баарын байкап турасыз,
Элдин үнүн жанды төшөп угасыз.
Айтып жалаң сөз атасын, туурасын,
Жамандыкты жакшылыкка бурасыз.

Атуулсуз, ата көргөн асыл нарктуу,
Кадырман эне көргөн каада салттуу.
Агылып кандан келген касиет бар,
Адеп бар куштар болчу Адам аттуу.
Айтабыз сизге тилек улуу тоодой,
Көп жашап турмушуңуз өтсүн таттуу.
Калдайып максаттардын сересинде,
Калкыңа карыя бол кадыр барктуу!



## ДАСТАН АГА

*/Теңир ордо фондусунун торагасы Сарыгулов Дастан Исламовичке/*

Эмгегиң бүтпөс дастан Дастан ага,
Тең келбейт эч бир байлык, мансап ага.
Теңирдин улуу, ыйык сөзүн сүйлөп,
Сөздөрдүн бай казнасын казган ага.

Элине рух байлык чачкан ага,
Сөздөрдүн кудуретин жазган ага.
Улуттун ар намысын бийик тутуп,
Алдыда туу көтөрүп баскан ага.

Болсоң да менден кичүү деймин ага,
Эжекем ага дейт деп болбо капа.
Сен бүтүн кыргыз элдин агасысың,
Жарашат акыл жактан десем да ата.

Жаткан жок ыйык ишке бирөө кыстап,
Жүрөсүң өтөсөм деп элге кызмат.
Өзүңдөй элин сүйгөн атуул гана,
Өзүнөн эл мүдөөсүн бийик тутмак.

Көтөрдүң комуз, чоор, кыл кыягын,
Кол өнөр, төкмөчүлүк миң кыялын.
Жөнөкөй эл атынан бир ракмат,
Айтсам деп таппай жүрөм бир кыябын.

## БАТА БОЛСУН УШУЛ САП

*/Кубанычбек Жумалиевге/*

Жакшы адамды келе берет ырдагым,
Терип кооз сөз гүлдөрүн жыйнагым.
Жаркын маанай, жарык көңүл тартуулап,
Кыялымда келе берет сыйлагым.

Жакшы иш келет жакшы адамдын колунан,
Жакшы иш бүтөт ак пейлинен, жолунан.
Жолу жакшы жетекчи деп сыйлашат,
Эл журтуңдун чыкпай калдың оюнан.

Кайда иштебе барган жериң оңдодуң,
Адалдыкты, акыйкатты коргодуң.
Бүтүп канча кылым жашар курулуш,
Мекен үчүн мелмилдеген жол болдуң.

Жалпы иш үчүн жакшылыкты колдодуң,
Кайрымдуулук иштерине мол болдуң.
Калк иши үчүн канат болуп ажого,
Келечекке сунарына кол болдуң.

Ажобуз да сени билип тандаган,
Дили таза шакиртим деп баалаган.
Жаңылган жок акыйкатчыл өзүңдөн,
Ак ишиңди аллаталаам жалгаган.

Канча жолдор жаңыланды кайрадан,
Канча долбоор иш жүзүнө айланган.
Азыр өзүң иштеп жаткан иштерди,
Жети түрлүү министрлик кезинде,
Иштеп жүрүп бири аткара албаган.

Калыстыгың кайткан экен Теңирден,
Үй-бүлөлүк бакыт чачып пейлиңден.
Орундалып көптөн күткөн тилегиң,
Эки уул көрдүң Розадай теңиңден.
Көбөйгүн деп, көрктөгүн деп кол жайган,
Келген экен алган бата элиңден.

Эң негизи ыйман таза, ишиң так,
Кыдыр колдоп, дооруң жүрүп турган чак.
Бар бол, иним, жайып канат, бутакты,
Бизден дагы бата болсун ушул сап!



## ЭМГЕГИ БАР ЭСТЕЛЕР

*/Акматов Имаке Казакбаевичке/*

Шаарымда бир жакшы адам бар,
Жалган дебес билгендер.
БТИнин каалгасын,
Ачып ага киргендер.
Акыл укпай, жардам албай,
Кур калдыңар киминер.

Үй алсаң да, үй сатсаң да,
Жер алсаң да көчсөң да.
Андан аттап өтө албайсың,
Жер которуп кетсең да.
Ал кишинин колу керек,
Үйдү белек этсең да.

Эртең дебей шар бүтүрүп,
Ажаат ачып ишиңе.
Жакшылыктын жалындатып,
Отун жаккан ичиңе.
Акылуубуз ар бирибиз,
Ушул жакшы кишиге.

БТИ ден эми таппайт,
Издеп барган кишилер.
Эс алууга кетти дешсе,
Ачышат го ичинер.
Айткын алкыш эл атынан,
Көрүп калсаң сен эгер,
Көрбөсөк да көңүлдөрдө,
Эмгеги бар эстелер.

## ЖАКШЫ АДАМ

*/ Ош областынын губернатору Накен Касиевге/*

Кандай бакыт элдин сиздей уулу бар,
Кубат кылып карааныңа кубанар.
Карманарга колдо бийик туусу бар,
Канча көңүл демөөр тутуп жубанар.

Жакыным дейт, беделим дейт адамдар,
Жан дүйнөсү байып чыгат баргандар.
Жакшы сөздүн кудурети чалкытып,
Жанга кубат, жанга медер алгандар.

Үмүтүм дейт, тилегим дейт адамдар,
Чыркыраган чындык издеп баргандар.
Адамдыктын мээримине жылынып,
Кан Бакайдай калыстыкка кангандар.

Кандай жакшы элдин сиздей эри бар,
Тоодой кубат, таянарга бели бар.
Эр Манастай айкөлдүккө туулган,
Пейли кенен, телегейге теңи бар.

Акылыңа, сабырыңа жок ченем,
Айкалышып, билим терең, ой кенен.
Адамдыкка, адалдыкка жаралган,
Кадр дешет кайда болсо беп белен.

Бар болуңуз бардыгыңа ракмат,
Жүрсө дейбиз узак жашап саламат.
Жакшы адамдан жакшы деген сөз калат,
Жакшы адамдын жакшылыгы элге артат.

Аман жүргүн медер болуп калкыңа
Алкыш сөздөр ээрчип жүрсүн артыңда.
Коргон болуп, камын көрүп журтуңдун,
Жарык нуруң чача бергин жалпыга.



## ЖЕТЕКЧИСИҢ КӨӨНҮ ЖАРЫК КӨРӨГӨЧ

*/Чуй областынын губернатору Тойчубек Касымовго/*

Бийликтин эң бийлээр сырын билесиң,
Качан болсо элиң менен биргесиң.
Дыйкан менен тер төгүшүп талаада,
Тартынбастан шымаланып киресиң.

Жүзүң жарык эл алдында жаркылдап,
Чыгарасың эмгек шаңын шартылдап.
Мээ кайнаткан ысыгында Чүйүңдүн,
Отурбайсың көлөкөдө салкындап.

Кубанасың дыйкан марып кубанса,
Адалдыгың, адамдыгың тубаса.
Кудуңдашып алат жанга канагат,
Адам сенден кандай суроо сураса.

Эл иши үчүн уктабаган дилгирсиң,
Билим терең, көзүң канык билгирсиң.
Улуу сөздөр куюлушуп оозуңдан,
Сөздү баккан уулдардын бирисиң.

Элиң үчүн басарына жол болдуң,
Өрүш кеңип, сунарына кол болдуң.
Кайда барба иштегенден кужурмөн,
Алган түшүм берекелүү мол болдуң.

Жазгандарга, акындарга жакынсың,
Жашырынган жан дүйнөңдө акынсың.
Тартса экен деп Чүйдүн куттуу келбетин,
Жылда аларга чачуу чачып жатырсың.

Сен тараптан жер тагдыры жазылып,
Сары-Өзөн Чүй талаалары жаңырып.
Адам үчүн төгүп ырыс-береке,
Көркүн ачып жердин багы ачылып.

Жалаң камыш мекен кылган талаалар,
Кызылча өсүп жайкалганын караңар.
Берекe артып жакырдыкты кубалап,
Жалпы журттун кан жанына таралар.

Ал талаанын жайын сурап барасың,
Көөнүң коюп аралайсың арасын.
Кубанасың камсыз болсо иш менен,
Атасындай ар бир айыл баласын.

Урпагысың атаң баатыр Манастын,
Перзентисиң жер сорусу Таластын.
Бүтүн кыргыз эл деп согуп жүрөгүң,
Эл деп иштеп, эл намысын талаштың.

Токмоктун зор дарбазасын ачтыңыз,
Тарыхына жаңы барак жаздыңыз.
Маңдайыңа бир жакшы иш туш келди,
Бул да сиздин ак жолуңуз, бактыңыз.

Куттуу болсун жаңы конуш, борборуң,
Ыйык шаар, уюк шаар Токмогуң.
Президенттин эң акылдуу чечимин,
Кабыл алып, жан дилиңден колдодуң.

Эми анык гүлдөтөөрүң,оңдооруң,
Көркүн ачып, жаңы жолго жолдооруң.
Мында дагы кужүрмөндүк көргөзүп,
Узартарсың жумушчунун колдорун.

Колун берип канча иштер алдыңкы,
Жолун ачып, алыскы да жакынкы.
Кучак жайып берсин аппак батасын,
Баш көтөргөн Токмок шаары байыркы.

Кайсы иш болсо өтөсүнө чыгасың,
Деп турасың элим марып жыргасын.
Жетекчисиң көөнү жарык көрөгөч,
Анык атуул айтсак сөздүн ырасын.



## БИЙЛИК СЫНАЙТ ЭР ЖИГИТТИН КИМДИГИН

*/Бишкек шаарынын мэри*
*Медетбек Темирбекович Керимкуловго/*

Бешенеге бүткөн алтын бешигим,
Ыйык ордо, бир боор шаарым Бишкегим.
Сейил куруп көчөсүндө баратсам,
Көзгө түшөт сенин албан иштериң.

Жанга жагып ак ниеттүү иштериң,
Көркkө батып сергий түшкөн Бишкегим.
Аттандырып аргымакка мингизип,
Ишиң баалап берди кайра ишеним.

Бул ишеним мээнитиңдин кайтканы,
Акыйкаттын ак таңынын атканы.
Эл деп соккон жүрөгүңдүн сыйлыгы,
Адал ниет пейилиңдин тапканы.

Бул ишеним ак эмгектин жемиши,
Кажыбаган эрдигиңдин жеңиши.
Мына ушинтип эмгегинин баасын,
Эл тараза элден алат эр киши.

Жашарып да , жаңыланып Бишкегим,
Чечип салып эски жыртык чепкенин.
Жагалданып жарык кабак жаштардай,
Жарк-журк этет жакуттанып кечтериң.

Көчөлөрү көр мени деп кулпуруп,
Кыймыл агат алга карай умтулуп.
Курамадан жыйнап жүрүп эл кылган,
Атаң Манас руху турат кол сунуп.

Куттуу шаардын кут даарыган ээсисиң,
Бойго жетип гүлдөп турган кезисиң.
Түркүн элге түнөк берген койнунан,
Пейли кенен, мээрими артык мэрисиң.

Бишкегим сулуу кыздай бойго жеткен,
Кылымдар көксөп күткөн ойго жеткен.
Жаркырап Манас орден көөдөнүндө,
Кубанып 125 жыл тойго жеткен.

Ал орденди тактың сен да төшүңө,
Келген сыйлык ак эмгектен өзүңө.
Кыйын күндүн кыстоосуна карабай,
Көрк киргизген шаарымдын көркүнө.

Түгөнбөгөн түмөн түйшүк жолунда,
Бир шаар элдин көйгөйү бар мойнунда.
Жакшыртсам деп жашообузду билсбиз,
Жашайт максат жай бербестен оюнда.

Эл тагдыры байланыштуу ишине,
Эл ишенген бийликтеги кишиге.
Үмүттөрдү кыя чаап коймокчу,
Ишиндеги жаңылыштык кичине.

Оор жүк жок элдик ошол милдеттей,
Алып жүрүш кандай ыйык кирдетпей.
Алкыш алыш кандай сыймык элиңден,
Алып каргыш арт жагынан тилдетпей.

Жан дүйнөңдү ачып коюп калкыңа,
Жакшы күндү тартууладың жалпыга.
Ишеничтүү карап турат өзүңдү,
Миллион көз үмүттөрү артыла.

Жеп ичкенден алыс болду абийриң,
Эл журтуңа калыс болду бийлигиң.
Издегениң уят, намыс ар болду,
Бийлик сынайт эр жигиттин кимдигин.

Кулк мүнөзүң көтөрүлбөй жупуну,
Артык экен адамдарга жугуму.
Бишкегимдин мээри жакшы болгон соң,
Артып барат көрк келбети утуру.

Келген мейман көзү түшүп карасын,
Сыймык менен көрсөтөлү арасын.
Гүлдөтө бер кулпундуруп Бишкекти,
Кубандырып ар бир кыргыз баласын!



## ЭЛ УНУТПАЙТ

*/Талас областтынын Кара-Буура районундагы «Россия» колхозунун башкармасы болуп коп жылдар иштеп, озунун баалуу тажрыйбасы менен оз учурунда айыл чарбабыздын осушуно салмактуу салымын кошкон, улуу инсан, камкоор жетекчи Токтогул Бабановдун жаркын элесине арнайм/*

Ар бир иштин көзүн таанып билчү эле,
Жерди баалап, баласындай сүйчү эле.
Чоң колхоздо болсо дагы жетекчи,
Дыйкан менен кошо тердеп жүрчү эле.

Эң биринчи адамга кам көрчү эле,
Атасындай ар кыл көңүл бөлчү эле.
Эң оболу түзүп берип бардык шарт,
Талап кылып анан ишке өтчү эле.

Орто чарба чоң чарбага чыкты эле,
Болуп көргүс мөөрөйлөрдү утту эле.
Россия колхозунун атагын,
Бүткүл өлкө аңыз кылып укту эле.

Элим марып ошондо бир байыган,
Кампа толуп, колу майга малынган.
Энчисине чабандардын берилип,
Заңгыраган аппак үйлөр салынган.

Ар биринин болсо керек эсинде,
Мал жайлоодон көчүп келген кезинде,
Жап жаңы үй күтүп алчу жаркырап,
Азыр жомок айтып берген кишиге.

Баатыр чабан Аманбаев Төлөбек,
Үйүм элден алыс болуп калды деп,
Бир азыраак өкүнгөнүн укканда,
Болду-болду салып берем кайра деп.

Чабан сөзүн туудай тутуп эсине,
Салып чоң үй айылынын четине.
Ак сарай үй шамы жанып жаркырап,
Тосуп алды кайра келген кезинде.

-Жакшылыгын унутпаймын эсимде,
Ата болгон, ага болгон кезинде.
Арбагына куран окуп жүрөм дейт,
Ар күн сайын эртең менен кечинде.

Кантип өзүм салат элем тамды анда,
Күнү-түнү жүрсөм малдын артында.
Балдарымдын балдарына жетерлик,
Ал мен үчүн көргөн тура камылга...

Жаңы типте тамдары да, короосу,
Маданий үй, дүкөндөрү, мончосу.
Бул айылдын көчөсүнөн өткөндөр,
Райондук борборбу деп ойлоочу.

Ошондо эле ал жаңыча ойлоочу,
Эскиликти эби менен оңдоочу.
Ондоо үчүн күнү-түнү изденип,
Аракетти, ак мээнетти колдоочу.

Туура келип мурда эле акыл-оюна,
Түшкөн эле кайра куруу жолуна.
Кабыл алып чарбачылык эсепти,
Чабандардын берген эле колуна.

Чарба ошондо өскөн эле дүркүрөп,
Жайыттарга малы батпай күтүрөп.
Анын ысмы кетип жатты алыска,
Эл оозунда Бабанов деп дүңгүрөп.

Унута албай дале айтып жүрүшөт,
Анык уулун ак дилинен сүйүшөт.
Баскан жолун, ичкен суун, үйлөрүн,
Бабановдон эстелик деп билишет.

Ушул айыл ошондо бир жаңырган,
Көз кубантар курулуштар салынган.
Ар бир көчө суу түтүктөн суу алып,
Ар бир үйдө көгүлтүр от жагылган.

Бабановдун убагында курулган,
Бир музей бар дүйнөгө аты угулган.
Айтматовдун музейи деп, айлы деп,
Бүт дүйнөдөн элдер келет чубурган.

Ал келгендер жерге таасим этишет,
Бабановдой эрге таасим этишет.
Кетеринде ыйык көрүп ардактап,
Бир ууч турпак түйүп ала кетишет.



Чыңгыз ага сыймыктанган жердеши,
Сыйлашууда жок эле го теңдеши.
Акылдашып айылына барганда,
Дем күч берип анын далай кеңеши.

Шекер айлы чарбанын бир бутагы,
Анык анда орноп калган кут бары.
Төрөкулдун эстелигин тургузуп,
Сыймык менен атын атап бүт баары.

Ушул жерде өткөн улуу адамдар,
Кыргыз элдин жүрөгүндө калгандар.
Манас атын Теңир менен теңеген,
Жакыпбеков Ашым деген ага бар.

Ким унутат Эркинбектей аганы,
Эркиндиктин болуп кеткен курманы.
Аманбаев көчөсүнөн өткөндөр,
Аны дагы эсине албай турабы.

Ким унутат Райкандай аганы,
Ыры менен багындырган адамды.
Адабият айдыңында заңгырап,
Анын дагы Ала-Тоодой карааны.

Кимдер сүйбөйт Айтматовдой адамды,
Калем менен багындырган ааламды.
Касиетинден кагылайын тууган жер,
Турпагындан канча асылдар жаралды.

Күлсарыны күүлөп күндө ырдаган,
Бегимайды айткан сайын жыргаган.
Раймалы деген акын бар эле,
Махабаттын кызыл гүлүн ыргаган.

Чындыкты айткан кандан, бектен тартынбай,
Жакшылыкка жаратылып калгандай.
Барпаңдаган Бабановду көргөндө,
Көз алдыма турар эле Танабай.

Бабановду бирөө урса таш менен,
Тосуп алып аны кайра аш менен.
Касташуудан, арамдыктан пайда жок,
Адам болуп ак жол менен бас деген.

Касташуудан, кектешүүдөн кач деген,
Достошолу кучагыңды ач деген.
Суугундун кереги жок сузданба,
Жүрөктөгү жылуулугуң чач деген.

Бирөө аны тоссо дагы ок менен,
Бүтөрүндө иш аягы сот менен,
Жөн койгула, акылына келер бир,
Деген экен ойнобосун от менен.

Түшүнбөстүк, көрө албастык адамда,
Эчен оор түйшүктөргө салды да.
Кыйнаса да кың дебестен көтөрүп,
Эң акыры Адам бойдон калды да.

Мындай кезде дем күч берген агага,
Миң ракмат өмүр шерик аялга.
Жаркын мүнөз, жаракөр да, жайдары,
Кубат берген Анипадай аярга.

Анипа айым ай нурундай жеңебиз,
Ичи да нур асыл жар го ченегис.
Жаркып тосуп, дасторконун жайнатчу,
Капысынан кайсы убакта келбеңиз.

Аппак дили ак жүзүнөн көрүнүп,
Берекеси колдорунан төгүлүп.
үйдүн куту этек жеңи жайылып,
Жети бирдей уул кызды өстүрүп.

Жарык маңдай жүзү күлүп жайнаган,
Кабактагы капалыкты айдаган.
Токтогулдун толгон токой түйшүгүн,
Жеңилдетип жылуу жумшак жайлаган.

Менменсинбей башкармадай эр менен,
Жакын тартып жакын болду жер менен.
Гектар жерди энчисине бөлдүрүп,
Тамеки эгип иштеп жүрдү эл менен.

Мейманын да күтүп келчү күндөгү,
Толгон токой түйшүгүн да үйдөгү.
Бүт көтөрүп кабак кашын жайнатып,
Балдарын да ак эмгекке үндөдү.



Жабылбастан ачык эле эшиги,
үйү таза бул дүйнөнүн бейиши.
Бабановдой шайыр шатман жүрмөкчү,
Анипадай жары болсо эр киши.

Адам көөнү жык толбосо сүйүүгө,
Тынчып жаны жай болбосо үйүндө.
Жетмек эмес ийгиликке, жеңишке,
Орто жолдон деми кайтып күйүгө.

Жүргөн үчүн бир бирине дем болуп,
Жуурулушуп эли менен эл болуп.
Куюлушуп бир максатка, тилекке,
Жүрбөдүбү ырыс-кешик кең болуп.

Жүргөн үчүн иши кетип алдыга,
Эчен орден, сыйлыктарды алды да.
Эли шайлап депутат да, делегат,
Эчен жолу Москвага барды да.

Эне-атасы ай чолпондой балдардын,
үлгү болуп өмүрүнө алардын.
Өстүрүштү ээси кылып кесиптин,
Эң негизи ээси бол деп Адамдын...

Айыл элдин коргоочусу болуучу,
Асылдыкка жолдоочусу болуучу.
Мээнеткечке тоодой караан камкорчу,
Кызырындай колдоочусу болуучу.

Атаганат, ушул күндө болсочу,
Адам эле ишти тездеп оңдоочу.
Кысталышта акыл таап, айла таап,
Ал космостук тездик менен ойлончу.

Арман кылбай койсом деле болмокчу,
Уулу бар ата жолун жолдоочу.
Кем калбайт дейт атасынан Өмүрбек,
Эли журтун жакырдыктан коргоочу.
Ушуга да чоң канимет кылалы,
Бул да болсо кудайымдын колдоосу.

## ЗАМАНДЫН КӨТӨРҮШҮП ООРУН ЖОНГО

*/«Алкан-Ата» компаниясынын жетекчиси*
*Алканов Райканга/*

Кайрымдуулук жакшы адамдын белгиси,
Касиеттүү кандан бүткөн энчиси.
Кайрат күчүн, акыл эсин, дөөлөтүн,
Калк ишине жумшайт тура эр киши.

Силер барда түндө дагы күн тийип,
Бул дүйнөнүн чамгарагы эң бийик.
Тоо суусундай шаркыраган пейилден,
Тазарасың асылдыкка баш ийип.

Райкандын шык, жигери башынан,
Ишкердиги, сергектиги жашынан.
Жаштайынан ишенимди аткарып,
Эл тилегин иш жүзүнө ашырган.

Райкандын айкөлдүгү канынан,
Аталардын пейилинен агылган.
Өнүм алып ушул биздин күндөргө,
Асылдыктын тамырынан нар алган.

Райкандын кең пейили элинен,
Мурас болгон Манас ата деминен.
Нарк-насилдүү Алкан ата мүнөзү,
Нуска болгон энелердин кебинен.

Аталары болгон алым-беримдүү,
Үйү болгон дайым келим-кетимдүү.
«Келет-кетет колдун кири дүнүйө,
Адам күткүн»-деген сөзү жетимдүү.

Күпүлдөтө тегирменин айлантып,
Күтүрөтө бетке малын айдатып.
Эгин эгип, бак өстүргөн чарбакер,
Дастаркондун берекесин жайнатып.

Келет дөөлөт аракетке, эмгекке,
Көзүн тапкан, ыгын билген мээнетке.
Сабагынан алыс түшпөйт алма деп,
Айтып келген кур сөз эмес желдетме.



Аталардан ашып түшүп баласы,
Заманга бап иш жүргүздү карачы.
Ишкана ачып, базар ачып, үй куруп,
Жумушсузга болуп белди арачы.

Доордун дүбүрттөгөн үнүн угуп,
Тайманбай ат тизгинин таамай буруп.
Замандын агымына боюн урду,
Акылдын бийигинен карап турду.

Коомдун кан тамырын кармап көрүп,
Кагуусун сергек карап аңдып көрүп.
Райкан жаңы күндүн жаңы адамы,
Ишкер жан иштин көзүн талдап көрүп.

Ишкер бар сөз жүзүндө- элим деген,
Элдикин иш жүзүндө уурдап жеген.
Райкан мээнет менен, маңдай терден.
Тапканын Ата-Мекен, элге берген.

Дөөлөтүн чөнтөгүнөн санап берген,
Гүлдөсүн Ата-Мекен, элим деген.
Элимдин ырыскысы жайнап турмак,
Көп болсо атаганат сиздей берен.

Жерде калбайт элге кылган жакшылык,
Келбей койбойт кайра өзүнө кайрылып.
Теңир сүйүп кайрымжысын кайтарат,
Учу узарып, канат, бутак жайылып.

Турмуш кыйнап турган кезде кайрадан,
Адам барат койсо экен деп каралап.
Адамдыктын чоң белгиси ушул да,
Ажат ачып, андан алат канагат.

Карыпчылык, жакырчылык келбеске,
Кандай гана жарап элдик керекке.
Казынаңды түптөп ал деп, айылым,
Каражатты бөлүп бердиң белекке.

Оңдоп берип оорукана, мектебин,
Ойлоп элдин келечегин, эртеңин.
Айылдаштар алкыш менен айтышып,
Аңыз кылып сендеги ойдун тереңин.

Буруп алган барган адам назарын,
Дайым кайнап, толо дешет казаның.
Ниетиңе, пейилиңе жараша,
Кудай берип жүрүп турат базарың.

Элге, жерге кулачы кең ачылып,
Жүрөктөгү жылуулугуң чачылып.
Кайрымдуулук көрсөтүпсүң санашса,
Бир жылда эле миллиондон ашырып.

Жакшылык жасап бирок эсептешпей,
Ойлобой кайра өзүмө келет дебей.
Адамсыз кудай сүйгөн нисти ак,
Өзүмчүл арам ойго жетеленбей.

Бел тутуп өмүрүңө адамдыкты,
Туу тутуп ак дилиңе адалдыкты.
Эп көрүп кенен пейил айкөлдүктү,
Жек көрүп көзү тойбос сарандыкты.

Адашпай алгач түштүң айкын жолго,
Замандын көтөрүшүп оорун жонго.
Кадырын эркиндиктин баалай билип,
Аттанып асыл ишти алдың колго.

Көрсөтсүн деп кыргыз элин дүйнөгө,
Спорт деген күч сынашкан өнөргө.
Демөөр болуп, ак жол ачып келесиң,
Эл аралык мелдештерге жөнөргө.

Коргосун деп кыргыз элдин намысын,
Камсыз кылып дүйнөлүк чоң жарышын.
Куттуу болсун кайтып ошол эмгегиң,
Бүт дүйнөлүк алтын медал алышың.

Ак эмгекке келет өзү бак деген,
Азаматты табат өзү даңк деген.
Даңк демекчи «Данк» орденин кут болсун,
Эл атынан эң жогорку жак беген.

Узак өмүр, чың ден соолук каалаган,
Эл журтуңа дал ушундай барк менен.
Өрүш кеңип, өсүп улам зоболоң,
Асыл ага, жашай бергин даңк менен.



Сиздей эрге эр ортону жетимиш,
Жаштык кайрат, жигер менен келдиңиз.
Куттуу болсун элдин келип батасы,
Тилек кылган улуу жашка жетиңиз.
Кан Бакайдай кары болуп калдайган,
Убай көрүп узак жашап бериңиз!

## БАЙКЕМДИН ЫР КЕЧЕСИНЕ

*/Эстебес Турсуналиевдин 70-жылдык кечесине.*
*Өзүнүн обонуна салып/*

Эстекем акын булбулу,
Эстекем айтыш дулдулу.
Нөшөрлөп төксө бүтпөгөн,
Ырларга толо куржуну.

Эстекем кыргыз жанысың,
Эстекем кыргыз шаңысың.
Жүргөн жериң салтанат,
Шаңданып турган чагысың.
Жамгырдай ырга жан сергип,
Жасылып турган жарпысың.
Сен менен элиң мактанат,
Маңдайга бүткөн бактысың.

Залкарлар таптап жетилткен,
Алыска чапкан күлүксүң.
Мураска кеткен калтырып,
Шаңкылдап турган үнүсүң.

Кутмандуу элдик өнөрдүн,
Өрнөгүн улап жүрүсүң
Кут болсун ушул жүрүшүң
Эл менен жаркып күлүшүң.
Азайбай абдан көп болсун,
Арыбай өмүр сүрүшүң.
Токтобой узап төп болсун,
Толкундап өмүр сүрүшүң.
Кайраттуу болсун бакыбат,
Картайбай өмүр сүрүшүң.
Ырлардай болсун дайым жаш,
Ыр менен өмүр сүрүшүң.

Өрүшүң байке кең болсун,
Жеңемдей асыл тең болсун.
Кубана минтип алдында,
Кысарганча кол чаап,
Кубаттап турган эл болсун!
Батасын алып аман жүр,
Алкышы сизге дем болсун!

## ЧОЛПОНСУҢ БИЗГЕ ЖЕРДЕГИ

*/Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун торайымы, генерал Чолпон Баековага/*

Чолпонсуң бизге жердеги,
Чолпонсуң жарык элдеги.
Жамалың жана жан дүйнөң,
Чолпондой жанып сендеги.

Ак чолпон болуп чыккансың,
Аялдан чыккан сырттансың.
Акыйкат жолдон кайтпаган,
Ак ишиң менен султансың.

Ак чолпон болуп жангансың,
Ажайып аруу жандансың.
Адилет сурак жүргүзүп,
Аброй күтүп алгансың.

Жүзүңө күлкүң жарашып,
Суктанат көздөр карашып.
Ырынды уккан ар бир жан,
Уксак дейт кайра самашып.

Чолпондой жанып жылдызың,
Чогула сүрөп нур кызын.
Генерал кызын куттуктап,
Кол чаап турат кыргызың!



## ОЙДОГУДАЙ АДАМСЫҢ

*/Кыргыз Республикасынын маданият жана элге билим берүү министри Болжурова Ишенгул Садыковнага/*

Кайнененин камырынан дегендей,
Көрөм сени анык Тенти эжемдей.
Асылзаада, сыпалыгы, адеби,
Кайра кайтып арабызга келгендей.

Кайнененин камырынан калгандай,
Тенти эженин шамы кайра жангандай.
Кайнененин кайненеси Курманжан,
Кан жанынан кайра төрөп алгандай.

Тенти эжебиз арабызда жүргөндөй,
Жан дүйнөсү кайра өмүр сүргөндөй.
Жанга жагым айткан сөзүң сергитет,
Каптап турган капалыкты түргөндөй.

Кайненеден катуу тартип алгансың,
Качан болсо жакшылыкка даярсың.
Жалгандыкка жарык дүйнөң келишпей,
Адилдикке жаратылып калгансың.

Кайненеден өчпөс өрнөк алгансың,
Элиң үчүн эрдиктерге даярсың.
Сөздөрдү айтып жүйөөлүү да маанилүү,
Ою терең ойдогудай адамсың.

Касиеттүү кайненеге жаккансың,
Кызмат өтөп ак батасын алгансың.
Тийип ошол ак батанын айдыңы,
Ишиң өрдөп алга кетип жатасың.

Бакыт тапкан эненин ак жолунан,
Эненин ак тилегинен оюнан,
Берчи Ишенгүль таасим этип өбөйүн,
Тенти эжебиз тамак ичкен колуңдан.

Өрчүтүгө бар күчүңдү арнадың,
Маданият билим берүү аймагын
Козголбогон музду жиреп чыккандай,
Жандандырдың далай иштин ал жайын.

Маданият үйлөрүн бүт чаң басып,
Жабык турган кулпуларын дат басып.
Ыр тамаша сагынышкан элиңе,
Эшиктерин бериптирсиң кең ачып.

Көргөн сайын көргөнү артык пейлиңди,
Уккан сайын урматы күч кебиңди.
Кымбаттыгы сендей болсо деп тилейм,
Кыргыз элдин кызы менен келинин!

## ЖАРЫК БОЛДУ ЖҮЗҮҢҮЗ

*/«Кыргызстан» акционердик банкынын төрайымы,
Жогорку Кеңештин эл окулдор жыйынын депутаты
Шарипа Садыбакасовага/*

Сиз дегенде Кыргызстан банк дейбиз,
Эмгеги ак, өз ишине так дейбиз.
Бүт нерсени акча чечкен заманда,
Ал каржыны кармап турган алп дейбиз.

Сарамжалдуу апаларды тарткансыз,
Акча ишине темирдей бек, аярсыз.
Жумшалса деп жакшылыкка, максатка,
Эл кенчинин эртеңкисин карайсыз.

Банк акчасын бере бербейт белекке,
Жараса деп Мекен үчүн керекке.
Агарды чач «Банкир эже» аталып,
Эл казнасын алып жүрүп эсепке.

Таасын болду депутаттык ишиңиз,
Журт алдында жарык болду жүзүңүз.
Элестетип кыз Сайкалдай эжени,
Эчен эрди жыгып түштү күчүңүз.

Келишимдүү кермаралдай керилип,
Сүрүңүздөн эр азамат чегинип.
Элге кызмат өтөй бергин өчпөгөн,
Биздин кыздар мына ушундай дедирип!



## БИЙЛИКТЕ АЯЛ БОЛУУ

*/Бишкек шаарынын Биринчи май районунун акими
Токон Шайлиевага/*

Эркиндик бульварынан жыргап бастым,
Эркиндик күндөрүмдү ырдап бастым.
Көркүнө көзүм тоюп сергип бастым,
Өзүңө ушул ырды эргип жаздым.

Эркиндик бульварынан баскан сайын,
Аралап жүргөнсүймүн бейиш багын.
Ошондо сени издеймин. Сени эстеймин,
Келип бир жакшы сөзүм айтып алгым.

Өтүшөр сейил куруп кыш менен жаз,
Агылып бул көчөдөн кары да жаш.
Өзүңдү элестетип турар дайым,
Тамандар алдындагы саймалуу таш.

Эркиндик бульварынын ээси келип,
Жаркырап багы ачылар кези келип.
Каткырып селкинчекте бөбөктөрдүн,
Калгандай апасынын өзү келип.

Көрсөтүп кандай экен аял колу,
Аныктап айкындыгын аял жолу.
Жумшалып эл байлыгы сарамжалдуу,
Кандай экен бийликте аял болуу.

Кандай экен бийликте аял туруу,
Көркүн ачып турмушту аял куруу.
Кароосуз канча иштерди колго алып,
Агымды тетир кеткен оңго буруу.

Кандай экен бийликке аял баруу,
Эркектей болбосо да колдо каруу.
Эптексей кандан бүткөн жаны ишкер,
Жүзүндөй анын кылган иши аруу.

Ушул жердин акими аял дегизип,
Койдуң Токо ким экениң билгизип,
Чечип салып эски көөнө көйнөгүн,
Бишкегиме гүлдөн көйнөк кийгизип.

Кандай экен бийликте аял туруу,
Адамдык мээри жылуу, жолу улуу.
Жашоонун ажарындай көрктөп турган,
Жүзүндөй анын кылган иши сулуу.

Эмгегиң көзгө түшүп турган кези,
Боло алдың Бишкегимдин накта ээси.
Туш тарап жылдызданып, жакуттанып,
Көрүнөт күндүзүнөн көрктүү кечи.

Башкарып борборумдун борбор жерин,
Жүрөгүн кагып турган ордо жерин.
Парктарын, бульварларын, көчөлөрүн,
Жашартып, жасалгалап оңдоп бердиң.

Тана албайбыз биз да сиздей аялбыз,
Бирок сиздей өткүр сүйлөй албайбыз.
Артык көрүп эркектерди, бектерди,
Майтарылып эмнегедир жалтаңбыз.

Эр көкүрөк сиз башкача аялсыз,
Эр көтөргүс эрдик ишке даярсыз.
Керек жерде октой тийип, от болуп,
Эл иши үчүн алоолонуп жанасыз.

Абийриң жеп ичкенден алыс экен,
Бийлигиң эл журтуңа калыс экен.
Ичиңде издегениң уят экен,
Ишиңде иштегениң намыс экен.

Мындай иш ар убакта алга жүрүп,
Береке жандайт экен бакыт күлүп.
Өркөнүң өсө берсин, аман бол - деп,
Артыңдан алкыш айтат элиң сүйүп!
Сен эми Ысык-Көлдү гүлдөтүп кел,
Мээримиң жылууласын күндөй тийип.



## ТУНУК ДАЙРА

*/Кезинде райкомдун биринчи секретары,элди социалдык жактан коргоо министри болуп иштеген, азыркы ардактуу пенсионер Анипа Мырзалиевага/*

Сен дегенде салмактуу да, сабырдуу,
Элестейт тунук дайра мелмилдеген.
Созулуңку сылык сыпаа жүрүшүң,
Бир мүнөз чайпалбаган, төгүлбөгөн.

Назик мүнөз көңүлүңдү сылаган,
Жылуу, жумшак тоонун таза желиндей.
Адамдыкты, акыл менен ыйманды,
Жаратылыш берген экен ченебей.

Ойлоп туруп болор жерин түз айткан,
Ар убакта сөздөрүң так, калыссың.
Жүрөгүң ак, күл тартпаган өзүнө,
Адал иштеп күңкүл сөздөн алыссың.

Иштебедиң кандай гана кызматта,
Турчу дайым тууң болуп адамдык.
Тоо суусундай сенин тунук сүрүңдөн,
Алыс каччу жолой албай арамдык.

Катчы болдуң райкомго биринчи,
Ал убакта аялдардан жок эле,
Жерде иштедиң көп улуттар уюган,
Ынтымактуу элдин карды ток эле.

Бардык жактан алга чыгып район,
Бүт союздук Кызыл-Тууну алды эле.
Айтып жүрөт унута албай калың журт,
Адилдигиң, адамдыгың дагы эле.

Андан кийин социалдык министр,
Болуп кеттиң элдин камын көрүүгө.
Анык мээрим ээсин таап ал кызмат,
Алкыш алдың эл көзүнө көрүнө.

Кээ бир адам бир кызматка турса эле,
Кирет аны өзү үчүн иштетип.
Ачтан келген, жуттан келген өңдөнүп,
Май талканда, май чучукту тиштетип.

Жеп ичүүлөр түшкө кирбей сымпыйып,
Билген жоксуң бир айлыктан башканы.
Эл катары ошол мезгил сен үчүн,
Төрт бөлмөлүү үйүн гана таштады.

Сенин тунук адамчылык дүйнөңө,
Суу жетпеген чөлдөй чаңкап умтулам.
Бир чөмүлсөм сендей тунук дайрага,
Жаным сергип жагалданып кулпунам.

## АЯЛДЫК АСЫЛДЫГЫҢ

***/Профессор, Кыргыз Республикасынын элге билим берүүгө эмгек сиңирген ишмери Роза Мусаевна Рыскулбековага/***

Болорбу мынча ашык аялга аял,
Мамилең адамдарга жумшак аяр.
Мүнөзүң мерезди да ийиктирип,
Жумшартып жүрөгүнө бир от жагар.

Ар дайым көз алдымда күлмүңдөйсүң,
Чүйүмдүн ысык мээрим күнүндөйсүң.
Ала-Тоо аскасында назик, таза,
Ачылган сабагынан гүлүндөйсүң.
Кут болсун ак эмгектен алган наамың,
Кандай жан сага чындап сүйүнбөсүн.

Тирүүлүккө ракмат күлкү берип,
Кайгынын кансыраткан каарын жеңген.
Акыры кубанычтуу күндү берип,
Армандын алсыраткан зарын жеңген.

Ажобузга ракмат көңүл бөлүп,
Арттырган жүрөк толо кубанчыңды.
Канайымга ракмат мээрим төгүп,
Толтурган ак гүлдөргө кучагыңды.

Акыйкатка ракмат калк ичинен,
Жакшысын кыздарынын тааный билген.
Илимпоздор ичинен тандап алып,
Талыкпас эмгегиңди баалай билген.

Миң мертебе ракмат Теңириме,
Өзүңдөй периштесин сактап жүргөн.
Сенин да миң ракмат эрдигиңе,



Адамдык асыл наркты актап жүргөн.
Аркалап аруулукту, тазалыкты,
Аялдык асылдыкты актап жүргөн!
Алган жарга өмүрүн арнап коюп.
Аялдык адалдыкты даңктап жүргөн!

## ЗАМАНДЫН ЧЫГААН КЫЗЫСЫҢ

***/Тажиниса Абдурасул кызына-Жогорку Кеңештин Закон чыгаруу жыйынын депутатаы, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти/***

Кызыл-Туу кыргыз кызысың,
Кылычтын өткүр кырысың.
Айтылуу кыргыз кызысың,
Акындын ырдаар ырысың.
Замандын чыгаан кызысың,
Сабалап учкан кушусуң.
Заңайган тоонун учусуң,
Ырыстуу үйдүн кутусуң.
Мезгилдин мээрим кызысың,
Берилген улуу сынысың.
Жериңдин кызыл гүлүсүң,
Элиңдин бийик үнүсүң.

Депутат болуп шайландың,
Демине элдин айландың.
Демократия ишине,
Демделе бышып кайнадың.
Жамандыкты жапыра,
Жакшы сөз менен жайладың.
Адилдик иштен нар алып,
Ачылып гүлдөй жайнадың.

Берилип айткан кебиңди,
Белсенген жигер демиңди.
Беделден тайбай кайраттуу,
Бел тутуп калың элиңди.
Буруусуз тарткан экенсиң,
Курманжан датка бегиңди.

Үйдөгү эрдин жарысың,
Сырттагы элдин багысың.
Баландай көрүп келесиң,
Бапестеп жашы карысын.

Бакытка бөлөө тилегиң,
Бакыбат кылып барысын.

Пейилиң айкөл кең болуп,
Бардык элге тең болуп.
Артыңдан эрчийт калайык,
Айткан сөзүң эм болуп.
Аркалап жүгүн элиңдин,
Аял башың эр болуп.

Аруулукту Ак-Буура,
Суудан алган экенсиң.
Асылдыкты ак була,
Куудан алган экенсиң.
Ар намысты асаба,
Туудан алган экенсиң.

Адалдыкты ак буудай,
Нандан алган экенсиң.
Адамдыкты ата-энс,
Кандан алган экенсиң.
Асылзаада, ак нист,
Жандан алган экенсиң.

Асылдыкты боюңа,
Тагып алган экенсиң.
Жакшылыкты бапестеп,
Багып алган экенсиң.
Жалпы журтка андыктан,
Жагып алган экенсиң.

Элинс даңгыр жол болдуң,
Борборго сунар кол болдуң.
Аялдар менен балдарга,
Берерге жардам мол болдуң.
Адабий ишти колдодуң,
Маданий ишти оңдодуң.
Калкыңдын суроо талабын,
Жогор жакка жолдодуң.

Алдыңа койгон мүдөөсүн,
Аткармайын койбодуң.
Карандай сөздүн ордуна,
Калк кызыгын ойлодуң.



Калдайган коргон чеп болуп,
Калк укугун коргодуң.

Билимди алган колдонуп,
Бизнеске терең кирипсиң.
Өндүрүштү өөрчүтүп,
Өркүндөр сырын билипсиң.
Дүйнө эли менен соодада,
Алака түзүп жүрүпсүң.
Ордолуу Оштун өзүнө,
Тадж-Махал үйүн тигипсиң.

Үй ээси кандай дегизген,
Гүлдөп турган багың бар.
Меймапкана келишкен,
Ресторан барың бар.
Керегине келгендин,
Каалагандын баары бар.
Эки жүз гектар жер менен,
Мал чарба фермаң дагы бар.
Гүлдөтөр жашоо турмушту,
Үйрөнчү түркүн жагың бар.
Өзүңдөй кыздар көп болсо,
Кыргыздын анда багы бар.
Жакырдык качып жолобой,
Кыйындык күндөр арылар.

Бардык жактан колдогон,
Асандай асыл жарың бар.
Түшүнүшкөн бир бирин,
Түпкүлүү намыс арың бар.
Жеңилин алып колуңдан,
Ооруңду жонго көтөргөн,
Мындай жан кайдан табылар.
Бармактайдан баш кошуп,
Бакыттын отун жактыңар.
Балалуу болуп сүйкүмдүү,
Барестеп сүйүп бактыңар.
Билгиликке үйрөтүп,
Билимге эшик ачтыңар.
Сегиз уул-кызыңдан,
Он алты чүрпө таптыңар,
Бул жактан дагы көкөлөп,
Бапырап турган чактыңар.

Кадамжай сымап комбинат,
Каларда такыр жабылып.
Байлыктын баары тонолуп,
Жабдыктын баары таланып.
Каларда такыр тыптыйпыл,
Жер болуп жерге тапталып.
Кайратың менен өзүңдүн,
Калыптыр кайра сакталып.

Эл үчүн өтө керек деп,
Кирпич завод курупсуң.
Тамеки завод зарыл деп,
Калкыңдын дартын угупсуң.
Агылып кетчү байлыкты,
Калк камына бурупсуң.

Жетилсин деп жабыкпай,
Жетимдер үйүн салыпсың.
Жүздөн ашык балдарды,
Жетекке алып багыпсың.
Мээримден куру калганга,
Мээримдин отун жагыпсың.

Калк көйгөйүн тыңдадың,
Кары жашын жыйнадың.
Кара жанды карч уруп,
Аткармайын тынбадың.
Кылымга калар айтылып,
Кыргызга кызмат кылганың.

Кызматың баалайт кыргызың,
Кымбаттуу сендей нур кызың.
Ардактап тактык төшүңө,
Ала-Тоонун жылдызын.
Жарыгы тийип жалпыга,
Жаркырай берсин жылдызың.

Күлкүсүн чачкан күн болсун,
Мээримин төккөн түн болсун.
Баркыңды билген жар болсун,
Балдарың жанда бар болсун.
Бактылуу болуп аман жүр,
Ажарын чачкан таң болсун.
Кадырың артып калкыңа,
Каалаганың бар болсун!



## АК КУУДАЙ АППАК НИЕТИҢ

*/Эмгек жана социалдык жактан коргоо министри Акназарова Роза Корчубековнага/*

Жакшылык үчүн алексиң,
Жакшыдан өнгөн данексиң.
Акылга билим айкашып,
Жаңы күн үчүн керексиң.

Адебиң артык кериле,
Ак дилден ишке бериле.
Ажарың жаркып алтын кыз,
Ак шамдай тийип элиңе.

Эл талабын колдоойм деп,
Жакырдыктан коргоойм деп.
Көтөрүп чоң жүк келесиң,
Жашоолорун оңдоойм деп.

Ак куудай аппак ниетиң,
Булактай таза жүрөгүң.
Бакубат жаркын турмушка,
Элиңди келет сүрөгүң.
Периште болуп ылайым,
Куп болсун асыл тилегиң.

## МАСЕЛЕ ЧЕЧЕТ ДҮЙНӨЛҮК

*/Отунбаева Роза Исаковнага/*

Элечек кийип башыңа,
Элчибиз сүйүн, кыргызым.
ООНдо сүйлөп жатпайбы,
Роза аттуу бир кызың.

Акылдуу, чечен, билимдүү,
Канты бар экен тилинде.
Адептүү, сыпаа, ыймандуу,
Наркы бар экен дилинде.

Кыргыз кызы сүйкүмдүү,
Мөнтөйгөн сулуу кара көз.
Далайдын оозун ачырат,
Оозунан чууруп даана сөз.

Ааламга эркин учууга,
Көп тилди алган үйрөнүп.
Адамзат үчүн кам көрүп,
Маселе чечет дүйнөлүк.

## КЫРГЫЗДЫН СЫЙЛАП АТАСЫН

*/ «Түгөлбай ата» коомунун торайымы Жамила Макеш кызына/*

Түгөлбай ата коому деп,
Түбөлүк калчу жолу деп.
Талыкпай иштеп келесиң,
Табыштап кеткен ою деп.

Көсөмдүк кылып калыпсың,
Көзү бар кезде барыпсың.
Көргөзмө иштеп көп ишти,
Көп батасын алыпсың.

Асыл иш тандап алыпсың,
Атпай журтка жагыпсың.
Атанын жолун улантып,
Алтымыш аттап калыпсың.

Окшошуп кетет Түкемe,
Сүйлөгөн сөзүң, күлгөнүң.
Басышың жана мүнөзүң,
Жайкалып калбаат жүргөнүң.
Жаралып калган мүмкүн сен:
Өз кызы болуп жүрбөгүн,

Дейсиң сен анда бырс күлүп,
Мен өзүм Чүйдүн кызымын.
Түкемдин кызы болобуз,
Кыздары бүткүл кыргыздын.

Түкемдин бүткүл кыздары,
Кылбадык эмгек сенчелик.
Арбагын сыйлап аталап,
Келесиң дайым эскерип.
Чыгыш керек болуучу,
Суурулуп бирөө тескелип.
Ошол сен болдуң ракмат,
Келесиң иштеп белсенип.



Кыргыздын сыйлап атасын,
Кыдырдын алып батасын.
Кадырың менен балпайып,
Калкыңа сүйкүм апасың.

Улуунун алып батасын,
Убайын көрүп жатасың.
Умай эне өңдөнүп,
Уздай көңүл тазарсын.

## ЗАМАНДАШЫМ, САНААЛАШЫМ

*/Таланттуу акын, жазуучу, драматург,*
*котормочу Эрнис Турсуновго/*

Кайраттуу адабият Балбайысың,
Кажыбас көрком сөздүн балбанысың
Чеченсиң кызыл тилин кайрап турган,
Даанышман Боронбайдай данасысың.
Бир туруп Баласагын бабабыздай,
Бир туруп ырдын пири жез таңдайсың.
Талантың күргүштөгөн дайра сымал,
Ага ким жаны сергип чайынбасын.
Калк үчүн курман болгон жакшы атанын,
Асылдан асыл тууган баласысың.
Эң катуу талап коюп, кайра аяган,
Мээрман балдарыңдын атасысың.
Ар күнү тилегиңди тилеп турган,
Алганың Жамиланын санаасысың.
Кыйбаган, унутпаган, таштабаган,
Туруктуу досторумдун тазасысың.

Тайманбас беттегенден баатырдайсың,
Качырып Пушкинге да катылгансың.
Сүйлөтүп кыргыз тилде жатык, таамай,
Дүйнөнүн далай алпын багынткансың.
Бет багып кудайымдын ыйык сөзү,
Библия, Куранга да батынгансың.
Жүргөнсүйт арабызда тирүү гений,
Башыңа энциклопедия батыргансың.

Жаркынсың көөнү жарык замандашым,
Төп келген ою бирге таламдашым.
Сагынып көрүшкөндө жарк дей түшкөн,
Жүрөктөн сыр чечишкен санаалашым.

Кең пейил кыргыз пейли каныңда ойноп,
Бапырап адамдыкка жаралгансың.
Акындын табияты дал өзүндөй,
Ким сени жакыным деп санабасын.
Көргөндө таттуу сөзүң жанды эритет,
Көңүлүм кантип сени сагынбасын.
Сөз бүтпөйт, ойлор оргуп, бирге отурсак,
Түн кирип мейли кайра таң агарсын.
Айта түш, айта түш деймин сөз пашасын,
Бийиктеп ой кыялым сабаласын.

Бирге отуруп эчен таңды атырдык,
Ырлар окуп ыр ырдадык каткырдык.
Кытыгылап сенин таттуу тамашаң,
Толкуп, ташып көңүлдөрдү шат кылдык.

Ак жарылып агыласың жан досум,
Ачып салып жүрөгүңдүн ордосун.
Аял менен эркек жакын болушса
Жакшы ойлобос жаман жосун оңбосун.

Эң негизи түшүнүшөт бүлөбүз,
Кыңыр сөзгө кыткылыктап күлөбүз.
Бир туугандай жамандыкка күйүшүп,
Жакшы күнгө күбө болуп жүрөбүз.

Оозундан нур төгүлгөн кебиң сенин,
Арстандай күркүрөгөн демиң сенин.
Түгөнбөс казып бүтпөс казына го,
Жаркыган жан дүйнөңдө кениң сенин.
Алтындын колдо барда баркы жок деп,
Бааңды айтып жүрөт элиң сенин.

Сенин отсуң күйүп турган жалындайсың,
Оргуган аталардын каныңдайсың.
Тилинде мөөрү бар бабалардын,
Оозунан кайра түшө калгандайсың.
Сен өртсүң керек жерде кайрып түшөр,
Огундай чагылгандын чартылдайсың.

Кыргызга келген сыйлык олжосуң го,
Азыр сен байкалбайсың колдосуң го.
Кокустан бир жоготуп алчу болсок,
Орунуң омкорулуп толбойсуң го.



Байкалыш үчүн өзүң умтулбайсың,
Алсам деп сыйлык, наамга жутунбайсың.
Эмгегиң атакты өзү алып берген,
Элиңдин унчукпаган кутундайсың.

Талпынып жүргөнүң жок даңкты kууп,
Иштейсиң күнү-түнү таштай уюп.
Балкайган ичиң толо чыгармабы,
Жатасың жылда жаңы роман тууп.
Бекинип үйдөн чыкпай жатсаң деле,
Даңк сени издеп жүрөт өзү кууп.

Кыргыздын жүзү болуп, ары болуп,
Жазганың жан дүйнөгө дары болуп.
Толтуруп арабызды аман жүргүн,
Бизге дос, Жамиланын жары болуп.

## СЕНИН ЫРЫҢ СЕНИ ТАРТКАН

*/Эл акыны Эсенкул Ибраевке/*

Сенин дүйнөң чалкып жаткан ыр дүйнө,
Ырга айланып кеткенби деймин ал мүлдө,.
Теңир-Тоонун бүркүтүндөй чабыттап,
Бийиктиктен көзүн салып бул күнгө,
Шаңшып учуп шукшурулган шумкардай,
Табы жетип келген экен күүнө.

Жаз, Эссе, сенин ырың туздуу ыр,
Мекен жүгүн моюнга арткан куттуу ыр.
Таамай тийчү дал бутага октуу ыр,
Арамдыкты куйкалоочу оттуу ыр.

Жаз, Эссе, сенин ырың салттуу ыр,
Таңдайларды тамашандырган таттуу ыр.
Эл мүдөөсү эл башчысы баш болуп,
Бардык адам бали деген нарктуу ыр.
Биримдикке, ар намыска чакырган,
Бийик нуска, сөз атасы барктуу ыр.

Сенин ырың жанар тоодой жанган ыр,
Эр көкүрөк, батыр мүнөз балбан ыр.
Шапат чачып сезимдерге шаркырап,
Нарын суудай октoрулуп аккан ыр.
Ырдын пири Эралиев агабыз,

Поэзия генералы деп атап,
Аны бардык уккан адам кубаттап
Улуу адамдан улуу наам алган ыр.
Чын талантты баалай билет чын талант,
Таамай айтып, эл мүдөөсүн тапкан ыр.
Акылмандык, адеп, ыйман махабат,
Ак таң болуп көңүлдөргө аткан ыр.
Ой чабыты кенен, көркөм жана так,
Аны өзү жалындатып айтып жат,
Жаамы журттун оюна от жаккан ыр.

Сенин ырың салып чабуул дүрбөлөң,
Чалкан тилдүү кемчиликти чаккан ыр.

Сенин ырың жеп ичкичтер сүрдөгөн,
Темөөрү курч ителгидей чапкан ыр.
Биримдикке угут болуп бөлүнгөн,
Эл бузардын арам демин баскан ыр.
Сенин ырың мизиндей курч кылычтын,
Былык менен чылыктарга чапчаң ыр.

Сенин ырың сени тарткан ак ниет,
Шаңы бийик жаркылдаган шатман ыр.
Сенин ырын сени тарткан кенендик,
Кең талаадай чалкып жаткан даркан ыр.
Сенин ырың сени тарткан бийиктик,
Теңир-Тоонун чокусундай залкар ыр.
Сенин ырың сени тарткан терендик,
Ысык-Көлдөй толкуп жаткан чалкар ыр.

Сенин ырың сени тарткан жакшылык
Жарык нурун сезимдерге чачкан ыр.
Туусун ыргап, ырын ырдап замандын,
Өзүн ачып, өз бактысын тапкан ыр.
Сенин ырың сени тарткан ыймандуу,
Теңир сүйүп, Теңириме жаккан ыр!



## ЖАРАДЫҢ КЫЙЫН КҮНДҮН КЕРЕГИНЕ

*/Кыргызстан Жазуучулар союзунун президенти, акын Надырбек Алымбековго/*

Ак адил экениңди көрүп, билип,
Эл өзү тандап алды көөнү сүйүп.
Ишенип сага кары, жашы дагы,
Сыймык жок мындан ыйык, мындан бийик.

Сунушту кабыл алдың башыңды ийип,
Түшүнүп кыйындыкты көрүп, билип.
Каларда оту өчүп биримдиктин,
Жандырдың коломтосун үйүн тигип.

Тарабай жазуучулар уюмубуз,
Бар болуп касиеттүү уюгубуз.
Түптөлүп сен бар үчүн жашап келет,
Акталып үмүтүбүз, сунушубуз.

Бар болуп бара турган төркүнүбүз,
Баш баанек, түндүгүбүз, өз төрүбүз.
Туулуп калбасак да бир энеден,
Бир тууган рухубуз, көңүлүбүз.

Канчалык кубат болуп барганыбыз,
Баш кошуп бажылдашып алганыбыз.
Окулуп оргуп жазган ырларыбыз,
Айтылып ичте жаткан арманыбыз.

Кубанып толкуп жазган ырыбызга,
Кубарып кээде обу жок чырыбызга.
Токтоолукту көргөзүп тоодой болуп,
Көтөрүп көнүп келдиң ыгыбызга.

Көрдүк го сабырдуулук, эрдигиңди,
Көрдүк го далай айкөл кеңдигиңди.
Көрө албас жанды дагы аяп турган,
Көрдүк го бары жокко теңдигиңди.

Жарадың кыйын күндүн керегине,
Барпаңдап бардар болуп бересиңе,
Айла жок баалабастар баалабасын,
Баалаган сактайт жүрөк тереңине.

Көп көрдүк кайрымдуулук кылганыңды,
Окудук толкуп жазган ырларыңды.
Адамдын тазарса деп жан дүйнөсү,
Ойлогон ыйык тилек, ыйманыңды.

Ырыңды ырдап жүрөт элиң жыргап,
Бүтпөгөн махабатты бүтпөйт ырдап.
Көтөрүп көңүлдөрдү күүгө салып,
Обонго келип турат сезимди ыргап.

Ырларың сыяктанат ырдап жазган,
Өзү эле күүгө келип жыргап жазган.
Келтирип турат адам ырдагысын,
Жүрөктүн назик сырын тыңдап жазган.

Ырларың көңүлдөрдү гүлдөп жазган,
Жер, сууга жан киргизип түрдөп жазган.
Камчы уруп арамдыкка, жалгандыкка,
Адамды жакшылыкка үндөп жазган.

Ырларың уккулуктуу жеңил жазган
Кыйнабай адамдыкты кеңир жазган.
Ыйманың тазаланып окуганда,
Ойлойсуң сөздөрбү деп Теңир жазган.

Жакын алып тескери адам катасын,
Билем кээде терең ойго батасың.
Жалгыз гана кудай көзү түз болуп,
Ыраазы болуп, Теңир берсин батасын!...



## КАНДАЙ ЭЛЕ КАСЫКЕМ

*/Касымалы Бектенов атындагы мектептеги адабий музейдин ачылыш аземинде окулган ыр/*

Эскеребиз бүгүн биз,
Кандай эле Касыкем.
Күйүп турган балбылдап,
Шамдай эле Касыкем.
Күнү чыккан жаркырап
Таңдай эле Касыкем.
Айткан сөзү жагымдуу,
Балдай эле Касыкем.

Качан көрсөң жайдары,
Шайыр эле Касыкем.
Жакшы адамга жаны ынак,
Байыр эле Касыкем.
Адам менен бапырап,
Байыр эле Касыкем.
Боорукер жана колу ачык,
Жайыл эле Касыкем.

Ысык-Көлдөй пейили,
Кенен эле Касыкем.
Чалкып жаткан акылы,
Терең эле Касыкем.
Эли үчүн жанын да,
Берер эле Касыкем.
Эл ичинен сөз гүлүн,
Терер элем Касыкем.
Жакшылыкка жаралган,
Берен эле Касыкем.

Чалкып жаткан көңүлү,
Деңиз эле Касыкем.
Телегейди тең көргөн
Тегиз эле Касыкем.
Райкандай талантка,
Эгиз эле Касыкем.
Достук жактан тууганга,
Бергис эле Касыкем.

Кара кылды как жарган,
Калыс эле Касыкем.
Бут тосуудан бирөөгө,
Алыс эле Касыкем.
Элдин наркы тутканы,
Намыс эле Касыкем.

Тапкандарын башкага,
Берип турчу Касыкем.
Берген сайын пейили,
Кеңип турчу Касыкем.
Пейли сүйгөн адамга,
Эрип турчу Касыкем.

Опур-топур үйүндө,
Эл болуучу Касыкем.
Байырлаган адамга,
Бел болуучу Касыкем.
Дасторкону жыйылбай,
Кең болуучу Касыкем.

Театр деп эң алгач,
Жанып чыккан Касыкем.
Балапандан жетилтип,
Багып чыккан Касыкем.
Урумкандай сулууну,
Алаканда ардактап,
Алып чыккан Касыкем.
Жылдыз кылып сахнага,
Тагып чыккан Касыкем.

Сахна өнөрүн кыргызга,
Түптөп берген Касыкем.
Оюн коюп дүйнөлүк,
Түрдөп берген Касыкем.
Таланттарды талпынтып,
Үндөп берген Касыкем.

Пудовкиндин эр уулун,
Жазып берген Касыкем.
Куйручуктун күлкүсүн,
Касып берген Касыкем.
Шайыр Шаршен куудулун,
Ачып берген Касыкем.
Саякердин көз жашын,
Артып берген Касыкем.



Эмгегиңди эскерер,
Эл бар экен Касыке.
Эл башчысы күйөрман,
Бел бар экен Касыке.
Касиеттүү Кара-Ойдой,
Жер бар экен Касыке.

Жоомарт, Эрмек, Шаршендей,
Чүрпөлөрүң бар экен,
Сизди тарткан кең пейил,
үкөлөрүң бар экен.

Күүлдөгөн Эрнистей,
Күйөө балаң бар экен.
Кадырыңды көтөргөн,
Күйөөр балаң бар экен.
Ар сөзүңдү эсине,
Түйөөр балаң бар экен.
Арманың жок Касыке,
Сүйөр балаң бар экен.

Жамила, Гүлай, Канайым,
Асылдарың бар экен.
Атаны тарткан ак ниет,
Энени тарткан жайдары,
Жакшыларың бар экен.

## КЕТИП БАРАТ КУШ КАЙТЫП

*/Казакстандын жана Кыргызстандын эл акыны Мухтар Шахановдун кыргыз тоосу менен коштошуу кечесинде/*

Кыргыз тоо менен кош айтып,
Кетип барат куш кайтып.
Уясын калган кыя албай,
Кылчактап улам каранып,
Кетип барат куш кайтып.

Ыйыгыңдан жөлөгөн,
Кыя калды бийкта.
Балапаның төрөлгөн,
Уя калды бийкта.

Күлүктөй чапчу күүлөгөн,
Учуруп кушча таптаган.
Канат күүлөп жанаша,
Ааламга бирге каттаган.

Катарлаш бирге басышкан,
Көңүлдү бирге ачышкан.
Омоктуу ойлор төп келип,
Китепти бирге жазышкан.
Ааламды бирге багынтып,
Адамга жарык чачышкан
Өзүң сүйгөн Чыңгыздай
Агаң калды бийкта.

Батасын берип баалаган,
Айланам деп жалынган.
Сабирадай сексенде,
Апаң калды бийкта.
Акыл сөз айтып баптаган,
Талантыңды баркташан.
Сүйүнбайдай ыр пири,
Атаң калды бийкта.
Ырыңды окуп жаттаган,
Басса турса мактаган,
Балаң калды бийкта.

Урмат менен узданган,
Уздар калды бийкта.
Жүрөктөрү туйлаган,
Кыздыр калды бийкта,
Унутпагын тийкта.

Жүрөгүң сенин кең эле,
Жүргөнүң бизге дем эле.
Акылың айдың кең эле,
Айтканың бизге дем эле.
Адамдык жүктү аркалап,
Аткардың көп иш эң эле.

Эки көздүн карасы,
Эки элдин орток баласы.
Эзелки өткөн бабадай,
Эки элдин орток данасы.



Эки элдин орток деңизи,
Чыңгызымдын эгизи.
Эки элдин уулу убайлуу,
Эки элдин рух энчиси.

Кош дегенден коркобуз,
Кетпесин узап ортобуз.
Эки элге алтын көпүрө,
Сен элең улуу олжобуз.

Кош дегенди айтпайбыз,
Кетпесин узап арабыз.
Келип тур кайра сагынтпай,
Болбосо издеп барабыз.

Гүлбарчындай ак жаркын,
Түгөйүң менен аман бол.
Айчүрөктөй балапан,
Чүрөгүң менен аман бол.
Кыргызды сүйгөн кең пейил,
Жүрөгүң менен аман бол.
Бүтпөгөн рух булагы,
Мүрөгүң менен аман бол.

Кааласа баары табылар,
Күн өтүп мезгил агылар.
Тууган жердей кайда бар,
Уясын Чүрөк сагынар.

Сагынчын анын туйгула,
Сагынтпай келип тургула.
Кусалыгын туйгула,
Кубантып келип тургула.
Ыр жандуу кыргыз калкына,
Ырлардан белек сунгула.
Сагынчыбызды туйгула,
Сагынтпай келип тургула!

*7-май 2003 жыл*

## МУКАМЫН ЖАЗБАЙ САЙРАГАН

*/Кыргыз Республикасынын эл артисткасы, акын Дарика Жалгасыновага/*

Сүйүктүү кызсың сүйүүгө элдик арзыган,
Булбулу болуп мукамын жазбай сайраган.
Сахнада андан ачылып чыга келсең,
Күн нуру тийген гүлдөрдөй жүзү жайнаган.

Ажарга айдай аргендей үнүң жарашып,
Атыңа сенн болбоду дейсиң ким ашык.
Селки го дешет алтымыш ашып калсаң да,
Суктанган көздөр жашыңдан анык адашып.

Күмүштөй шыңгыр сендеги үндүн жыргалы ай!
Жүрөгүң сенин дилдиреп кагып сырга бай.
Китебиң чыкты «Замандаштарга эстелик»
Акын да белең, жүрөгү толо ырга бай.

Кел, анда Дакс, Куттуктап кучак жайалык,
Өткөрүп төргө катарга кабыл алалык.
Акындык өнөр бериле бербейт ар кимге,
Чамдагын гана, чоң жарыштарга чабалык.

## СЕНИ СҮЙБӨС АДАМ ЖОКТУР

*/Роза Амановага/*

Торгой тилдүү, булбул үндүү,
Тоту куштун түрүндөй.
Сен ырдасаң жүрөк балкыйт,
Кантип турам сүйүнбөй.

Сен ырдасаң жанган шамдай,
Жайнап чыгат жамалың.
Таңдайыңдан тамган балдай,
Дастандарың, абаның.

Ажарыңа көңүл толгон,
Аткан таңдай сөгүлүп,
Тоо суусундай тунук обон,
Көмөкөйдөн төгүлүп.



Махабаттын тунук ырын,
Сен ырдасаң назданып.
Эх чиркин деп сергийт көңүл,
Эрип кетпей аз калып.

Арстаналы, Барсбектей,
Баатырларды төрөдүң.
Ыйык таза тилек менен,
Ыр бешикке бөлөдүң.

Бешик термеп кыял менен,
Ырды кошо терметип.
Үмүтүңдү актап берсин,
Уулдарың эр жетип.

Сендей асыл чанда чыгат,
Кыргызымда бирөө го.
Сени сүйбөс адам жоктур,
Сүйбөй коюш күнөө го!

## ЖЫЛЫНЫП АЛАЙЫНЧЫ

*/Каныш Сулаймановага/*

Эжеке, бул мен эле эшигиң ач,
Жылынып алайынчы дагы бир аз.
Жүрөгүм калч-калч этип бир бороондон,
Буйугуп жыгылчудай турам ырас.

Эжеке, бул мен эле эшигиң ач,
Үшүттү жүрөгүмдү бир адам пас.
Титиреп турам тоңуп ала жайда,
Жылынып алайынчы мээримиң чач.

Эжеке, эшигиң ач кейип турам,
Өзүңдү таянч кылып келип турам.
Оңолуп алайынчы суук сөздөн,
Сөгүлүп миң жеримден кемип турам.

Эжеке, бул мен эле эшигиң ач,
Кирейин жумшак, жылуу жүрөгүң ач.
Оо, бүгүн ачка болдум жакшы сөзгө,
Эмнеге кээ адамдын жүрөгү таш.

Бир көтөрсөң, көтөрөсүң сен гана,
Бүгүнкү чөгүп турган көңүлдү пас.
Күндөй мээрим касиетиң бар эле,
Каптаган булутту айдап, көңүлдү ач!

## КҮЙҮП ТУРГАН ЖАЛЫН АЛ

*/Сүйүктүү ырчы, жаркын замандаш Гүлсүн Мамашовага/*

Кыргызымда Гүлсүн деген жалын бар,
Эл алдында эргип ырдап жалындаар.
Арманда өтөр бир жылынып калбаган,
Адам эмес күйүп турган жалын ал.

Кыргызымда Гүлсүн деген жыргал бар,
Таңдайында тамшандырган ырлар бар.
Жыргап ырдап, укканды да жыргатып,
Шаттык ырдын шаңын ачка сырлар бар.
Эргип ырдап, эркин ырдап артынан,
Эстра ырлар ээрчип келген жылдар бар.

Кыргызымда Гүлсүн деген талант бар,
Жалындатып жүрөккө от жагат ал.
Жарпты жасып, жаныңды бир жыргатып,
Кайып учкан кыялыңа канат ал.

Кыргызымда Гүлсүн деген чүрөк бар,
Миң кубулжуп, ырдап турган жүрөк ал.
Кумарлантып анда таттуу көмөкөй,
Сыйкыр добуш, шыңгыр тунук мүрөк ал.
Жаркын мүнөз жаракөр да, жайдары,
Жашообуздун шаңы болуп жүрөт ал.
Жайна Гүлсүн, ырдын дем арытпайт,
Сайра Гүлсүн, булбул үнү карыбайт.



## СЕНИН ҮНҮҢ ЗАМАН ҮНҮ

*/Байма Сутоновага/*

Күн сайын үйүбүздүн коногусуң,
Кол жеткис бирок өзүң ободосуң.
Таймамбай туура сөздү таасын айтып,
Жасакер жалгандыкка жолобойсуң.

Үнүңдөн жатат дейбиз Байма сүйлөп,
Жалындап жакшылыкка жаныңды үрөп.
Айтканың заман үнү, эл көйгөйү,
Сөзүңдөн далай эрлер турат сүрдөп.

Айтышат манчыркоодон алыс экен,
Кара кылды как жарган калыс экен.
Ичинде издегени уят экен,
Ишинде издегени намыс экен.

Өмүрүң узун болсун коробосун,
Шыр болсун, бөөдө кырсык жолобосун.
Кыргыз үнүн кыйырга жеткирe бер,
Зоболоң улам бийик оболосун.
Кол чаап турат сага бүт угарман,
Тер менен келген сыймык куттуу болсун.

## ШААРЫҢАР ГҮЛДӨП ӨСҮПТҮР

*/Жала-Абад шаарынын мэри Болот Жумабековго/*

Эл өзү каалап шайлаган,
Эл өзү тандап баалаган.
Элинин актап үмүтүн,
Эл ишине жараган,
Эр жигит сенде эмне арман.

Курманбектин чоң тойдо,
Курсант болду бүткүл эл.
Эби менен башкарып,
Элге болдуң тоодой бел.
Курманбек болуп жүрбөгүн,
Кайрылып элге келген эр.

Шаа жеткис иштер болуптур,
Шаарыңар алага озуптур.
Эки миң эки жүз жылдыкты,
Сыймык менен тосуптур.

Манас атаң тирилип,
Курманбек баатыр келиптир.
Касым, Иса агалар,
Ажого салам бериптир.
Курманжан апа алкыштуу,
Ак бата берип кетиптир.

Адам ата, Обо эне,
Шаарыңарда калыптыр.
Кааланьардын түбөлүк,
Касиети артыптыр.

Жакшы жакка көчүптүр,
Шаарыңар гүлдөп өсүптүр.
Мамлекет майрамы,
Маанайы жарык өтүптүр.

Кай жагыңа караба,
Калаандын баары жасалга.
Эсепсиз иштер бүтүптүр,
Элиңди баштап ашарга.

Манас атаң жар болуп,
Ишиңди дагы жолдосун.
Калаанын ошол сен жүргөн,
Касиети колдосун!

## АЯЛ ТУРАП, ЭР МҮНӨЗДҮҮ

*/Жалал-Абад автобазасынын директору Батма Кочкоровага/*

Аял туруп эр мүнөздүү жан дешет,
Өктөмдүгү, өткөрдүгү бар дешет.
Менменсинген эчен эрлер титиреп,
Үйдө болсо назик, жумшак жар дешет.

Эне дешет камкор жана мээримдүү,
Алган жарга, балдарына күйүмдүү.
Чечип коймо, акылкөйлүк жагы бар,
Не бир татаал маселени түйүндүү.



Эсептесек отуз жылды узатты,
Эрлер кылчу иштеп жүрүп кызматты.
Дайын болуп автоунаа жолуна,
Ак жол ачып эл көңүлүн кубантты.

Көрөгөч көрө билме иштин жайын,
Табышкер таба билме жоктун барын.
Чечкиндүү, таза жүрүп , так иштеген,
Жараткан берген экен бардык жагын.
Өзгөчө чоң жазуучу, генералдын,
Чоң акын Кубанычбек Бакиевдей,
Чоң адамга жар болуу улуу багын.
А балким өзүң ачып жүргөндүрсүң,
Жаркытып, жаадыратып анын багын!
Гүлдөтүп жашооңорду күлүп жайнап,
Дал ушул жүрүшүңдөн жаңылбагын!
Жаздай-жаш, сулуу болгун, сүйүктүү бол.
Эч качан карылыкка багынбагын!

## АЙТЫЛЫП КЕЛЕТ АНЫН АДАМДЫГЫ

*/Эл көңүлүнөн түнөк тапкан беделдүү мамлекеттик ишмер Эмилбек Узакбаевге/*

Кайда иштебе таасын болду кадамың,
Далай бийик эл ишине жарадың.
Сен элиңе, элиң сага таянып,
Кыргыз үчүн Ала-Тоодой карааның.

Эң негизги нарктуу жакшы адамсың,
Эл иши үчүн качан болсо даярсың.
Теңир берген элчисиндей ырыстын,
Теңир тоонун жүрөгүндө калгансың.

Анык атуул аянбадың калкыңдан,
Жакшы сөздөр ээрчип жүрөт артыңдан.
Кызмат орун алмашылды канча ирет,
Тайган жоксуң эң негизи баркыңдан.

Нур төгүлүп жүзүң жарык жаркырап,
Мүнөзүң бар ачык айрым бапырап.
Калган өңдүү жакшылыкка жаралып,
Тоо суусундай төгүлөсүң шаркырап.

Ток пейил жеп ичкенден алыс болуп,
Кара кылды как жарган калыс болуп.
Астектеп ата наркын, элдин салтын,
Айтылып адамдыгың аңыз болуп.

Көкөлөп элиң менен бийик болуп,
Теңир-Тоо аскасына бийик конуп.
Көкөлөп турсаң дагы көпкөн жоксуң,
Башыңды калкың үчүн ийип коюп.

Ниетиң ак жолобогон арамдык,
Бийик экен өзүңдөгү жарандык.
Кызмат орун өзгөрүлдү канча ирет,
Кала берди өзгөрүлбөй Адамдык.

Жарыкты көөдөндөгү жагып коюп,
Алысты көрө билдиң багыт коюп,
Байлыкты, берекени таба билдиң,
Эл көйүн бийиктикке тагып коюп.

Бир ооз сөзүң эл көңүлүн жылытып,
Ишенимдин алтын жибин ыргытып.
Бир ооз сөз иренжитет кээ бирде,
Кыя чаап адам көөнүн сындырып.

Бир ооз сөз элиң үчүн дем болуп,
Үмүт жанган жүрөгүнө эм болуп.
«Мен элиме болсом болду ак жотой»!-
Деген сөзүң аска тоодой бел болуп.

Ал тилегиң ишке ашты деп жүрүшөт,
Ак эмгекти, аракетти билишет.
Аруулукту даңазага айлантып,
Аңыз кылып адамдыгың сүйүшөт.

Теңир берип ал тилегиң оң болуп,
Ишке кирди ишканалар оңдолуп.
Коом алмашып кеткен чарба тонолуп,
Кайра баштан колго алынды корголуп.

Кол жетпеген бийиктиктер багынды,
Ой жетпеген мол түшүмдөр алынды.
Кырк түйүнүн чече билип учурдун,
Улуу тоодо улуу оттор жагылды.



Уюткулуу сөз уңгусу жибитип,
Өчүп турган үмүттөрүн тирилтип.
Алып учуп кол чабуулар көңүлдү,
Баракелде, баракелде дедирип.

Кандай ыйык элдик ошол ишеним,
Камыр, жумур бир чечишип иштерин.
Бир чөөгүндөн чай ичишип отуруп,
Акылдашып бөксөртүштү ичтерин.

Жетекчисин бир туугандай көрүшүп,
Ичте жаткан бүт сырларын төгүшүп.
Сөөлөт күтүп манчыркабас мансапка,
Жарты нанын аны менен бөлүшүп.

Жетекчинин ар бир сөзү баркталып
Көчөт тигип, көп иштерге аттанып.
үй курушуп, эзели аки көрбөгөн,
Жаркырады үйлөр дээрлик акталып.

Жакшысы да, жаманы да ылганып,
Чачылганы кайра баштан жыйналып.
Күйүүчү май, техника, акча жагынан,
Жардам алды турган элдер кыйналып.

Ишке келип иштин көзүн билгендер,
Иштен кетип илең-салаң жүргөндөр.
Башкалардын эсебинен жан багып,
Мителердей арам өмүр сүргөндөр.

Деп келдиң элим сени жериң багат,
Мээнеткеч ырыскысын жерден табат.
Эзелтен элди баккан жери болгон,
Байлыкты терин төккөн жерден алат.

Кыдырып көрүп жүрдүң көзүң менен,
Жагымдуу жарпты жасар сөзүң менен.
Жаралап жүрөгүңдү жакыр турмуш,
Уктатпай сүйлөшөсүң өзүң менен.

Канткенде калк турмушун жакшыртсам-деп,
Ташкынын жакырдыкты басылтсам-деп.
Берекени Нарындан сузуп алып,
Жалпыга жарык нурун чачылтсам-деп.

Түйшүктү толгон токой кечип жүрдүң,
Ордунда маселени чечип жүрдүң.
Кагазда отчет эмес өзүң көрүп,
Оорутуп жүрөгүңдү эзип жүрдүң.

Жардамды ар тараптан берип жүрдүң,
Жан жыргап берген сайын кеңип жүрдүң.
Билебиз аны сайын жүзүң жаркып,
Жаркырап жүрөгүңдөн эргип жүрдүң.

Элиңдин турмушуна үңүп жүрдүң,
Эчен бир эссиздерге түтүп жүрдүң.
Телибай тентектерин теске салып,
Элиңдин эртеңи үчүн күйүп жүрдүң.

Тентек да теске келип жайлуу болду,
Мал багып жегендери майлуу болду.
Жер багып, эгин айдап, бак өстүрүп,
Жетилип очор-бачар жандуу болду.

Ошентип барган жериң оңдоп келдиң,
Берилип эл көйгөйүн ойлоп келдиң.
Ак жолтой болуп өзүң тилегендей,
Элинди жакшылыкка жолдоп келдиң.

Ак жолтой болду сенин кылган ишиң,
Ак жолтой болду сенин баскан изиң.
Жетилди колдоруңдан кут төгүлүп,
Сен колдоп жардамыңды берген кишиң.

Далайдын өчүп калган отун жагып,
Төгүлдүң жан дүйнөңдөн күйүп-жанып
Жетимге жөлөк болдуң багын ачып,
Келечек тагдырына берип жарык.

Далайга демөөр болдуң колуң сунуп,
Адамдык пейлиң кенен, оюң тунук.
Тамшанып айтып жүрөт арт жагыңдан,
Калгандар акыл оошуп, ырыс жугуп.

Алып келдиң карылардын батасын,
Ачып келдиң жесирлердин капасын.
Жетим бала көздөрүнө жаш алды,
Кубангандан көргөн өңдүү атасын.



Өлкөбүздө чыгып биринчи орунга,
Нарын аймак түшүп айкын жолуна.
Чүй тарапка көчүп кетип жаткан эл,
Токтоп калды өз айлында, ордунда.

- «Байлык деген өз жериңде турбайбы,
Ала билбей башка жактан сурайбы.
Өздөштүрүп жерибизди а көрөк,
Бага билип малыбызды курайлы»-

Деген сөзүң кыдыр болуп туюлуп,
Кыт куйгандай кулактарга куюлуп.
Кантебиз деп элеңдеген эл журтуң,
Чоң турмушка түшүп кайра бурулуп.

Бир жагынан болуп жүрдүң депутат,
Мында дагы уюткулуу кеп утат.
Уюштургуч, иштин көзүн тааныган,
Эмилбектей элим деген эр утат.

Ошондо да таасын эле ойлоруң,
Жер тагдырын, эл тагдырын ойлодуң.
Өз мүдөөңдөн бийик туруп жакчы эле,
Маселени туурасынан койгонуң.

Айтышты жигиттердин жигити деп,
Таанышты эмгегинен билинди деп.
Кайдыгерлик айынан өлүп калган,
Канча иштер кайра баштан тирилди деп.

Айтышты бүгүнкүнүн баатыры деп,
Көргөзүп көп иштери жатыры деп.
Агылып тектен келген касиет бар,
Байыркы Курманбектин жакыны деп.

Ансыз да Көкарт болот туулган жери,
Келечек эл мүдөөсү курган кеби.
Баатыры тынч замандын кажыбаган,
Эмилбек бүгүнкүнүн Курманбеги.

Айтышат жакшылардын тукуму деп,
Элине артык экен жугуму деп.
Агылып кандан келген айкөлдүк бар,
Айныбас эр Манастын кулуну деп.

Берилип китепти көп окуйт дешет,
Билгенин көңүлүнө токуйт дешет.
Байытып жан дүйнөсүн бийиктетип,
Ток пейил, көңүлү да топук дешет.

Жан тартып калемгерге турат дешет,
Жардамга колдо барын сунат дешет.
Жакшы сөз, жаркын көңүл кандай кымбат,
Адамга кыйын кезде кубат дешет.

Урматтап тууган жерге мечит куруп,
Соопчулук ишине бекем туруп.
Мектепке, оорукана, бечарага,
Жардамды чөнтөгүңдөн бердиң сунуп.

Чөнтөктөн сууруп бериш эрдигинен,
Пейилдин Ала-Тоодой кеңдигинен.
Байлар бар бай болсо да басып жаткан,
Нарк билген Эмилбектин элдигинен.

## АЯЛ-ЭНЕ-АКЫН

*/Акын аялдарга/*

Карабайлы кайсы заман дооруна,
Адамзаттын басып өткөн жолуна.
Эр жигиттин жар болгон аялдын,
Тирүүлүктүн шаңы болгон аялдын,
Бала төрөп өмүрлөрдү улантып,
Бул турмуштун жаны болгон аялдын.
Мээнет үчүн жаратылып калгандай,
Бул жашоонун каны болгон аялдын.
Жарык чачып караңгыны качырып,
Ар бир үйдүн шамы болгон аялдын.
Ага кошуп калем алып колуна,
Кумар тутуп көрүнбөгөн элести,
Ыр жазганың бир кудурет эмеспи.

Алыс эмес айлананды карап көр,
Аларга сен айрыкча бир көңүл бөл.
Аш бышырып даамын берген аялдын,
Урпагы үчүн жанын берген аялдын.
Кемтигинди кече билген аялдын,
Кенемтенди чече билген аялдын,
Назик үмүт уялаган ырларын,



Назарга албай, баалай албай турганың,
Бул турмушта көптөн куру калганың.

Өөдө чыксаң жөлөк болгон аялдын,
Ылдый түшсөң өбөк болгон аялдын.
Улуу иштерге көмөк болгон аялдын,
Уул төрөп, кыз өстүрүп бапестеп,
Урпактарга өрнөк болгон аялдын.
Касиетин, бүткүл аруу болмушун,
Түшүнө алса, баалай алса эр киши,
Мунун өзү парасаттуу жигиттиктин белгиси.

Бала термеп, ырды кошо терметип,
Ошол ырың, уул, кызың эр жетип,
Убай берип көңүлүңдү балкытып,
Турсун дайым маңдайыңды тердетип.

Нан бышырып, ырды кошо бышырып,
Ошол отко жүрөгүңдү сызгырып.
Жалын чоктон чыккан ырдын табына,
Жүрөк жылып, элиң окуйт кызыгып.

Түн терметип эненин ак жүрөгү,
Ыр төрөдү гүлдөй назик илеби.
Эргип чыкты, мөлт деп ысык каныңдан,
Суудай таза, нурдай аппак тилеги.

Карыштап бир жаныңды төрткө бөлүп,
Чылбырдай өзүңдү өзүң чыйрак өрүп.
Канимет жашаганга тобо дейсиң,
Жашоонун бүт жыргалын ырдан көрүп.

Анчалык кереги жок көптүн сага,
Кол сунуп жатканың жок көктөгү айга.
Мейличи болсун дейсиң аманчылык,
Бейкутта уланса экен жашоо гана.

Эл байыса болот дейсиң байлыгым,
Эл жыргаса толот дейсиң сандыгым.
Назик үмүт уялаган ырларың,
Ошол бүтпөс жан азыгың, байлыгың.

Турмуш күрөш аягы жок ат чабыш,
Оңой эмес, тапка келип тапталыш.
Турмуш өзү таптап берди өзүңдү,
Күтүп турат кужулдөгөн ыр жарыш.

Кана эмесе ал жарыштан чыгып кел,
Канат байлап алга зуулап сызып кел.
Кубат берсин, өмүр берсин Теңирим,
Ашуулар көп сен ашуучу сыгып тер.
Ырдын пири коштоп турат кол берип,
Кана эмесе ыр чокуга чыгып кел!

## МАНАС АЙТАТ АКЫНДАРДЫН АКЫНЫ

*/Акын, манасчы Уркаш Мамбеталиевге/*

Жан дүйнөңдү жагып коюп панардай,
Ырдап жүрөк ырдан кумар тарабай.
Бул дүйнөнүн сүйүп жерде ташын да,
Кубанасың нариете жаш баладай.

Мен билгенден көөнү таза баласың,
Кайда жүрсө айта жүргөн Манасың.
Манас менен дайра болуп ташкындап,
Манас менен көккө канат кагасың.

Манас айтсаң үнүң тунук шаңкылдап.
Бууракандап учкулданып жаркылдап,
Көз алдыңа келе түшөт жакындап,
Канча доор аян болуп закымдап.

Пенсияга чыкканда бир жүдөдүң,
Чач агарып салкын тартып күлгөнүң.
Жакшы экен го эл кишиси болгон соң,
Жагалданып эл ичинде жүргөнүң.

Эл алдында Манас айтсаң кулпунуп,
Арыш келген Тайторудай жулкунуп.
Манас аттуу кең дүйнөдөн керемет,
Көп күлүктөн чыга калган суурулуп.

Кандай зор күч Манас айтып жүргөнүң,
Манас аттуу океанда сүзгөнүң.
Жалаң эле жаттап айткан жериң жок,
Сен Манасты өз алдынча түрдөдүң.

Сен Манаска өз алдынча тил бердиң,
Ачык даана өз алдынча үн бердиң.



Залкарлардын акыркысы, эң жашы,
Сен Манаска эң жаңыча сүр бердиң.

Манасты айтат акындардын акыны,
Эң тазасы, жан дүйнөсү жакыны.
Ал таймашуу океандай күч менен,
Эгер жетсе чыдамы да, батымы.
Уркаш өңдүү жүрөгүндө жалы бар,
Удургуган баатырлардын баатыры.

Жаның эргип ыр төгүлгөн акынсың,
Сен адамдын бардыгына жакынсың.
Жүрөгүңдөн нур төгүлүп учкундап,
От жалындуу ырлар жазып жатырсың.

Сен жашоого жаның менен ашыксың,
Ырларыңдын улам арнап жаңысын.
Жазыгы жок жаш баладай жүрө бер,
Теңир колдоп, Манас атаң даарысын!

## ЫНТЫМАК ДЕП САЙРАП ТУРАТ АК ДИЛИҢ

*Акын, жазуучу, юстициянын генералы, 2002-жылдын жакшы адамы Кубанычбек Бакиевге/*

«Жакшы деген бир ат бар кууса жеткис,
Жаман деген бир ат бар жууса кеткис»
Жакшы деген атакка жеткендигиң,
Сыймык бул бүт сыйлыкка жеткис, бергис.

Жакшы болсоң жаралат жакшы ырлар,
Жакшы болсоң айтылат жакшы сырлар.
Жакшылыкты жасашат жакшы адамдар,
Жакшылыктын артында жакшылык бар.

Ишиңизде калыс, адил сот болуп,
Ичиңизде ырлар жазып от болуп.
Жүргөнүңдү сунуштадың элиңе,
Кырчын өмүр баратканда токтолуп.

Кошулат деп дарыялар жайыктан,
Кеп козгодуң илгерки өткөн тарыхтан.
Ата салттуу анык атуул экенсиң,
Кыргыз элдин кылымдарды карыткан.

Ал эмгегиң айтып турат кимдигиң,
Ынтымак деп сайрап турат ак дилиң.
Тургансыйсың туу чокуда туу булгап,
Тилеп кыргыз биримдигин, бирдигин.

Бар бол иним, жаркын жакшы адамсың,
Жакшылыкка дарыядай агасың.
Өзүң сүйгөн ата баба наркынан,
Кандан бүткөн касиеттен алгансың.
Барпаңдаган, бапыраган пейлиңди,
Теңир сүйүп, Теңир өзү жалгасын!

## НАЗИК АДАМ

*/Байтемир Асаналиевге/*

Жүрөктөн адамдарга нурун чачкан,
Жашоого мээрим толгон ырын жазган.
Акырын адамдарды аяп сүйлөп,
Жерди да жарылчудай аяп баскан.

Көңүлүн адамдардын аярлаган,
Ак адил, жаны назик, аяр адам.
А бирок, эр көкүрөк эл иши үчүн,
Аттанып жанын үрөп аянбаган.

Бирөөнүн мансабына жагынбаган,
Ырынан ыймандай сыр жашырбаган.
Өмүрү башкаларга сый көргөзүп,
Өзүнө сый алууга шашылбаган.

Бөлүнүп жарылууга жолобогон,
Бирөөнүн алдын тосуп торобогон.
Асыл нарк ата салтын ыйык тутуп,
Кыздардай бойго жеткен созолонгон.

Карыдай кабаат сүйлөп, калбаат жүргөн,
Кадырлуу азаматсың элиң сүйгөн.
Билгенге мындан артык сыймык барбы,
Баарысы жакшы адам дейт сени билген.

Аялдын акылдуусу алган жарың,
Ачылган бул жактан да абдан багың.
Күйөөсү болуш кандай эң мээримдүү,
Дарыгер адамдарга камкор жандын.



Баш кошуп эки жакшы өмүр сүрүү,
Бакыттын бакыты го бирге жүрүү.
Деп жүрөм көз тийбесин бар болгула,
Буйурсун жалаң гана жаркып күлүү,
Кубанып узак, узак өмүр сүрүү!

## НУР ЖААП ТУРСУН

*/Эркин Бегимкуловго/*

Эң бир мыкты финансис деп айтышат,
А биз үчүн эң бир жакшы адамсың.
Адамдарга жакшылыкка аттанып,
Жакшылыкка жаратылып калгансың.

Эркин аке-дешет сага эркелеп,
Сен көптөргө мээрим төккөн агасың.
Элиң үчүн кызмат өтөп эселеп,
Сен ошондон чоң канагат аласың.

Кайда жүрбө, кайда гана иштебе,
Элдин жүгүн көтөрөсүң мойнуңа.
Качан болсо кайрымдуулук ишинде,
Кимге болсо бир жакшылык оюңда.

Адам эмес жаратылыш кубанат,
Кулпундурган сенин камкор колуңа,
Көркүн ачтың касиеттүү жерлердин,
Канчалардын калдың ыйык сообуна.
Сообу тийип ошол асыл иштердин,
Нур жаап турсун сенин өмүр жолуңда.

## АСЫЛКЕЧ

*/Акын, жазуучу, драматург, Кыргыз республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Меңди Мамазаировага/*

Жоготуудан Жолон деген асылды,
Жокко санап жорголоогон жашыңды.
Өзүңдү өзүң өргө айдап камчылап,
Көтөрдүң го салаңдаган башыңды.

Тагдыр сага жаткан кезде ый берип,
Кеткен экен ордуна деп ыр берип.
Бир сооротсо соорото алмак ыр гана,
Деген экен аруу дүйнө сыр берип.

Сөз сүйлөсөң орду менен жугумдуу,
Обон созсоң ал да жанга угумдуу.
Айдай жаркып айдап арман булутун,
Ак кагазга төктүң ички бугуңду.

Айтсаң ачык асылкечтик сырың бар,
Жазсаң терең, бал татыган ырың бар.
Кара сөздү, драманы кастарлап,
Кайнап жаткан кайнар булак шыгың бар.

Күлсөң сүйкүм жарашыктуу күлкүң бар,
Жүрөгүңдө казыла элек мүлкүң бар.
Жанып турган көдөнүңдө нуруң бар,
Жамалыңда жайнап турган гүлүң бар,
Жигиттерди калтаарыткан сүрүң бар.

Айдай толуп теледеги элесиң,
Адамдарга рух чачып келесиң.
Адам болбойт жаралгандан армансыз,
Айдай бергин тирүүлүктүн кемесин.
Алты саның аман болуп өмүрдө
Ай жамалың ажарынан кетпесин!



## ЗАМАНДАШЫМ

*/Салибай Шатмановго/*

Ырларды Сары-Челектен сузуп алып,
Акысынын турпагына жууруп алып.
Таңшыдың боз торгойдой жерин сүйгөн,
Бозбу-Ата бийигине туруп алып

Далай ашуу белестерди аштыңыз,
Ашкан сайын даана ырларды жаздыңыз.
Аксы жердей күү-шаа түшкөн жан дүйнөң,
Арбын экен ачыла элек чактыңыз.

Жакшы ыр жазып, жапыс жүргөн акынсыз,
Эл журтуна эмгек эткен акысыз.
Ошол жагын ойлобой да умтулбай,
Сыйлык жактан, наам жактан жакырсыз.

Ырларың бай анткен менен дөөлөттүү,
Бозбу тодой бийик жана сөөлөттүү.
Учкуну бар жалындатар жүрөктү,
Ырлар эмес өчүп калчу мөөнөттүү.

Түз жүрөсүз бир кыйшайбай оң жолдон,
Нистиң ак, санааң таза ойлонгон.
Кийинчерээк башты чайкап калдыңыз,
Жалгандыкка келише албай койгондон,

Көрүнгөнгө келе бербес мындай сыр,
Көзүң менен көргөндөрдүн бардыгы ыр.
Тоолор да ыр, жолдор да ыр, гүлдөр ыр,
Жакшы акынга жарык дүйнө жалаң ыр.

Жаратылыш жандуу жагым көрүнүп,
Сөз бермети көмөкөйдөн төгүлүп.
Жакшы адамдар, жаркын кыздар, сулуулар,
Ырларында таң нурундай сөгүлүп.

Акын өзү жашап турган дүйнөдө,
Ырга айланып кеткенби дейм ал мүлдө.
Адам барбы сенден ашкан бактылуу,
Гүл өстүрүп берген өчпөс көңүлгө.
Жан азыгың, ыр казынаң бөксөрбөй,
Узак жаша шаңдуу карап өмүргө!

## КАКЕМ КИМ?

*/Замандашым, калемдешим Калканбай Ашымбаевге/*

Чалканчы жалгандыкты жалтаңдаткан,
Капканчы кармаганын калтыраткан.
Кабарчы болот калем жалаңдаткан,
Батачы жакшылыкка нурун чачкан,
Жазуучу жан дүйнөсүн жалындаткан.

Учуруп сөздүн зээрин, сөздү баккан,
Акылман ойлоруна аалам баткан.
Сөз атасы ак батаны ардактап,
Агартып ыйманыңды асылданткан.

Жакшы адам, жакшы сүйлөп жапыс жүргөн,
Жакшы жар жалаң гана жарын сүйгөн.
Жаса тайып жаңылууну билбеген,
Жакшы ата, балдарынын камын жеген.

Жакшы уул, ата сөзүн ардактаган,
Атуулдук ар намысын ак сактаган.
Көңүлдү адамдагы сылап сүйлөп,
Жерди да катуу баспай айарлаган.
Туу тутуп адалдыкты өмүрүнө,
Адамдык түз жолунан адашпаган.
Батакөй бабалардын өз урпагы,
Пейли ак арамдыкка жанашпаган.
Өткүр көз, жапалдаш бой, колу жумшак,
Турпаты окшоп кетет бир карасам,
А мүмкүн Кыдыр өзү болуп жүрбө,
Жамандыкка келише албай, жакшылыкка
жетине албай,
Арабызда билинбей бир жашаган.
А мүмкүн том-том кылып китеп жазган,
Түгөлбай атабыздын өзүн тарткан,
Кылымдар үнүн тыңшап миң жашаган,
Жай басып, жумшак күлүп, баарын байкап,
Жүрбөгүн арабызда бир даанышман.
Кантсе да карыя бол ак батасы,
Түз тийип эл журтуна адашпаган.
Бакубат өмүр сүргүн Сакен менен,
Кызыгы өмүр бою тарашпаган!



## ЭКИ ЭЛГЕ ОРТОК УУЛ БОЛ

*/Кыргыз-өзбек элинин талантуу уулу, Сузакта торолуп, Хорезмде жашаган акын иним Хайдарали Убайдуллаевге/*

Сакталган жүрөгүмдө ишеним бар,
Жигит деп жолу кенен, колу кенен.
Таланты ташкындаган тоо суусундай,
Ырлары мааниге бай, ойго терең.

Сүйүү бар жүрөгүңдө жалындаган,
Бөлүнгөн өзбек-кыргыз эки элге.
Кыйбайсың экөөн тең өз атаңдай,
Коюлуп эки бутуң эки жерге.

Эки эл эки бутуң баса турган,
Эки эл эки көзүң көрө турган.
Уулсуң эки элге тең кызмат кылган,
Кубаныч, кайгысын тең бөлө турган.

Эки эл эки колуң суна турган,
Эки эл эки ашуу аша турган.
Бип бирдей бөлүнөсүң, төгүлөсүң,
Эч бүтпөс дастандарың жаза турган.

Кеткенде Хорезмге, сагынтат Сузак тарап,
Жүрөктө бир дөөлөтүң жетпей турат.
Сен келсең кыргыздарга кылчактатып,
Хорезм көз алдыңдан кетпей турат.

Кыргыз десе боор толгоп турасың,
Чыңгыз десе жан агаңдай көрөсүң.
Надырбекке ини болуп бир тууган,
Маркабайга жаныңды да бересиң.

Мени дайым эжекелеп турасың,
Көрүшкөндө жарк дей түшүп баладай.
Төрөлгөнбүз рухий бир энеден,
Өбүшөбүз эч нерсеге карабай.

Орток уулсуң өзбек-кыргыз элине,
Чакырсам Айдаралы, оңдойсуң Хайдаралы.
Опокшош эки элдин өзүнө окшош,
Айырма бир тамгада айла барбы,

Сени менен сүйлөшүү бир рахат,
Чын жүрөктөн таттуу сөздөр төгүлүп.
Бүткүл адал парасатың, жан дүйнөң,
Оозунду ачсаң көөдөнүңдөн көрүнүп.

Канында бирге айланып жүрөт дайым,
Туулган топурагың, кыргыз суусу.
Эч качан аттап, кыйып кете алгыс,
Дененде касиеттүү кыргыз тузу.

Ал сени бизге дайым тартып турат,
Оозунда балдай таттуу кыргыз тили.
Манастай океандан бир сүзгөнсүң,
Жараткан сени кайра кыргыз дили.

Эмгегиң накта уулдук пейлиң менен,
Алдың ыйык Түгөлбай-Ата сыйлыгын.
Батасы тийип касиеттүү атанын,
Илхамың ташып артыла барсин сыймыгың.

Байкайсыңбы, мына ушуну бир өзүң,
Бир тулкуда жүргөн эки адамсың.
Бирде туруп өзбек болуп ыр жазып,
Кыргызча ырдап кыргыз боло каласың.

Билесиңби кандай баалуу адамсың,
Сүйлөшкөндө кыргыз менен кыргызсың.
Эки элдин болуп алтын көпүрөсү,
Табылбаган маңдайдагы ырыссың.

Калат билем түбөлүккө чер жасып,
Сенин ырың кыргыз элде ырдалып.
Поэзия асманында чыгыштын,
Жылдыз болуп жаркырайсың нурданып.
Өз уулум деп сыймыктана талашып,
Өзбек-кыргыз кол чабышат кубанып.

Өзбекче жазган арбир китебиң,
Кыргызчага кайра чыгып эртеси.
Илхом оргуп ырын ырдап достуктун,
Эсен жүр, боорум, эки элдин болуп эркеси.



## АЙЫЛ КУТУ

***/Кант районундагы Нооруз айылынын тургуну, досум Чал уулу Уркалыйга/***

Айыл куту жарпты жазып кучак жайган өзүңдө,
Ак дилиңден атып чыккан жанды эриткен сөзүңдө.
Бапыраган пейлиңе көңүл тоюп, көз тоюп,
Жүрөгүмдө толкуп ташат ыр саптары өзүңө.

Пейлиңердин кенендиги чалкып жаткан деңиздей,
Добулу жок, толкуну жок мелмилдеген тегиздей.
Чейрек кылым ошол деңиз мейкинин,
Салыйка экөөң бир сүздүңөр бөлүнбөгөн эгиздей.

Өмүр бою ат үстүндө төрт түлүк мал бакканың,
Өмүр бою тер агызып керилип тынч жатпадың.
Ошондуктан артып барат барган сайын берекең,
Бо́согоңдон майың агып, таттуу сенин татканың.

Кой четинде тосуп алып Ала-Тоонунун ак таңын,
Отуз жылы чабан болуп эл эмгегин актадың.
Тапканыңды ак тилекке, жакшылыкка багыштап,
Кыргыз пейли, нарк-насили, ыйман, ары бакканың.

Кайраты күч кажыбаган ак эмгектин алпысың,
Адамдыкка жаратылган жүзү жарык жаркынсың.
Канча досту күтсөм дагы сендей досту күтпөдүм,
Бергиң келет керек болсо жүрөгүңдүн жартысын.

Адал жашап, адал иштеп, алтымыштан аттадың,
Эң негизи адамдыкты алтындай бек сактадың.
Жылуу сүйлөп, мээрим төгүп кимге болсун жүрөктөн,
Адамдагы асылдыкты, нарктуулукту барктадың.
Ак эмгектин акыбети, ак пейлиңдин үзүрү,
Карган кезде балдарыңдан убай көрүп жатканың.

## КЕЛГЕН КЕЛИН КУТ БОЛСУН

Келген келин төгөрөгү төп болсун,
Арт жагынан алкыш сөздөр көп болсун.
Жыл айланбай бөбөк төрөп ай мончок,
Ал бөбөктүн бешик боосу бек болсун.

Орундалып ата эненин тилеги,
Кайтып турсун алдан күткөн күдөрү.
Жетине албай келинине ыймандуу,
Ука менен Салыйканын балкып турсун жүрөгү.

Алган жары алыс кетпей кашынан,
Ак жоолугу түшпөй жүрсүн башынан.
Кайын эненин камырынан дегендей,
Салыйканы туурап өссүн жашынан.

Чоң бакыттын шам чырагы жагылсын,
Төрүңөрдөн шаттуу күлкү жаңырсын.
Келген келин кирген үйгө кут болсун,
Айы болуп, күнү болуп табылсын.

Ак босогоң куттуу болсун аттаган,
Ата бабаң ак тилектен шарттаган,
Ак түтүнүң булап турсун үзүлбөй,
Бакыт күнүң тийип турсун батпаган.

Ата болсоң Уркалыйдай ата бол,
Эне болсоң Салыйкадай эне бол.
Турмуш деген оксанда сүзүүчү,
Чайпалбаган, кебелбеген кеме бол!

Жолуңардан эч бир кырсык тосбосун,
Мезгили жок өмүр гүлү солбосун.
Узак өмүр, ыйман күтүп, бак күтүп,
Теңир сүйүп, Теңир өзү колдосун!



## КЫЗ БУРАК

*/ «Кыз бурак» ансамблинин кыздарына жана жетекчиси Гулшайыр Садыбакасовага/*

Ала-Тоонун назик таза,
Гүлүндөйсүң «Кыз бурак»
Миң булактын шыңгыраган
Үнүндөйсүң «Кыз бурак».
Бийик чынар саябандуу
Бүрүндөйсүң «Кыз бурак».
Жомоктогу перилердей,
Үлпүлдөйсүң «Кыз бурак».
Жаштык сунуп жаркылдаган,
Күлмүндөйсүң «Кыз бурак»
Шаттык сунуп шартылдаган,
Дүңгүрөйсүң «Кыз бурак»

Жаз гүлүндөй жаңы ачылган,
Ыргаласың «Кыз бурак»
Көңүлдөргө кубулжуган,
Ыр сунасың «Кыз бурак»
Жан дүйнөгө сыбызгыган,
Сыр сунасың «Кыз бурак».
Ырың менен көңүлдөргө
Гүл сунасың «Кыз бурак»
Ырың менен жүрөгүңдү
Бут сунасың «Кыз бурак»
Ырың менен өмүрлөрдү
Улуулайсың «Кыз бурак»
Ырың менен бул күндөрдү,
Сулуулайсың «Кыз бурак»

Асманыңда айың туулуп,
Толуп турган бул курак.
Күндөрүңдө күнүң туулуп,
Болуп турган гүл курак
Жалындаган жаштык оту,
Күйүп турган бул курак.

Жаркыраган миң сан көздөр,
Сүйүп турган бул курак.

Алдыңардан бөөдө кырсык
Тоорубасын «Кыз бурак»
Гүлдөй назик көңүлүңөр,

Оорубасын «Кыз бурак»
Мезгили жок өмүр гүлүң
«Соолубасын «Кыз бурак».

«Кыз буракка» канат тагып,
Бөпөлөгөн Гүлшайыр.
Өзү кошо ал канатта
Көкөлөгөн Гүлшайыр.

«Кыз буракка» мээрим камкор,
Эне болгон Гүлшайыр.
Толкундарга төшүн тоскон
Кеме болгон Гүлшайыр.

Байыркы ордо Ош шаарынан,
Жанып чыккан Гүлшайыр.
«Кыз буракты» көкөлөтүп,
Алып чыккан Гүлшайыр.

Жылдыз кылып асманга атын,
Тагып чыккан Гүлшайыр.
Ак-Буурадай атырылып,
Агып чыккан Гүлшайыр.

Гүлүн ачып «Кыз бурактын»,
Күлмүңдөткөн Гүлшайыр.
Атак-даңкын ай ааламга,
Дүңгүрөткөн Гүлшайыр.

Жаштык менен сулуулукка,
Балкып турган Гүлшайыр.
Жайлоо болуп жыпар жыты,
Аңкып турган Гүлшайыр.

«Кыз буракка» көңүлдөрдү,
Таңсык кылган Гүлшайыр,
Бүт адамды өздөрүнө,
Ашык кылган Гүлшайыр.

Жаштыгыңды «Кыз буракка»,
Берип келдиң Гүлшайыр.
Жакшы ырлардын канатында,
Эрип келдиң Гүлшайыр.
Далай кыстоо, кыйындыкты,
Жеңип келдиң Гүлшайыр.



Бүт өмүрүң эр көтөргүс,
Эрдик экен Гүлшайыр.
Бүт өнөрүң көңүл кушу,
Элдик экен Гүлшайыр.

Кызматыңа кыргыз элиң,
Калыс болсун Гүлшайыр,
Басар жолуң дагы-дагы,
Алыс болсун Гүлшайыр.

Кылактатып «Кыз буракты»,
Бөпөлөй бер Гүлшайыр.
Эл алкышы канат болуп,
Көкөлөй бер Гүлшайыр!

## ҮЗГӨН САЙЫН ӨСӨСҮҢ

***/Таланттуу акын сиңдилерим Гүлжамила менен Урнисага/***

Салыштырам сабагынан ачылган,
Тоо гүлүнө жыпар жыты чачылган.
Жалындайсың кырда кызыл гүл болуп,
Жалбырттаган жалбырагың жашылдан.

Жалындайсың кырда кызыл чок болуп,
Алоолонуп күйүп турган от болуп.
Заман көйүн, элдин үнүн жар салдың,
Далай акын калган кезде токтолуп.

Далай акын калган кезде токтолуп,
Мизи мокоп, үнү буулуп жок болуп.
Таасын чыккан талантка айла жок экен,
Келесиңер чексиздикке октолуп.

Артык экен чыдамың да, сабырың,
Бекем кармап жер энени тамырың.
Сугалактар үзүп алып кетишет,
Айланага арткан сайын жагымың.

Мен өзүңдү бийиктиктен көрөмүн,
Деп коймун аман болгун өжөрүм.
Караөзгөйлөр кетпесе экен тебелеп,
Атайылап арткан сайын көркөмүң.

Гүл эмессиң идиштеги бөпөлөп,
Атайылап баккан бирөө өнтөлөп.
Мактаса да канча көркүн ашыра,
Шумүрөйүп соолуп калган эртелеп.

Ал идиштен өткөн сайын күн улап,
Жагымсыз бир сасык, былык жыт урат.
Турасыңар элдин алып көз жоосун,
Жыпар чачып айланага буркурап.

Чоктой гүлүм сен баатырсың, өжөрсүң,
Жулган сайын, үзгөн сайын өнөсүң.
Бул жашоонун узактыгын, бардыгын,
Жерге сиңген тамырыңдан көрөсүң.

## ЖАЗГАНДАРЫҢ КУДУРЕТТҮҮ

*/Таланттуу драматург,
акын иним Сеит Алтымышевге/*

Бар экен сендей иним идиректүү,
Сөздөрү, жазгандары кудуреттүү.
Жаралган жан дүйнөсү арууluктан,
Жалындап нурдан бүткөн от жүрөктүү.

Иниме сыймыктанам таланты ашкан,
Шаркырап тоо суусундай ашып ташкан.
Көңүлдү гүл жайлоого айландырып,
Ааламдын албан түрлүү сырын ачкан.

Жан дүйнөң айтып бүткүс сырдан бүткөн,
Жаңы үн, жаңы кайрык ырдан бүткөн.
Дүйнөнү сен башкача күүгө салдың,
Ырларды кайра ырдабай ырдап бүткөн.

Дабанды эл баспаган кайра аштың,
Манасты сен өзүңчө кайра жаздың.
Сахнаны титиретип толкуп турар,
Билгенге ырдан бүткөн дайра жаздың.

«Аалам кең чексиз кенен мемиреген,
Кареги акыл жеткис сырга терең».
Ааламды аруу сөзгө бөлөп өт деп,
Төрөптүр асылдыкка сенин энең.



Аты гүл, өзү да гүл гүлдөй затың,
Гүлзатың болгон үчүн гүлдөп бактың.
Ата кызы дедиреген адеби артык,
Таптаттуу Асел аттуу перизатың.

Кут болсун элүү жашың толуп турган,
Жигиттик жигер артып болуп турган.
Кыргызга керек сендей бир Шекспир,
Жазганын сахнабызга коюп турган.

## ОЙ БЕШИГИН ТЕРМЕТЕСИҢ

*/Жазуучу Нурания Камбаровага/*

Нурания, уйгур элдин нур кызысың,
Байыркы чыгыш элдин жылдызысың.
Калдайган каракалпак келинисиң,
Аркайган Ала-Тоонун кыргызысың.

Нурания, уйгур элдин кулунусуң,
Кара көз кыздарынын сулуусусуң.
Жагымдуу абрасы жарык берип,
Жаркыган жан дүйнөсү тунугусуң.
Калтырган кийинкиге улуу мурас,
Келечек кылымдардын курбусусуң.

Нурания, уйгур элдин персентисиң,
Төрөлгөн кыргыз жердин берметисиң.
Көчөсүн Бишкегиңдин көркүн ачып,
Керилген келиндердин келбетисиң.
Эне болуп терметтиң бала бешик,
Эми сен ой бешигин терметесиң.
Кудайым өмүр берип узак, узак,
Чыгармаң дагы өркүндөп терендесин!
Дарактай тамырланып, бутактанып,
Китебиң китеп төрөп мөмөлөсүн.

Ар дайым көз алдымда күлмүңдөйсүң,
Чүйүмдүн ысык, мээрим күнүндөйсүң.
Ала-Тоо аскасында назик таза,
Ачылган апапакай гүлүңдөйсүң.
Билгенге бүт адамга бир тууgансың,
Кандай жан сени окуп сүйүнбөсүн.
Аман бол, арабызда асыл сиңдим,
Аңкыган өмүр гүлүң күбүлбөсүн!

# КӨКТӨМ

*«Көктөм» фирмасынын президенти, Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо тармактарын медтехника жана дары дармек менен камсыз кылуу департаментинин генералдык директору Үркунбаев Шайлоо Дуйшоновичке*

Ишкердик жактан аттанып көптөн,
Ишкана ачып атапсың «Көктөм»
Ак тилек менен баштаган ишиң,
Артылып арбын береке төккөн.

Жашарып турсун өмүрдө көктөм,
Жаркырап турсун көзүндө көктөм.
Бапырап бакыт гүлдөрүн ачып,
Жаадырап турсун көңүлдө көктөм.

Өмүргө шыпаа дарысың, «Көктөм»,
Тарткандар дарттан арылсын, «Көктөм».
Көктөмдөй жайнап, ак бүчүр байлап,
Ишиңди Кыдыр даарысын «Көктөм».

Жаңырып турсун үнүңдө көктөм,
Жарашып турсун үйүңдө көктөм.
Жандасын дайым жакшылык сени,
Келүүчү ар бир күнүңдө «Көктөм».

Дүйнөнүн көркөм жазысың, көктөм,
Дүйнөгө даңкың жайылсын «Көктөм».
Алкышты элдик дүңүнөн алып,
Дүйнөлүк бактың ачылсын «Көктөм».

Ачылып гүлүң жайнасын, «Көктөм»,
Шагында булбул сайрасын «Көктөм».
Өмүрүң жазга айланып жайга,
Бутагы мөмө байласын, «Көктөм».
Тоо болсун бышып байлаган мөмөң,
Тоо болсун элге көрүнүп төбөң.
Пейилиң ташып, бешенең жаркып,
Берекең артып төгүлүп, «Көктөм».

Көрктөнткөн аны Шайлоодой жигит,
«Көктөмдүн, көктөөр көп сырын билип.
Көтөрүп колго бапестеп бакты,
Көгөртүп ыйык көчөтүн тигип.



Мактанат сен деп Таластын жери,
Өстүргөн таптап Манастын эли.
Айкөлдүк мүнөз канында ойноп,
Акылга сиңген улуулар кеби.

Таластан соккон көктөмдүн жели,
Канатын жайып Бишкекке келди.
Кучагын ачып Москва дагы,
Дүйнөгө кенен кулачын керди.

Шайлоону көктөн түшкөнбү дебе,
Шайлоону тапкан бир асыл эне.
Шай кылып баарын тарбия берип,
Шарданы тийип жүрсүн деп элге.

Айылдык энелердин асылынан,
Ажарлуу ай көрүнгөн акылынан.
үйдүн куту сыпайы жан созулган,
Касиети көрүнүп ажарынан.

Шайлоонун жардамчысы асыл жары,
Шай келген ага акылы дагы.
Аты да Даана өзү да даана,
Өзү да дары, сөзү да дары.

Жагылып үйгө шам чырак болуп,
Бир бүтүн эри менен ынак болуп.
Ынтымакка келет тура ырыскы,
Жокчулук жолой албай ыраак болуп.

«Көктөмүң» көктөп, ишке ашып үмүт,
Көңүл да жибип, жүрөк да жибип.
Көчөтүң «Көктөм» көрктөнө берсин,
Көкөлөп өсүп, асманга тийип.
Кут болуп ушул буйруган насип,
Өркөнүң өссүн, мындан да бийик.

## АК ЖАРКЫН АДАМ

*Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министринин орун басары, профессор Мейманалиев Тилек Сагынбековичке*

Маңдайында шамы бар,
Жүрөгүндө жалы бар.
Көөдөнүндө жаңырган,
Эр Манастын каны бар.
Абиир үчүн жаралган,
Инсандык ыйман ары бар.
Сур найзанын ордуна,
Сунулган шыпаа дары бар.
Мээрим менен адамды,
Айыктырчу жагы бар.
Акыл менен билимдин,
Бийиктиги дагы бар.
Сиздей эрди өстүргөн,
Кыргыз элдин багы бар.

Эчен белес аштыңыз,
Эчен эмгек жаздыңыз.
Улам тепкич бийиктеп,
Өргө кулап ташыңыз.
Программасы Манастын,
Атасы деген атыңыз.
Далайдын жалгап ак жолун,
Илимге эшик ачтыңыз.
Артык экен ак ниет,
Адамдык улуу наркыңыз.
Кайда болсо ак иштөө
Азаматтык салтыңыз.
Адеп, ыйман жагынан,
Ак жаркын адам атыңыз.
Саламат болуп көп жаша,
Кадырлай берсин калкыңыз!



## ШОРО

*/ «Шоро» фирмасынын президенти Табылды Эгембердиевге жана апасы Сүйүн апага /*

Айылда Сүйүн апа кадыр-барктуу,
Канчалык болсо дагы тагдыр катуу.
Балдарын тарбиялап ак эмгекке,
Аягы ак мээнеттин болду таттуу.

Ойдо жок дүйнө табуу же бир баюу,
Эс-дарты, ойлогону бала багуу.
Канткенде кийими бүтүн, курсагы ток,
Өстүрүү чүрпөлөрүн жолго аруу.

Кубанат дасторкондо нан барына,
Каниет ак эмгектен тапканына.
Күнүгө көбүктөнтө максым жасап,
Таянат каптагы арпа талканына.

Максымдан курсак ачпайт, суусун канат,
Суусунду буркураган кимдер танат.
Тамшанткан тирүүлүктүн жыргалына,
Кайрылып ичкен адам кайра барат.

Ичкин деп адамдарга суусун берет,
Сооп иш жолоочуга суусун бермек.
Берейин канча болсо саткын дешип,
Суранып ичкен адам кайра келет.

Суусунду саткан заман келди демек,
Заманың талап кылса эмне демек.
Кенелип барган сайын кара казан,
Айланып кырк кулакка кете берет.

Кырк кулак кырк кулакка кеңип барат,
Ал казан бүтүн шаар элин багат.
Таңкалып башка жактан келген адам,
Ах дешип жуткан сайын демин алат.

Кырк кулак казан бүгүн толо болуп,
Сыйкырдуу бүтүн элге жомок болуп.
Атактуу атак алып «Шоро» болуп,
Дүйнөлүк дасторконго конок болуп.

Кырк кулак казан бүгүн толо кайнайт,
Ичкенде кумар канып, көздөр жайнайт.
«Шоронун» жолун ачып Эгемберип,
Сүйүнүп Сүйүн апа кулач жаят.

Айланды Табылды үчүн табылгага,
Кайнаткан Сүйүн апа ачкыл жарма.
Дүйнөгө улам кенен тарап барат,
Суусундук жагымы артып ар бир жанга.

Ичкиле деп турат ал Шоро, Шоро,
Ачкылга арча челек толо, толо.
Суусунун кандырып бүт адамзаттын,
Кетүүдө жолдомо алып, узак жолго.

Кетүүдө өрүш кеңип узак жолго,
Өтүүдө кызыктырып колдон колго.
Кыргыздын касиеттүү бул жармасы,
Көбүрүп көпчүлүккө болду олжо!

Шоронун арты менен келди ырыс,
Агылып арт жагынан келди кымыз.
Шоронун арты менен чоң бизнесмен,
Тааныды Табылдыны бүтүн кыргыз.
Атагың шоро сымал ашып-ташып,
Таанысын бүткүл аалам, көктө жылдыз!

## МЭЭНЕТКЕЧ ТЫНБАС ЭРДЕНСИҢ

*Жалал-Абад областык бириккен ооруканалардын директору, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы, медицина илиминин кандидаты, жазуучу, журналист Жахангир Өмурзаковго*

Өмүрдүн гүлүн тергенсиң,
Өчүрбөс дары бергенсиң.
Көңүлдүн гүлүн тергенсиң,
Көөнөрбөс дары бергенсиң.
Жаштыктын гүлүн тергенсиң,
Жашарткыч дары бергенсиң.
Эсепсиз иштеп элиңе,
Мээнеткеч талбас эрденсиң.
Гүлдөгөн жердин ыйыгы,
Жалал-Абад жерденсиң.



Ар кандай кыйын иштерди
Ак эмгек менен жеңгенсиң.
Багынтып алдың дагы бир,
Илимдин бийик сересин.
Илгерилеп бүт жактан,
Кичи пейил,даанышман
Жан дүйнөң жарык кененсиң.
Жакшылык үчүн аттанган,
Жалпы калк сүйгөн беренсиң.
Оозуңдан кут сөз төгүлүп,
Калемгер жана чеченсиң.
Окуган жанды толкутар,
Көп чыгарма бергенсиң.
Калкыңдын салтын кадырлап,
Сөздүн да гүлүн тергенсиң.
Өмүрдө ушул эсен жүр,
Өрүшүң дагы кеңейсин!

## ЫРЫҢ КАЛДЫ ЖҮРӨГҮМДӨ

*/Сүйүктүү ырчы сиңдим Саламат Садыковага/*

Алдейлеп махабаттын таттуу ыры,
Сен дагы оболоттуң куштарланып.
Булкунуп дил кайрыгым оттой жанып,
Бул дүйнө кеткенсиди укмуштанып.

Башкалар ырдап эле жүргөн ырды,
Сыйкырдуу сен башкача ырдап бердиң.
Ыргыттың көз оттуңду ырдап жатып,
Көңүлдүн кызыл гүлүн ыргап бердиң.

Башкалар ырдап эле жүргөн ырды,
Жүрөктөн сен ырдадың күйүп жанып.
Жалындуу ошол ырдын кайрыктарын,
Кайталайт калың калкың сүйүп калып.

Сенин үнүң булбул таңшык кубулжуп,
Бирде шар да, бирде кетет буулугуп.
Дал жашоонун ыргагындай жагым үн,
Туруп калды кулагыма угулуп.

Сымбатың он сегиз жаш курагындай,
Жейрендин жалкы туулган улагындай.
Добушуң жанып өттү жан дүйнөмдү,
Көөдөңдөн кантип турсун ыр агылбай.

Ах чиркин ушундай да үн болорбу,
Сездирдиң ырсыз дүйнө керендигин.
Эргитип ырың таңшып жүрөгүмдө,
Билгиздиң ырсыз дүйнө бекердигин.

Сенин үнүң эркиндик үн чалкыган,
Сенин үнүң элдин үнү таңшыган.
Сенин үнүң тоодон аккан дарыя,
Бирде жайлап, бирде оргуп ташыган.
Ырдап турган тоолорундай көрүшүп,
Ар бир кыргыз алыс кетсе сагынган!

## САМАРА

Самара чертип койчу комузуңду,
Көңүлгө уяласын булбул үнү.
Сезимди миң сан кайрык алып учкан,
Мен дайым эңсей берем ошол күүнү.

Самара чертип жатсаң комузуңду,
Кылымдар күүгө айланып дүңгүрөгөн.
Бабалар ой толгоосун, кайгы муңун,
Күүлөрдүн кайрыгында күңгүрөнгөн.

Самара чертип жатсаң комузуңду,
Күүлөрдүн арасынан көрүнөсүң.
Муңканган замандардын арасынан,
Муңайып чыга келген өңдөнөсүң.

Самара чертип жатсаң комузуңду,
Кыялдар кайрыгында сабалаган.
Күү болуп кетет бүтүн тулку боюң,
Суктанып көздөр барбы карабаган.

Самара чертип жатсаң комузуңду,
Бир бүткөн жаны менен кыргыз күүсүң.
Кол жеткис Ала-Тоонун аскасында,
Көздөрдү арбап турган кызыл гүлсүң.

Самара чертип жатсаң комузуңду,
Өңдөнүп кыргыз комуз канышасы.
Багынып өнөрүңө таасир этти,
Дүйнөдө эчен элдин падышасы.



Сайратып чертип жатсаң кол ойнотуп,
Сен комузга, комуз сага жарашып.
Залкар күүлөр сени залкар көргөзүп,
Сен кыргызга, кыргыз сага жарашып.
Мен сыртыңдан боло берем ыраазы,
Комузуңду уккан сайын жашарып.

## СҮТҮН АКТАП КУРМАНЖАНДАЙ ЭНЕНИН

*/«Курманжан Датка» кайрымдуулук фондусунун торайымы Жолдошова Жылдызкан Айтибаевнага/*

СССР кезинде эле жалындаган,
Кыз эле кандан, беткен тартынбаган.
Ак сүйлөп, адалдыкка жанын үрөп,
Бирөөгө башын ийип жагынбаган.

Элине ошондо эле кайрат эле,
Сөздөрү чоңдор үчүн айбат эле.
Үй жайсыз канча жаштар ал болбосо,
Бишкекте конуш күтүп калбайт эле.

Тамырын бул күндөрдүн кармап көрүп,
Алдыны акыл менен карап көрүп.
Курманжан датка аттуу фонду түзүп,
Келетат эл ишине жарап берип.

Келатат жакшылыкка нурун чачып,
Келишпей жамандыктын бетин ачып.
Кашкайган чындыкты айтып коет дешип,
Жалганчы жалтакташат андан качып.

Сүтүн актап Курманжандай эненин,
Бийик кармап анын ыйык желегин.
Алда далай максаттарың, ойлоруң,
Аткара бер анын асыл тилегин!

## КАНАТТУУ КЫЗ

***/ «Кыргызстан аба жолдору» улуттук авиакомпаниясынын бортпроводниктер кызматынын начальниги, «Түгөлбай Ата» коомунун торайымынын орунбасары Умарова Турус Шаршеновнага/***

Таалайлуу кызы Таластын,
Урпагы улуу Манастын.
Аркалап сейрек кесипти,
Асманда күнгө жанашың.

Карлыгач канат күүлөдүң,
Кабылан беле жүрөгүң.
Көп АСтар менен жанашып,
ЯК, ТУ, Боинг болду түнөгүң.

Асманда бийик сызыпсың,
Айланып жерди чыгыпсың.
Толукшуп айдай ободо,
Жети миң саат учупсуң.

Азыр сен барктуу энесиң,
Чайпалбас улуу кемесиң.
Бел чечпей дале белсенип,
Аркалап көп иш келесиң.
Жакшылык аруу тилегиң,
Жаштарга насаат бересиң.
«Түгөлбай Ата» коомунда,
Көп ишти бирге чечесиң,
Кубантып кылган ишиңден,
Кудайым берсин эссесин!



## САХНА ГҮЛҮ

***/Шайыр Касымалиевага/***

Шайыр сиңдим шайыр десе шайырсың,
Жүзүң жарык адамдарга жагымсың.
Сүйүү чачып жүрөктөргө миңдеген,
Көздөрдөгү күйүп турган жалынсың.

Сахна көркү, жарашыгы, шаңысың,
Кызыл гүлү, жүрүп турган канысың.
Мүнөзүң бар жаш баладай жаракөр,
Баркың билген эр жигиттин багысың.

Элестеткен Бакен эже өзүсүң,
Бүбүсаранын тирүү жүргөн көзүсүң.
Эл дөөлөтү колго конгон кушусуң,
Ыйман ысык кыргыз кыздын өңүсүң.

Сахна эле эмес ар өнөргө жакынсың,
Жаны менен жакшы ыр жазган акынсың.
Ырдап берсең жанга жагым үнүң бар,
Тартынбаган тоо суусундай агылсын.
Дагы жарык жана берсин жылдызың,
Өмүр багың, өнөр багың ачылсын!

## АЙЧҮРӨК СИҢДИМ, ӨЗҮҢДҮ СҮЙДҮМ

***/Айчүрөк Иманалиевага/***

Арбалып жаркын өзүңдү сүйдүм,
Ак шоола чачкан көзүңдү сүйдүм.
Аргендей мукам үнүңдү сүйдүм,
Ажары жанган жүзүңдү сүйдүм.

Сахнанын кызыл гүлү деп сүйдүм,
Салтанат шаңдуу күнү деп сүйдүм.
Арбаган канча жайнаган көздү,
Алоолоп жанган сүйүү деп сүйдүм.

Сахнанын көркү шаңыңды сүйдүм,
Жалбыртап турган жаныңды сүйдүм.
Көңүлдү канча көрктөнтүп турган,
Көкөлөп учкан жагымың сүйдүм.

Ай сымал толгон сүйкүмүң сүйдүм,
Сайрандуу шайыр жүрүшүң сүйдүм.
Көңүлгө турган кызыл гүл сунуп,
Жарк этип карап күлүшүң сүйдүм.

Ачылган сахна багы деп сүйдүм,
Шаттанып турган чагы деп сүйдүм.
Мактанчы жаздын жоогазын гүлдөй,
Мактанчы элдин шаңы деп сүйдүм.

Күн сымал жүзүң бир көрүп сүйдүм,
Кумарым артып миң көрүп сүйдүм.
Ашыктай арзып, өрттөнүп сүйдүм,
Апандай балкып көрктөнүп сүйдүм.

Сахнага бүткөн чүрөк деп сүйдүм,
Алоолуу жалын жүрөк деп сүйдүм.
Аман жүр элде сыймыгың артып,
Ай жаркын нурлуу Айчүрөк сиңдим.
Өзүңдү сүйдүм,
Көзүңдү сүйдүм.
Үнүңдү сүйдүм,
Жүзүңдү сүйдүм.

## БУЛБУЛУМ, БУЛБУЛУМ АЙ

*/Элмира Кайып кызына/*

Булбулум, булбулум ай,
Буулуккан кургурум ай.
Эх чиркин сен ырдаган,
Бул ырдын угумун ай.

Жайнаган жамалың ай,
Ырдаган ырларың ай.
Көрүнбөс ырахатка,
Көңүлдү ыргадың ай.

Кайыптан жаралгандай,
Кайберен маралындай.
Бото көз толукшуган,
Бой жеткен баралың ай.

Булбулум, булбулум ай,
Бугумду айдадың ай.



Жүрөктөн терең кайрып,
Оргуштап кайнадың ай.

Кырдагы кызыл гүлдөй,
Көңүлдө жайнадың ай.
Өзгөчө кумарланткан,
Өмүрдө жыргалым ай.
Мукамдуу жүрөк үнү,
Жан үнү ырларың ай!
Адамга жагымын ай!

## РАКМАТ

*/Дасторкон четинде/*

Туугандар, чоң ракмат келгениңе
Өмүргө чоң рахат бергениңе.
Көңүлдү көкөлөтө жакшы сөзүң,
Сакталат жүрөгүмдүн тереңинде.
Силердей акын берген, пирди берген,
Ак жаркын ага берген, ини берген.
Күйүмдүү досту берген, курдаш берген,
Сүйкүмдүү эже берген, сиңди берген,
Жаракөр кызды берген, уул берген,
Жайнатып дасторконун беленден.
Үйүмө илбериңки келин берген.
Кайышпас бөлө берген, жээн берген,
Калысым таразалап баасын берген,
Бактыма кыргыз элдей элди берген,
Берешен гүл жайнаган жерди берген.
Дем берип чоң жарышта сүрөп алар,
Кең пейил дили таза эрди берген.
Кут кирип төрүмө силер менен,
Кубанып батпай турам мен териме,
Буйруган мына ушундай жакшы күнүн,
Мен чексиз кулдугум бар Теңириме.
Көңүлгө демөөр болуп бергениңе!
Калдайган караан болуп, кубат болуп
Калайык чоң рахмат келгениңе!
Көңүлдү көкөлөткөн жакшы сөзүң,
Сакталат жүрөгүмдүн тереңинде!

## ГЕЗИТТЕРДИН АКСАКАЛЫ

*/Кыргыз Туусуна/*

Угарга улук сөз болуп,
Көрөргө көсөм көз болуп.
Кеменгер наркгуу атадай,
Элиңе акыл эс болуп.
«Эркин Тоо» келди тилегиң,
Эгемен күнгө кез болуп.

Кычыткы сөздөн алыссың,
Ак адил жандай калыссың.
Кылычка тике караган,
Кыргыздын коргоп намысын.
Кылчайып кыйла гезиттер,
Өзүңдөн үлгү алышсын.

Айтканың элге ак болуп,
Жамгырдай жааган кат болуп.
Салтыңдан тайбай келесиң,
Дайыма элдик жак болуп.
Желбиреп колдо турасың,
«Кыргыз Туу» деген ат конуп.

Туу болуп жүргүн ылайым,
Түшпөстөн элдин колунан.
Сырдашы болгун кыйышпас,
Ойлору чыккан ордунан.
Жакшылык кабар угузуп,
Тосуп тур күндө жолунан.

Кыргыздын туусун ыргаган,
Кезинде кыраан агалар.
Азыркы кыраан жигиттер,
Агалар жолун аркалар.
Бүгүнкү күндүн үмүтүн,
Эртеңки күнгө алпарар.
Замандын үнүн, чындыгын,
Карегиндей кайтараар.
Калкынын камын, тилегин,
Калеми менен калкалаар!



## «ЭРКИН ТОО» ГЕЗИТИНЕ

Жакшылыктын жарчысысың
Бейпилдиктин катчысысың
Карыядай калыс, көсөм,
Калктын акыл тапкычысың
Элдин үнү, эл тилеги,
Жан дүйнөнүн ачкычысың.

Жакшы күндүн жаны деймин,
Жакшы адамдын жары деймин.
Жаңыланган бул коомун,
Жүрүп турган каны деймин.

Жүзүң күндөй жаркып турсун,
Жалпы журтка жагып турсун.
Күндөп өсүп сенин саның,
Калкың сүйүп алып турсун.

«Эркин Тоо» канат күүлөп,
Эркин элге барып турсун.
Окурманды алга сүрөп,
Ар жүрөктө жанып турсун.
Эгемендүү ушул күндүн,
Тамырынан агып турсун.
Ынтымактын туусун ыргап,
Бийиктикке тагып турсун.
Эсенбайы эсен болуп,
Эл батасын алып турсун!

## АЛА-ТООГО КҮН ТИЙБЕЙ КОЙБОТ

*/ «Ала-Тоо» журналынын башкы редактору Кеңеш Жусуповго/*

Ала-Тоонун түшүрбөйм деп түндүгүн,
Чырагынын көтөрмөлөп билигин.
Өчүрбөскө өжөрлөнүп келесиң,
Тоолуктардын «Ала-Тоодой» бир үнүн.

Адабият «Ала-Тоосун» кыя албай,
Калса дагы убактылуу чыга албай.
Басып кетпей тирек болуп келесиң,
Келер күндөн үмүт селин тыя албай.

Жакшылыктан үмүтүңдү үзбөдүң,
Турган ошол бийигиңден түшпөдүң.
Бороондорго солк этпеген зоо болуп,
Кыргыз тарых түп тамырын издедиң.

Ишен Кеңеш келерине жакшы күн,
Ала-Тоого тийбей койбойт жарык күн.
Жабылууга мүмкүн эмес жашоодо,
Адамдагы жарык сезим, жарык үн!

## «КЫРЧЫН» ДЕП ШАҢШЫГАН КОШ ШУМКАР

*/ «Кырчын» журналынын 50 жылдыгына жана анын кыйышпас кайраттуу кызматкерлери: Тынчтыкбек менен Тойчубай инилериме/*

«Кырчын» бул тили бал баладай,
Кыялкеч жаштыктын өзүндөй.
Бир туруп даанышман бабадай,
Баа жеткис акылман сөзүндөй.

Бир туруп таланттуу акындай,
Жүрөктөн жалындуу ыр төгүп.
Акылдаш жаныңа жакындай,
Агылып көңүлдөн сыр төгүп.

Бир туруп балалык тилектей,
Тап таттуу ойлору туп тунук.
Канаттуу балалык үмүттөй,
Кылактап бийикке умтулуп.



Бир туруп көп сырдуу тараптай,
Кол булгап өзүнө чакырып.
Бир туруп түпкүлүү тарыхтай,
Жолду улап мезгилди карытып.

Бир туруп окумуштуу улуу адам,
Ааламды бир башка батырган.
Бир туруп укмуштуу бир баян,
Илимий кең дүйнө чалкыган.

Бир туруп эр жүрөк баатырдай,
Улуттун намысын коргогон.
Бир туруп көп билген карыдай,
Ыймандуу абийирди ойлогон...
Тынчтыкбек, Тойчубай инилер,
«Кырчын» -деп кыл чайнап келдиңер.
Кылычтай сурулуп, курч туруп,
Кыйындык күндөрдү жеңдиңер.
Кырчындын жолуна ал тургай,
Кыйылып кетебиз дедиңер.

Кыргыздын сүйүүнүн белгиси,
Кырчылдап муюбас эркиңер.
«Кырчындын» бөпөлөп өстүрүп,
Кылымдын кыйрына жеттиңер.
Кызыктуу чыкса деп ар саны,
Кырчындай жаштыкты бердиңер.
Кырчындай жаш бойдон жүргүлө
Кызыган өчпөсүн демиңер!

«Кырчынга» көөдөндү тостуңар,
Өмүрүн өлтүрбөй создуңар.
Чырагын өчүрбөй жандырып,
Жүрөктүн жарыгын коштуңар.
Кырчындан касиет агылып,
Бапыйган болгула кош чынар,
Арыбас болгула кут даарып.
«Кырчынга» чегилген кош тулпар.
Талыбас болгула көкөлөп,
«Кырчын» деп шаңшыган кош шумкар.
«Кырчын» барда кыйбаган кыргыз бар,
Кыргыз барда кыйылбайт «Кырчын» бар!

## ЖОКТОО

Келгин куштай беле адам өмүрү,
Көчөбүздөн көрбөй калдык көптөрдү.
Көрүп жүрүү чоң канимет экен го,
Ушул көчө көптү көздөн өткөрдү.

Көчөбүздөн баспай калды Аалыкем,
Кайда кеткен Кукем, Током, Касыкем.
Жарык кабак, мээрин төгүп бапырап,
Тигил бурчтан чыгуучудай Темикем.

Кай жаккадыр сапар кеткен өңдөнүп,
Көчө көркү зыңгыраган агалар.
Ээнсиреп сабыры суз көрүнөт,
Барган сайын суйдаң тартып араңар.

Силер барда жаш көрүнүп биз дагы,
Улуулардын улуу сөзүн укчу элек.
Агалуунун ырысы бар дегендей,
Жагалданып канат байлап турчу элек.

Ойлоп көрсөм тулку бою жакшылык,
Жакшы адамдар арабыздан кетиптир.
Жакшылыгын чачуу кылып ыр менен,
Үрөн кылып жүрөктөргө эгиптир.

Жап-жаш туруп кандай күнгө кабылды?
Кайда Жолон, Турар, Совет, Табылды.
Безеленген булбул тили каткандай,
Жүрөк сүйгөн жазбай калып жаңы ырды.

Жолукканда атаалаштай кубанып,
Жарк дей түшүп жай сурашкан кездерим.
Ырдын леби уруп ар бир сөздөрдөн,
Көңүл жоктоп, муунум бошоп эстедим.

Чиркин дүйнө жашоо заңы ушундай,
Көздөр жаңы жашаргансып арабыз.
Бир күндөрдө көчүп кеткен өңдөнүп,
Бул көчөдөн биз да баспай калабыз,
Улуулардын арт жагынан барабыз!



## ТАЛАНТЫҢ ТАЛАНТ ЭЛЕ ТАШКЫНДАГАН

*/Айзада Бегимкуловага/*

Жайдары жадыраган, шаңкылдаган,
Тилинен бал тамызып шартылдаган.
Кыргыздын кынындагы курч кылычтай,
Суурулуп ак алмаздай жаркылдаган.
Чындыктын ажаатына жаралгандай,
Ак сүйлөп кандан бектен тартынбаган.
Аялдын чачы узун акылы кыска
Деп неге айттың экен кайран бабам.
Талантың көп тармактуу ташкындаган,
Бир башка кайдан келип, кантип баткан.
Ай чапчып чартылдасаң ойлочумун,
Жаралап калганбы деп чагылгандан.
Таңдайдан тамшандырган ыр агылып,
Ырларды өзү жазып, өзү ырдаган.
Булбулдай таңшык үнүн угуп туруп,
Адамдар жок эле го жыргабаган.
Баяндап өз тагдырын, өз арманын,
Сүйүүсүн суусап жазып бүтпөй калган.
От сезим алоолонуп махабатка,
Өрт жүрөк өчүп, күйүп канбай калган.
Суктанып элиң сүйүп окуй турган.
Калды экен канча роман жазылбаган.
Жаралып жарыла албай бугуп жаткан,
Жан дүйнөң кең эле го казылбаган.
Ачылып, ачылбастан сыр сандыгың,
Канча сөз ичте кетти айтылбаган.
Жан элең бир өзгөчө жаркын адам.
Дүйнөнү түрө издесе табылбаган.
Билгенден жоктур сени сагынбаган.
Артыңдан жоктобогон, кайгырбаган.
Жалындуу күлдүргү сөз, күйдүргү көз,
Тез өчтүң чагылгандай аттиң арман!
Артыңда ордуң жоктоп, издеп алчуу,
Тобо кыл бардыгына Эркин агаң.
Кайгырып сенин кыска өмүрүңө,
Аянбай ичтен сызып, күйүп жанган.
Сенин бай дөөлөтүңдү элиңе арнап,
Түшүнгөн улуулукту улуу адам.
Артыңда эстээри бар, эл журту бар,
Акында аз жашаган эмне арман!

## КОШ БОЛ ЭСИЛ КОҢУР МҮНӨЗ ЖАКШЫ АГА

*/Жунай Мавляновго/*

Арка, жөлөк, акылчы, даана элеңиз,
Мээримдүү баарыбызга ага элеңиз.
Жүйөөлүү сөздөрдү айтып даанышмандык,
Жаштарга кан Бакайдай ата элеңиз.
Турабыз бүгүн жоктоп караанында,
Кечээ эле арабызда бар элеңиз.

Сиз элеңиз замананын балбаны,
Мекен алпы колунда бар балдагы.
Эл-жер үчүн жарты санын калтырып,
Согуш тагын айтып турган андагы.

Сиз элеңиз адамдыкка туулгандай,
Ыймандын булагына жуунгандай.
Жүзүндөн мээрим жанып турар эле,
Жылытып адамдарды күн нурундай.

Сиз элеңиз нарктуу, салттуу сыпайы,
Аздектеген адеп, ызаат, ыйманды.
Адамдыкты, барктап, даңктап жүргөндөн,
Элибизде сиз көрбөгөн сый барбы.

Көрүшкөндө жарк деп көңүл бурчу элең,
Назик, таза, сөз гүлүнөн сунчу элең.
Жылуу сүйлөп көкөлөтүп көңүлдү,
Сөзүң менен эркелетип турчу элең.

Келет ажал кээде ушинтип жаңылып,
Кутуусуздөн, капысынан кабылып.
Бут адамга бирдей эле мамилең,
Ордуң жоктоп, элиң турар сагынып.
Кош бол, эсил, коңур мүнөз жакшы ага,
Жаннатта жүр, бейиш төрүн жай кылып!



## ҮЙДҮН КУТУ

*/Кара-Буура районундагы Орозогул Тургунбаева атындагы мектептин ачылышында окулган ыр./*

Билим берген айлында элдин көбүнө,
Улуу, кичүү бардыгына эже эле.
Чачып турчу жаркын маанай жагымдуу,
Жакын эле, бардыгына тең эле.

Улам жаңы ыкмаларды изденип,
Иш дегенде күйүп-жанып турчу эле.
Жаштар үчүн тарбияны, билимди,
Жүрөктөргө кыт куйгандай куйчу эле.

Уул көтөрүп, кыз жетелеп керилип,
Баскан кезде бир керемет жан эле.
Кереметти караңгыны качырып,
Куттуу үйдүн күйүп турган шамы эле.

Мээнет үчүн жаратылып калгандай,
Жашоо күндүн жүрүп турган каны эле.
Адалдыктан, арuулуктан бүткөндөй,
Айткан сөзү жанга кубат дары эле.

Пейли жарык, дасторкону жайнаган,
Кудай берген берекеси бар эле.
Адамдарга ажаат ачкыч кайрымдуу,
Ак жарылып атып турган таң эле.

Көөнү жарык шаңкылдаган жайдары,
Агабыздын теңдеши жок жары эле.
Күндөй ысык мээрим күткөн алпейим,
Балдарынын батпай турган багы эле.

Ар бир сөзү нуска болгон жаштарга,
Ыйбалуу, ата салттуу, асыл нарктуу.
Жан эле жан дүйнөсү жарык күндөй,
Эне эле эл ичинде кадыр барктуу.

Эмгек менен ар бир күнү жөн өтпөй,
Эркегинин ак жакасын кирдетпей,.
Жасалгалап, жаркыратып үй ичин,
Бала баккан бапеселеп жүдөтпөй.

Ар бир күндүн ар мүнөтү жөн өтпөй,
Бүт өмүрүн жакшылыкка багыштап.
Жан дүйнөсүн жагып кетти жаштарга,
Бүгүнкүнү эртеңкиге табыштап.

Ага кошо колго кайчы, ийне алып,
Кумар тутуп эчен кооз элести.
Кийиз жасап, сайма сайып түрдөтүп,
Узанганы бир керемет эмеспи.

Өмүрүнүн бир мүнөтү бош өтпөй,
Кеткен экен балдары үчүн зарпталып.
Акыл, адеп айкалышып билимге,
Турган кези эмгегиңиз акталып.

Тамыр жайган саябандуу дарактай,
Бүчүрлөрүң көктөп турган көкөлөп.
Суктандырып, кубандырып эл журтун,
Бөпөлөгөн алган жарың экөөлөп.

Он бир балаң баары чынар жетилип,
Жогорку адис, баары илим, билимдүү.
Оозго алынып, адептүү да, ыймандуу,
Адам болгон эл журтуна күйүмдүү.

Көп иштерге жетишчү экен үлгүрүп,
Мектепке бир, үйүнө бир жүгүрүп.
Кадыр тутуп алаканга салчу экен,
Кайынэнеге карыганча жүгүнүп.

Башы көккө тийсе дагы жалганда,
Бир арманы болот экен адамда.
Атаганат өзүң болсо эминс,
Күлүп-жайнап ушул кезде арада.

Шүгүрчүлүк кыздарында жылдыздуу,
Сенин көзүң жоодур этип жүргөнсүйт.
Тартуу кылып ак дилиңди адамга,
Сенин гана күлкүң менен күлгөнсүйт.

Балдарында кайталанып өмүрүң,
Ооздорунда сенин сөзүң жүргөнсүйт.
Адал пейлиң, асыл наркың, ыйманың,
Жаңыланып кайра өмүр сүргөнсүйт.



Бала-чакаң, тууган урук, тең барда,
Өчпөйт эже сенин жаркын элесиң.
Сени эскерген ак мектебиң, эл барда,
Түбөлүккө өмүр сүрө бересиң!

***Сентябрь 1997ж***

## СЕНИН ЫРЫҢ РЫСПАЙ

***/Рыспай Абдыкадыровго/***

Сенин ырың менин ырым туюлуп,
Жүрөгүндөн жүрөгүмө куюлуп.
Чын сүйүүнүн билбейт элем кадырын,
Сен анчалык ырдабасаң буулугуп.

Сенин ыйың менин ыйым туюлуп,
Жүрөгүндөн жүрөгүмө жугузуп,
Албаганда чыкпайт элем бугумдан,
Сен анчалык ырдабасаң буйугуп.

Сенин ырың күлдүртүп да, күйдүртүп,
Бул дүйнөнү кайра баштан сүйдүртүп.
Жанган сезим өтөт беле ойгонбой,
Сен анчалык ырдабасаң дүргүтүп.

Сенин ырың жаштыгымды саматып,
Мөл булактай жан дүйнөмдү тазартып.
Сезбейт элем рахатын өмүрдүн,
Сен анчалык ырдабасаң жашартып.

Сенин ырың менин ырым сезилип,
Жүрбөгөндө ырың менен кезигип.
Билбейт элем бул жашоонун кадырын,
Сен анчалык ырдабасаң эзилип.

Ырларыңдан издегеним табылып,
Жүрөгүндөн жүрөгүмө агылып.
Сезбейт элем кереметин дүйнөнүн,
Турбаганда сенин ырың жаңырып.

Жүрөктөрдөн жүрөктөргө агылып,
Сезимдерге шам чырактай жагылып.
Сенин ырың калып калды түбөлүк,
Ала-Тоонун кулагында жаңырып.

## ЭЛИҢ ТУРАТ САГЫНЫП

*/Жолон Мамытовго/*

Дүбүрт чыгат, дүбүрт чыгат алыстан,
Күлүктөрдүн жарышынан чаң учкан.
Карандатпай алда келет бир күлүк,
Жарк-журк этип канатынан шам учкан.

Ал күлүктүн айрыкча экен дүбүртү,
Ал күлүктүн артыкча экен жүрүшү.
Кулак түрүп карап калды калың эл,
Мооку канып, оттой жанып үмүтү.

Караандатпай кашка күлүк Жолонум,
Эми гана баралыңа толгонуң.
Мүдүрүлүп учуп түштүң капилет,
Аттай албай ажал тоскон коргонун.

«Татаал ойлоп, эң бир татаал жашаган»,
Дили таза, ниети аруу жаш адам.
Ордуң жоктоп, күзөп турган сендейди,
Эгемендик, жаңырган күн, бул заман.

Ак сөзүңдү алда качан айтыпсың,
Ниети кара, арамдыктан айныпсың.
Арман кылсак жаш кетти деп өзүңдү,
Айтаарыңды эчак айтып алыпсың.
Көптү көргөн көсөмдөрдөй сөздү айтып,
Сен жаш туруп ушунчалык карыпсың.
Сен тилеген кылым чыкты жүз жашка,
Сен кылымга жигит бойдон калыпсың

Бүтүн акын келсек деле жабылып,
Канча ырлар окусак да жаңырып.
Сенин ордуң толтура албай турабыз,
Сени жоктоп элиң турат сагынып!



## ТЕҢИРИ МАНАС ӨҢДӨНҮП

*/Ашым Жакыпбековго/*

Жаныңа турган шам жагып,
Жан бооруң экен жакшы адам.
Көңүлгө турган гүл тагып,
Куйөруң экен жакшы адам.
Сүйлөсө жанды эритип,
Сүйлөрүң экен жакшы адам.
Жашоодо жанга бел тутуп,
Жүрөрүң экен жакшы адам.
Ушунун баарын жоготуу,
Ажырап калсаң жакшыдан.

Кара сөздө Манасты,
Кайра жазып кетипсиң.
Кошо жүргөн өңдөнүп,
Калкагар тоодой элесин,
Кайра тартып берипсиң.
Сапырып кайра чогултуп,
Сөз берметин терипсиң.

Эми Семетейди жазарда,
Эңсесин элдин басарда.
Жүрөктөрдү сыздатып,
Жүрүп кеттиң сапарга.
Жарк эте күлүп кашкайып,
Жүрө турбай катарда.
Арманда калдык таба албай,
Арга жок экен ажалга.

Ашыке, ар бир үйлөргө,
Манасың менен киресиң.
Көрөнгөнү көөрөнбөс,
Кошултө айтып бересиң.
Көркөмүн сөздүн кемитпей,
Кошулта айтып бересиң.

Келечекке кол сермеп,
Созулта айтып бересиң.
Өзүңдүн дагы Манастай,
Көрүнүп көзгө элесиң.
Кыргызың менен биргесин.

## ЫРААЗЫМЫН ЖАН КУРБУМ

*/Акын, республиканын эл сүрөтчүсү Шакен Мамбетаиповага/*

Жигиттей зымырылта алып качтың,
Сен курбум УАЗыңды айдап алып.
Токтоттуң бийигине тоолорумдун,
Гүлдөрдүн мекенине алып барып.

Жаз дедиң жазчу болсоң ушул жерден,
Кулпурган Ата-Журттун көрүнүшүн.
Мен болсо этюдникти алып чыгып,
Талдайын боектордун бөлүнүшүн.

Тоолорго бир суктанып, бир таңданып,
Жыйганча апкаарыган ойлорумду.
Байкадым жылга суусун шаркыратып,
Гүлдөргө тил киргизип койгонуңду.

Карап туруп жазбасам да бир сап ыр,
Бекер өттү дебейм ушул күнүмдү,
Билип кайттым ыраазымын жан курбум,
Тууган жерге болгон тунук сүйүүңдү...

Ал кызың өтүп кетти, оо тууган жер,
Сүйүүсүн карегинен чачыратып.
Бөксөрүп ошол жерге жалгыз барып,
Мен турам көз жашымды тамчылатып.

## ШАКЕНДИ УЗАТКАНДАГЫ КОШОГУМ

Аркардай шаңдуу басканың Шакен,
Ажайып дүйнө жазганың Шакен.
Көшүлүп шаңдуу басканың Шакен,
Көркөмдүү дүйнө жазганың Шакен.
Жашаган бир аз өмүрдө эрте,
Жасайм деп көптү шашканың Шакен.
Өзгөчө кумар жан элең ашык,
Дүйнөнү кантип таштадың Шакен.

Кыялга батып басканың Шакен,
Кыялдай дүйнө ачканың Шакен.
Кыярбас сүрөт тартканың Шакен,
Кызыкка чексиз батканың Шакен.



Иш менен таңды артырган Шакен,
Иш менен күндү батырган Шакен.
Таңдантып бүткүл дүйнөнүн элин,
Өнөрдөн өрнөк калтырган Шакен.

Учугун элдин улаган Шакен,
Уккандар келип сураган Шакен
Өнөрүн элдин улаган Шакен,
Өрнөгүн көптөр сураган Шакен.
Өлбөгөн өнөр артына таштап,
Өмүрдөн эрте кулаган Шакен.

Талантын элдин даңктаган Шакен,
Далайды сүрөп таптаган Шакен.
Тамшандырып кыргыз оюмун
Жаңы өмүр берип баптаган Шакен.
Керемет кыргыз саймасын түрдөп,
Сыйкырдуу ийне саптаган Шакен.

Эки өнөр күтүп таптадың Шакен,
Эки өнөр сүйүп барктадың Шакен.
Бирде калем, бирде кисти алып,
Өзүңө өзүң батпадың Шакен.
Өмүрдү дагы эки адам өңдүү
Эки адам өңдүү чаттадың Шакен.
Өзгөчө сүйүп өртөнчү элең,
Өмүрдү кантип таштадың Шакен.

Өзгөчө кыйбас жан элең чебер,
Өнөрүң ыйлайт артыңдан Шакен.
Ырдалбай калган, жазылбай калган,
Ырларың ыйлайт артыңдан Шакен.
Купуя бойдон айтылбай калган,
Сырларың ыйлайт артыңдан Шакен.

Машинаң айдап барчы элең чыгып,
Мекени гүлдүн бел ыйлайт Шакен.
Коөдөндү керип жыттаган жыргап,
Агылган тоодон жел ыйлайт Шакен.
Бала чакаң, кыздарың,
Баалаган сени эл ыйлайт Шакен!

## БОРООН СОККОН ТОО ГҮЛҮ

*/Кыргыз республикасынын
эл артиси Тамара Жумакаевага/*

Таңшыдын улуу тоодо улар болуп,
Тыңшады толук элиң кумар болуп.
Толукшуп орун алган тоо ичинен,
Тагылдың театрга тумар болуп.

Жан элең көз оттору жанып турган,
Көргөндүн көңүлдөрүн жарык кылган.
Өстүрүп өзүн өзү өргө күүлөп,
Өнөргө өзүн бүтүн сарып кылган.

Таланттын талант эле ташкындаган,
Нарындай күргүштөнүп агып турган.
Бар эле кудай берген кудуретиң,
Кайратың кара ташты жарып турган.

Боорунан өсүп чыккан Теңир тоонун,
Гүлүндөй тамыр байлап аска зоонун.
Бой бербей ызгаарына өжөрлөнүп,
Ийилип тосчу элең го бороон жолун.

Бир эле сахна менен сенин жаның,
Балбылдап жанып турчу сенин шамың.
Кызыктуу ар бир күнгө кумар артып,
Кыялдуу тосчу элең го тоонун таңын.

Жаралып асманында Теңир тоонун,
Жылдыздай бийик эле сенин оюң.
Жаркырап көп жылдыздын арасынан,
Жанардай турчу элең го жарып тобун.

Кайнаган театрдын каны элең,
Жайнаган сахнабыздын шамы элең.
Жаркыта жан киргизе ойноп берген,
Ар түркүн ролдордун жаны элең.
Татымдуу театрдын тузу элең,
Сахнанын салтанаты, куту элең.

Көркөмү көз тайгылткан кол өнөрүң,
Танкалткан аялзаттын узу элең.
Бетине кармап сени алып жүрчү,
Нарындык артистердин жүзү элең.



Бел болуп беттегенин алып келген,
Белсемдүү театрдын күчү элең.
Учурган Теңир тоонун кушу элең,
Сурулган сыр найзанын курчу элең.
Көңүлүн көпчүлүктүн арбап алып,
Жүрөктөн жалын чачып турчу элең.
Даамын таттуу эмгектин татаар кезде,
Талыткан тагдыр чеги ушул белем.

Сахнадан кеткин деген суук кептен,
Бүткөн бой сууп кетти танып эстен.
Ошол сөз октой тийип от жүрөккө,
Күтүүсүз жүрөк сокпой катты денең.

Бир сөздү анча терең алдың экен,
Ал кезде кандай күйдө калдың экен.
Бир сөздөн шамы жанып адам байкуш,
Кээ бирде жалгыз сөздүн курманы экен.
Мааниси ушул беле улуу сөздүн,
Бабалар «суук сөздөн сакта» деген.

Өзүңдү сактай албай суук сөздөн,
Талантты коргой албай суук көздөн.
Аялуу жоодураган назик жанды,
Жоготуп алгандан соң тандык эстен.
Таябыз эмнеликтен ата-бабам,
«Тирүүндө кадырлашкан» деген кептен.
Сен болдуң бороон соккон тоонун гүлү,
Үзүлүп мезгилинен эрте кеткен!

## АРМАН

*/ Телережиссор Жылдыз Токтосунованын элесине/*

Жакшы адамдан жакшы деген сөз калат,
Эскеребиз Жылдыз кандай жан эле.
Улуу, кичүү билген жандын баары айтат,
-Көчө көркү, тирүүлүктүн шаңы эле.

Жан жагына чачып турган жарыгын,
Нур төгүлгөн бир керемет жан эле.
Көрүшкөндө жарк дей түшүп жылмайып,
Сүйлөшкөндө көңүлдөрдүн шамы эле.
Адамдарга кичи пейил, жаракөр,
Ак жарылып атып турган таң эле.

Ыйбалуу, ата салтуу, асыл нарктуу,
Жан эле жан дүйнөсү жарык күндөй.
Жаңы күндүн жаңы адамы жагымдуу,
Жаркырап жаңы ачылган назик гүлдөй.

Эч кимге тийген эмес жаман сөзүң,
Көктөгү чолпон эле эки көзүң,
Күтчү элең бой келбетти жарашыктуу,
Өзүңө бир тең келчү жалгыз өзүң.
Кыйылып кулап түштү сабагынан,
Ачылып гүлүң аңкып турган кезиң.

Жылт этип жылдыз болуп учуп кеттиң,
Атың да, затың дагы жылдыз элең.
Сен болбо те ободо жамындаган,
Жаркырап жанып турган нур кыз элең.

Табабыз кайра өзүңдү эми кайдан,
Жан элең паразаттуу жаркын адам.
Куш сымал колдон учкан кайрылбайсың,
Билгенден сени жоктур сагынбаган.
Үзүүгө жоодураган жоогазынды,
Ажалдын кантип гана колу барган.
Адамдын кантип гана дити барган
Ичинде канча сөздөр айтылбаган,
Кетти экен жүрөгүндө канча арман.
Аманат бүгүн барда эртең жоксуң,
Ушундай жашоо арман, дүйнө жалган.

## КАЙДА УЧУП КЕТТИН, АК ТУЙГУН

*/Аман Токтогуловго/*

Эстесек сени эсилим Аман,
Ак жаркын дүйнө, ак жаркын Адам.
Жарк этe калып, алтындай уюп,
Айтчы элең сөздүн асылын анан.

Ойлосок сени ойчулум Аман,
Оргуштап төгүп ойлорду жалаң.
Оттонуп жанып отурчу элең,
Таба албай калдык ордуңдан анан.

Толбоду ошол орунуң бөксө,
Суусайбыз дайым сен айтчы сөзгө.



Калтырып коюп кыйарбас дөөлөт,
Көрүнбөй кеттиң бир өзүң көзгө

Эстесек сени алп акын Аман,
Жазчы элең ырдын берметин жалаң.
Жазгандан дагы канча улуу ойлор,
Жазылбай кетти мына ушул арман.

Бир келип кыргыз багына конуп,
Табыңа келип, баралга толуп.
Турганда издеп таба албай калдык,
Кайда учуп кеттиң ак туйгун болуп...

## СЕН МЕНИН ТААЛАЙЫМ ЭЛЕҢ

***/Кезинде бир катар жетекчи кызматтарда жүрүп, Кыргызстандын гүлдөп өсүшү үчүн олуттуу салымын кошкон элибиздин сүйүктүү уулу, маркум Карыбек Тыналиевдин жубайы Асипанын эскерүүсүнөн/***

Оо дүйнө, мерес белең, дүлөй белең,
Зар какшап боздогонду укпас керең.
Аяган сенде жүрөк, сезим болсо,
Көлкүлдөп таш да болсоң эрийр элең.
Жаныма батып кетти мунканганың,
Мына деп алганыңды берер элең.

Күтөмүн күтө берем кимди күтөм,
Күнүгө келүүчүдөй үмүт менен,
Кечигип күүгүм кечке жарк дей түшүп,
Бапырап эл коштогон дүбүрт менен.
Элесиң келе берет өзүң жоксуң,
Кулаймын эсим оол күйүт менен.

Күтөмүн көңүл сенден суубаган,
Жайдасың бир дайының угулбаган.
Отурам кулак түрүп дабышыңа,
Жер кезген шамал келет дуулдаган.
Жок издеп жүргөн бекен мага окшоп,
Дабышы ыйлагандай уңулдаган.

Бар болсоң жер жүзүндө аман болуп,
Жетмекмин дуулдаган шамал болуп,
Сен мени түк карабай койсоң дагы,

Жүрмөкмүн көлөкөдөй караан болуп.
Азабың, тозогуңа кайыл болуп.

Айла жок кайрат кылам белди бууп,
Ажалга айбат кылам жашты жууп.
Пайда жок ыйлагандан, боздогондон,
Же аны керең дүйнө койбосо угуп.
Мээримдүү адатыңча кулач жыйып,
Өзүң да келбес болсоң кайра туруп.

Сенден өткөн бакытым, таалайым жок,
Калдайган жанга кубат карааның жок.
Көтөрбөскө тагдырды чарам да жок,
Жан бөлөк болгондон соң амалым жок.
Буйруган сени мага ыраазымын,
Жашаган күндөрүмө арманым жок.

Бир гана басып бүтпөс жолдо элең,
Сен али иштеп бүтпөс ойдо элең.
«Элимден алганым көп бере элекмин,
Бет күйөт карыз бойдон кантип кетем».-
Деп гана арман кылдың кетериңде,
Кайрат күч толуп турган бойдон элең.

Деген кеп бар «бир адам казган кудук,
Миңдерге суу ичирет» аруу жууп.
Өрүштөргө күтүрөп малы батпай,
Бак өстүрүп гүлдөтүп шаар куруп.
Керекте белиң чечпей күнү-түнү,
Бүтүрдүң канча иштерди тике туруп.

Белсенип эл ишине даяр элең,
Мээримдүү адамдарга аяр элең.
Убакты боло калса ырлар жазып.
Дүйнөсү жаркыраган адам элең.
Суранып угушумду көңүл буруп,
Толкундап ырың окуп калар элең.

Жүрөгүң назик, таза акын элең,
Адамга чыгармачыл жакын элең,
Тең карап, дос, тууганга, жарандарга,
Көңүлүң качан болсо жарык элең.
Өзгөчө өзүң сүйгөн жарың үчүн,
Аябай берер элең жанды деле.



Айла жок жаткан жериң жарык болсун.
Ак олпок топурагы мамык болсун.
Жараша пейилиңе бейиште бол,
Тозоктун сага эшиги жабык болсун.
Артында опол тоодой кылган эмгек,
Эскерер элиң үчүн тарых болсун!

## САХНАБЫЗДЫН ЧҮРӨГҮ ЭЛЕҢ

*/СССРдин эл артиси, Токтогул сыйлыгынын лауреаты Бакен Кыдыкеевага/*

Кыргыздын сахнасынын чүрөгү элең,
Дүпүлдөп согуп турган жүрөгү элең.
Өзүңдү бир көрүүгө кумар болгон,
Көпчүлүк көрүүчүнүн күдөрү элең.

Баратсаң көчөбүздүн шаңы элең,
Ажарлуу сахнабыздын таңы элең.
Берилип жан дилиңден ойноп берген,
Ар түркүн кейипкердин жаны элең.

Жаркыган театрдын шаңы элең,
Туптунук ташкыны күч агым элең.
Сүйлөсөң эргип сүйлөп жан дилинден,
Жайнаткан көңүлдөрдү жагым элең.

Жайдары жарык күндөй мүнөз күткөн,
Жактырып ашык болгон адам бүткөн.
Сулууну ээрчийт дайым ушак-айың,
Баарына күлүп коюп чыдап, түткөн.

Өзүңдү барктай албай калсак кечир,
Өзүңдү сактай албай калсак кечир.
Элесиң жашай берет аткан таңдай,
Эсинен эл-журтундун кетпей эч бир,
Жан элең бир керемет кайталангыс,
Тирүүңдө барктай албай калсак кечир.
Эмгегиң актай албай калсак кечир.

Кечир деп ар бир кыргыз айтып жүргөн,
Кейиштүү өлүмүңө жаны күйгөн.
Коюлбай калабы деп бир эстелик,
Ичине бир арманын катып жүргөн.

Ашырган эл көйгөйүн иш жүзүнө,
Бар экен эр азамат баркын билген.
Бар экен Кайырбектей кайрымдуу жан,
Аткарып эл-журтунун дартын билген.
Орнотуп эстелигин, бата окутуп,
Өзүндөй эже эмгегин эске түйгөн.
Чыгыптыр эл атынан шымаланып,
Эжени эскермекке эли сүйгөн.
Бар болсун кыргыз элдин намысы үчүн,
Берендер Кайырбектей элин сүйгөн!













# КУТТУУ МАХАБАТ



## СҮЙҮҮНҮ БҮТТҮ ДЕГЕМ

Сүйүүнү бүттү дегем,
А сүйүү бүтпөйт экен.
Сүйүүдөн жаралыптыр өмүр, дүйнө,
Кудайдын өз аты да сүйүү экен.
Калбаптыр эч бир нерсе көңүлдөн сырт,
Бардыгын жаратыптыр сүйүү менен.

Биз дагы жаралыппыз ал сүйүүдөн,
Дүйнөнү мен сүйгөндөй сүйсүн дептир.
Балдарым мени тартып жер жүзүндө,
Өмүрдү сүйүү менен сүрсүн дептир.
Бул өмүр кайдан келди, кайда барат,
Ойлонуп акылына түйсүн дептир.

Күн чыгыш сүйүүгө бай байыртадан,
Сүйөбүз аталардын салтын сактап.
Акындар ашыктыктан өрттөнүшкөн,
Жүрөбүз жалынына жанды кактап.

## АДАМДАРГА

Оо адамдар, жакшысыңар,
Жүргүм келет араңарда дайыма.
Күлкүңөр күн чыгарып,
Ырыңар жан жыргатып,
Оюңар ой тутантып,
Сөзүңөр муң таратып,
Ишиңер жүз нурдантып,
Күүңөр таң атырып,
Кандай гана кымбатсыңар жаныма.

Оо адамдар, кызыксыңар,
Кызыгына баткым келет кызыга.
Түркүн ички сырыңар,
Түркүн максат оюңар,
Түркүн ички кылыңар,
Түркүн түшкөн жолуңар,
Түркүн иште колуңар,
Андан бүтүп сонундар,
Айтып бүткүс, кангым келет сырыңа.



Оо адамдар, кымбатсыңар,
Кыйындыкта колдорумду сунам да,
Акыл өсүп билбегеним сурайм да,
Жашоо үчүн мен силерге таянып,
Силер менен өмүр жолун улайм да,
Силер менен көңүл ачып куунайм да.
Мен силерсиз күнүм өтпөй,
Сабагынан учуп түшкөн
Жалбырактай куурайм да.

Оо адамдар, түркүнсүңөр
Бүтпөдү сага деген тандануум.
Жазгырып кээде мени ишенчээктик,
Бүтпөдү сага менин алдануум.
Ойлобо алдадым деп жалган айтып,
Ал билсең өзүңө өзүң алданууң.
Чоңураак көз ачылып, бул турмушка,
Жаралат андан менин жандануум.

Оо адамдар, бар болгула,
Бүтпөсүн көчөлөрдө агымыңар,
Арбысын турмуш жолдо арымыңар,
Артылсын бир бириңе жагымыңар.
Жаркырап тийип турсун,
Бир бириңе жарыгыңар.
Сыртыңдан мага кубат, мага демөөр,
Бей таныш болсоңор да карааныңар.

Оо адамдар, асылсыңар,
Ошон үчүн силер менен жүрөм да.
Силер менен күлөм да.
Мен силерсиз ичим кайнап,
Ээнсиреп жүдөйм да.
Силер үчүн өзүмө,
Асыл максат үйөм да.
Кумарланып турмушка,
Ошон үчүн жашаганды сүйөм да!

## КЕЛДИҢБИ СҮЙҮҮ

Келдиңби сүйүү айламды алты кетирип,
Келдиңби акыр ашууну ашып кечигип.
Кечиксең дагы келгениң кандай зор бакыт,
Келбеске кеткен жаштыкка калдым кезигип.

Келдиңби сүйүү эсимди эки оодарып,
Эчаккы өчкөн сезимге кайра от жагып.
Эскиртпейм сени эскирсе мейли өмүрүм,
Эзиле жанып, алоолоп күйөм тутанып.

Келдиңби акыр эңсеген сүйүүм сенсиңби,
Тааныбай турам мурдагы ушул менминби.
Тааныбай дагы жаңылып калып жүрбөйүн,
Калпы жок анык нукура бойдон келдиңби.

Келдиңби сүйүү тиктейин кана көзүңдү,
Өгөйлөй көрбө өзгөрүп кеткен өзүмдү.
Карыса мейли жаштыгым өтүп кубарып,
Жап жашыл бойдон карытпай сактайм өзүңдү.

Келдиңби сүйүү булбулум болуп сайраган,
Тайманбай өтүп ташкыны күчтүү дайрадан.
Өзүмдү бүтүн өзүңө арнап өтөйүн,
Багыма келчи, шорума келбей кайрадан!

## ЖЫЛЫНСАМ МЭЭРИМИНЕ

Көңүлгө ысык мээрим отун жагып,
Жылынып ошол оттон кубат алып.
Жашартып турат тура жакшы адамдар,
Өмүрдүн кышын гүлдүү жазга айлантып.

Адамга кандай кымбат мээрим деген,
Жан барбы илебине эрибеген.
Баладай улгайса да көңүл чиркин,
Көрктөнүп азыктанат мээрим менен,

Ашынбай бул турмуштун кеңдигине,
Басынбай болуп калчу кемдигине.
Ачуусу, таттуусуна кайыл болуп,
Жылынсам оттой ысык мээримине.



## БУЛАККА АЙТЫМ СЫРЫМДЫ

Кайрадан да бир жаз келди,
Жайнатып гүлүн аңкытып.
Көңүлдүн жазы кечикти,
Күттүрүп жолун зарыктып.

Кайрадан дагы бул жазды,
Карадым муңдуу көз менен.
Күрсүнүп нени самадым,
Айта алгыс арман сөз менен.

Көрүнгөн баары дап даана,
Бийикке барып отурдум.
Ан сайын күчөп бир өксүү,
Көөдөндү мууңга толтурдум.

Кеңирсип дүйнө турса да,
Жүрөгүм неден кысылды.
Көзүмдүн жашын чайынып,
Булакка айттым сырымды.

## САГЫНДЫМГО

Сени көрсөм көңүл көктөп учамын,
Көрбөй калсам жетимсиреп кусамын.
Келчи келчи гүлдөтчү бир өмүрдү,
Келбей койсоң кимге менин убалым.
Жалбыракмын кеч күздөгү дилдирек,
Балким жакын учуп түшөр убагым.

Сени көрсөм жашарам да кубанам,
Көрбөй калсам картаям да кубарам.
Барам дечү бак кондуруп көңүлгө,
Күндөй күлүп кирип келчи суранам.
Келсең жайнап кетсең соолуйм муңайып,
Сенсин менин өмүрдөгү убарам.

Сагындым го садагасы болоюн,
Сенсин күткөн эң бир кымбат коногум.
Сени менен кызыл гүлдөй ачылып,
Сени менен айдай жаркып толомун.
Сүйүү ташып сен жөнүндө ыр жазып,
Сен жөнүндө бүтпөй келет жомогум.

## СӨЗДӨРҮҢ ЖҮРӨК ТУЗАГЫ

Кучагың бакыт кучагы,
Сөздөрүң жүрөк тузагы.
Жибитип жанды көлкүтүп,
Жиби жок мени тушады.

Күлкүбүз турду түн жарып,
Жүзүбүз гүлдөп күн жарып.
Ыр менен таңды атырдык,
Экөөбүз жалгыз бир калып.

Тилиңде моор чалкытып,
Дилимди алган балкытып.
Көңүлдү сага байлаган,
Күч жокко коер агытып.
Окшобогон өзгөгө,
Өзгөчөсүң башкасың.
Кыялыңды кызыктуу,
Кантип көңүл таштасын.

Демөөр болгон жашоого,
Сен башкача эргүүсүң.
Мөл булактай шыпаалуу,
Көңүлүмө сергүүсүң.

## ТҮТӨӨ

Сен жөнүндө ойго батып түтөгөн,
Кетипмин го эсим оон тунжурап.
Бул эмнеси түтөгөндөй бүт дүйнөм,
Үй ичи да кетиптир го тумандап.

Бул жашоодо бары жогум билинбей,
Жеми болуп желип ички күйүттүн.
Бул эмнеси ичимби же сыртымбы,
Мурунума жыты келет куйүктүн.

Аш жасайм деп казаныма куйган май,
Кайнай берип акыр күйүп бүтүптүр.
Түтөп-түтөп алда качан түгөнүп,
Үй ичине кара түтүн бүркүптүр.



Коркуп кеттим карап күйүк казанды,
Мен өзүңдү миң жоголуп күтөмбү.
Күтө берип түтөп-түтөп түтүндөй,
Мобул майдай сызгырылып бүтөмбү?

## ТААРЫНГАН ЭЛЕМ

Тааргынган элем сагынтпай эрте келбейт деп,
Бакытка бөлөп баржактап сүйлөп бербейт деп.
Бир келсе эми карабайм дедим бултуйуп,
Баалангым келди баркыма ушул жетпейт деп.

Таарынган элем күттүрбөй эрте келбейт деп,
Күлпөткө бөлөп кошулто сүйлөп бербейт деп
Кайрылып келсе каадаланып койбосом,
Карабай такыр кадырга ошол жетпейт деп.

Кайрылып келсең каткырып ийдим кубанып,
Кучакка кандай кеткенди билбей куланып.
Жалынсаң жанып, өбүлө берип тынымсыз,
Билбедим кайда таарыныч кетти бууланып.

## КИЙИН БИЛДИМ БАРКЫНДЫ

Сендей мени эч ким сүйө албаган,
Сенче мени түшүнбөгөн бир адам.
Эркелеттиң көзүм менен айланып,
Сендей эч ким жалынбаган, жанбаган.

Сендей мени эч ким баалай албаган,
Көп кыздардын катарында караган.
А сен болсо куттай конгон колуна,
Алтын куштай көкөлөтө кармаган.

Баалабаган сындуу колдо алтынды,
А мен болсо кийин билдим баркынды.
Майрам экен сен жүргөн кез жанымда,
Аттиң деймин карап алып артымды.

## ЖАЗГА АЙЛАНЫП БАРГЫМ КЕЛЕТ

Мен сага жазга айланып баргым келет,
Жанында жаздай жайнап калгым келет.
Чачылган сенин күндөй нуруң менен,
Кырдагы кызгалдактай жангым келет.

Жүрөгүм жаз болгусу келип турат,
Жүрөгүм жазгы кардай эрип турат.
Сага мен жазга айланып баргым келет,
Жол бербей жалгыз жагдай жеңип турат.

Жүрөгүм жаз болгусу келип турат,
Көңүлүм сени көздөй эргип турат.
Ачылган сезимдеги аппак гүлдү,
Жаз гүлү үлпүлдөтүп желпип турат.

Жүрөгүм жаз болгусу келип турат,
Бир өксүү көңүлүмдү эзип турат.
Сен менен жазга айланып кетер белем,
Эркимди турмуш бийлеп жеңип турат.

## СЕН БОЛУП ЖҮРБӨ

Жоругуң жанга тең болуп жүрбө,
Жомоктон келген шер болуп жүрбө.
Жоодурап күндө түшүмдө көрүп,
Жоготкон кишим сен болуп жүрбө.

Кыялкеч жанга тең болуп жүрбө,
Кызыгы бүтпөс шер болуп жүрбө.
Кыярып өмүр кыйылып турам,
Кыялда кишим сен болуп жүрбө.

Кадырга жетер тең болуп жүрбө,
Кадыркеч кишим сен болуп жүрбө.
Көрүнбөй канча көксөтүп келген,
Көңүлдө кишим сен болуп жүрбө.



## АЙТА АЛБАЙ КОЙДУМ

Көөнүмдү сенден бөлө албай койдум,
Көңүлдө сырды төгө албай койдум.
Көпчүлүк жерге көрөм деп барып,
Көксөгөн сени көрө албай койдум.

Көзүңдөн көзүм тарта албай койдум,
Сезимди жанганката албай койдум.
Калтаарып жаным калтырак басып,
Камдаган сөзүм айта албай койдум.

## АРМАНЫМ БЕЛЕҢ

Көзүңө көзүм чагылып кетти,
Көңүлдүн оту жагылып кетти.
Жүргөнүң күлкү кубаныч беле,
Көөдөндөн күлкүм жаңырып кетти.
Аскадан ылдый шар аккан суудай,
Шаңкылдап күлкүм агылып кетти.

Жалындап ачар кулачым белең,
Жарпымды жасар кубанчым белең.
Жабыксам колум сунарым белең,
Жашоодо канбас кумарым белең.

Жашырбас сырын дардаңым белең,
Жаштыктай күйүп жанганым белең.
Жашырып айтпас жан сырым ички,
Жалганда жетпес арманым белең.

## БИР СӨЗ ҮЧҮН

Бир сөз үчүн жүрөккө нурдай тамган,
Бир сөз үчүн көңүлгө шамдай жанган.
Бир сөз үчүн кеттим го сени ээрчип,
Жаадыратып жанымды майдай жаккан.
Бир сөз үчүн бердим го өмүрүмдү,
Ойлонбостон сен кимсиң кандай адам.

Бир сөз үчүн алдастап сага шаштым,
Бир сөз үчүн суу кечтим, ашуу аштым.
Бир сөз үчүн сыйкырдуу кудуреттүү,
Өзүмө өзүм батпай ашып таштым.

Бир сөз үчүн тозокко тике карап,
Жалтанбастан азаптан беттеп бастым.

Бир сөз үчүн жүрөктү эзип койдум,
Бир сөз үчүн бардыгын кечип койдум.
Бир сөз үчүн өзүмдү сага арнап,
Байлыктан, мартабадан безип койдум.
Бир сөз үчүн айтылган чын жүрөктөн,
Бир гана сендикмин деп чечип койдум.

## КЕЧИКПЕЧИ

Кеткендин болот экен келер кези,
Күндүн да болот экен эрте кечи.
Боз кыроо боздоп турат жандан өтүп,
Сен бирок келериңден кечикпечи.

Бар экен жалбырактын түшөр кези,
Бар экен өмүрдүн да бүтөр кези.
Каардуу кыш ызгаары сыздап турат,
Жаз болуп келериңден кечикпечи.

Тоонун да болот экен көчөр кези,
Бар экен үмүттүн да өчөр кези.
Түндөрүм таңды күтүп ыйлап турат,
Жарк этип келериңден кечикпечи.

Суунун да болот экен солоор кези,
Жүрөктүн болот экен токтоор кези.
Күтүүдөн чарчагандай солгун кагат,
Бар беken кечиккендин келер кези.

## КАЙДАН ТАБАМ

Мен эми кантип жашап, кайда калам,
Өзүңдөй камкор жанды кайдан табам.
Сен жаккан жүрөгүмө оттой ысык,
Мээримди, жылуулукту кайдан алам.

Аңгырап боп-бош калды мендеги аалам,
Кангырап ээн калды гүлдүү талаам.
Булбулдөп караңгыга сиңип барат,
Буйугуп ээсиз калган жалгыз караан.
Бир сенсиз бул жашоонун мааниси жок,
Жалдырап жетимсиреп жолуң карайм.



Жаракөр жаны жаркын, жакын адам,
Сен берген ал бакытты кайдан табам.
Жоготуп шаттыгымды өзүң менен,
Мен эми тоо жаңыртып күлбөй калам.
Токтой тур, токтой турчу, таштабачы!
Сен барган ал тарапка мен да барам!

## СЕН КИМСИҢ

Жалгызсың жана жалпысың,
Бирөөсүң жана сансызсың.
Бийиксиң жана жапыссың,
Асылсың жана азапсың.
Мээримсиң жана кербезсиң,
Өзүңсүң жана элессиң.
Тозоксуң жана бейишсиң,
Кубаныч жана кейишсиң.
Түйшүксүң жана жыргалсың,
Бакытсың жана армансың.
Алыссың жана жакынсың,
Ачуусуң жана таттуусуң.
Жогумсуң жана барымсың.
Башкасың жана жарымсың.
Өмүрдө ушул барымсың.

Күйүүсүң жана сүйүүсүң.
Түңүлүү жана үмүтсүң.
Түтүүсүң жана күтүүсүң.
Алгачкы жана акыркы,
Башталыш жана бүтүүсүң.

## КҮТҮҮ

Бул күтүү кайдан келди,
Бул күтүү качан бүтөт.
Мынчалык күймөлүүгө,
Бул жүрөк кантип түтөт.

Көздөн жаш агылабы,
Көрсөм деп сагынабы.
Жүрөгүм дүрс-дүрс кагат,
А балким жарылабы.

Акылым сабыр кыл дейт,
Ашыга күтүүмө.
А балким татыбастыр,
Анчалык сүйүүнө.

* * *

Көзүм өтөт сенин келер жолуңдан,
Неге билбейм чыкпас болдуң оюмдан.
Сен балыкчы, мен балыкмын туйлаган,
Чыгарып кой чырмап алган торуңдан.

Ээ балыкчым сага айла жок тура,
Торго салган сенин көөнүң ток тура.
Айта албаган анык балык мен болдум,
Айтаар элем оозум сууга толтура.

* * *

Бул кандай жалган дүйнө,
Келүүчү караанын жок.
Кандайча унутулдум,
Же берген кабарың жок.

Бул кандай жым-жырт дүйнө,
Же айткан саламың жок.
Жабыркап өчмөй болдум,
Жарк эткен жамалың жок.
Же издеп баралбаймын,
Жүрөмүн амалым жок.

## ЖАШТЫГЫМА ЧАКЫРАСЫҢ

Сен мага күндө жаңы ачыласың,
Сен мага күн нурундай чачыласың.
Зуулатып ак боз атка камчы салып,
Сен мени жаштыгыма чакырасың.

Күлүктөй алга озгон аркырайсың,
Күн-түнү кулагымда шаркырайсың.
Күн болуп жүрөгүмө күлүп кирип,
Ай болуп асманымда жаркырайсың.
Кап кайдан кулач жайып шашыласың,
Кайрадан жаштыгыма чакырасың.



Мен сага аппак гүлдөй ачыламын,
Алдыңа ак берметтей чачыламын.
Кулпунуп ак жибектей кучагыңда,
Мен сени ак сүйүүгө чакырамын.

* * *

Жок дебей жолугууга баргандыгым,
Жоодурап жооп айта албай калгандыгым.
Жоошуп башымды ийип тургандыгым,
Багынып сүйүү отуна жангандыгым.

Айттың сен өмүрлүккө кулуң болом,
Анда мен тайгылбаган күнүң болом.
Айттың сен арзып күткөн сүйүүң болом,
Анда мен жыпар чачкан гүлүң болом.

Айттың сен өмүр шерик жарың болом,
Анда мен аруу сезим арың болом.
Айттың сен күндөй мээрим эриң болом,
Анда мен күндү күткөн жериң болом.

## ЖАКТЫРБАЙТ ДЕП ОЙЛОБО

Сен карасаң карамаксан болгонго,
Көп ичинен байкамаксан болгонго.
Бул жашоодо сенден жакын кишим жок
Жан жыргалым жактырбайт деп ойлобо.

Көрбөгөнгө көптөн бери кусамын,
Сен өзүңө мени бекем тушадың.
Агытып кой жок дегенде эркимди,
Айланчыктап айла таппай турамын.

Кучак жайып кирип келчи жылмайып,
Алоолонуп жамалыңдан нур жанып.
Кетсин үйүм алтын менен чайкалып,
Жалаң шаңдуу бакыт ыры ырдалып.

## ЖОЛУКТУҢ КАЙДАН

Жоболоң жигит жолуктуң кайдан,
Жок издеп күндө жолуңду карайм.
Жок жерден жанга жоболоң салган,
Жоругуң издеп кай жерден табам.

Күйдүргү жигит көрүндүң кайдан,
Күйүткө батып жолуңду карайм.
Күлмүңдөй карап күн нурун төккөн,
Көзүңдү сенин кай жактан табам.

Азаптуу жигит жолуктуң кайдан,
Арманга батып, акылдан танам.
Алоолоп күйүп от болуп жанган,
Ал күндү эми кай жактан табам.

Көркөмдүү жигит көрүндүң кайдан,
Көрүүгө сени күн сайын самайм.
Кашкая карап жарк этип койгон,
Күлкүңдү издеп кай жактан табам.

* * *

Айтып бүтпөй сен жөнүндө жомогум,
Агып бүтпөй сен жөнүндө ойлорум,
Кайра ошончо баалуу болду өңдөнөт,
Өмүр бою бир көрүнбөй койгонуң.

Аны сайын арта берип куштарым,
Аны сайын улам күчөп кумарым.
Жазсам жалаң сен жөнүндө ыр жазып,
Кыялымда бирге бастым, уктадым.

Калса да кышым түшүп өмүр өрдөп,
Көңүлдүн турганын көр жаздай көктөп.
Эмиздим ак сүтүмдү дирилдетип,
Түшүмдө өзүңө окшош бөбөк төрөп.

* * *

Үйүмдүн тогузунчу кабатынан,
Шаарымды бийиктиктен турам карап.
Жаркырап жакуттанып, укмуштанып,
Телмиртет кусалантып өзүң тарап.



Миңдеген оттор анда күйүп турат,
Жымыңдап өзүңө окшоп күлүп турат.
Кайсыл от болду экен деп сенин отуң,
Отторду оттуу жүрөк сүйүп турат.

Үйлөрдөн көп кабаттуу оттор жанат,
Көздөрүм бир отуна токтой калат.
Ичинен миң сандаган терезенин,
Башкача бир терезе нурун чачат.

Ошол от сенин отуң балбылдаган,
Отубуз бирге күйсө ээ атаганат.
Отуңа кошулсам деп жүрөк отум,
Өрттөнүп алоолонуп күйүп жанат.

* * *

Жан дилиме жан дилиң кошо албасаң,
Бир соккон бороон жолун тосо албасаң.
Дүрбөттүң анда неге сезимимди,
Өмүрдө түбөлүктүү боло албасаң.

Кайгырсам караан болуп тура албасаң,
Кыйналсам кол учунду суна албасаң.
Кыйкырып анда неге жолум тостуң,
Өмүрдө кыйышпасым боло албасаң.

Жайнатып тамырымдан ага албасаң,
Жаркытып өмүр отун жага албасаң.
Жандырдың анда неге үмүт отун,
Жашоодо жан шеригим боло албасаң.

Өзүңдү бүтүн бойдон бере албасаң,
Өзүңдүн тагдырыңды чече албасаң.
Өзгөчө анда неге күйүп жандың,
Өтөсүнө сөзүңдүн жете албасаң.

## ЖОКТОЙМ

*/Жарым Жанболотко/*

Жоктойм сени өзүң баскан жолдордон,
Жоктойм сени сен эңсеген ойлордон.
Күндө кечте ала кетип түшүмө,
Күндө таңда сени жоктоп ойгоном.

Жоктойм сени топ жыйындын ичинен,
Жоктойм сени, сени билген кишиден.
Окшоштуруп кара тору жигитти,
Карай берип кан өткөрөм ичимден.

Жоктойм сени мээрим төккөн көздөрдөн,
Жоктойм сени жалын чачкан сөздөрдөн.
Жан эриткен жакшынакай кебиңди,
Кайра баштан жүрөгүмдөн өткөзөм.

Жоктойм сени ырым менен эскерем,
Сен эстелик жаштык жалын кездерден.
Өксүтсө да өкүнбөймүн тагдырга,
Өмүрүмө сендей адам кез келген.

Жоктойм сени жарык дүйнө ааламдан,
Өзүң сүйүп кумарлана караган.
Жоксуң, жоксуң эч бир жерде сен жоксуң,
Жалгыз белең бул дүйнөдө жаралган

Пайдасыз жоктобоюн десем анан,
Жоктотуп турат сени кызың, балаң.
Бөксөрүп турат сенсиз ар бир күнүм,
Бир сенсиз сүргөн өмүр жалаң арман.

## ЭСИНДЕБИ

Эсиңдеби биз экөөбүз баскан жол,
Үй жанында кол кармашып бараткан.
Жар экен деп бир бирине жарашкан,
Өткөндөрдү суктандырып караткан.

Алгач ирет колтукташып бир баскан,
Ошол күндүн кубанычы кете элек.
Алигиче оту өчпөгөн көңүлдөн,
Ошол күнгө башка күндөр жете элек.



Ошол жолдо кыялданып келемин,
Үчөө болуп уулубузду жетелеп.
Жадыратып жанымды өзүң жанда,
А уулубуз ортобузда эркелеп.

Ошол жолдо сени жоктоп келемин,
Ойго батып небереңди жетелеп.
Жаадыратар жанымды өзүң жоксуң,
Өксүү, арман тытмалашат жекелеп.

Оо чиркин ай, кандай таттуу тирүүлүк,
Жашап келем сүйүнүп да күүйүнүп.
Кошо жашап келет жаркын элесиң,
Калсак дагы келериңден түңүлүп.

## КАНТЕСИҢ

*/Эки ашыктын айтышы/*

Кыз - Керилесиң келбейсиң,
Келүүдөн кабар бербейсиң.
Жолуңду күтпөй мен дагы,
Керилип койсом не дейсиң?

Жигит - Кечиксем бардыр себеби
Кечигүүм күнөм элеби.
Жанпирим туйсаң өзүңсүң,
Жактырган жүрөк медери.

Кыз - Өзгөчө күтсөм келбейсиң,
Өзүңдөн кабар бербейсиң.
Өртөнүп турган сезимди,
Өчүрүп койсом не дейсиң?

Жигит - Өтүнөм буруп сөзүңдү,
Өчүрбө оттуу сезимди.
Тапканга гүлүм мен жүрөм,
Таалайлуу сезип өзүмдү.

Кыз - Жалындап күтсөм келбейсиң,
Жашынып кабар бербейсиң.
Жалынсаң ачпай эшикти,
Жабылып койсом кантесиң?

Жигит - Эгер чын бекем таарынып,
Эшиктей койсоң жабылып.
Үзүлмөк комуз кылындай,
Үмүтүм ташка чабылып.

Кыз - Берилип күтсөм келбейсиң,
Бекинип кабар бербейсиң.
Берешен сага пейлимди,
Бекитип койсом кантесиң?

Жигит - Анда эле өлдүм не десем,
Ак пейлиң көлдөй берешен.
Кеч десем бутуңа оролуп,
Кечирер белең берекем.

Кыз - Кусадар күтсөм келбейсиң,
Кубантып кабар бербейсиң.
Кучакты турган ачылып,
Кулпулап койсом кантесиң?

Жигит - Мас кылган мени кучаагың,
Кучакка ошол кусамын.
Кулпулай көрбө алтыным,
Анда эле ууну жутамын.

Кыз - Сагынып күтсөм келбейсиң,
Сабылтып кабар бербейсиң.
Санаама албай мен дагы,
Сагынбай койсом кантесиң?

Жигит - Сагынтып өзүң сагынбай,
Санааңа калсам алынбай.
Пас болор боюм кеч күздүн,
Баригин каккан талындай.

Кыз - Жол карап күтсөм келбейсиң,
Жогундан кабар бербейсиң.
Жоодурап келсең жоголуп,
Жолобой койсом кантесиң?

Жигит- Анча эмне көөнүң калды эле?
Арасат оюн бар беле?
Аңгырап түндө калганым,
Адашып жолдон анда эле.



Кыз - Жабыгып күтсөм келбейсиң,
Жайгарып кабар бербейсиң.
Жалооруп келсең өзүңдү,
Жактырбай койсом кантесиң?

Жигит - Белчеден ишке байланып,
Бере албай кабар жайгарып.
Аңдасаң сен деп төгүлөт,
Ак каалоом жамгырга айланып.

Кыз - Карайлап күтсөм келбейсиң,
Кайрылып кабар бербейсиң.
Калдастап келсең карайып,
Карабай койсом кантесиң?

Жигит - Капилет жаза бастымбы ай.
Кантейин калсаң жактырбай.

Каратып көктү ак кушум,
Качканы колдон таптырбай.

Кыз - Күтүүнүн да чеги бар,
Кубулуп кетсем кантесиң.
Өзүмдү күткөн башкага,
Бурулуп кетсем кантесиң?

Жигит - Баш бербей желдей кубулуп,
Башкага кетсең бурулуп.
Темирди тешер арманым,
Теңирге үнүм угулуп.

Кыз - Алдыңдан тосуп мен жүрсөм,
Адашып кайда каттайсың.
Алтындан үйгө кирсең да,
Ашыкты мендей таппайсың.

Жигит - Мага дем тоодой карааның,
Мас кылган сүйүү аралым.
Алдымдан тосчу жаркылдап,
Айбымды кечип маралым.

Кыз - Көрбөсөм азга сагынам,
Көөнүмдө сага таарынам.
Кайрылып келсең жасылып,
Кайра эле сага багынам.

Жигит - Аз күнгө кетсем сагынам,
Атыңды атап жалынам.
Тагдырга жоктур арманым,
Таалайга өзүң табылган.

Кыз - Мейли ылайым ушинтип,
Сагынышып жүрөлүк.
Эркеледим жанатан,
Эзилишип күлөлүк.

Жигит - Жан жыргалым жүрөктөн,
Жалынышып жүрөлүк.
Жандай сүйгөн бир бирин,
Жар болушуп түбөлүк.

## ТӨРТ САПТАР

Ичимди эгер жарып көрсөң,
Жаркыраган күн чыкмак.
Жан чырагым жагып көрсөң,
Жашыл аалам гүл чыкмак.

* * *

Сени ойлосом жүрөгүмдө - нурдануу,
Сени ойлосом ууртумда жылмайуу.
Көңүл чалкып дайрасында бакыттын,
Көздөрүмдөн учкун жанат кумарлуу.

* * *

Кыш келсе бороон соксо күчүн билем
Коргоном үшүбүскө жылуу кийем.
А бирок коргоно албай суук сөздөн,
Калтырап ушул күнгө үшүп жүрөм.

* * *

Оо чиркин качан бүтөт бул таймашуу,
Адамды аңга түртүп жол талашуу.
А көрөк жол бошотуп чыга бердим,
Ал жолдон сактай көр деп каргашалуу.

* * *

Жөн жүрсөң да душман өзү табылат,
Жакшы ырлардын жалынына кабылат.
Ичи тардык, көрөалбастык дегенден,
Адам байкуш качан, кантип арылат.

* * *

Жазылар кезде жазылбай,
Канча ырлар калды дарексиз.
Ыр бакмак түгүл бул күндө,
Жан багуу менен алекпиз.



## СЫР

Жалбардың мен назданып каада күттүм,
Жүрөгүм сүйсө дагы чыдап түттүм.
Да бир аз зарылсын деп, жалынсын деп,
Назданып чын сезимди ары түрттүм.

Сен болсо эрип атып агып бүттүң.
Көп күтүп аз калганда үмүт үздүң.
Мен бийик чыңга чыгып карап турдум,
Салбырап жетер кезде кулап түштүң.

Да бир аз жалынганда билинмекмин,
Мөмөдөй мен да сага ийилмекмин.
Агынан аңтарылып ичтеги сыр,
Алдыңа ак чатырдай тигилмекмин.

Да бир аз зарылганда көрүнмөкмүн.
үстүңө ак жаандай төгүлмөкмүн.
Айныбас ак сүйүүңө башымды уруп,
Алдыңдан аппак таңдай сөгүлмөкмүн.

* * *

Мен сенден күтпөгөнмүн жалп дей түшкөн
Ширеңкенин учкунундай жарыкты.
Мен сенден күткөн элем өчпөй турган,
Алоолонгон табы күчтүү жалынды.

Мен өзүңдөн күткөн элем дайрадай,
Жээкти чайпап топтолтура агууну.
Андай болбой болуп чыктың марттагы,
Эрип барып токтоп калган агынды.

Мен сени Ала-Тоодой залкар дегем,
Мен сени Ысык-Көлдөй чалкар дегем.
Көөнүңдү күлмүндөгөн күн чубагы.
Жаныңды кең талаадай дархан дегем.

Мен сенден көпту күтүп барганымды,
Ачылып кимге айтамын арманымды.
Азыркы өзүңдү эмес, кыялдагы,
Башкача сени сүйүп калганымды.

* * *

Салам айткам алдыңбы, көктөгү Айдан,
Жаркырап алтын нуруң төгүп кой деп.
Салам айткам алдыңбы, ак булуттан,
Бурулуп абалын көрүп кой деп.
Салам айткам алдыңбы, жүргөн желден,
Аймалап жүзүнөн өөп кой деп.
Салам айткам алдыңбы, жаркын күндөн,
Жүрөгүнө жылуулук чачып кой деп.
Салам айкам алдыңбы, бир адамдан,
Мен сени сүйөрүмдү айтып кой деп.
Алдың бекен кусалуу саламымды.

## КАРААНЫНДАН КАГЫЛАЙЫН ЭРКЕКТЕР

Карааныңдан кагылайын эркектер,
Биз таянган тоосуңар го кебелбес.
Силер барда турмушубуз толтура,
Силер барда ырыскыбыз кемибес.

Келесиңер кагылайын эркектер,
Карылуу Мекениме билек болуп.
Кайраттуу тынбай согуп дүкүлдөгөн,
Келесиң бул турмушка жүрөк болуп.

Эркектер, айланайын асыл жолдош,
Турмушту алга сүрөп келе жаткан.
Алпечтеп сенин жумшак алаканың,
Аялдар сени менен таалай тапкан.

Кагылайын карааныңдан эркектер,
Жок болсоңор көңүлүбүз каралуу.
Койчу аны тагдыр башка салбасын,
Жүрөктөр бар али жүргөн жаралуу.

Селт этет жүрөгүбүз сени эстеп,
Каргаша согуш келсе санаабызга.
Гүлдөтүп жашообузду күлүп, жайнап,
Эркектер эсен жүрчү арабызда.

Уулдарым, садагасы эркектер,
Жоопту бол, жерде жашоо жолуна.
Биз энелер сени төрөп, ишенип,
Карматканбыз жердин шарын колуңа!



## АППАК САКАЛ ЧАЛ ЖОЛУКТУ СЕН БОЛУП

Көчө толо эл агымы сел болуп,
Келе жатсам адатымча ойлонуп.
Гүкү деди кулагыма тааныш үн,
Аппак сакал чал жолукту сен болуп.

Тааныш үнгө селт дей түштү жүрөгүм,
Мен алиге гүлгүн чакта жүргөмүн.
Шамдай жанган жаш жигиттин ордуна,
Оо жалган ай, ушул беле көрөрүм.

Жанды эритип жакшынакай бир кебиң,
Сезим козгоп мен да сага берилдим.
Оттой жанып өрттөп кеткен элего,
Сакал тургай кыл чыга элек эриниң.

Сенби ошол чоң сүйүүнү баштаган,
Бирок аны издеп кеткен башкадан.
Алгач сүйүү азасына чыдабай,
Мен да ошондо өлүп кала жастагам.

Өксүгүңдү айтпасаң да байкадым,
Өкүнүчтү айтып турду жамалың.
Таң калыштуу аяс менен сен дагы,
Менин аппак саамайымды карадың.

## АК СҮЙҮҮМДҮ КАНТЕМИН

Келер жолуң кырча кесип койсом да,
Кыя албаган көңүлүмдү кантейин.
Сени такыр унутмакчы болсом да,
Унута албас жүрөгүмдү кантемин.

Көргөн жерден көрбөгөнсүп койсом да,
Жанымды эзген күлгөнүңдү кантемин.
Өмүрүмдө бир жолукпас болсом да,
Оттой жанган, күндөрүмдү кантемин.

Сени такыр унутмакчы болсом да,
Унутулбас айлуу түндү кантемин.
Атыңды айтпай акылымдан жойсом да,
Анте албаган ак сүйүүмдү кантемин.

## КАЛДЫМ ОЙДО

Элестериң кетпестен жүрөгүмдөн,
Эстеп сени аябай жүдөдүм мен.
Эч болбосо бир кабар берсең боло,
Ээсиз жандай кандайча жүрөмүн мен.
Болбосо түбөлүккө унутулуп,
Калдым бекен же чыгып күдөрүңдөн.

От жүрөккө суу сепкен чаңкай түштө,
Ойлойм сенин сүйүүгө пастыгыңды.
Онтоп азыр өзүмдү кечире албайм,
Ойлонбостон кетирген жаштыгымды.
Өзүң менен бирге азыр жоготконсуйм,
Өчпөй турган түбөлүк шаттыгымды.

Эстегенде айыпсыз салган отко,
Эстен танып эс алам кайра сорго.
Кол кармашып бир бассак болбойт беле,
Турмуш аттуу кызыктуу узак жолдо.
Кызыл гүлүм кыйбас деп сага ишенип,
Кыйры чексиз түбөлүк калдым ойдо.

* * *

Кечигип келсем керек бул өмүргө,
Дайыма бир нерседен кечигемин.
Кечигип кээде сонун айтар кептен,
Аттиң деп аркасынан эзилемин.

Ким бирөө кечикпе дейт кулагыма,
Кенебей кечигерим билсе керек.
Кечигип кээде сонун бир чечимден,
Калганга кап деп ичтен күйсө керек.

Буттарым үзүлгөнчө чуркасам да,
Автобус жетеримде жүрүп кетет.
Ким бирөө орун алган жайлуу жерден,
Дабалап мыйыгынан күлүп кетет.

Поезд да кечиктиң деп бир бакырып,
Шарактап көз алдымдан өтүп барат.
Күүлөнүп канат байлап учсам дагы,
Сүйгөнүм күтө берип кетип калат.
Кечикпей жетсем экен бакытыма,
Турамын көздөн учуп өзүң тарап.

## МЕН ЭМЕСМИН БАЯГЫ

Телефондон издептирсиң мен жокто,
Мен ал эмес күлкүчү кыз баягы.
Дүйнө жалаң бүткөн өңдүү шаттыктан,
Жоодур көзү күлүп турган жайдары.

Сагындыңбы ошол кызды күлкүчү,
Шат күлкүсү ташты жарган шаңкылдап.
Ал күлкүмө себепчи элең сен анда,
Кытыгылуу сөз ыргытып жаркылдап.

Издептирсиң кайра-кайра мен жокто,
Көргүң келди, айткың келди эмнени?
Көрмөк элең күлүкчү кыз ордуна,
Ойлуу тарткан аппак чачтуу энени.

Мезгил ушул күтүп турбайт саамга,
Тал чыбыктай мен эмесмин баягы.
Өчпөс кылып жамалыма батырып,
Мезгил изин салып алган кайдагы.

Издебегин жамалымды жайнаган,
Оңуп калган жаштыктын ал бөегу.
Талаанын бир куурайына айланган,
Сого берип мезгилдердин бороону.

Көрбө мени көрсөң капа болосуң,
Жүзүмдөгү күлкүм калган күбүлүп.
Көрүп эмне муңдуу жүздү улгайган,
Күтүүлөрдөн чарчап бүткөн түңүлүп.

Көрбө мени, элес бойдон калайын,
Ал жаштыкты алалбайбыз чакырып.
Азыр сага көрүнгөндөн коркомун,
Күлкү ордуна ыйлайм го деп бакырып.



## КАЛДЫМ ОЙДО

Элестериң кетпестен жүрөгүмдөн,
Эстеп сени аябай жүдөдүм мен.
Эч болбосо бир кабар берсең боло,
Ээсиз жандай кандайча жүрөмүн мен.
Болбосо түбөлүккө унутулуп,
Калдым бекен же чыгып күдөрүңдөн.

От жүрөккө суу сепкен чаңкай түштө,
Ойлойм сенин сүйүүгө пастыгыңды.
Онтоп азыр өзүмдү кечире албайм,
Ойлонбостон кетирген жаштыгымды.
Өзүң менен бирге азыр жоготконсуйм,
Өчпөй турган түбөлүк шаттыгымды.

Эстегенде айыпсыз салган отко,
Эстен танып эс алам кайра сорго.
Кол кармашып бир бассак болбойт беле,
Турмуш аттуу кызыктуу узак жолдо.
Кызыл гүлүм кыйбас деп сага ишенип,
Кыйры чексиз түбөлүк калдым ойдо.

* * *

Кечигип келсем керек бул өмүргө,
Дайыма бир нерседен кечигемин.
Кечигип кээде сонун айтар кептен,
Аттиң деп аркасынан эзилемин.

Ким бирөө кечикпе дейт кулагыма,
Кенебей кечигерим билсе керек.
Кечигип кээде сонун бир чечимден,
Калганга кап деп ичтен күйсө керек.

Буттарым үзүлгөнчө чуркасам да,
Автобус жетеримде жүрүп кетет.
Ким бирөө орун алган жайлуу жерден,
Дабалап мыйыгынан күлүп кетет.

Поезд да кечиктиң деп бир бакырып,
Шарактап көз алдымдан өтүп барат.
Күүлөнүп канат байлап учсам дагы,
Сүйгөнүм күтө берип кетип калат.
Кечикпей жетсем экен бакытыма,
Турамын көздөн учуп өзүң тарап.

## СЕН МАГА САРЫ-ЧЕЛЕКТИ БЕЛЕК ЭТТИҢ

Менин бар кооз Сары-Челегим деп,
Белекке аны сага берейин деп.
Жылыга айтып жүрдүң, чын жүрөктөн,
Жүрсөңчү бир көргөзүп келейин-деп.

Сендеги ак тилекти кудай берип,
Жолубуз калды ошондо бирге келип.
Кетти эле сулуу болуп бүт жан дүйнөм,
Дүйнөдө сулуулукту бирге көрүп.

Мына, деп Сары-Челегим алып кеткин,
Жээгинде мени өзгөчө эркелеттиң.
Дүйнөдө белек барбы мындан ашкан,
Сен мага Сары-Челекти белек эттиң.

Боюнда Сары-Челектин туруп алып,
Ойлорго колдой тунук тунуп алып.
Тамчысын мүрөк суудай ыйык көрүп,
Ичирдиң колуң менен сузуп алып.

Сары-Челек көздөрүмдө чөгүп турат,
Теңдешсиз көркөмдүктү төгүп турат.
Алып кеткем жүрөгүмө бекем кысып,
Көшүлүп жүрөгүмдө колкуп турат.
Даамы таңдайымдан дале кетпей,
Оозумдан чопулдатып өөп турат.

Сары-Челек көздөрүмдө калкып турат,
Тоолорго күзгү болуп жаркып турат.
Күзгүсү жүрөгүңдүн колдой ташып,
Бир сөзүң көңүлүмдө балкып турат.
Сен болуп ошондогу пейли тунук,
Сары-Челек дайым менде чалкып турат!



## СЫНЫҢА ТОЛСОМ

Сыныңа толсом аппак куу сымал көлдөгү,
Сыныңа толсом аппак гүл сымал чөлдөгү.
Сыныңа толсом жаркырап чыккан күн болуп,
Сыныңа толсом мукамдуу назик үн болуп.

Сыныңа толсом ак кайың сымал буралып,
Мөлтүр суу болсом чаңкасаң ичер суранып.
Толгон ай сымал алдыңдан чыксам нурданып,
Көзүңдү албай карасаң мени кубанып.

Күйөрүң болсом аярлап көөнү түтпөгөн,
Күйөөм болсоң кызыгы эч бир бүтпөгөн.
Көөнүңө толсом жаадырап жазда көктөгөн,
Күткөнүң болсом жол карап үмүт үзбөгөн.

Ишенчиң болсом бузуктун кеби өтпөгөн,
Бакытың болсом батынып эч ким төкпөгөн.
Сагынчың болсом көрүүгө күндө арсыган,
Ашыгың болсом жалыны такыр өчпөгөн.

* * *

Көптөр басып тапталды дейт бул жолдор,
Көптөр айтып тажатты дейт бул ойлор.
Баскыныӊ дейт таптала элек жол менен,
Жазгының дейт айтыла элек ой менен.

Кайда ал жол адам буту баспаган,
Кайда ал ой адам уулу айтпаган,
Убакыт жок майда ойлорду жазганга,
Кайда улук сөз даанышмандар таппаган.

Окшош чыгат улам жаңы туюлар,
Барын айтып койгон өңдүү улуулар.
Арбын экен ачуусунан таттуусу,
Жашоо өзү жазыла элек улуу ырлар.

Ар бир таңы ойлорумду аруулар,
Ар бир күнү түркүн түздө кубулар.
Арбын экен азабынан кызыгы,
Жарык дүйнө жазып бүткүс жаңы ырлар.

## СҮЙСӨҢ МЕНИ

Асабыңдан, тосогуңдан качпагам,
Мен сен үчүн өлүп кала жаздагам.
Көтөрүп чыгып барып таштап ийдиң,
Сүйүүнүн көк мелжиген асманынан.

Түнүм болдуң түпсүз ойлор таптаган,
Күнүм болдуң бирок жарык чачпаган.
Саптарынан турган күйүк жыттанып,
Ырлар жазып мен өзүмдү алдагам.

Сүйсөң мени катпа сырың калтырап,
Тоо суусундай аккын ыкчам шаркырап.
Күүгүмдөнбөй бар күчүңдү чыгарып,
Күйүп тургун маңдайымда жаркырап.

Сүйсөң мени караба күн түнүмө,
Сүйсөң мени караба жаз күзүмө.
Жазым өтүп кышым түшүп калса да,
Ошол сүйүүң дайым турсун күчүңдө.

Сүйсөң мени арсып сүйгүн сагынып,
Элжирегин эриксизден жалынып.
Карабагын бир минут да кайдыгер,
Калбас ким бар чын сезимге багынып.

## ЫР ОКУСАМ

Ыр окусам жарк түшөт кабагым,
Алоолонуп жанып чыгат жамалым.
Мен өмүрдүн жыргалын да, кызыгын,
Жакшы ырлардын саптарынан табамын.

Ар бир күндүн кайталангыс ыры бар,
Ар жүрөктүн айтылбаган сыры бар.
Тирүүлүктүн билгиң келсе кадырын,
Жакшы ырлардын саптарынан табылар.

Барга, жокко топук кылып караймын,
Канист кылып ачка токко чыдаймын.
Бир жакшы ырды өзүмдөн же өзгөдөн,
Окубасам кете берет чыдамым.



Бар болгула жакшы ыр жазган акындар
Бир боорумдай жүрөгүмө жакындар.
Жүрөгүмдө, калемимдин учунда,
Оту өчпөгөн силер жаккан жалын бар.

## КЫЗГАНЧААГЫМ

Ракмат айткым келди жаракөрүм,
Кызганган жада калса көздөрүмдү.
Караба деген сайын ышкым артып,
Карагым келе берчү көксөгөндү.

Айла жок тура сага кызганчаагым,
Ай айтпа ошондогу күйгөнүмдү.
Эстебе деген сайын эстей бердим,
Эсилип кыялымда сүйгөнүмдү.

«Жазба»-деп мындан ары сүйүүлөрдү,
Тытып салып ырларымды жасаладың.
Тытылып алдым дагы жан дүйнөмдөн,
Ырымды жүрөктөгү кайра жаздым.

«Жазба»-деп мындан ары сүйүүлөрдү,
Ырымды жаңы жазган өрттөп салдың.
Өрттөнүп жүрөгүмдөн өрттөй өөрчүп,
Ырымды өзөктөгү кайра жаздым.
Сезимди өрттөп болбойт, тытып болбойт,
Ан сайын учкундарын элге чачтым.

## РАКМАТ САГА

Ракмат сенин ушул бардыгыңа,
Теңебейм бакыттардын бардыгына.
Жаркылдап дүйнөм тегиз басып келем,
Теңелбей кээ бир адам тардыгына.

Ракмат тартуулаган шаттыгыңа,
Басынбай тагдырымдын кастыгына.
Жаркырап дүйнөм бийик басып келем,
Багынбай кээ адамдын пастыгына.

Ракмат тартуулаган бейишиңе,
Баш ийбей жүрөгүмдүн кейишине.
Күттүрүп жаштыгымды сактап келем,
Жарк этип сенин бир күн келишиңе.

Сыйынам сендей бийик жылдызыма,
Сүйсүн деп, буйруп койгон бир кызына.
Ааламды жаркыратып күн чыгарган,
Айланам сени берген кыргызыма.

## ОТ БАШЫНДА

Терезени ургулайт,
Бороон күчөп күйүгө.
Жылуу дагы, жапжарык,
Мен отурам үйүмдө.

Жымжырт ымырт ырахат,
Жайнаган от кашында.
Чайнек үнү шакылдап,
Куттуу очок башында.

Ачып жумуп көздөрүн,
Мышык жатат магдырап,
Оттун тиктеп алоосун,
Отурамын жалдырап.

Кетти бир кез элестеп,
Кетти сага ойлорум.
Эчен жылдар өтсө да,
Эстей албай койбодум.

Сымбаттыңды кылычтай,
Семетейдей көрчү элем.
Сен да элжиреп жарп жазып,
Мээримиңди төкчү элең.

Жолукчу элек бакчадан,
Сагынышып күн болжоп.
Жашырынып уялып,
Жымжырт айлуу түн болжоп.

Укмуштанган керемет,
Айлуу түндүн кадыры ай.
Али күнчө дегдеткен,
Ал күндөрдүн жагымы ай.



Жумшак таттуу тамаша,
Сөздөрүндүн түркүмү ай.
Эт жүрөгү эзилген,
Ошондогу күлкүм ай.

Алма бактын гүлүндөй,
Күлкүм калды күбүлүп.
Согуп мезгил бороону,
Көңүл калды түңүлүп.

Эстеп бүтпөй тунжурап,
Канча убакыт өтүптүр.
Чайнек кайнап соолуп,
Отум эчак өчүптүр.

## СЕН КЕЛГЕНДЕ

Эшик чыр-дейт ача салсам,
Сен экенсиң садагам.
Айланайын сени мага
Айдап келген шамалдан.
Күлүп ийдим жарк дей түшүп,
Аалам кетти ажайып.
Жарк-журк этип, чар тарабым,
Алтын менен чайкалып.
Кубулжуду музыкасы бакыттын,
Кубанычтын шаттуу күүсү кагылып.
Муздап турган үйүм жылып,
Махабаттын алоо оту жагылып.
Жанга жагым үнүң менен жаракөр,
Кандай гана калдым дейсиң сагынып,
Жайнап турдум кучагыңда.
Көзүң менен сөзүң менен жалынып
Жарык чачып жан дүйнөмө,
Чагылгандай чагылып.
Бөксөм толуп өмүр дайрам,
Топтолтура агылып.

## СЕН КЕТКЕНДЕ

Сен кеткенде жакшы тур деп,
Көрүшкөнчө кайрадан.
Эрме чөлдөй боп-бош калып,
Ээнсиреп айланам.
Жаш баладай жетимсиреп,
Ээрчий карап артыңдан.
Эсен-аман жүрсөң болду,
Караанындан кагылам.
Жүрсөң дагы менден алыс,
Жүрөгүмдөн багынам.
Сен бар үчүн күн жаркырап,
Топтолтура бул аалам.
Сен бар үчүн үмүт ташып,
Бакытыма кабылам.
Сенин барың мага кубат,
Аскар тоодой таянам.
Буйруса экен ошол күндү,
Көрүшүүчү кайрадан
Жадыраган жарык маанай,
Гүлүн ачып жайнаган.
Турмуш оту алоонуп,
Казан толо кайнаган.





# БОЗ ҮЙ

*/ публицистикалык поэма /*

*/ Кыргыз боз үйүнүн касиети колдоп, бул ыр 1996-жылы Туркияда өткөн Ата-Мекенди даңктоо ырларынын эл аралык конкурсунда жеңип чыккан /*

Дүйнөнүн түндүгү өңдөнгөн,
Боз үйдөн баштадым ырымды.
Өмүрдө түгөтө аламбы,
Боз үйдөн башталган сырымды.

Дүйнөнүн түркүгү өңдөнгөн,
Боз үйгө багыштайм ырымды.
Кыргызды койнунда азырап,
Карыткан кылымдан кылымды.

Туурум, боз үйүм, ыйыгым,
Туулуп киндик кан төгүлгөн.
Тарыхым, өнөрүм, сыймыгым,
Сен десем ыр болуп төгүлөм.

Боз үйүм бозогоң таянып,
Алгачкы кадамды таштагам.
Боз үйдөн бир таман чыккан жол,
Учуктай өмүрдү баштаган.

Тоолорго кийгизген топудай,
Түтүнү үкүдөй булаган.
Аталар түндүгүн көтөрүп,
Энелер уугун улаган.

Кыргызды кылымдап азырап,
Өстүрүп бөпөлөп бүлөсүн.
Көзүмө эң ысык көрүнүп,
Боз үйүм далайга күбөсүң.

Көчкөндө күл калып журтунда,
Ар мезгил сапырып отурду.
Көөдөнгө сактады коломто,
Кылымдар өчүрбөй отуңду.

Жеңеке эшикти түрүп кой,
Жулунуп кирсинчи тоо жели.
Тоо гүлү айланта баш багат,
Өзүмдү көрүүгө келгенби.



Боз үйүм күнгө окшош тегерек,
Ай дагы, жер дагы тегерек.
Колуңда нан дагы тегерек,
Ыйыктын бардыгы тегерек.

Тегерек отуруп төрүндө,
Тегерек маселе чечишкен.
Тегерек кеседе кымызын,
Тегерек отуруп ичишкен.

Бабалар деминен дем алып,
Турмушта далайды жеңгенсиң.
Энедей урпагын улаган,
Ак сүтүң эмизип келгенсиң.

Обдулуп кереге, ууктар,
Кийизден чапанын жамынып,
Оңдолуп, жыйналып кайрадан,
Тургандай көчүүгө камынып.

Башынан өткөрдү далайды,
Кан күйгөн кыргындуу чуулган.
Боз үйдүн ичинен айныбай,
Ыйы да, ыры да угулган.

Тою өтүп боз үйдүн ичинде,
Балдары боз үйдө туулган.
Ай карап киндиктер кесилип,
Жылдыздын нуруна жуунган.

Көргөнсүң сен күбө барына,
Ач калдык, чабылдык, кырылдык.
Бейпайлап бет келген тарапты,
Паналар жер издеп кыдырдык.

Антсе да куттуу үй экенсиң,
Тукумун курутпай сактаган.
Турмуштун түйшүгүн аркалап,
Кылымдын кырларын аттаган.

Сүйөнүп өзүңө тирүүбүз,
Түгөнбөй өлгөндөн калгандар.
Теңирге угулуп үнүбүз,
Жалындап өчкөндөн тамгандар.

Тосулбай тукумуң бар болуп,
Кайрадан жайнады кырыбыз.
Аталар арбагы жар болуп,
Таңдайдан төгүлдү ырыбыз.

Тарыхты иликтеп карылар,
Төрүндө санжыра айтышкан.
Боз үйдөн аттанып баатырлар,
Боз үйгшө жеңиштүү кайтышкан.

Манасчы «Манасты» айтканда,
Отуруп бозүйдүн төрүндө.
Туурдуктар кетүүчү түрүлүп,
Жардашып келгендер көрүүгө.

Таң атчу уйкуну унутуп,
Жан калбай айылда укпаган.
Бөбөк да бул күнү бешиксиз,
Эненин колунда уктаган.

Ал күнү театр, сахнага,
Айланып боз үйүм күңгүрөп,
Элестеп кошундун жүрүшү,
Бүт өрөөн кетүүчү дүңгүрөп.

Күүлөрү бир ыйлап, бир күлүп,
Черткенде мукам үн комузун.
Боз үйдөн дапдаана угулуп,
Тоо коштоп туруучу добушун.

Кашка суу өзүнчө күү курап,
Кошулуп шыңгырап булагы.
Угуучу аскалар аңкайып,
Термелип көшүлүп туланы.

Төрүндө Токтогул ырдаса,
Курчаган калың эл жыйылып,
Чыдабай кызыл уук болчусуң,
Үстүндө турдугуң сыйрылып.

Уктуң го моокумуң кандырып,
Ак таңдай акындар айтышын.
Көрдүң го көз отуң жандырып,
Калкындын кызыкка батышын.



Ичинди күлкүгө толтурду,
Айдаралы жөргөлөк атайын.
Ашыктык өртүндө чок болуп,
Төрүндө төгүлдү Атайың.

Отурган өңдөнөт кудуңдап,
Куйручук, Шаршениң күлдүрүп.
Каткырык түндүктү көтөрүп,
Кызыгуу турдукту түрдүрүп.

Ичинен дап даана угулуп,
Сыздады аялдын кошогу.
Боз үйгө курчалып калың эл,
Укканда муундар бошоду.

Өмүрлөр өзүңдөн башталып,
Өмүрлөр өзүңдөн бүттү го.
Көөнөрүп көркүңдөн тайсаң да,
Көңүлүң бакытты күттү го.

Сен көрдүң ачкалык мөгдөтүп,
Ал кетип түндүгүң тартылбай.
Бүт бүлө чабылып чөпкө окшоп,
Калды го эшигиң ачылбай.

Душмандын колунан тыптыйпыл,
Кетсең да күл болуп жагылып.
Бир кыргыз калса эле бутуңдан,
Тургансың кайрадан жаңырып.

Мээримге бөлөдүң жетилтип,
Кайрадан урпагын улантып.
Уулун өстүрүп Манастай,
Кыздарын кайыңдай буралтып.

Эндей эл кыргызым боз үйдүн,
Бекитип эшигин илбептир.
Жабуусун кетчү экен түшүрүп,
Кулпулайт дегенди билбептир.

Момурап жашаган калкымда,
Болбоптур кымтыкей, уурулук.
Ыймандуу жашаган ынсаптуу,
Канында тазалык, улуулук.

Эң кооз шырдагын кубанып,
Меймандын алдына салышкан.
Сый менен бапырап байышып.
Сый менен канагат алышкан.

Мейманга ак өргөө көтөрүп,
Кирсин деп көңүлү кубанып.
Жасаган үй ичин саймалап,
Кыз келин күн түнү узанып.

Чөгөрүп көздөрдүн нурларын,
Беришип колдордон жылуулук.
Атанып чебердик жагынан,
Сунушуп көңүлгө сулуулук.

Алдыга төшөшкөн болгону,
Жылуулук болсун деп таманга.
Жүздөрү төгүлүп нур болуп,
Жүрөктөр төшөлүп адамга.

Дамдуу тамагын жебестен,
Жесин деп мейманга сактаган.
Даярдап малын да семиртип,
Минсин деп күлүгүн таптаган.

Жыгаччы, эшмечи, термечи,
Оймочу, саймачы, түймөчү,
Бул үйдү көркүнө келтирип.
Боз үйдү жасантып түрдөөчү.

Эмгекчил, эринбес, тажабас,
Эмне бар бул элим кылбаган.
Кийинтип, түрдөнтүп түр салып,
Чийин да бир бирден чырмаган.

Кештелеп сайышып сайманы,
Кыялын түшүрүп оюмга.
Суктантып тиктеген адамдын,
Далайды түшүрүп оюна.

Керилип кергичи, сызмасы,
Ар бири өзүнчө ыр экен.
Кийинки урпакка апалар,
Айтышкан атайын сыр экен.



Энелер кыялын кыялап,
Сырдашып мына ошол сыр менен,
Колумда жорголоп калемим,
Тиксем деп отурам ыр менен...

Бир мык да таппайсың кагылган,
Элдеги өнөрдөн нар алган,
Тигилип чебердин колунан,
Боз үйүм акылдан жаралган.

Уугуң аткарып чоң милдет,
Түндүктү көтөрүп тигүүдө.
Найза да болуучу кезинде,
Душманын качырып кирүүдө.

Жеңеке түрүп кой капшытты,
Көрөйүн кулундар туйлашын.
Кыдырып сөөлөттүү тоолорду,
Кыялым бийикке зуласын.

Кыз жигит кылактап кыяда,
Жанаша басканын көрөйүн,
Элимдин кубанчын кучактап,
Көөдөнду бакытка бөлөйүн.

Боз үйүм тегерек жерге окшош,
Жердин бир бөлүгүн түзгөндөй.
Өңү да жөнөкөй түспөлдөш,
Жердин өз оозунан түшкөндөй.

Канатын бир жыйып, бир жайып,
Боз үйүм канаттуу белемсиң.
Өткөрүп турмуштун шарынан,
Калкыма калдайган кемесиң

Көч келет алыстан ылаалап,
Эрмектеп жылаажын дабышын.
Күү чалып бейкуттук обонун,
Ал туурайт төөлөрдүн арышын.

Жер чалып атылып алдыга,
Жигиттер күлүктө сүлкүлдөйт.
Кош этек жайылып жоргодо,
Кыздардын үкүсү үлпүлдөйт.

Жайлоонун гүлүндөй сеңселип,
Кээ бир көч өтүүчү шаңданып,
Карашчу калың эл жол тосуп,
Театр көргөндөй жарданып.

Көчтөрдүн күнүмдүк насиби,
Болуучу жолдогу айылдан.
Тартуучу аякты сунулган,
Түшпөстөн атынын жалынан.

Көч алдын салт менен тосууга,
Чыгышчу жүгүрүп жолуна.
«Жол алыс, ичиңиз суусун»-деп,
Кымызын кармашып колуна.

Колунда барлары барпаңдап,
Алдына дасторкон жайганын,
Көргөндө жарды да кур калбай,
Көтөрүп чыгуучу айранын.

Кээлери бүт көчтү түшүрүп,
Түштөнүп кетүүсүн суранып.
Ошондон чоң кубат алышып,
Калуучу көңүлү кубанып.

Сурабай ал көчтү кайдан деп,
Ээсин кимсиң деп койбостон.
Жолоочу алдына бүгүлүп,
Жибербей бир малын сойбостон.

Мейманы беймаал келсе да,
Тосушат атайын күткөндөй,
Момпойгон кең пейил элим, ай,
Дүйнөгө сый үчүн бүткөндөй.

Билесиң өзүң да бардыгын,
Кай бирин түгөлдөп айтайын.
Бир гана окуя эстечи,
Кайрадан алдыңа тартайын.

Топ атчан жолоочу келатып,
Коктуда айылга кайрылды.
«Бул келген кудайы конок»- деп,
Аларга бир өргөө жай кылды.



Бут сунуп жолоочу бир түнгө,
Бул үйдө эркинче өргүдү.
Бешене жайнаткан пейилге,
Көңүлдөр карк болуп көөлгүдү.

Үй ээси мейманга бүлүнүп,
Бапырап дасторкон жайнатты.
Мал союп бата алып жүгүрүп,
Толтура казанын кайнатты.

Тоолуктун закону ошондой,
Сабада кымызды сунушту.
Чарчашты жол тартып келди деп,
Бүлөсү тигинен турушту.

Ээсин сыйлоонун белгиси,
Аттарын от жерге байлады.
Алыстан бир боору келгендей,
Үй ээси жадырап жайнады.

Таңында аттанып кайрадан,
Мээримдүү узатып калышты.
Жолоочу желдирип капарсыз,
Кырды ашып ылдыйлап барышты.

Аңгыча азат бой дүргүткөн,
Арт жактан өкүрүк угулду.
Ал ыйды тоо коштоп, жер онтоп,
Жолоочу кете албай бурулду.

Алыстан акмалап карашып,
Бир кайтыш болгонун билишти.
Кайрылып кайгысын бөлүшүп,
«Боорум»-деп өкүрүп түшүштү.

А көрсө тун уулу бул үйдүн,
Дүйнөдөн кечте элс кайтыптыр.
Мейманды тынчтыгын бузбаска,
Билгизбей ичтерге катыптыр.

Чыгарбай ичтеги күйүттү,
Чыдаптыр турса да бук болуп.
Сыртында көңүл жай көрүнүп,
Ичинде кайгысы жык толуп.

Жаңыдан бой жетип солкулдап,
Намыска туулган эр элс.
Ал уул энснин жүрөгү,
Атанын дем байлар бели элс.

Боз үйүм кабыргаң сөгүлүп,
Ушунун бардыгын көргөнсүң.
Тагдырың эл менен жуурулуп,
Тарыхта далайга күбөөсүң.

Боз үйүм бүгүнкү бул аалам,
Тоголок боз үйгө окшогон.
Эски коом жаңырды карачы,
Ыйынды токтотчу боздогон.

Боз үйүм ооматың келди го,
Эркиндик орноду жериме.
Эгемен тоюна тигилдиң,
Элимдин дем берип демине.

Төрүңдө көз жарган кечеги,
Ымыркай эгемен торолду.
Көтөрдү бек кармап колуна,
Түндүгүң туу кылып жогору.

Эзелтен кол сунуп жетпеген,
Боз үйүм кут болсун бул күнүң.
Кубанып азыркы муундар,
Көтөрдүк эркиндик түндүгүн.

Боз үйүм куттуу үй экенсиң,
Аралап жөнөдүң ааламды.
Абалап көч жолу узарып,
Суктанттың дүйнөдө адамды.

Тигилдиң Нью-Йоркто, Берлинде,
Сыймыктуу канатың жайылып.
Көргөздүң кыргыздын сөөлөтүн,
Саймалуу чапаның жамынып.

Тилеги ак көгүчкөн өңдөнүп,
Аралап дүйнөнү жүрөсүң.
Ар түркүн элдерге көргөзүп,
Кыргыздын көркөм бай дүйнөсүн.



Аталар жыгачын узанып,
Апалар асемдеп жасаган.
Боз үйүм таланттан жаралып,
Ичинде таланттар жашаган.

Боз үйүм куттуу үй экенсиң,
Манастын тоюна тигилдиң.
Күн келип, сен күткөн кылымдап,
Элиңдин шаңына киринди́ң

Миң боз үй тигилди тандалып,
Манастын миң жылдык тоюна.
Дүйнө эли мейманга келишип,
Ааламды батырды койнуна.

Унутпас кылымдар өтсө да,
Урпагы бар экен атанын,
Урматтап арбагын бата окуш,
Парзы экен артында баланын.

Өнөрүң өлбөптүр кыргызым,
Урпагың учугун улаган.
Манастап жер шарын айланып,
Күлүгүң келди го зуулаган.

Кылымдар үн катпай уктаган,
Добулбас кагылды кайрадан.
Көмкөргөн чыныдай саймалуу,
Боз үйлөр тигилди жайнаган.

Уулдар түндүгүн көтөрүп,
Кыздарың уугун улады.
Эңсеген тилектер ишке ашып,
Көңүлдөр койнунда дуулады.

Боз үйдө окулду ак бата,
Деп тилеп үмүттөр солбосун.
Жараткан теңирим жар болуп,
Аталар арбагы колдосун...

Бул муун бактылуу экенбиз,
Эгемен заманга кез келдик.
Дүйнөлүк аш берип, бата окуп.
Атанын арбагын эскердик.

Теңирден мына бул сурарым,
Өмүрдөн көз жуумуп баратсам.
Кыргыз кыл, жүрөгү ак, кең пейил,
Дүйнөгө кайрадан жаратсаң.

Анда да миң жылдар өткөндө-,
Манаска сыйынып турайын.
Тоолордо күлүгүн зуулатып,
Боз үйдүн ичинде уктайын.

Анда да кайрадан акын кыл,
Алладан жалынып сурайын.
Адамда тазарган ыйманды,
Ааламга жар салып ырдайын.

Ак жолтой боз үйдүн төрүндө,
Бешигим турса экен термелип.
Түндүгүң дүйнөгө бийиктеп,
Канатың күн сайын кенелип.

Тигилгин жакшылык, тойлорго,
Шанданып түндүгүң түшпөсүн.
Жылуулук чача бер урпакка,
Жаркырап коломтоң өчпөсүн



## АЛА-ТОО АЙЫМЫ

Аз болсо көптөй көрүнүп элим,
Көптөргө өнөрү менен тең болгон
Аз болсо көптөй көрүнүп жоого,
Тийгенде эрдиги менен тең болгон
Барпаңдап колдон береке төгүп,
Кедейи байга пейили менен тең болгон
Керекте асыл өмүрүн берип,
Досуна аппак жүрөгү менен тең болгон.
Аз болсо көптөй көрүнүп жерим,
Дүйнөгө көркөмү менен тең болгон.

Тоо койну толо казына байлык,
Козголбос нардай чөккөнү менен тең болгон.
Талаасы жемиш, ыргалып эгин,
Береке, ырыс төккөнү менен кең болгон.

*/ автор /*

Эни Фрай америкалык жазуучу айым,
Келди ал кыргыз элдин сурап дайнын.
Өнөрү өзгөчөлүү кызыктырып,
Өзгөчө аялдардын сурап жайын.

Өнөрүн түркүн түздүү карап көрдү,
Кызыгып көңүлүнөн талдап көрдү.
Саймасын, чий чырмагын, оймолорун,
Эмгек деп кандай көркөм көңүл бөлдү.

Көрүндү өнөрлүүнү сүйгөн аял,
Көңүлгө көркөмдүктү түйгөн аяр.
Адамдарга жылуу жана жагымдуу,
Жүрөктөн мээрим чачып жүргөн аял.

Ал мага өтүнүч менен жазгын-деди,
Артыкча жакшы жагын ачкын-деди
Кыргыздын айымдары кандай болот?
Чектөө жок айтышынча айткын-деди.

Анда мен кайсы бирин айта аламын,
Чындыкты атсам анда мактанамын.
Мактанбай калыс эле айтып берем,
Акылын, кылган ишин апалардын.

Ошентип бир чоң ишти мойнума алдым,
Калемди тобокел деп колума алдым.
Тартылып көз алдыма көп элестер,
Улуудан уккандарды оюма алдым.

Ата баба баскан жолу тар болуп,
Бийик ашуу, тайгак кыя, жар болуп.
Тунук акыл болгон үчүн аялзат,
Тукум улап келе жатат бар болуп.

Башынан кыргыз аял басынбаган,
Башкадай бетин чүмкөп жашынбаган.
Жаркылдап ачык сүйлөп, ачык жүрүп,
Турмушта кыйындыкка багынбаган.

Ушундай укукту өзү багындырган,
Даанышман акыл менен таап алган,
Эрикпес эмгек менен жеңип алган,
Жаракөр мүнөз менен жагып алган.

Жаркылдап көңүлдөрү көктөм болгон,
Шартылдап мүнөздөрү өктөм болгон.
Асемдеп өзү сайган саймасындай,
Асылзат жан дүйнөсү көркөм болгон.

Албетте, эң башкысы аял болгон,
Жайдары эр жигиттин жары болгон.
Бала төрөп, улантып өмүрлөрдү,
Жашоонун шаңы болгон, жаны болгон.

Эр жигит өйдө чыкса өбөк болгон,
Жан жолдош ылдый түшсө жөлөк болгон.
Ар дайым жакшы иштерге демөөр болуп,
Жашоодо жеңиштерге көмөк болгон.

Жаралып калган өңдүү мээнет үчүн,
Турмуштун жүрүп турган каны болгон.
Гүлдөтүп көңүлдөргө жарык чачып,
Үйлөрдүн куту болгон, шамы болгон.

Издейли асман эмес жерден эле,
Иргейли алыс эмес элден эле.
Адамга аш бышырып, даамын берген,
Билгенге кандай ыйык туз, даам деген.



Колунан эң бир ыйык нанын берген,
Керекте урпагы үчүн жанын берген.
Ачкычын тарбиянын бекем кармап,
Тынымсыз келечектин камын жеген.

Турмушта барга, жокко чыдай билген,
Жашоонун ыйык туусун ыргай билген.
Сабырдуу жети ойлоп бир кесүүчү,
Өмүрдө жыргай билген, ыйлай билген.

Кара көз, жарык кабак күлмүңдөгөн,
Көтөрсө койуу кирпик дирилдеген.
Кыргызда акын барбы ырдабаган,
Кумарлуу көздөр барбы тигилбеген.

Шыңк этсе бир өзүнө жарашып наз,
Мээримдүү мүнөздөрү жагымдуу жаз.
Жаралган дүйнөдөгү назиктиктен,
Деп гана бир сөз менен айтканым аз.

Ажарлуу көргөн адам сүйө турган,
Ал жалын жүрөктөрдө күйө турган.
Ал адеп, сыпайылык аты улук,
Урматтап көңүлдөргө түйө турган.

Алдынан улуулардын кыя баспай,
Эч качан башкаларга артын салбай.
Улууну ата, аке, апа, эжекелеп,
Кичүүнү уул, кыз дейт атын айтпай.

Бизде гана кайрылышат мындай деп,
Бизде гана колдонулат мындай кеп.
Айтып көргүн башка элдерди ага деп,
Түшүнүшпөй таң калышат кандай деп.

Жүгүнүп улууларга саламдашмай,
Адаты жүгү болсо жардамдашмай.
Карыга тура калып орун берип,
Кыйналса сүйөп таяп, каралашмай.

Аталар аялга өз баасын берген,
Ашырбай жана азайтпай таасын берген.
Басынтпай эл экен го анык мырза,
Багынып акылына таасим эткен.

Аялды бардыгынан жакын көргөн,
Аялдын айткан сөзүн акыл көргөн.
Жан этим кабыргамдан жаралган деп,
Берилип сүйө билген жаны менен.

Сөз берерде айтышкан көрөйүн-деп,
«Кабыргама кеңешип келейин»-деп.
Кабыргам кандай десе мен ошондой,
Ошондон кийин жообун берейин-деп.

Накта эркек аял сыйлап , терең баалайт,
Көңүлүн көкөлөтүп гүлдөй карайт.
Караңгы жан дүйнөсү күүгүмдөнгөн,
Түркөйлөр гана аялды баалай албайт.

Улуулар жомок кылып айтып өткөн,
Турмушта түбү чындык жашап өткөн.
Ооздон оозго сактап кийинкиге,
Элесин көз алдыга тартып өткөн.

Албайлы кандай гана жомокторун,
«Манастай» дүйнөдө алп эпосторун.
Баатырдын жеңишине демөөр болуп,
Акылман аялдары ачкан жолун.

Керекте курал алып эл коргогон,
Кезекте кол башкарып жер коргогон.
Кийинип жоо кийимин, чачты түйүп,
Жаа тартып жергеге жоо жолотпогон.

Тирүү жан багынтпаган Манас эрди,
Күчүнө теңдеши жок балбан шерди.
Кыз Сайкал эр сайышта жалтандырып,
Аз жерден сайбай калган аяп элди.

Жалтанган жалтанбас эр сүрүнөнбү,
Жалын көз, жарык күндөй жүзүнөнбү.
Ал күндөн ушул күнгө эч ким билбейт,
Сайкалдын эрге тете күчүнөнбү.

Сайышып жаткан кезде кагылышып,
Кокустан көздөр кеткен чагылышып.
Тутанып сүйүү оту көз ирмемден,
Өтүптүр өмүр бою сагынышып.



Өлгөндө Манас баатыр келген дешет,
Кырк күнү аза күтүп берген дешет.
Кыз Сайкал кара кийип зайыбындай,
Андан соң кайып болуп кеткен дешет...

Ак сүйүүгө арзыш үчүн жаркыган,
Океандай сезим керек чалкыган.
Улуу адамдар улуу сезим күтүшөт,
Ал сезимди күтө албайт ар адам.

Дүйнөгө эр Манастай эрди берген,
Улуусуң Чыйырды апа эмне деген.
Сактадың кыргыз элдин уюткусун,
Акылман Каныкейдей келин менен.

Кыргыз эл Манас өлүп чачылышкан,
Душманы баласына асылышкан.
Баланы ала качып башка элге,
Эки эне чоңойгончо жашырышкан.

Элине Семетейди сактап берген,
Көрсөтүп ак караны тактап берген.
Атанын ишин уулу улантсын деп,
Барчындай түнөгүнөн таптап берген.

Даярдап кулазыгын түгөнбөгөн,
Кийгизип ак олпогун ок өтпөгөн.
Баатырга ылайыктуу найза тешпес,
Жарашык жоо кийимин белендеген.

Кыргызда аялзаттын күзгүсүндөй,
үлгү жок Каныкейдин үлгүсүндөй,
Эр жүрөк, колу иштүү, өзү акылман,
Жаркырап жан дүйнөсү нур жүзүндөй...

Улуулар жомок кылып айтып өткөн,
Кыз Жаңыл түбү чындык жанып өткөн.
Жаа тартып, кылыч чаап, найза сайып,
Аргасыз эркек болуп эл коргогон.

Бирок да жүрөгү эркек боло албаган,
Кыз жүрөк эрди сүйбөй коё албаган.
Баатырды элин чапкан сүйүп калып,
Өлтүргөн колдон намыс бере албаган.

Баарынан бийик туруп намысы элдин,
Жесири болуп өзү аткан эрдин.
Жаш төгүп бейитине ыйлап өткөн,
Сүйгөнгө угуза албай арман кебин...

Кече эле кылым өттү мындан мурун,
Билишет Курманжанды биздин муун.
Орустар эң биринчи келген кезде,
Аялзат кармап турган кыргыз туун.

Ким бийлик берди дейсиң ошол кезде,
Өзгөчө аялга өкүм чыгыш элде.
Орто-Азия ачкычын колго алып,
Бийлигин жүргүзүптүр биздин эне.

Келди бийлик, өкүмдардык аялга,
Бийлик үчүн башын жуткан заманда.
Багынбас эр башын ийип акылга,
Мээрими күч, эне жүрөк, аярга.

Ыйык, таза, асылзаада, адептүү,
Жанга даба айткан сөзү даректүү.
Бир кароодон тааный билген адамды,
Көрө билген өткүр көздүү, каректүү.

Селт дей түштү отур дешсе тактыга,
Бир имерип карап алып жалпыга.
Эр азамат, барсыңарбы, канакей,
Элдин жүгүн көтөрчүңөр алгыла.

Метел эмес өкүмдардык, даткалык,
Кетесиңби эл милдетин аткарып.
Жарайсыңбы таянчына, туусуна,
Кыласыңбы келер күнүн жап жарык.

Ойго батты козголо албай ордунан,
Козголто албай элдин жүгүн жонунан.
Эл башына кыйынчылык иш түшсө,
Тарта аламбы эр жигиттей колунан.

-Жалаң каруу эмне болуп бермекчи,
Каруу бирди, акыл миңди жеңмекчи.
Жылуу сүйлөп акыл менен иш кылсаң,
Жылаан дагы жыла чыгып кетмекчи.
Сага гана ишенебиз, акылман,
Ал Курманжан эл бийлигин ал дешти...



Мына ошентип жүргүзүптүр жардыгын,
Тынчтык менен жайгарсам деп бардыгын.
Өз баласын курман кылып бериптир,
Келечегин сакташ үчүн калкынын.

Көз алдында дарга азууда кулунун,
Кайрат менен бекем кармап муунун.
- «Эл иши үчүн болуп келген эр курман,
Эр деп туугам, башты көтөр кулунум!»

- Башта энеке, карчылдашып көрөлү,
Кагылышып канды суудай төгөлү.
Камчыбектин башын дарга бергенче,
Же бар болуп, же жок болуп өлөлү.

Эли турат бууп койгон сел болуп,
Толкуп турат бууракандап көл болуп.
Айтып эле, шилтеп эле кой дешет,
Ачуу кеги Ала-Тоого тең болуп.

Токтотуп кан буугандай ошол селди,
Сыртынан кайрат кылып байлап белди.
Ичинен кан өткөрүп уулун берип,
Калыптыр кайран эне сактап элди.

Аргымакка камчы басты тургузбай,
Жардап турган элге ыйын угузбай.
Кайгы жутуп октой учкан энени,
Шамал коштоп боздоп келет унулдай.

- Көз жашымды калайыктан катайын,
Кайгы зарын жалгыз башым тартайын.
Эки ортодо эл кырылып кетет - деп,
Кебелбестей көрүнүптүр атайын.

Жүрөк сыздап турса дагы кыйналып,
Кыл чылбырдай кайрат байлап чыйралып.
Атып чыкты башты бийик көтөрүп,
Аял күчү турган кезде сыналып.

Канды күзөп карап турган дардайып,
Душманына сыр алдырбай карайып.
- «Алдыңарга курман болсун кулунум,
Мен ыйлайын, сен ыйлаба калайык!

Намыс сактап жат душманга багынба,
Акылыңды ачууңа алдырба.
Уулум эмес, керек болсо оо журтум,
Курманжаның курман болсун алдыңа!

Өкүмдардай өзүмө-күл тартпайын,
Өмөчөктөп өз баламды катпайын.
Өзгөнүкүн айырбаштап сатканча,
Өрт жалынга өз жанымды кактайын.

Дебедиби элин сүйгөн эр энс,
Өзгө, жатка телегейге тең энс.
Айла, акыл, аярлыктын дүйнөсү
Чалкып жаткан көкүрөгү кең энс.

Байлык жокпу алып калсаң паралап,
Бийлик жокпу элиң турат каралап.
Көз учунду шилтеп эле койгондо,
Агын суудай каптап кирмек аралап.

Анда турмуш мындан дагы кыстамак,
Кан төгүлүп канча энелер сыздамак.
Күчкө салып араң турган ансыз да,
Калктын ичин кара түтүн ыштамак.

Үлгү кылды даанышмандык кеңдикти,
Калкын сүйгөн, акыйкатчыл, элдикти.
Эл иши үчүн уулун сайган өлүмгө,
Эч бир эне кайталагыс эрдикти...

## АЯЛ КУДУРЕТИ

Аталар акыл ээси аял деген,
Аялдар ар нерсеге аяр деген.
Аялы жакшы болсо эр жигиттин,
Арымдап иши алга таяр деген.

Жакшы аял жаман эрди орто кылар.
Ортону жөлөп таяп жакшы кылар.
Арттырып кадр баркын эл алдында,
Жакшыны алга сүрөп башчы кылар.

Өчүрбөй жүрөгүнөн ата бабам,
Өтсө да аңтарылып канча заман.
Жугузуп акылыңа ал дегенсип,
Буларды айтып берген менин апам.



Улантып укканымды салттан кайтпайм,
Уккула урпактарым силерге айтам,
Кандай деп сурап келген меймaнга айтам.
Мактанып бүткүл дүйнө элине айтам.

Кыргызда кан болуптур эли сүйгөн,
Өмүрдө бүлө күтүп үйлөнбөгөн.
Көңүлүн арнап жалаң эл ишине,
Керт баштын көйгөйүнө күймөлбөгөн.

Акыры жакындары кеңеш берип,
Акылман аял алуу ойго келип.
Татыктуу аял издейт эл ичинен,
Мураскор бала күтүү ою жеңип.

Жыйнатып бүт кыздарды колу жеткен,
Суйсалып жаңы гана бойго жеткен.
Үйлөнөм ошол кызга туура жообун.
Ким тапса үч табышмак өзүм берген.

-Чыгыш менен батыштын аралыгы,
Канча экен, канчалык жол, айткылачы.
Калп менен чындын, асман менен жердин,
Аралыгы канчалык тапкылачы?

-Чыгыш менен батыштын аралыгын,
Кадамдап ким ченеп көрдү дейсиз.
Асман менен жердин, калп менен чындын
аралыгын,
Аралап ким көрүп келди дейсиз!

Дейт кыздар баш катырып айла кетип,
Ойлору талаа безип жайдак кетип.
Көбөйүп убап-чубап келе берет,
Таба албай кайра чубап кете берет.

Айымкан ал учурда отун терип,
Токойдо жүргөн эле күндө келип.
Чубашкан көп кыздарды күндө көрүп,
Себебин билмек болду суроо берип.

-Эжелер күндө чубап өтөсүңөр,
Жасанып бир тарапка кетесиңер.
Кызыгып карап турам өзүңөрдү,
Негедир ойго баткан кебетеңер.

- Ээ байкуш, сага эмне жок ары барчы,
Бара турган жер эмес сендей жалчы.
Билсеңчи андан көрө отунуңду,
Сен бекен жолду торoң суроо салчу.

Баары эле кайдан тегиз болуп калсын,
Бири айтты «койчу байкуш, бул да барсын.
А мүмкүн табышмакты ушул чечер,
Чече алса маңдайынан бакыт жансын».

Эртеси Айымкан да чогуу барды,
Кыздарга кан жылмайып суроо салды.
Кайталап табышмагын да бир жолу,
Канакей ким тапты деп карап калды.
Аралап катар жайнап турган кызды,
Айымкан таасим этип алга чыкты.
-Оо каным, мүмкүн болсо ракым эт,
Айтайын табышымча табышмакты.

Чыгыш менен батыштын аралыгы мол экен,
Ченеп чыккан киши жок бир күнчүлүк жол экен.
Таңда чыгып кеч киргенде батуучу,
Бир эле күн жол дегеним оң экен.

Асман менен жердин аралыгы
андан да жакын экен,
Ортосу каш менен кабак экен.
Өйдө карсаң асман, ылдый карасаң жер,
Табышмакты ушундай деп табат элем.

Калп менен чындын ортосун сермеп көрсөм,
Төрт элли экен кол менен ченеп көрсөм.
Кулак уккан калп, көз көргөн чындык,
Табышмак жообу ушундай көсөм!

-Баракелде, акыл сөз айткандарың,
Дал келди мендеги ойго тапкандарың.
Эзелде кандын сөзү эки болбойт,
Мен дагы айтканымды аткарамын.

Үйлөнөм мен өзүңө билип койгун,
Өзүңө бирок мындай шартты койдум.
Ачылып бир өзүмдөн бөлөк жанга,
Антың бер, акылыңды айткыс болгун.



Каныңа берген анттан кайтпас болгун,
Башкага акыл казнаңды чачпас болгун.
Болбосо ак никеден ажырадың,
Бирөөгө жарылып ооз ачпас болгун.

Канынын айтканына макул болуп,
Башына Айымкандын бакыт конуп.
Кечеги жүдөгөн кыз бүгүн каныша,
Ажары чыга келет айдай толуп.

Айымкан каны менен ынак болуп,
Жагылды маңдайына чырак болуп.
Жуткуруп канга гана агып турду,
Акылы тунук кашка булак болуп.

Вазири ошол кандын коркок эле,
Баамсыз акылы да чоркок эле.
Башканын көзү менен карап баарын,
Башканын ойлоруна  орток эле.

Бир күнү күнөө кылды кечирилгис,
Айткан сөз учкан октой кайта келгис.
Жаңылды айтар сөздөн ал дөөпөрөс.
Сөзүң ал өмүргө тең кайта бергис.

Болду кан бир сөз үчүн башын алмак,
Болбосо чыккыс кылып орго салмак.
Вазирдин акылынын кемдиги үчүн,
Чектеги эчен жерден ажырамак.

-Кучактап ата бабам жаткан жерди,
Кылымдап кылычташып баккан элди,
Бергидей бир сөз менен белек кылып,
Ким сага андай күчтүү укук берди.

Эгерим жерин саткан оңбойт деди,
Андайга эч кечирим болбойт деди.
Ачуу кек муундардан муунга өтүп,
Келечек эң бир катуу соттойт деди.

Келесоо жаңылганын эми билди,
Канынын бут алдында башын ийди.
«Бир гана жанымды кой кечиргин»-деп,
Койгулап өзүн өзү уруп кирди.

-Макул мен азырынча кечирейин,
Сен мага бул нерсени айтып бергин.
Ааламда жашоо үчүн төрт нерсе бар,
Алардын атын тактап таап бергин.

Канакей, таап даана айтып бергин,
Башыңды албай сага кайтып бердим.
Баргын да башың менен жакшы ойлон,
Өзүңө төрт күн мөөнөт кайтып келгин,
Таппасаң керезиңди айтып келгин.

Таппады берген мөөнөт бүтүп калды,
Бүтүүчү өмүрүнө бир күн калды.
Бир тапса кан аялы табат дешти,
Жалынып канышага вазир барды.

Каныша-кыйнай көрбө айтпайм-деди,
Шертим бар ал шертимден кайтпайм-деди.
Чыйралган эришимден кайра жанып,
Ажырап азабымды тартпайм-деди.

-Каныша сен жөнүңдө ооз ачпайм,
Аяңыз сизди айтты деп бир жанга айтпайм,
Сообума кала көргүн башымды алат,
Берилген күнүм бүтүп калды айткан.

Баш чайкап боорукер жан карап турду,
Вазирдин жаш өмүрүн аяп турду.
Өзүмчүл болбоюн деп ошончо эле,
Акыры айла кетип айтты муну.

-Эң керек жер жүзүндө жашоо үчүн,
Эң зарыл төрт нерсе бар аны түшүн.
Өмүр жок Жер, Суу, Аба, жана Күнсүз,
Айтып бер өлүп калбай ушул үчүн.

Табышмак эң жөнөкөй мына таптың,
Билбейбиз жашап жүрүп анын баркын.
Каныңа азыр барып айтып бер да,
Соогалап жаның сактап, сырды каткын.
Кан сенин башыңды албай аман койсо,
Мен дагы өзүм үчүн сооп таптым.

«Таптым»-деп вазир канга шашып келди,
Укканын укканындай айтып берди.



-Сен муну билбейт элең ким айтты-деп,
Кан аны кайра кыйнап такып кирди.

-Чыныңды айтпас болсоң башыңда алам.
Муну так билбейт эле сендей жаман.
Өз башың аман калат ошону айткын,
Ким сага акыл айтып берди жардам.

-ОО каным, айта албаймын айтпа деген.
Сырды ачып мени азапка салба деген.
Жалдырап барганымда боору ооруп,
Боорукер бир жакшы адам жардам берген.

Вазирге каарданып жакын барды,
Кылычын моюнуна такап калды.
Дегенде айтпас болсоң башың кетти,
-Каныша айтты эле-деп эстен танды.

Чакыртты канышаны тез келсин-деп,
Алдыма айтар жообун тез берсин-деп.
Бузуптур антты, шертти сактай албай,
Эртеңден калбай көчүп тез кетсин-деп.

-Түбүнө жетте албадың айткан шерттин,
Сен менен ажыраштым, талак эттим.
Бир гана тактым менен таажым калсын,
Көчүрүп каалаганың алып кеткин.

-Чын каным, тура албадым айткан кепке,
Макулмун эмне десең айып менде.
Жакшылап тамак берип коштошоюн,
Меймандап жөнөйм анан таңда эрте.

Кечинде бирге отуруп тамак ичти,
Колунан канышанын шарап ичти.
Элжиреп шараптан да таттуу сөзгө,
Магдырап жоготту өзүн, жоготту эсти.

Эртеси көзүн ачса ээн талаа,
Көрүнбөйт кан ордосу, борбор калаа.
Каныша жалгыз өзү айдап алган,
Баратат эшек кошкон арабада.

Кан чоочуп, -эмне болуп кетти-деди,
Мынчалык түбүмө эмне жетти-деди.

Так кайда, таажы кайда, калаа кайда,
Айымкан ачык айтчы кепти-деди.

-Оо каным, ачыгы ушул айтар кептин,
Кете бер так, таажымды калтыр-дедиң.
Алып кет каалаганың каршылык жок,
Бир гана өзүң сүйүп жактыр-дедиң.

Калтырдым, таажыңызды, тагыңызды,
Калтырдым толгон казына барыңызды.
Бир гана каалаганым өзүң болдуң.
Алып кеттим өзүм сүйгөн башыңызды.

-Акылга багынбаска жок тура айла,
Кой эми арабаңды артка айда.
Амалың, акылыңа туткун болуп,
Түбөлүк башымды ийдим сендей жанга...

Бөлүнбөй жашап калды жыргап-куунап,
Кеңешип акыл менен элди сурап.
Бакыбат эт көл, май көл турмуш орноп,
Эл үчүн болду эң бир жакшы убак.

Күндөрдүн бир күнүндө кабар жетти,
Жоо келе жатат деп элеңдешти.
Жолунда жолукканды кырып-жоюп,
Сапырып күлүн көккө келет дешти.

Ошол жоо дүйнө жармын алган басып,
Аябай адам канын суудай чачып.
Каарынан кара жерди титиреткен,
Колунан кете албайт дейт бирөө качып.

Кылкылдап сан жетпеген колу бар дейт,
Дүйнөнү ээлейм деген ою бар дейт.
Кыргызды мээлеп алып тоосун ашып,
Жортулдап келе жаткан жолу бар дейт.

Мындайда бизге колун ким сунмакчы,
Чеп болуп жоо жолуна ким турмакчы,
Дүйнөнү селдей каптап келе жатса,
Агызбай селдин жолун ким буумакчы.

Кармашып мындай жоону жеңүү барбы,
Бир гана тынч багынып берүү калды.



Кан төкпөй элди сактап, жерди сактап,
Сүйлөшүп алдын тосуп келүү калды.

Ошону ишке ашырар эриң барбы,
Эритер кара тышты кебиң барбы.
Кайрылды кан элине ким барат-деп,
Ийитер каардуу күчтү эбиң барбы.

Бир да адам баш көтөрүп мен дебеди,
Баштарын жерге салып мелтиреди.
Деп ойлоп жоонун тилин таппай калсам,
Өмүрүм бөөдөсүнөн мертинеби.

Айымкан-«мен барайын каным»-деди,
Элимден артык эмес жаным-деди.
Тобокел же азабым, же багымдыр,
Тосоюн ошол жоонун алдын-деди.

Кан айтты кырк бир төөгө жүктөп алтын,
Алдына ал канкордун тартуу тарткын.
Тийбесин элибизге кан төкпөсүн,
Ар жагын айтар сөздү өзүң тапкын.

Айымкан бир башкача амал тапты,
Төөлөргө алтын эмес, жаңгак артты.
Бейкапар кербен тарткан адам болуп,
Илелеп жай баракат келе жатты.

Жолунан бир кезде жоо камап калды,
Жылдырбай алдын бууп кармап калды.
Сүйлөшөм кол башчыңар менен гана,
Дегенде Искендерге алып барды.

-Сен кимсиң, эмне кылып жүргөн жансың,
Жол тартып кай тарапка баратасың?
Эң назик, өзүң аял киши экенсиң,
Негедир таң калыштуу каратасың.

-Күйөөм кан, кол башчы ал да сиздей,
Коргогон Ата-Журтун жан киргизбей.
Катыгын бере билет катылгандын,
Тынч жашайт тийбегенге жөн тийишпей.

-Төзинен төркүнүнө баргын деди,
Кошулчу жоокер санын алгын деди.

Жеримди бастырбастан баскынчыга,
Тосомун келер жоонун алдын деди.

Ошентип төркүнүмө барып келем,
Кошулчу жоокер санын алып келем.
Барам деп ар бир жоокер берген ташын,
Чогултуп төөлөрүмө артып келем.

Бизде ушул, согушчу эр ташын берет,
Тартынбай ташын берген башын берет.
Турпагын туулган жердин түйүп алып,
Кайтуу жок жеңмейинче жанын берет.

Алмашып таш ордуна жаңгак алдым,
Болсун деп төөгө жеңил тандап алдым.
Даңкыңды биз да угуп келсатабыз,
Татыктуу тосолу деп сенин алдың.

Сурасаң атам Манас, элим кыргыз,
Ошончо канча болсо көктө жылдыз,.
Баатырдык ар биринин канында ойноп,
Тарыхта атак алган жойгус, кыргыс.

Шамалдай жоого кирсе каптап кирет,
Жексендеп жолуканын таптап кирет.
Бербестен кылым бойлоп кызыкканга,
Бейиштей Ата-Журтту сактап келет.

Оо баатыр, ойлонуп көр сөзгө көңгүн,
Болбосун бөөдө кыргын, бөөдө өлүм.
Мен аял болгон үчүн айтып жатам,
Тилеген бейкуттукту иштин жөнүн.

Чекишпей макул көрсөң келишели,
Достошуп жакшылыкча бекишели.
Болуңуз эң кадырлуу улуу мейман,
Белекке колдо барын беришели...

Жоокерлер бир төөсүнүн жүгүн чечип,
Бир нече каптарынын оозун кесип.
Санап бүтпөй жатышты жабалактап,
Булардын жоокерлери канча дешип.

Бир төөнүн үстүндө эле жүз миң экен,
Булардын колу бизден күчтүү экен.



Ишенип ишене албай таңданышты,
Кыргыздар ошончолук түптүү бекен.

Айбаттуу аял сөзү акылга орноп,
Жол башчы алды артын калды ойлоп.
Эзелтен көк жал тайбас элден болот,
Эстеди тийишкен жан асты оңбойт.

Айымдын айткандарын акыл көрдү,
Ийиди жүрөгүнө жакын көрдү.
Энеси, сүйгөн жары эске түшүп,
Жүзүнө күлкү чуркап сөзгө көндү.

-Баш ийдим сөзүңүзгө акылдуу айым,
Көп элди кыргын салып басып алдым.
Өзүңдөй эрдик менен ойлоп көрсөм
Бир да айым тоскон эмес менин алдым.

Манасты бала кезде укканым бар;
Айрым бир касиетин тутканым бар.
Шыктанып тайманбаган эрдигине,
Эчен бир салгылашта утканым бар.

Баспаймын касиеттүү Манас жерин,
Чаппаймын кайраты күч Манас элин.
Манастын алган жары Каныкейдин,
Акылын эске салды сенин кебиң.

Бул жерден алга жылбайм, кайтып кетем,
Колумду кан жыттанган тартып кетем.
Болгону жаңгактарың мага бергин,
Ордуна ошончо алтын тартуу этем.

Билемин бул жаңгагың эгин эмес,
Ичинде касиети тегин эмес.
Жоокерлер айыгышты чоң ылаңдан,
Көз көрдү айткан сөзүм тегин эмес.

Жүрөккө октон күчтүү таасир эткен,
Жеңилип жеңилбес эр жакшы кеткен.
Искендер Зулкарнайын /Македонский/
Чегинен кыргыз жердин кайтып кеткен.

Жаңгакты алып барып жерине эгип,
Соодалашкан жемишин жылда терип.

Төркүнү кыргыз жери унутулуп,
Дүйнөгө калган грек жаңгак делип.

Жыйналган канча казна, дүнүйө өлүк,
Катылып кала берди жерге чөгүп.
Жаңырып өсүп турган жандуу белек,
Жайкалып жаңгак турат жемиш төгүп.

Жемиши ошол ыйык келишимдин,
Тереңге тамыр жайып калды өсүп.
Бейиштин тамагындай даам дешип,
Убайын жер жүзүндө адам көрүп.

Билишпейт бирок кайдан келгендигин,
Акылдуу кыргыз айым бергендигин.
Түбөлүк бейкуттукка үрөн болуп,
Жеңилбес күчтү акыл жеңгендигин.

Адамдар, эсте турсун биздин айым,
Жаңгакты көргөн сайын, жеген сайын,.
Терип жеп Жер жемишин ынтымакта,
Чатакты тынчтык менен чечип дайым!

## МЕНИН АПАМ

*/Апам Сурмагулдун элесине/*

Эни Фрай таланттарга жакын экен,
Жаркырап жан дүйнөсү жаркын экен.
Көңүлдүн казынасын ачып коюп,
Сүйлөшүп бирге отуруу жагым экен.

Өзгөчө таланттарды сүйөт экен,
Өрнөктүү өнөр жыйнап жүрөт экен.
Табыгый жаралгандан боорукер жан,
Тагдыры катаалдарга күйөт экен.

Күлгөнү нурун чачкан күндөй экен,
Көңүлү жаңы ачылган гүлдөй экен.
Агынан ак жарылып адамдарга
Сүйүүсү жүрөгүндө сүттөй экен.



Талантты талант гана баалайт экен,
Жүрөктөн чыккан обон жагат экен.
«Нарындан жазган катты» уккан кезде,
Көзүнөн мөлтүлдөп жаш агат экен.

Сезимтал жаны назик айым экен,
Жүрөктөн айткан сөзү жагым экен.
Мээрими - ай жүзүнөн жанып турган,
Апамдай жүрөгүмө жакын экен.

Жакшы адам жакын кылат жерди жерге,
Туугандай туташтырып элди элге.
Ортого алтын көпүрө болуп берет,
Ошондой асыл максат жүрөт сенде.

Токто, Эни дагы айтамын жаным сүйүп,
Талылуу коюптурсуң жерге тийип.
Суроону периштедей берген билип,
Өзүңө таасим этип башымды ийип.

Жобурап билгенимди айта берем,
Тирүүмдө ал жомогум бүтпөйт билем.
Атынан энелердин эң мээримдүү,
Айтайын өз энемди жакын билген.

Апам ай, апакемде кайран жаштык,
Кубарып суу сугарып, оруп аштык.
Туш болуп Ата-Мекен согушуна,
Муңайып жол карадык өңдөн астык.

Экөөлөп кучакташып ойго баттык,
Оор түн улутунуп ойгоо жаттык.
Бетиме тып-тып тамган көз жашыңды,
Билбедим токтотууну кантип артып.

Ошол жаш жүрөгүмө таамп жатты,
Ташкындуу дайра болуп агып жатты.
Баратам ташкынында аласалып,
Денени муздак толкун калтыратты.

Ошол жаш жүрөгүмдү тилип жатты,
Уу болуп кан жаныма сиңип жатты.
Аягы өмүр бою бүтпөй турган,
Сел болуп сезимиме кирип жатты.

Баламын төрт-беш жашар сайрап турган,
Күлкүчү оюнкарак жайнап турган.
Токтотуп айласыздан күлкү оюнду,
Чоңдордо кайгы муңду байкап турган.

Баламын кайгы муңду сезип турган,
Көз жашты белчесинен кечип турган.
Атага болгон чексиз сагынычы,
Мыжыгып жаш жүрөгүн эзип турган.

Баламын күлкү ордуна жалдыраган,
Томсортуп чөгүп турган көзүндө арман.
Ыйлатып бүт балдарды жалдыратып,
Бозоруп тургансычы бүткүл аалам.

Баламын ата мээрин көңүл самап,
Телмирген үмүт менен жолду карап.
Кызарып күн кылкылдап батып кетсе,
Өртөнүп тургансычы ошол тарап.

Баламын улуулардын карап көзүн,
Алдыртан тыңшачымын айткан сөзүн.
Күтчүмүн айтабы деп жакшы кабар,
Кубанып согуш бүттү деген кезин.

Күтчүмүн согуш бүтсө келетго деп,
Кудайым тилегимди берет го деп.
Көрүнчү агаларым эң бир баатыр,
Ишенип биздикилер жеңет го деп.

Келбеди үч бир тууган, үч туу агам,
Бой жетип удаама удаа кылкылдаган.
Баары тең бакыраң көз бала бойдон,
Алиге муруттары кырылбаган.

Артынан элүү жашта кеткен атам,
Бир үйдө үч кыз менен апам калган.
Көтөрүп бүт түйшүктү өз жонуна,
Таңды кеч талаасында иштеп анан.

Апакем көрктүү эле шоодураган,
Ботодой капкара көз жоодураган.
Кымча бел, узун бойлуу, аркар мүчө,
Кезинде жан болбоптур обдулбаган.



Жаркылдап, жүргөн жери шаңдуу эле,
Жалындап жан дүйнөсү жандуу эле.
Жамакчы, ырчысы эле бир айылдын,
Салмактуу өзү намыс ардуу эле.

Бала үчүн жоктон барды болтурчу эле,
Жайнатып дасторконун толтурчу эле.
Кышында узун түндө меш жанында,
Көркөмдөп сайма сайып отурчу эле.

Чебер уз атыкты эле элге жагып,
Бүт айыл келип турчу үйгө агып.
Суранып тон тиктирип, оймо ойдуруп,
Кээлери үйрөнчү эле үлгү алып.

Тунжурап эртели кеч уулун күтүп,
Сабыркап сагынычка жаны түтүп.
Келсечи жок дегенде бирөө кайтып,
Энени ээндетпейт тоодой үмүт.

Кубанат көз илинсе улуу келип,
Чуркашат эне бала кулач керип.
Каларда эне бала жуурулушуп,
Арасын ажыратат чындык жерип.

Дале уулу келе берет колун созуп,
Эне да боюн таштайт алдын тосуп.
Жетерде жалын каптап ортолорун,
Ажырап тынч уйку жок түштөн чоочуп.

-Эне үчүн жалынды да кечер элең,
Элиңе жөө болсо да келер элең.
Кайдасың уулум неге кечигесиң,
Мынча жыл жылсаң дагы жетер элең.

Эсимде эшик, үйдө жүргөндөрүң,
Ак көңүл кирсиз таза күлгөндөрүң.
Үмүттүн тутандырып учкундарын,
Жүрөккө кубанычты үйгөндөрүң.

Эсимде балдар менен ойногонуң,
Түн бою китеп окуп ойлонгонуң.
Сукданып мейкин талаа, гүл токойго,
Шар суунун агымдарын бойлогонуң.

Ким сени кетти туулган жерден айрып,
Дайынсыз бул дүйнөдөн болдуң кайып.
Жакшылык адамдарга калоочу элең,
Тапты экен сенден душман кандай айып.

Оозундан эне сүтүм кете электе,
Жар сүйүп эрезеге жете электе.
Уулум ай кайда адашып, кайда калдың,
Окуган боз бала элең сен мектепте.

Дептерин окуучулук колуна алат,
Мөлт кулап барагына жашы тамат.
Берметтей тизип салган жазууларды,
Аймалап көпкө дымып жыттап калат.

Ал жазуу кандай сулуу терген колдон,
Канчалык үмүт менен дитин койгон.
Балалык максат оюн балбылдатып,
Баракта уулу турат жап жаш бойдон.

Чоң максат алды жактан күткөн эле,
Мектебин ошол жылы бүткөн эле.
Кеп салып жүзү жаркып кыялданса,
Мугалим окуусуна өтмөк эле.

Үзүлүп күткөн асыл ошол тилек,
Душманга атырылып азоо жүрөк.
Аттанган эң алгачкы кан майданга,
Бузулбай калсын үчүн куттуу түнөк.

Кетерде китептерин өзү таңган,
Кек кайнап эки көзү оттой жанган.
Дегенсип сактап тур деп мен келгенче,
Энесин жалт-жалт этип карап алган.

-Сактаймын, балам андан кам санаба,
Жалпыга түшүп турат чоң калааба.
Сергек бол, тыкан жүрүп талаа-түздө,
Жалтаңдап коркок деген сөзгө калба.

Бекем бол, кыйындыкка чыдап түткүн,
Сак болгун, бирок калбай алга жүткүн.
Жолдошун ара жолго таштабаган,
Карабай улутуна жолдош күткүн.



Элестейт ушуну айтып узатканы,
Эл дүрбүп алды жакка чуркашканы.
Жыйылып ар бир айыл, ар бир үйдөн,
Калдайган калың топту курашканы.

Алдыртан сезимине шыбыр келет,
«Согушта бири келсе, бири келбейт.
Мүмкүн сен көрөсүңбү, көрбөйсүңбү,
Жыттап кал, өз уулуңду да бир ирет.

Элестейт кайрадан кол алышканы,
Селт эте уулуна бек жабышканы.
Машина козголгондо кырын кармап,
Асылып эки колу карышканы.

Жүткүндү машина да алга карай,
-Кое бер жыгыласың апакебай.
Угууга баласынын акыркы үнүн,
Сүйрөлүп баратты эне кырын кармай.

Кеткенде колу бошоп аба жара,
-Апаке! Жыгылдыңбы?! Апа! Апа!..
Кучактап кара жолду апа калды,
Чаң жутуп кайгы аралаш эстен тана.

Солк этип чок баскандай күйүп дене,
Болк этип жер кучактап жыгылды эне.
Жаш төгөт адам эне жер энеге,
Буркурап эки бирдей ыйык неме.

-Эсимде бир топ колдор мени аяп,
Тургузду колтугумдан жөлөп таяп.
Кулакка үнүң келип апалаган,
Машина кеткен жакты турдум карап.

Келди эле акыркы ирет бир жыттагым,
Бек кысып көөдөнүңө дагы ыктагым.
Толтосун жүрөгүмдүн сууруп алып,
Алыстап бара жаттың, оо жыргалым.

Машина чаң уюлтуп кетти узап,
Кан күйгөн ааламаттын өзү сымак.
Капилет бир капталым эңшерилип,
Телмирип туруп калдым жүрөк сыздап.

Ансыз да калмак элем ушул жолдо.
Кол булгап сени узатып узак жолго.
Бир гана кан төгүүчү майданга эмес,
Билимге, тынч өмүргө, турмуш жолго.

Оо анда минтип сыздап калмак кайда,
Толкумак кубанычым болуп дайра.
Сыймыктуу жолго узатып чыкканы үчүн,
Апакең сызбайт беле асман айга...

Балдары биринен соң бири кетти,
Эненин эт жүрөгүн титиретти.
Аялуу жаш чырпыктай кырчын курак,
Көз жеткис мунарыкка сиңип кетти.

Катылып каршы туруп жолубузга,
Батырып, балта чаап оюбузга.
Оо согуш, атың качан коюлду экен,
Жаралып кайсыл күнү шорубузга.

Тынч өмүр кайра бизге берилеби,
Балдарым кайра көзгө көрүнөбү.
Оо дүйнө уулдарымды мөлтүрөгөн,
Узаттым өмүргөбү?... Өлүмгөбү?...

Узатпайм балдарымды өлүм үчүн,
Өстүргөм жашоо үчүн, өмүр үчүн.
Дүйнөнү бейкуттукка бөлөр элем,
Эгерде менин бүгүн жетсе күчүм.

Оо ага менин жалгыз жетпес күчүм,
Ал үчүн дүйнөдөгү эне бүтүн.
Биригип бир тилекте уулдарды,
Жөнөтпөй койсок эмне өлүм үчүн.

Жөнөттүм мен өмүрдү коргоо үчүн,
Өлүмдүн келер жолун тороо үчүн,
Кайсы эне узатты экен уулдарын,
Бактысын башкалардан тоноо үчүн.

Ал бакыт белен жатпас келген жерде,
Жазыксыз жараланар далай дене.
Айкашта ажал бүркөн окко учуп,
Жер чапчып уулун жоктоор далай эне.



Мына эми ошол жолду ушул күнгө,
Үмүткөр карап келем тынбай мүлдө.
Жок десе бир уксам деп кулак түрөм,
Андагы апалаган сүйкүм үнгө.

Ошол үн кандай назик, жанга жакын,
Энени нурга бөлөп жазган жарпын.
Кулунум, ошол жыргал үнүң үчүн,
Аңтарып чыккым келет дүйнө чаркын.

Жеңиш күн көңүл кирин жууп алды,
Тургузуп жыгылганын куруп алды.
Бир гана уулдарым жол каратып,
Бөксөрүп орду толбой туруп калды.

Талаадан иш бүткөндө үйгө келем,
Алдымдан чыгар деген үмүт менен.
А бирок үй томсоруп, тал шуулдайт,
Баарысы сени жоктоп күйүт менен.

Теректер көчөт эле силер тиккен,
Көк тиреп чынар болду бойго жеткен.
Үйүмдү толтуруучу шаттык менен,
Теректей уулдарым кайда кеткен.

Каңгырап боздоп турган үйгө кирем,
Жалдырап сүрөттөргө көзүмдү илем.
Дагы эле сүрөтүңөр бала бойдон,
Дагы эле мотурайган жап жаш ирең.

Бир көрбөй жаркыраган көзүңөрдү,
Бир укпай жалындаган сөзүңөрдү.
Дүйнөдө эч арманым болбос эле,
Бир көрүп өлүп кетсем өзүңөрдү.

Уулуң келбейт жок дешти кокуй,
Аны кылган ок дешти, кокуй.
Ок болуп тийип ошол сөз мага,
Көөдөндү тилип ок тешти кокуй.

Аны кылган ок дейби кокуй,
Балдарың келбейт жок дейби кокуй.
Ушул сөз укпайм токтосун кокуй,
Баарысы кантип жок болсун кокуй.

Зар кылып мендей пендесин кокуй,
Канткенде бири келбесин кокуй.
Мен көргөн ушул кордукту,
Пендесине бербесин кокуй.

Боздогон инген окшодум, кокуй,
Ботолорум жоктодум, кокуй.
Улуган бөрү окшодум, кокуй
Уулдарымды жоктодум кокуй.

Бозоруп үйүм бош калып, кокуй,
Боздосом таппай турамын, кокуй.
Сыйпалап ордуң бош калып, кокуй,
Сыздасам таппай турамын, кокуй.

Чындап эле тилекти,
Бербейт бекен калайык,
Үчөөнөн бирөөсү, кайтып,
Келбейт бекен, калайык.

Апакелеп чакырган,
Үнүңдү кайдан угамын,
Айткылачы калайык, калкым,
Эми кандай кыламын,
Бакырсам дагы ааламды жарып,
Эми кайдан табамын.

Жаркылдаган жайдары,
Көзүңөр кайда балдарым.
Жадыраган жаракөр жанга,
Өзүңөр гана, балдарым.

Дүйнөнү кесип кыдырсам,
Силерди кайдан табамын.
Өмүр бою бүк түшүп, эми,
Күйүттүү болуп каламын.

Жап жаш денең жалп этип,
Жыгылган жериң кайда экен, ботом.
Көзүңдөн жашың армандуу,
Сызылган жериң кайда экен, ботом.

Чаңкаганда ичүүчү,
Суум болчу балдарым.
Чалкар тоодой бел кылган,
Туум эле балдарым.



Суусаганда ичүүчү,
Суум болчу балдарым.
Аска тоодой бел туткан,
Туум болчу балдарым.

Кол кармашкан түбөлүк,
Курдашым дагы келбеди.
Сырымды угар сыздасам,
Сырдашым дагы келбеди.
Муңумду басар муңкансам,
Муңдашым дагы келбеди.

Бармактайдан баш кошкон,
Эгизим дагы келбеди.
Телегейди тең көргөн,
Тегизим дагы келбеди.

Пейили көлдөй чалкыган,
Деңизим дагы келбеди.

Чырпыктайдан баш кошкон,
Ынагым дагы келбеди.
Көрктөнүп турган бапырап,
Чынарым дагы келбеди.
Чаңкасам барып суу ичкен,
Булагым дагы келбеди.

Жөлөнөргө бул күндө,
Жөлөгүм дагы келбеди.
Оорумду жондон алышар,
Көмөгүм дагы келбеди.
Таянарга бел тутуп,
Өбөгүм дагы келбеди.

Далайдан сүйүп тандагам,
Талыкпай жолун карагам.
Табылбай кеттиң асылым,
Таппасмын сендей ааламдан.
Көрүнбөй кеттиң асылым,
Эми көксөсөм таппайм ааламдан.

Үйүндө жалаң кыз калдык,
Үңүлдөп ыйлап сыздадык.
Үңкүйүп тоңуп ар жерде,
Ала жайда муздадык.

Жүлүндү өрттөп жоготуу,
Жүрөктү тилип туздадык.

Кеткен жолун карашат,
Келеби деп самашат.
Кайдалап жолун карашат,
Кайтабы деп самашат.
Жапа тартып жазыксыз,
Жаш жүрөгүн канатат.

Кайгымды ички жегизет,
Кайталап сурай беришет.
Жанымды ички жегизет,
Жалдырап сурай беришет.
Эсимди эки жегизет,
Эзилип сурай беришет.

Эркексиз турмуш кем экен,
Ээси жок үйгө тең экен.
Калдайып үйдө жүргөнү,
Канчалык кубат дем экен.
Кадырың билдим эми мен,
Катындын багы эр экен.

Баалабай ошол багымды,
Баркыңды билбей калдымбы.
Кашымда жүрсөң анчалык
Кадырың билбей калдымбы?
Кыйналсаң болбой жаныңда,
Абалың билбей калдымбы?

Жөлөбөдүм башыңды,
Сүртпөдүм аккан жашыңды.
Өз колум менен узатпай,
Өзүңө окшош асылды.
Кабыргам жаман кайышат,
Кандай жерге жашырды.

Болбосо согуш каргаша,
Жашабайт белек карганча.
Жатпайт белек түбөлүк,
Кош төбө болуп жанаша.
Болбойт беле бата окуп,
Балдарың келип караса.



Отурбай бирге чай ичип,
Төрүмдө сени жоктоймун.
Үн катпай сыздап ичимден,
Көңүлдө сени жоктоймун.
Жаа десе жатпай жанаша
Көрүмдө сени жоктоймун.

Жанаша бирге баспай деп,
Жолдордон сени жоктоймун.
Экөөбүз бирге энсеген,
Ойлордон сени жоктоймун.
Ала кетип түшүмө,
Таңында жатып ойгондум.

Топ жыйындын сен жүргөн,
Ичинен сени жоктодум.
Сен тааныган, сен билген,
Кишиден сени жоктодум.
Окшошуп кетсе кээ бирөө,
Ичимден сызып онтодум.

Өзүң сүйгөн кең дүйнө,
Ааламдан сени жоктодум.
Өзүң жүргөн кең көчө,
Калаамдан сени жоктодум.
Кайрылгыс жайга кетипсиң,
Кайгымды ичке топтодум.
Жоксуң, жоксуң, эч бир жерде
Сен жоксуң!

Жоктобоюн десем да,
Жоктотуп турат кыздарың.
Жооп таба албай аларга,
Ичимден күйүп сыздадым.
Тар жолго салып өзүмдү,
Тагдырым мынча кыстадың.

Барынан да чынарым,
Чырпыгыңа күйөмүн.
Жаштайынан кыйылган,
Бутагыңа күйөмүн.

Бары сары ооз балапан.
Балдарыңа күйөмүн.

Бири келбей жат жерде,
Калганына күйөмүн.

Келин алып сүйүнтүп,
Келбегенге күйөмүн.
Төрөлбөй калган, дүйнөгө,
Небереме күйөмүн.

Балдарың келбейт жок дешет,
Аны кылган ок дешет.
Оо шум ок, анда угуп тур,
Көз жашым менин ок тешет.

Жаш экен деп балдарга,
Тийбей койсоң болбойбу.
Эненин жүрөк толтосун,
Тилбей койсоң болбойбу.

Тиер кезде жок десе,
Тайып кетсең болбойбу.
Кагып кетпей өмүрүн,
Кайып кетсең болбойбу.
Суугa тийип сүзүлүп,
Агып кетсең болбойбу?

Тосот эле катылып,
Ташка тийсең болбойбу.
Кетет эле батырып,
Сазга тийсең болбойбу.
Сени жумшап кутурган,
Башка тийсең болбойбу.
Чыгат эле кайра өнүп,
Талга тийсең болбойбу.

Ансыз дагы эримек,
Карга тийсең болбойбу.
Ансыз дагы көтөрмөк,
Жерге тийсең болбойбу.
Биротоло көмүлүп,
Көргө кирсең болбойбу.
Кабырган кайра кыйрамак,
Тоого тийсең болбойбу.
Кайра артыңа ыргытмак,
Зоого тийсең болбойбу.
Кандай экен сени атмак,
Жоого тийсең болбойбу.



Эки көзүң кан көксөп,
Учпай койсоң болбойбу.
Атырылып жан издеп
Чыкпай койсоң болбойбу.
Мыкаачынын уу тилин,
Укпай койсоң болбойбу.
Же ансыз кардың толбойбу.
Кан жуткурдун тирүүлөй,
Кылган ишиң оңойбу.

Анда ок угуп муну айтат,
Адамда ар бир мунду айтат:
-Атылгам айтып берейин,
Айлам жок анан кантейин.
Чыдай албай чыркырап,
Ыйлап келип тийгемин.
Бетиң тытып сыркырап,
Ыйларыңды билгемин.
Ичим жалын, сыртым чок.
Күйүп келип тийгемин.
Түңүрөйүп кабагым,
Түйүп келип тийгемин
Эс-акылдан ажырап,
үңүп келип тийгемин.
Кимиси жаш ким картаң,
Ажырата билбедим.
Ким жумшап мени, ким атты,
Мына ошону тилдегин.

Кайра мени алкагын,
Душманыңды аткамын.
Калкалатып качырып,
Кара жандай каптадым.
Желбиретип алдыңа,
Жеңиш туусун тарткамын.

Жеринен иши ак элиңди,
Жеңиш менен дуулаттым.
Бирок да өчүн алам деп,
Өзгө энени кууратгым.

Акырында басылып,
Акылымдан мен тандым.

Катыла берип кайрымсыз,
Каруум кетип мен талдым.
Кара бет болуп ортодо,
Каргыштарга мен калдым.

Менин атым ок болот,
Катылганым жок болот.
Ойнобосун көп эле,
Адамдар айрым шок болот.
Өзүмдөн өзүм атылбайм,
Атышпаса катылбайм.
Жата берем жаным тынч,
Эгер, атышса учам тартынбайм.
Башымды ылдый катайын,
Кулагым тынч жатайын,
Атышпасын айтып кой,
Адашып кетип акылдан.
Тапкан байлык, акчасын,
Жакшылыкка жумшасын.
Жаткан мени жаным тынч.
Жамандыкка куубасын.
Жердин шарын гүл жыттуу,
Адам каны жуубасын.

- Ал айтканың эп экен
Айта турган кеп экен,
Каракчыны баатырды,
Баарын тапкан эне экен.

Бүт энеге кайрылып,
Анда мындай дейт элем:
Басып ал деп балдарды,
Аттандырба энелер,
Тартып ал деп зордуктап,
Барктандырба энелер.
Адамды атуу жагынан,
Даңктандырба энелер.
Кан төккөнгө карк кылып,
Шаттандырба энелер.
Өдөсүнтүп башкадан,
Мактандырба энелер.
Ач көздүккө жол берип,
Карктандырба энелер.
Жакшы болбойт акыры,
Сактанткыла энелер.



Өзүмчүлүк мүнөздү,
Күйдүргүлө-энелер.
Кара өзгөйлүк ордосун,
Бүлдүргүлө энелер.
Адамзатты балдарга,
Сүйдүргүлө энелер!
Жашоо баркын жашынан,
Түйдүргүлө энелер!

Деп күнүгө апам кошчу эле,
Муңдуу, зарлуу үнүн созчу эле.
Күн батарда жана таң эртең,
Бул үн менен киши тосчу эле.

Кайрылгандай бүткүл ааламга,
Айтылгандай бүткүл адамга.
Эскерткендей бийик созулуп,
Үйдүн ичи турчу жаңыра.

Ал үн бийик учса дечүмүн,
Бүткүл дүйнө укса дечүмүн.
Ок атышпай адам баласы,
Эне зарын тутса дечүмүн.

Кетпейт эле аталар анда,
Жүрөт эле агалар жанда.
Үйүбүзгө-күлкү шат толуп,
Болбойт эле кайгы да капа.

- Апаке, өзүңүздөн көрбөйсүз да
Балдарды согуш үчүн төрөпсүз да.
Жок десе бирин мурун, бирин кийин,
Аралаш кыз, уул кылып бөлбөпсүз да.

Дедим мен алаксытып оюн чындан,
Бөлсөм деп аз да болсо ошол ыйдан,
Аргасыз күлүп алып бир бырс этип,
-Кантейин колдон келбейт, кудай кылган.

-Төрөсөң болмок апа мени мурун,
Ордума үйдө жүрмөк эркек уулуң.
Ошону караан кылып, кубат кылып,
Азыраак болот беле тарткан муңун.

Болбосо мен кем бекем эркегинден,
Чоңоюп эртең эле бойго жетсем.

Уулундай кызмат өтөп берем, апа,
Көрөсүз кем болбойсуз эч нерседен.

Апама ачып коюп жүрөгүмдү,
Ичимден көптөн ойлоп жүргөнүмдү.
Ыйлабай күлүмсүрөп угуп калса,
Дагы айттым толгон таттуу тилегимди.

Апаке, кийбегенди кийгиземин,
Көрөсүз ичпегенди ичиремин.
Алдыңа жорго тартып, же болбосо,
Эң кооз машинени мингиземин.

Кыз Сайкал.Жаңыл мырза өзүң айткан,
Кыз болгон жомок эмес өзүң тапкан.
Тилеймин мен да апа ошолордой,
Кыз болсом деп жүрөмүн сага жаккан.

-Тилегиңе жет кызым, ичке каткан,
Кыз болгун мага эле эмес элге жаккан.
Кудайым өмүр берсин, ыйман берсин,
Кыз болгун акыл тапкан, элди баккан.

Аралжы болуп бир аз арманына,
Алаксып кубат алып калганына.
-Кыз эмне бала эмеспи, апа десем,
Айтты эле жалыныч ойноп жамалына.

-Кем көрбөйм, кыз да кымбат бала мага,
Бүлөсү бөлөк үйдүн жалгыз гана.
Улантпайт өз очогун таштап кетет,
Үй күтүп башка жактын отун жага.

Чоңоюп кетесиңер бирден тарап,
Коркомун ата үйү ээн калат.
Анын да өз атасы, конушу бар,
Бере албайт бүлө болуп жээн тарап.

Уулдун уулу жакшы тукум улап,
Атанын журтун ээлеп, кайра курап.
Артында бала калса аты өчпөй,
Үйүнүн түтүнү да турат булап.

Кыздарды жатканым жок бөдө кордоп,
Эркек уул берет экен Мекен коргоп.



Милдетин өтөп ыйык жеңиш менен,
Элине келишсе экен кудай колдоп.

Согуштан кабар келет күндө жаңы,
Жеңиш күн жаркыраган жакын калды.
Күнүгө кабар берет радио,
Бошотуп күндө-жаңы шаарды алды.

Кубалап биздикилер жеңип жатат,
Кеткендер бирин серин келип жатат.
Толтуруп келгендердин ордун кайра,
Уландар жашы жеткен кетип жатат.

Десе эле улуу эжем жаткан угуп,
Арманы кеткен белем ичте бугуп.
Буркурап ыйлап ийди чыдай албай,
Жүрөктө бугу бар го жүргөн бууп,.

Анда апам кеп айтат,
Кеп айтканда бек айтат:
-Катуу кармаш күч алып,
Кан күйүп жатса тиякта.
Үрөйүмдү учуруп,
Үшкүрөсүң биякта.
Түйшөлбөй кызым, тынч укта.

Көйнөгүңдү уй жегир,
Үшкүрөсүң жаш туруп.
Кыз өңдөнүп күлбөйсүң,
Көңүлүңдү паска цуруп.
Сабыр эт балам, тынч укта.

Жаш да сендей болобу,
Жатканын көр бүрүшүп.
Эрте солгон гүлгө окшоп,
Баратасың чүрүшүп.
Байкуш кызым, тынч укта.

Таң агарып чыгыштан,
Жылдыз тарап баратат.
Жылжып аккан көз жашың,
Жүрөгүмдү канатат,
Кой катыгүн, ыйлаба!

Анда эжеме тил кирип:
-Кан майдандан бир жигит,
Кайтмак эле, апакс.
Катып жүргөн бир сырын,
Айтмак эле, апакс.
Унута албай курудум.

Көз карашы жаныма,
Батып кетти, апакс.
Жүрөгүнө бир сырын,
Катып кетти , апакс.

Кылчак-кылчак көп карап,
Жоодурады апакс.
Көзү менен көп сырын,
Жобурады, апакс.
Ошол көзгө көңүлүм,
Оодарылды, апакс.

Катуу арман ичиме,
Батпай кетти, апакс.
Күлмүң карап бир сырын
Айтпай кетти, апакс.
Күйүтүм күч сурасаң.

Кете электе ал сырын,
Сезбей калдым, апакс.
Көңүлдөгү түйүнүн,
Чечпей калдым, апакс.
Дайрасынан турмуштун,
Кечпей калдым, апакс.

Катыда жок көп болду,
Кайтар бексн, апакс,
Көңүл күткөн бир сырын,
Айтар бекен, апакс.
Ак сүйлөчү, канек.

Күлө карап алдынан,
Чыгар бекем, апакс.
Жагым үнүн жалындуу,
Угар бекем, апакс.



Эмнеге мелтиреп,
Унчукпайсың, апаке.
Жок дегенде кызыңды,
Урушпайсың, апаке.
Айтып койчу, жүрөгүм,
Тумчукпасын апакс.

Жок дегенде арман, ай,
Бир жолугуп калсамчы.
Өзүнө окшош сүйкүмдүү,
Бала төрөп алсамчы,
Болбос эле арманым!...

Кара кагаз келгенин,
Ал баланын өлгөнүн.
Аяп анын апасын
Айтыша албай жүргөнүн.
Апам билчү мурунтан,
Ушул болду муунткан
Мертиретип үн сөзсүз,
Ичин өрттөп куруткан.
Ойлоп жатат ичинен,
«Кантип кызга туюнтам,
Жанып турган сезимди,
Кантип эми суутам»!

Келбей калды кызыма,
Күйөө болчу бала да.
Он гүлүнөн бир гүлү,
Ачыла элек садага.
Эки жесир жатабыз,
Батып терең санага.

Болот деген эмине,
Тийбей жатып кыз жесир,
Тагдырларга бул согуш,
Тийгизди го чоң кесир.

Сабагынан гүлдөрү,
Ачылбастан куурады.
Солкулдак кезде солуткан,
Согушка жетсин убалы...

Бир күндөрдө апакем,
Базардан чарчап келди да,
Ойлонуп калды үшкүрүп,
Базарлыгын берди да.

Тынчсызданып апама,
Ичимден жапа жей бердим.
Чарчадыңбы, апаке,
Эмне болду дей бердим.

-Эмнесин балам сурайсың,
Базарда жалаң ак жоолук.
Кылкылдайт жалаң аялдар,
Жакшы эмес балам, бул жорук.

Элдеги мүшкүл көрүнүш,
Көзүмө жаман көрүндү.
Тебетей деген көрүнбөй,
Көңүлүм чөгүп бөлүндү.

Кыраны жок тоого окшоп,
Эркексиз турмуш курусун.
Качан бүтөт болду экен,
Каран калган урушуң.

Кагылайын эркектер,
Кут турбайбы турмушка.
Тоодой караан турбайбы,
Калдайып үйдө турушса.
Үйдүн толуп капшыты,
Көппөйт белем дардайып.
Балдарымдын жок десе,
Бири жүрсө калдайып.

Үйдөн чыгып турганы,
Канча кубат дем болмок.
Андай күндө апаңар,
Эминеден кем болмок.

Уландар басса шатырап,
Көчөбүзгө көрк конмок.
Эрлери бар элимдин,
Телегейи төп болмок.



Туурунан учуп кеткендер,
Конор бекен айланып.
Бөксөрө түшкөн көңүлдөр,
Толор бекен жайланып.

Деп келчү эле апакем,
Келген сайын кайгырып.
Барган сайын базарга,
Канаттары кайрылып.

Согуш бүткөн жылы да,
Базарга кетти камынып.
Жайланып келди көңүлү,
Тагдырына жалынып.

-Баштагыдан башкача,
Базар көркүн алыптыр.
Анда-мында бир эркек,
Аралашып калыптыр.

Уулдары келбеди,
Ээндетип өз үйүн.
Канист кылат кайгырбай,
Карап туруп эл түрүн.
Уулдарым жүрөт дейт,
Көтөрүшүп эл жүгүн.

Кийин дагы базарга,
Барган сайын кыдырып,
Калың элди бир сыйра,
Карап алат сыдырып.

Базарында кылкылдап,
Батпай жүрөт эл деген.
Жүргөн экен деп калат,
Эркек, аял теңме тең.

Жандап өтүп баратса,
Жаш жубайлар буралып.

Кут болсун деп ушул күн,
Кубана карайт жылмайып.

Оо чындап тагдыр эрки күчтүү белем,
Адамдын кайрат күчүн толгоп жеңген.

Күн өтсө тартуу кылып карылыгын,
Эңишке эңшерилтип тарта берген.

Акыры эне эркин төшөк тартып,
Оорусу карылыктын жанга батып.
Кете албай көпкө жатты үмүт үзбөй,
Каржайып эти качып, сөөгү калып.

Алсырайт алдан тайып куруп жинкин,
Анее да издегендей алда кимин.
Тынчыраак өлүш дагы кыйын болду,
Уулумду бир көрсөт деп тагдыр чиркин.

Эс алып бирде оңолсо, бирде жөөлүп,
Эч десе кетсем ээ дейт жүзүн көрүп.
Эшиктен бирөө кирсе уулумбу?-деп,
Умтула карай калат баш көтөрүп.

Кайрадан кулап кетет көз тунжурап,
Кайрадан апалаган үн угулат.
Ушул үн ар убакта селт эттирип,
Кетирбей карт энени кармап турат.

Ал билбейт согушта да чакырганын,
- Апа! - деп акыркы ирет бакырганын.
Уулунун көз алдына тура калып,
Каректен элеси да атылганын.

Ушинтип дүйнөдөгү эки ынак,
Жетишпей бир-бирине калды ыраак.
Бир-бирин кыйбайт экен, издейт экен,
Кетсе да жашоо күндүн туусу кулап.
Акыры эне дагы өтүп барат,
Тунжурап көздүн оту өчүп барат.
Суроолуу токтоп калган бул көз караш,
Ок болуп жүрөгүмдү тешип барат.

Эсимде айткан сөзү төнбөйм деген,
Тагдырдын жазмышына көнбөйм деген.
Жанымды бекем уучтап кайрат кылып,
Уулумду бир көрмөйүн өлбөйм деген.

Андыктан ара жолдо көпкө жатты,
Үмүткөр тиктей берип эшик жакты,
Томсоруп көзү келбей ирмелгиси,
Телмирип ошол бойдон кирпик катты.



Кыш өтүп жагалданып жаз да келди,
Томпоет жаңы бейит жаздап жерди.
Томсоруп бейити да сурагансыйт,
«Кайдасың уулум?»-деген берип белги.

Сен барда дүйнөм толук болуп турган,
Башыма бакыт кушу конуп турган.
Өкүнөм айтпай калып таттуу сөзүм,
Тирүүңдө жүрөгүмдө толуп турган.

Жүрүпмүн ал бактымды элес албай,
Көрүпмүн энекемди өлбөс жандай.
Кечиктим кайдан таап, кантип айтам,
Капилет келет өлүм өчү бардай.

Төрөдүң ак сүт берип апа болуп,
Жөлөдүң боюң тиреп ата болуп.
Ондодуң ата үнүндөй кайрат менен,
Калганда баскан жолум ката болуп.

Башыңда салынганың кара болуп,
Сыздаткан жүрөгүңдө жара болуп.
Жашыңда жыйырма беште жалгыз калдың,
Кызыгың, бар үмүтүң бала болуп.

Мээримиң эки эселеп төгүп келдиң,
Көңүлүң эки эселеп бөлүп келдиң.
Каралдым калбасын деп жетимсиреп,
Камымды эки эселеп көрүп келдиң.

Жүзүмдөн эки эселеп сүйүп келдиң,
Жаныма эки эселеп күйүп келдиң.
Калбаска аталуудан кемчил болуп,
Үстүмө тапканыңды үйүп келдиң.

Эмгекке эки эселеп жаныңды үрөп,
Өзүңдү өзүң менен алга сүрөп,
Турмушта ата ордун толтурууга
Иштедиң жеңиш үчүн күндөп-түндөп.

Каржалбай кыйынчылык кезиндеги,
Таң калам кайратыңа өзүңдөгү.
Жөнөтүп мени жолго жаткан кезде
Жаш беле, жалын беле көзүңдөгү?

Далдалап кеттиң аны көрсөтпөдүң,
Эч качан көңүлүмдү өксүтпөдүң.
Талпынып өстүм эркин канат кагып,
Турмушта эч нерседен бөксөртпөдүң.

Кантип эле ушул жарык дүйнөдөн,
Куштарланып өзүң сүйгөн күндөрдөн.
Кантип эле сен болуп кетмексиң,
Мен бар кезде сен типтирүү элесиң,
Угам сени жумшак мээрим үндөрдөн.

Барсың, апа, кыялымдын асманында,
Барсың, апа, көңүлүмдүн аскарында.
Барсың, апа, жаркыраган тилегимде,
Барсың, апа, сени сүйгөн жүрөгүмдө-
Кызыңдын сен жетпеген максатында.

Барсың, апа, ар күнкү кадамымда,
Барсың, апа, ар күнкү акылымда.
Барсың, апа, ар күнү насаат айтып,

Баскын деп түз жолго колдон тартып,
Өзүңсүң мен таянар жакыным да.

Барсың, апа, орун алып көңүлдөн,
Өзүм жеткен жеңиштердин төрүнөн.
Мээрленип сенче сүйүп баламды,
Кумарланып сенче күтүп ааламды,
Ызаат менен сенче сыйлап адамды,
Бул турмушка мен сен болуп тогулом.

Көрөм сени жалынычтуу көздөрдөн,
Угам сени жаңга жагым сөздөрдөн.
Сезем сени жүргөнүңдү жанымда,
Жүрөгүңдүн соккондугун каныңда,
Коргоп, таяп кыйын кыстоо кездерден.

Барсың, апа, жакшы адамдар тобунда,
Барсың, апа, акылымда, оюмда,
Сапар чыксам кошо чыгып узатып,
Бата берип баса турган жолума.
Өксүгүмө өкүнөсүң муңайып,
Кубанасың ишим жүрсө оңунда.



Мен сен болуп, мээримиңди кайталап,
Бар экениң кандай гана сонун да!...

Пейли кең, көңүлү ак, асыл эне,
Бүт адам сендей мээрман болсо эмне.
Бүт аалам болсо сенин тилегиңдей
Дүйнөдө эч жамандык болбос эле.

Дүйнө сенин мээримиңден жаралып,
Тазарса дейм ак сүтүңдөй агарып.
Кетсе гана сенин мээриң, энеке,
Күн нуруңдай жер жүзүнө таралып.

Жанда жүрсө жакшына сөз айткыла,
Алыс болсо жалындап кат жазгыла.
Сыйга бөлөп, нурга бөлөп жүрөгүн,
Энелерди кубантууга шашкыла!

## БҮГҮНКҮ АЯЛ

Ук, Эни, дагы айтамын жаным сүйүп,
Турганда бал булактай жүрөк ийип.
Жазайын бүгүнкү айым жөнүндө да,
Кадыры билинбеген бирге жүрүп.

Артыкча бөлүп айтам кайсыл жагын,
Бүт элде аял деген аял дайым.
Колунан эч ким алып кое албаган,
Аялдын аял болуу улуу багын.

Бактысыз ошол аял мээрими жок,
Жүрөгү мерез болсо кечирим жок.
Мүнөзү орой болсо, беткe чабар,
Сөздөрү ачуу болсо атылган ок.
Бирөөнүн жакшы жагын көрө албаган,
Бирөөгө жакшылыгын бөлө албаган.
Кур калган жаракөрдүк, жылуулуктан,
Бирөөгө адал пейлин төгө албаган.

Ага жат кайрымдуулук жакшы адат,
Жактырбай жакындары турат жадап.
Бирөөгө жылуулугун бөлө албаган,
Өзү да жылуулуктан куру калат.

Андайлар ушак айтып уулап турат,
Чырдашсаң жаны жыргап дуулап турат.
Айтпаймын андайларды сөз коротуп,
Сасытып жүргөн жерин булгап турат.

Айтайын жакшы жагын жаным жыргап,
Аялдын асылдыгын терип ылгап.
Дүйнөгө бир кыйкырып алсам деймин,
Үнүмдүн жетишинче бийик ырдап.

Турмуштун арабасын сүйрөп келет,
Кулпунтуп эмгек менен түрдөп келет.
Колунун касиети бул жашоону,
Гүлдөтүп өзү дагы гүлдөп келет.

Төгүлүп ырыс кешик табагынан,
Жаадырап нур жаадырса кабагынан.
Канчалык жашообуздун жетишкени,
Көрүнөт аялдардын жамалынан.

Көрүнөт аялдардын жүздөрүнөн,
Кийинип жарашыктуу жүргөнүнөн.
Ичинен анын бейгам экендиги,
Жүзүнөн нур чачырап күлгөнүнөн.

Мойнунда эң бактылуу улуу кесип,
Балкытып бойду эритип , жүрөктү эзип.
Энелер мурас кылып берип кеткен,
Колунан термелүүдө арча бешик.

Башында ак жоолугун үлпүлдөтүп,
Көздөрүн сүйүү чачкан күлмүңдөтүп.
Кыздарым кече күнкү эне болду,
Бөбөккө аппак сүтүн дирилдетип.

Жалындап сүйүү толуп жүрөгүнө,
Жаркырап мээрим толуп көздөрүнө.
Алдейлеп бүт ааламды, бүт адамды,
Жалынып жалыныч толуп сөздөрүнө.

Баладан эң бир улуу багын көрдү,
Тынымсыз миң түйшөлүп камын көрдү.
Бала үчүн кыйындыкка бекем туруп,
Керекте башын сайып барын көрдү.



Балама жоктон барды табам деди,
Кем кылбай эч нерседен багам деди.
Ташкындуу дарыядан кулач уруп,
Балама ырыс кешик чачам деди.

Унутта калды ойноп күлөр кези,
Махабат майданында жүрөр кези.
Унутту керек болсо өзүн өзү,
Жаштыктын рахатын сүрөр кези.

Оор жүк кабыргасын кайыштырды,
Чыбыктай жаш денени майыштырды.
Табыйгы өжөрлүгү, көк жалдыгы,
Гүлгө окшош назик колун карыштырды.

Өңдөнүп чабалекей канат керди,
Жети атасы көрбөгөн алыс жерди.
Ысыгы, суугуна кайыл болуп,
Керекте тууган кылып алыскы элди.

Тыягы Нью-Йорк, Вашингтон,
Быягы Париж, Рим, Берлин, Лондон.
Дүйнөгө кербен тарткан эң байыркы,
Сапары ашып кетти жибек жолдон.

Дүйнөнү түрө айланып канат керди,
Түбү жок кедейликти жеңем деди.
Түптөнүп алсам деген тилек менен,
Өмүрдө көрбөгөндү көрүп келди.

Сагынды садагасы Мекеним деп,
Жашоодо бар бакытым сенде экен деп.
Канчалык башка жакты көргөн сайын,
Сүйүүсү жүрөктөгү да тереңдеп.

Келишет Мекен-Эне көздөн учуп,
Көңүлгө тууган жерди ыйык тутуп.
Теңдешер мындай жерди көрбөдүк деп,
Айрыкча таза абасы, суусу тунук.

Мекенди жүрөгүнө катып алып,
Каралдым кайдасың деп кулач жайып.
Тартылып тартылгандай жер огуна,
Жашоодо эң кымбаты мында калып.

Бакытым өзүм өскөн элде экен деп,
Байлыгым барын берген жерде экен деп.
Аба, суу, жер, күн, деген накта байлык,
Издесем башка жактан бизде экен деп.

Иштесе мээнет кылып чеке тердеп,
Эссейт эр эмгегин жери жебейт.
Бир гана таба билиш керек тура,
Талыкпай тер төгүлтүп жумшап эмгек.

Канчалык башка жактар болсун кызык,
Мекенди жүрөгүнө бекем кысып.
Ата-Журт кайдасың деп кулач жайып,
Келишет Ала-Тоосу көздөн учуп.

Жашынан көз ачылып билим алды,
Дүйнөнүн көп тилдерин билип алды.
Талыкпай ийне менен кудук казып,
Ааламдын сырын билип илим алды.

Дүйнөлүк даанышмандар акыл айтып,
Айтканды акылына алган катып.
Сурасаң бүт китепти жатка билген,
Ошончо зээндүүсүң жандан артык.

Көптөрү илим жакта иштеп келет,
Илимде жаңы ачылыш издеп келет.
Илимпоз даанышмандар катарына,
Теңелип өзүн өзү түздөп келет.

Жагымдуу сөзү менен элин алып,
Адамдык сапат менен элге жагып.
Элдин чын өкүлдөрү өкүмөттө,
Сүйлөшөт эл атынан күйүп жанып.

Аялдар өздөрүнчө уюм куруп,
Активдүү аялдардын башын бууп.
Коргошуп укуктарын, теңдиктерин,
Козголбос коргон болуп бекем туруп.

Аялдар конгресси, Сорос, Мээрим,
Келишет кубандырып эли, жерин.
Түздөн түз колдорунан жардам берип,
Арнашат жок дегенде жакшы кебин.



Келишет аялзатын алга үндөп,
Өсүштөн калбагын деп алга сүрөп.
Жүрөгүн ачып коюп бала, энеге,
Жол жүрөт кулач жайып күндөп-түндөп.

Жакшылык жерде калбай тарап кетти,
Жалпы журт учун улап жалгап кетти.
Жакырга көңүл бурсаң байыгандай,
Далайлар жүрөгүнөн алкап кетти.

Жакшылык жакырдыкты кууп кетти,
Турмушту жакшылыкка буруп кетти.
Ооруга көңүл бурсаң айыккандай,
Далайлар буттарынан туруп кетти.

Кубантыш бир баланы кандай экен,
Башталат мына ошондон Ата-Мекен.
Мээримиң төгүп өтсөң жабыкканга,
Ал сенин көңүлдөгү атаң, энең.

Берешен периштедей канат керди,
Учуруп өнөрлөргө канат берди.
Байгелүү өнөр жарыш уюштуруп,
Чыныгы таланттарды тандап берди.

Чыныгы таланттарды жалгап берди,
Жанына сүрөөн болуп жандап берди.
Күлүктөн күлүк озуп дүбүртөгөн,
Суурулуп чыгышына жардам берди.

Элимдин жармы аял, жармы эркек,
Аялдар басымдуураак көрсөк теңдеп.
Тышкары эне болуу милдетинен,
Ал сөзсүз да бир жерде эмгектенет.

Ооруна, жеңилине карабады,
Эмгекти насип табар тандабады.
Бир гана жөжө баскан тоокко окшоп,
Эмчекте балдарына каралады.

Таңында туруп жөнөйт талаасына,
Өстүрүү керек багып чарбасын да.
Түйшөлтүп көп ойлору санаасында,
Өстүрүү керек багып баласын да.

Ал кызыкпайт алтын,күмүш, зериңе,
Анда максат жөлөк болуу тенине.
Ал ишенбейт ашкан байлык, акчага,
Ал ишенет адал эмгек, терине.

Ички байлык бугуп жатат ачылбай,
Калат кээде өзүнө өзү карабай.
Күйөөсүнүн сатып берген сөйкөсү,
Айлап жатат кулагына тагылбай.

Умтулуу көп байыр албай кичине,
Канча бир ой бугуп жатат ичинде,
Ийгилиги бир көрүнүп, бир качып,
Өз үлүшүн алып калуу ишинде.

Ал ишенбейт мансабына, дөөлөткө,
Ал ишенет адал эмгек, мээнетке.
Анда ынсап, топук кылып барына,
Акыры эле токтойт сөзү жететке.

Болот ушул, жетет ушул деп турат,
Байлык үчүн жулунбайт да сугунбайт.
Бийик коюп жан дүнүйө байлыгын,
Балдарынын келечегин утурлайт.

Ал мугалим, ал врач, ал ишмерден,
Ал акын, ал журналист, ал бизнесмен.
Ал элчи, ал депутат жана акын,
Аялдан жана да бар министрден.

Аялдар жеп ичкенден алыс экен,
Башкарса эл журтуна калыс экен.
Ичинде издегени уят экен,
Ишинде издегени намыс экен.

Белсенип барган жерин ондойт экен,
Берилип эл көйгөйүн ойлойт экен.
Жалпы ишке, жакшылыкка жанын үрөп,
Кол тартуу көмөчүнө болбойт экен.

Мындай иш ар убакта алга жүрүп,
Сыртынан баалайт экен эли билип.
Өркөнүң өсө берсин, аман бол деп,
Артынан алкыш айтып терең сүйүп.



Адамга бакыт барбы мындан артык,
Эмгегиң көзгө түшсө элге жагып.
Ардактап колдоруна көкөлөтүп,
Жылдызга алат экен өзү тагып.

## ЖУРТ АТАСЫ

***Кыргыз адабиятынын баштоочуларынын бири, Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу, биринчи эл баатыры улут сыймыгы Түгөлбай Сыдыкбеков атабызга арналган куттуу поэма***

Журт атасы десек сизди жарашкан,
Аның чын деп элдин баары баалашкан.
Бийликкорду журт атасы дегенде,
Уялгандан шылк деп жерди карашкан.

Ала-Тоодой залкар десек жарашкан,
Ысык-Көлдөй чалкар десек жарашкан.
Жан дүйнөңүз кеңирсеген кең аалам,
Чалкак талаа дархан десек жарашкан.

Кыргыз элдин жүзү десек жарашкан,
Кардыкпаган үнү десек жарашкан.
Аң сезими, үмүт, тилек, кайраты,
Өткүр көздүү сүрү десек жарашкан.

Бабалардын өзү десек жарашкан,
Кеменгер ак сөзү десек жарашкан.
Жүрүп турган доордун күрөө тамыры,
Кыраа сынчыл көзү десек жарашкан.

Жарашчы анан көк жал десек багынбас,
Ак сүйлөөдөн тайсалдабас, тартынбас.
Керт башынын пайдасы үчүн чайпалып,
Оодарылбас ак жолунан айныбас...

Түптүү журтпус башатыбыз бай дедиң,
Байыркы элбиз тарыхыбыз бар дедиң.
Маданият, жазмасы бар, нарктуу эл,
Тайсалдабай аны үйрөнүп бак дедиң.

Айтып турдуң эл мүдөөсүн, күткөнүн,
Жазып берип миң жылдардын бүктөмүн.
Эң байыркы бабалардын кеменгер,
Айтып берип кыттай акыл түйгөнүн.

Сүйлөбөдүң эч убакта актанып,
Тартынбадың кандан бектен сактанып.
Ачкан үчүн акыйкаттын ажаатын,
Келбедиңби журт атасы аталып.

Журт атасы дегенчелик бар элең,
Караңгыда күйүп турган шам элең.
Кызырдай туңгуюктан жол көргөзүп,
Сөз атасын айтып турган жан элең.

Элиң үчүн арка болуп, бел болуп,
Келген элең телегейге тең болуп.
Кыргыз калкым кылымдарга түбөлүк,
Калса дедиң каада салттуу эл болуп.

Бул тилектин кайсынысы ката эле,
Кээ бирөөнүн түшүнүгү чама эле.
Кайраштырып ак тилекти бурмалап,
Көрө албастын издегени жалаа эле.

Карт тарыхтын сырдуу үнүн укчу элe,
Улуу сөзүн жанга ыйык тутчу эле.
Бабалардай акыл калчап айтканы,
Алып түшчү ак албарстай курч эле.

Эл үмүтүн айта билген кутубуз,
Түкөм дагы сүйлөсө деп турчубуз.
Окуганда кайрак тийген болоттой,
Бизди дагы курчутчу эле курчуңуз.

Оо Түке, элин сүйгөн сиздей сүйсүн,
Элине күйөм деген сиздей күйсүн.
Алаканда астектеп бүгүнкүсүн,
Иликтеп эртеңкисин эске түйсүн.
Карт тарыхты сүйлөттүң алдыбызга,
Баба сөзүн сиңирип каныбызга.
Өкүлүндөй кеменгер аталардын,
Жаралып келген элең багыбызга.

Байыркыны күзгүдөн көргөн өңдүү,
Же күрөштө бир жүрүп жеңген өңдүү.
Арбагы аталардын кайра төрөп,
Атайын биздин күнгө берген өңдүү.

Момун элдей момпоюп жүрүп алып,
Бала кыял борсулдап күлүп алып.



Кеттиңиз кыргыз элге кыдыр болуп,
Байсалдуу бир өмүрдү сүрүп алып.

Өмүр бою серп салып тарыхына,
Замандын ала салган агымына.
Акырын буруп кеттиң мүрөк суусун,
Өскүлөң муундардын тамырына.

Өткөндү бүгүнкүгө өрүп бердиң,
Дап даана эртеңкини көрүп бердиң.
Кылымдар касса байлык түгөнбөгөн,
Даанышмандык сөзүңдү төгүп бердиң.

Биримдик ынтымак деп сайрап келдиң,
Чындыкка калеминди кайрап келдиң.
Уктатпай эл тагдыры, жер тагдыры,
Турмуштун казанында кайнап келдиң.

Адамдык нарк насилди төкпөй келдиң,
Коммунист катарына өтпөй келдиң.
Билгендей эртең эле куланарын,
Нарга окшоп, камчы чапса чөкпөй келдиң.

Кармашып өз оюңдан кайтпай келдиң,
Тилиңди ак сүйлөөдөн тартпай келдиң,
Камакка түшүп улам жазгандарың,
Бир гана бийликкорго жакпай келдиң.

Элесин байыркынын тартып бердиң,
Мурасын муундарга айтып бердиң.
Жошулуп кылымдардын шамалына,
Жоголгон сөзүбүздү таап бердиң.

Намыстын шам чырагын жагып келдиң,
Багбандай адамдыкты багып келдиң.
Аманат улуу мурас, улуу сөздү,
Мелжиген бийиктикке тагып келдиң...

Берилгенде тереӊ ойго чөмүлүп,
Сөз бермети ак кагазга төгүлүп.
Бабалардын кылган иши, күрөшү,
Көз алдына туруучу экен көрүнүп:

Уа-а!
Өлтүргөн сайын өөрчүгүн, кыргыз,

Түгөнгөн сайын түтөгүн, кыргыз.
Кайратың ашып таш жарсын, урпак,
Күбүгөн сайын күчөгүн, кыргыз!

Уа-а!
Баатыр бабаң колдосун урпак,
Атам кыргыз жылоолосун, урпак.
Эр аке деми күч берсин, урпак,
Теңирим жолуң жолдосун, урпак!

Деген ата айкырыгы дем берип,
Кайрат берип кылкылдаган эр келип.
Кеткен өңдүү калың мүрзө ачылып,
Көз алдына кыраан кыргыз эл келип.

Кирди эрлер аздыгына карабай,
Кылчактабай өлөмүн деп санабай.
Аркыраган жаалы күчтүү шамалдай,
Жүрөгүндө намыс кайнап араандай.

Кыргыздардын шамалынан сакта-деп,
Табгачтардын амалынан сакта-деп.
Шамалдай каптап кирген эрдигинен,
Калган экен эзелтеден аңыз кеп.

Кырчылдашты кылычка кылыч айкашып,
Айыгышып айбалталар кагышып.
Кеги ачынып кетет тура мындайда,
Адамдагы мыкаачылык ашынып.

Алмаштырды атчандардын чабуулун,
Өңкөңдөткөн өгүзчөндөр чабуулу.
Логлоглотуп төөчөндөр да киришти,
Куланчандар салды белем кайгуулду.

Жалма - жалма булоолонуп кызыл кан,
Учуп жатты күлгүн өмүр, кырчын жан.
Кандуу кармаш бир кезекте дүйнөнү,
Дүр эткирди эне үнү чыңырган.

Токтот!-деди эне үнү кыргынды,
Тоолуктарда келе жаткан ырымды.
Келе жатат ак жоолугун булгалап,
Жаш бурчактап эки көздөн сыгылды.



Токтоткула!-жат эмессиң, туугансың,
Бир атадан тарагансың туулгансың.
Атак эле, бийлик эле керекпи,
Эмне керек кандай кудай ургансың!

Ким көрүптүр мындай катаал адамды,
Ырым билбес, жөн билбеген адамды.
Кылыч сунуп келеатты эле энеге,
Көөдөнүнө эки жебе кадалды.

Бул айбанды эмес го эне тууган,
Ак чамбылга жан кирди жээкте турган.
Жаадырды жаанын огун кыз келиндер,
Эрлерге эрдемсинип кылыч сунган.

Жалаң кур кыз келиндер жебе аткан,
Жапырып жеп ийчүдөй келе жаткан.
Дегендер жатып өлбөй, атып өлөм,
Тизилип катар-катар желе тарткан.

Кыздарды баштап алган Сайкал эне,
Мындайда кол куушуруп турмак беле.
Жок десе каар учуруп жоону көздөй,
Калдайган караан болуп бериш эрге.

Уу канкор!-деп кыйкырган каардуу үндү,
Коштоп жатты ышкырган жебе үнү.
Капыстан каптап кирип элди кырып,
Калкыма салмак белең каран күндү!

-Садакты бейбактарым, керс тарткын,
Башчысын, бери өткөрбөй мээлей аткын.
Убал жок бейгам элге тийгендерге,
Адам -деп, бөөдө убайым жебей аткын!

Келген жоо артын салып уруш кылды,
Лапылдап Көк-Асаба алга жылды.
Качымыш болуп кайра атырылмай,
Алынды байкап душман болот кыйды.

Жебелер үстү-үстүнө зуулдады,
Үнүнөн кулак тунуп чулдаады.
Билинбей шамалыбы, адамыбы,
Жер эне чыдай албай уңулдады.

Кепке келбес кылычка ийди башын,
Кыйынсынган кылгырып төктү жашын.
Кылкылдаган сүрү катуу жоо элс,
Сүрү кайтып, кырылып, жулду чачын.

Келген жоо жат болсочу келишпеген,
Алыстан кегин катуу тиштеп келген.
Айтмакбыз алышты деп эзелки өчүн,
Атанын кунун кууп издеп келген.

Мобу элс коңшу уруудан аталашпыс,
Бир тондун эки өңүрү жакалашпыс.
Келишкис эрегишүү жоолаштырды,
Бир гана талашыбыз атаандашпыс.

Эрегиштен эр өлүп, эл кырылды,
Эрдемсинүү обу жок эмне кылды.
Жетпеди көздөгөн өз максатына,
Аша албай калды ашам деген кырды.

Кусуру бар тынч жаткан журттун дагы,
Убалы бар жаныбар курттун дагы.
Кара өзгөйлүк өз башына согулуп,
Жек көрүп дүйнөдөгү журттун баары.

Канчалык күчү ашып ташса дагы,
Канчалык каарын катуу чачса дагы.
Көтөргөн кылычтары өксүп тийди,
Капыстан караңгылап чапса дагы.

Бир гана эл кан жутуп мүңгүрөдү,
Улуу күч Көк Теңири күңгүрөдү:
-Бергенге топук кылбай жаңжалдашып,
Жердеги адам улуу жөн жүрбөдү.

Алты жылы муз бүрксөм кантээр элең,
Он эки жыл кар төксөм кантээр элең.
Жүз жылдап ылай чайып толкундатсам,
Ылайга тоодой чөксөң кантээр элең.

Жаша деп сууну бердим, жерди бердим,
Жырга деп бүтпөс байлык кенди бердим,
Түнүңө чырак кылып айды бердим,
Жылын деп жаркыраган күндү бердим.



Бейиш бул жарык дүйнө, жарык аалам,
Жердеги бүткүл жандуу менин балам.
Акылдуу болуп туруп бардыгынан,
Акылсыз иш жасайсың кээде Адам.

Шайтанга азгырылып кетмейиң бар,
Бет багып чечпес ишти чечмейиң бар.
Кол барып жасабасты жасап алып,
Түбүнө кайра өзүңдүн жетмейиң бар.

Туш- туштан сени алдап жүрөт жердс,
Шайтанга азгырылба моюн бербе.
Туу тутуп акылыңды, сабырыңды,
Баарынан күчтүү болгун бийлеп пенде!...

Мунун баары көз алдына тартылып,
Өтүп жатты экрандай агылып.
Теңир сөзү кулагына угулуп,
Жазып жатты кудуретине жалынып.

Көргөндөрүн ак баракка түшүрүп,
Чамда калем калайын деп үлгүрүп.
«Түкө ысык чай ичип ал»-дегенден,
Кетти баары быт-чыт болуп үзүлүп.

Ичсе ичсйин керек ысык чай дагы,
Көзгө түшүп тартылды иштер кайдагы.
Олтурса да ороп алды көрүнүш,
Асылкүлдөй жары менен жайдары.

-Тобоо-деди көзгө даана көрүндү,
Билбей турам түшүмбү же өңүмбү.
Кайран элим эмнелерди көрбөгөн,
Элестетип кайра ойлорго чөмүлдү.

Эшик чыр дейт ал ким экен караңыз,
Кирди жигит:-Оо урматтуу атабыз!
Кууп жатат милициясын жиберип,
Жер талашып жаңжалдашып жатабыз.

Туура эмеспи, биздин түшкөн жолубуз?
Үй тургузуп, бак өстүрүү оюбуз.
Жадап бүттүк, үйсүз, жайсыз жүргөндөн,
Түкө, бизге калыс болуп коюңуз.

-Куумак тургай, кубануучу иш экен,
Мунуңарды күнөө деген ким экен,
Түшүп келип тоолук жаштар үй курса,
Конушуңар куттуу болсун дейт элем.
Жолуңардан тайбагыла балдарым,
Бардык жерге кайрыламын мен эртен...

Элиңе эмгек эттиң ишиң менен,
Берилип боор толгогон ичиң менен.
Бажактап бир туугандай баарлаштың,
Бей тааныш саламдашкан кишиң менен.

Аягы сексенинчи жылдын эле,
Аянбай чоң жакшылык кылдың элге.
Чогулуп үй жайы жок шаардык жаштар,
Үй салып киришкенде чеке белге.

Аяшып жетекчилер какыр жерин,
Аташып баскынчы деп жакыр элин.
Кубалап киришкенде жоо киргендей,
Элиңе коргон болгон калыс кебиң.

Акылдуу айтылган кеп эби менен,
Токтотту жетекчини тетирленген,
Тик туруп, кайгысына, кубанчына,
Дайыма болуп келдиң элиң менен.

Алышты миңдеген жаш бекем туруп,
Түгөлбай-Ата деген айыл куруп.
Бишкекти курчап турат кыргыз айлы,
Жылытып кучагына колун сунуп.

Барганда ал айылга эрте, кечте,
Лөктөрдөй түшө берет Түкөм эске.
Жай басып көчөсүндө жүргөн өңдүү,
Кубанып, канааттанып ушул кезге.

Оо Түкө, тилегиңе жетип кеттиң,
Журтуңа ак батаңды берип кеттиң.
Эркиндик алып, өзүң, чыгармаң да,
Күнүнө эгемендик эрип кеттиң.

Оо Түкө, көңүлүңдү жайлап кеттиң,
Биринчи президентти шайлап кеттиң.
Кийгизип ак калпагын, ак олпогун,
Кондуруп бакыт кушун байлап кеттиң,.



Элдин улуу касиети сакталып,
Эл даанасы, Аталыгы аталып,
Эл алдында антын берген президент,
Сыймыктанды сизден ыйык бата алып.

Эгемендик күнүнө балкып кеттиң,
Кебиңди кеменгерлик айтып кеттиң.
Элиңдин төрүнө өтүп, сыйын көрүп,
Биринчи эл баатырын алып кеттиң.

Түгөлбай-Ата коомун көрүп кеттиң,
Тирүүңдөтүзүлгөнгө көнүп кеттиң.
Эл үчүн иштеткин-деп бата берип,
Акылман сөздөрүңдү төгүп кеттиң.

Келген өңдүү жаралып кут кайыптан,
Коом түздү ак элечек зайыпжан.
Кыргыз эмес бүт дүйнөгө Жамила,
Акыл, оюң, ак тилегиң жайылткан.

Ушул коом Түкөм болуп, кең болуп,
Айкөл, калыс, телегейге тең болуп.
Асыл наркын, каада салтын жоготпой,
Кыргыз элим калса экен деп эл болуп.

Келе жатат Түкөм айткан оң жолдо,
Жакшылыкты, таланттарды колдоодо.
Жамандыкка каршы туруп жаадай,
Кыргыз элдин ар намысын коргоодо.

Коомдогу акыйкатты коргоодо,
Жамандыкты жакшылыкка жолдоодо.
Ал коомду Акаеви баш болуп,
Элим деген азаматтар колдоодо.

Инсандарга элдин болгон сыймыгы,
Берип келет Түкөмдүн деп сыйлыгы.
Түкөмө окшоп Макеш кызы Жамила,
Сүйлөгөнү, күлгөнү да кыймылы.

Окшоштуруп нурун чачып күлгөнүн,
Салабаттуу, калбаат, токтоо жүргөнүн,
Сурап калдым оюн чындан Жамила,
Түкөмдүн өз кызы болуп жүрбөгүн.

Ал жылмайып өзүм Чүйдүн кызымын,
Түкөм көлдөн өз атамдай ырысым.
Түкөмдүн өз кыздарынан болобуз,
Аны сүйгөн бүт кыздары кыргыздын.

Бирок ошол көп кыздары белсенип,
Актабадык бир эмгегин сенчелик.
Акыр бирөө туруш керек болуучу,
Ата эмгегин, осуятын эскерип.

Сыйлагандай бир тууган өз атасын,
Алып калып тирүүсүндө батасын.
Сага ракмат, Түкөмдүн зор арбагын,
Эл атынан козгоп келе жатасың.

Ар ким жеке көйү менен алышып,
Күндөр өттү аласалып жарышып.
Канча коомдор түзүлдү да, үзүлдү,
Сен келесиң үзбөйүн деп карышып.

Алдын бычып, ойлонулуп ар кадам,
Адамдарды кубантууга жаралган.
Өмүрүнүн ар бир саат күндөрүн,
Жакшы иштерге жумшайт тура жакшы адам...

Түкөм дагы аялзатын баалаган,
Кыраа, кылдат көзү менен караган.
Бакытым бул баарлашып калганым,
Анын асыл ойлорунан айталам:

Кыт куйгандай айткандары калды эсте,
Түкө, дедим суроо салып бир кезде.
-Ыйман дейбиз, адамчылык нарк дейбиз,
Анын башкы касиети эмнеде?

--Ээ ушинтип ойду алыска бурасың,
Эң олуттуу суроо берип турасың.
Деди дагы уюй түшүп саамга,
Айтты сөздүн асылын да, туурасын.

-Адамдык касиетти баалаш кыйын,
Алтын, күмүш, каухарың ага тыйын.
Адамдакка бир тең келет адамдык,
Астекте жаратканын берген сыйын.



Алсак бул адамдыктын жолу кенен,
Сыйлашуу бирин бири ак дил менен.
Жардамдаш максатына жетиш үчүн,
Көтөрүш керек болсо оорун жерден.

Бааланат адам иши адам менен,
Жакшылык жаса ар бир кадам менен.
Мээримдүү, күйүмдүү бол ар бир жанга,
Ишенип турсун сага колун берген.

Биринчи күйүүмдүү бол ата- энеге,
Жагымдуу боорукер бол ага-иниге.
Кайрымдуу колу ачык бол карыптарга,
Жардамдаш кыйындыкта бир бирине.

Жакшылык өтө бирок эсептешпе,
Ойлобо кайра өзүмө келет дебе.
Жагынып кол куушурба бардарларга,
Өзүмчүл арам ойго жетеленбе.

Жоготуп алба ички адалдыкты,
Туу туткун ак дилиңе адамдыкты.
Андан чоң жоготуу жок адам үчүн,
Жолотпо көзү тойбос сараңдыкты.

Адамга ынсап деген асыл байлык,
Ал байлык кетпеш керек колдон тайып.
Акыры ач көздүктүн арты жаман,
Адамды ишке түртөт болчу айып.

Бирөөгө атандашуу жаман адат,
Жутунган ач көздүккө алып барат.
Ашынып андан мыкты турайын деш,
Билбеймин биздин элден качан калат.

Каниетиң карынынды тойгузат,
Каниети жок жалгыз атын сойгузат.
Жашта мээнет, дөөлөт берсин карганда,
Мээнет гана ойлогонду болгузат.

Ар ким жашайт эмгегине жараша,
Агытылба ач көздүккө ашына.
Бөксө толот, ашкан ташып төгүлөт,
Тобо кылгын, топук кылгын барына.

Өлчөмү бар ар нерсенин берилген,
Тузду ашка ашык салсаң ченинен.
Жүрөк айныйт, ичe албайсың татымсыз,
Татымдуу аш чени менен себилген.

Ак эмгектин рахатын татасың,
Ынсап кылсаң берекеге батасың.
Ашыкпагын озбурланып артыкча,
Ашыңгандан акыр зыян тартасың.

Эсте болсун озбурлуктун сойору,
Токмок болуп сени башка согору.
Адамдыктан, адалдыктан тайдырып,
Эл журтуңа жексур кылып койору.

Ач көздөрдүн кыялы да бузулат,
Үйүн күндө үч көтөрүп урушат.
Ачуу сөздөр ырыскыны качырып,
Ысырынып, албуутанып турушат.

Арийне бар ар адамда ар мүнөз,
Таш эмес да өзгөрбөгөн ал мерез.
Жаман жагын жакшылыкка бурбаса,
Адамдарга не берилген акыл эс.

Жыргал барбы жыргалындай эмгектин,
Дениң соодо демдүү чеке тердеткин.
Көңүлүң жай, жүзүң жарык жайдары,
Эмне жетсин даамына мээнстин.

Калп айтпагын, калп казаны кайнабайт,
Кайнаса да берекеси жайнабайт.
Ууруулардын уурдап жеген тамагы,
Ыйманына уу экенин байкабайт.

Уурулук адамдагы ыплас адат,
Андайлар ыйык жерди жүрөт булгап.
Акыйып тойбой өтөт ач көздөрү,
Баары бир акыр түбү кетпейт жыргап.

Тап-таза жан дүйнөгө бүлүк салган,
Эл бузар, турмуш бузар ушак жаман.
Уурунун колун, ушакчынын эрдин кесип,
Көрүнөө жасалыптыр ата бабам.



Адамдыктын асылдыгы дейт калкым,
Сабырдуу бол, сабыр түбү сары алтын.
Сабырсыздар болор болбос нерсе үчүн,
Желпилдешип кетиришет өз баркын.

Ынсапсыздык, ынсапсыздык кайталайм,
Ал душманы адамдыктын абыдан.
Адептүүлүк, токпейилдик, сыпаалык,
Арылбасын урпактардын канынан.

Ынсап кетсе элиңди да сатасың,
Ата-Мекен жериңди да сатасың.
Кечирилгис чоң күнөөгө батасың,
Келечектин каргышына каласың.

Куру сөз эл жеримди сүйөм деген,
Өтөгүн карзын талбас эмгек менен.
Көтөрүп алсын туудай элиң колго,
Сүйгөндөй болсун сени Ата-Мекен.

Журт муңайып, жакыр болуп калбасын,
Журт тизгинин билги адам кармасын,
Бузбагыла биримдиктин уюгун,
Кызың кымбат, уулдарың эл баксын.

Кыйрың кеңип, тукумуң өсө берсин,
Билим кеңип, өнөрүң өргө кетсин.
Энөө болуп алданба душманыңа,
Теңир сүйүп, мээримин төгө берсин.

Ач тоюнат, арык акыр семирет,
Ай да толуп, бирде кайра кертилет.
Азаба аштап, бек тургула алдына,
Бөлүнгөндү бөөрү талап жеп кетет.

Миң жашадым дегендей Түкөм өзү,
Миң жашаган адамдай Түкөм сөзү.
Эмгеги өз башынан канча улуу,
Көп заманды көргөнсүйт Түкөм көзү.

Түкөм жазып жаткан кезде бериле,
Байыркылар көз алдына көрүнө.
Жанданганда жазыш үчүн үлгүрүп,
Көл-шал түшүп көздөн жашы төгүлө.

Кай жактандыр дем кошулуп деминс,
Куюлушуп кеп кошулуп кебинс.
Кыргыз элдин касиетинс жалынып,
Кызыр менен сүйлөшүптүр чечилс...

Түкөбүз топук кылып жашка дагы,
Ыраазы көптөй көрүп азга дагы.
Бир гана сөзгө тойбой турар элс,
Түгөнгүс сөздүн кенин казса дагы.

Сөздөрдөн чоң керемет издөөчү элс,
Сөз менен күнү түнү иштөөчү элс.
Сөздөрдүн тазалыгы, тактыгы үчүн,
Кезинде кырчылдашып күрөшчү элс.

Эң бийик баалачы элс сөздүн күчүн,
Сөз үчүн арнап коюп өзүн бүтүн.
Жоокердей башын сайып турган элс,
Коргоодо сөздүн кени Манас үчүн.

Ал кездс Манас үчүн талаш жүргөн,
Кайраган кызыл тилди кармаш жүргөн.
Казактан Муктар ага калыс болуп,
Калдайып коргон болуп турган Түкөм.

Манастын бардыгы үчүн майдан болгон,
Бул эпос элдик эмес жалган болгон.
Түкөмдөр тиксесинен турбаганда ,
Ким билет калат белс жалган бойдон.

Издейли тарыхыбыз Манаста деп,
Тийбейли элдик казна Манаска деп.
Күн-түнү катуу кармаш талкуу бүтпөй,
Түкөбүз сепил болгон Манаска бек.

Казалы сөздүн кени манаста деп,
Манаска сөз тийгизип талашпа деп.
Манасты элдик эмес деген адам,
Өзү да элдик эмес адашпа деп.

Манасын танган кыргыз кыргыз эмес,
Манасын чанган кыргыз бир кеңкелес.
Көр сокур эл сыймыгын көрө албаган,
Сөздөргө маани бербес же сөз жебес.



Кантели ушундайлар туруп жолго,
Каргаша буруп келди оңду солго.
Манасың Манас болуп тоюу өтүп,
Оо элим, элдигиңди алдың колго.

Кут болсун, эркиндигиң алдың колго,
Биз үчүн Теңир берген улуу олжо.
Кадырын баалагыла ушул күндүн,
Колдошуп көтөргүлө оорун жонго.

Бабалар бул күн үчүн жанын берген,
Аянбай суудай аккан канын берген.
Талашып Мекен үчүн баарын берип,
Алдырбай жер кучактап кала берген.

Айта берсем, Адам жолу-улуу жол,
Өз башыңдан, өз мүдөөңдөн улуу бол.
Кол кармашып, ынтымактуу ыраштуу,
Коом кур да, ал коомдун кулу бол!

Бул сөздөрү кулагыма угулуп,
Жан дүйнөмө жарыгынан жугузуп.
Ата сөзүн ат көтөргүс салмактуу,
Башкаларга айткым келди угузуп.

Коңур салкын үнү менен кобурап,
Ар сөзүнө салмак таштап жобурап.
Көз алдыма пайгамбардай сезилип,
Насаат кебин дагы эле айтып отурат.

Чечилип журт атасы айткан мага,
Мурастап кийинкилер айтам сага.
Атадан угуп калган улуу сөздүн,
Аягын улам эстеп айтам жана.

Мындайдын да канчасын айтып кетти,
Түгөнгүс казынасын ачып кетти.
Урпакка үрөн болор жан азыгын,
Толуктап томдоруна чачып кетти.

Ал мурасы эч убакта эскирбес,
Айта берсек, таң атып, күн кечкирбес.
Канткенде адам улуу адам болсун,
Бул сөздөрдү сиңирбесе акыл эс.

Ал мурас суугa акпас, отко күйбөс,
Ааламат кыйрата албас кылыч өтпөс.
Өзүңүз куруп кеткен сөз сепили,
Зилзала урата албас, жерге чөкпөс.

Алтынга алмаштыргыс акыл байлык,
Абийирдүү урпактарың жерге төкпөс.
Көкөлөп «Көк-Азабаң» көгүбүздө,
Оо Түкө, кыргыз барда атың өчпөс!

## УЛУУЛУК

*/Эл акыны, устатым
Сүйүнбай Эралиевге/*

Жүрөктөн адамдарга нурун чачкан,
Жашоого мээрим толгон ырын жазган.
Сыпайы адамдарды аяп сүйлөп,
Чөптү да сынбасын деп аяп баскан.

Көңүлүн адамдардын аярлаган,
Жүрөгү ак, жаны назик аяр адам.
А бирок эр Манастай Мекен үчүн,
Аттанып каны жанын аянбаган.

Жапалдаш бой жагынан чакан адам,
Чалкыган ой жагынан балбан адам.
Жаңычыл, жаңы из салгыч ыры менен,
Бийиктин бийиктигин багындырган.
Жүрөктөн ак жарылган сыры менен,
Жаркыган жан дүйнөсү жаткан аалам.

Айта билген айтыла элек сөз менен,
Карай билген ашык болгон көз менен.
Дүйнө көркү ого бетер керемет,
Чыга келди ырыңызда көрк менен.
Сулуулардын мөлтүр көзү кылгырып,
Суктандырып жүрөктөрдү өрттөгөн.

Тууган жердин тоосу, суусу, булагы,
Ырдап турат ырыңызда тулаңы.
Бийлеп турат жылаңайлак жамгыр да,
Айтып турат улуулукту талы да.
Киргенсиймин китебиңди окусам,
Гүл аңкыган поэзия багына.



Ыр сабында улуу сырлар катылып,
Дүйнө көркү сүрөт болуп тартылып.
Чөптөр турат сулуулардай жылмайып,
Гүлдөр турат жаш баладай каткырып.
Окуганды оболотот жылдызга,
Күтүлбөгөн сөз атасы айтылып.

Адамдык да, акындык да улуулук,
Турат дайым жан дүйнөңдөн угулуп.
Табигаттын керемети, келбети,
Ырыңызда ого бетер кулпуруп,
Жутуучудай тамшандырды өзүнө,
Аялдагы өзүң тарткан сулуулук.

Ал ырлардан атак алып, даңк алып,
Тирүү жүргөн классик деп аталып.
Поэзия кечелерде, жыйында,
Аты келет ооздон түшпөй макталып.

Ага кетпейт көтөрүлүп мактанып,
Бир солк этпей кайра кадам такталып.
Аны сайын акын шыгы от алып,
Чыгат жаңы чыгармага аттанып.

Ойлор, ойлор уюп жатат акында,
Уч кыйры жок, алыс дагы, жакын да.
Ал чабыттап кайда гана барбасын,
Акыр эле айланчыктайт акылга.

Акын оюу аалам кыйрын кезүүдө,
Жөн кое албай өзүн өзү эзүүдө.
Кармап калып кайып келген ойлорду,
Байлап тушап ак кагазга чегүүдө.

Бул дүйнөгө жөн келбеген жан беле,
Тиешелүү тирүүлүктүн бары эле.
Кан төгүүлөр тилип өтүп жүрөгүн,
Тирешүүлөр бүтпөй келет дагы эле.

Акын жаны жалын беле, чок беле,
Арзуу толгон алоолонгон от беле.
Тийбегенде зымырайып сыртынан,
Тийип койсоң чарк-чурк эткен ток беле.

Анда эмесе ойнобогун от менен,
Абайлагын урунбагын ток менен.
Кабыласың өчүрө алгыс жалынга,
Өрттөнөсүң этият бол чок менен.

Андай кезде өрт өчүргүч бир гана,
Акын жанын жай алдырат ыр гана.
Өчүрө алгыс сырдуу жалгыз көз караш,
Жүрөгүндө жүрө берет ырдала.

Ошол ырлар көңүл кирин тазартат,
Адамдагы чолок ойду узартат.
Окугула «Ак-Мөөрдү» кайрадан,
Көрктөндүрүп өмүр гүлүн жашартат.

Окугула куштарланып кайрадан,
Алыс калсаң ак сүйүүнүн айлынан.
Булагына бир киринип алгыла,
Кирдеп турсаң адеп-ыйман жагынан.

Окугула сулуулукка суктанып,
Турсаң эгер жарыла албай буктанып.
Сезиминди дүрт эткизип бир учкун,
Дейт көңүлүң жүр көкөлөп учалык.

Жамандыкка жаның кейип кубарып.
Жакшылыкка жаның менен кубанып.
Чындык үчүн чыркыратып жаныңды,
Сүйүү үчүн чыккың келет туу алып.

Көргүң келсе Бүбүсараны сагынып,
Көз алдыңа бий периси чагылып.
«Аткан таңдай жап-жарык бир бешене»,
Чыга келет сахна артынан сабылып.
Окугула акын ырын кайрадан,
Көз алдыңа жаркын элес тартылып.
«Балерина жооп берет бий менен,
А бий бышкан эчен жылдык ий менен.
Чымын куюн бийлеп жатат Бүбүсара,
Ким бар экен суктанбаган, сүйбөгөн,
Чийин барбы бул денеси чийбеген»...
Бали акын сенин күчүң эмеспи,
Ал элести тартып берген тил менен.



«Пери экени, киши экени туюлбай,
Барып, барып уюп калат куюндай.
Кайра жерге тийип ийбей аягы,
Каалгый берет желде жеңил буюмдай»...
Эрип биз да сөз жетпейт деп койчу элек,
Акын тили жеткенин көр укмуш ай!

Ыр атасы поэзия алпыбыз,
Биз айта алгыс далай ойду айттыңыз.
Биз каза алгыс терендикти каздыңыз,
Биз аша алгыс бийиктикти аштыңыз.

Ырдын пири поэзия алпыбыз,
Далайлардын аппак жолун ачтыңыз.
Айткан сөзүң тумар болуп жүрөккө,
Милдеттүүбүз шакирттериң жалпыбыз.

Сизди туурап бирок сиздей жаза албай.
Сизди ээрчип бирок сизден аша албай.
Ушунчалык учкул акын жанында,
Көп-көп жаштар көрүнөбүз кашаңдай.

Көкүрөктө сенин насаат кептериң,
Барынан да адам болгун дегениң.
Кармагын деп ырды кирсиз кол менен,
Келер муун, ырдын камын жегениң.

-Далбастаба, тоого, ташка урунба,
Акынмын деп, талантмын деп жулунба.
Акындыгың, адамдыгың, талантың,
Мен мында деп айтып турсун ырында.

Ырың өзү таап алсын сыймыкты,
Ырың өзү жеңип алсын сыйлыкты.
Сугун артып, адам салып ортого,
Сурап алган ошол дагы сыйлыкпы.

Ыр булагын чаңкаганым кандырып,
Ыр жылдызын сезимимди жандырып.
Жаш күнүмдөн жанга азык миң сырдуу,
Ыр дүйнөңө кеткен элең азгырып.

Бардык акын устатым деп жүрүшөт,
Өзүңүздү туудай кармап сүйүшөт.
Акындан да болот тура ар түркүн,
Кээ бирлери мурундарын чүйрүшөт.

Жакшы ырлардын жалынына кабылат,
Жөн жүрсөң да душман өзү табылат.
Ич күйдүлүк, көрө албастык дегенден,
Адам байкуш качан кантип арылат?

Жакшы ырлардын жалынына өрттөнот,
Арт жагынан ушак жыйнап өчүгөт.
Жок болсун деп жок дегенде бечара,
Далбас уруп, тизмелерден өчүрөт.

Жылмаят анда акын ичтен күлө,
Кол сунуп андан бийик улуу күнгө.
Ал кетет саякаттап жылдыздарга,
Миң сырдуу кучак жайып кенен дүйнө.

Кечирессиң, кебелбейсиң, токтоосуң,
Өзүң жазган бир түп дарак окшойсуң.
Теңир берген үн катпаган улуулук,
Канга сиңип, кектеп жолун тоспойсуң.

Сизге чоочун кастык кылуу адамга,
Пайгамбардын ыйык руху каныңда.
Кудуреттүү күчтү өзүңө сиңирип,
Касиеттерден келип жаткан агыла.

Адамсыз чындыгында Теңир сүйгөн,
Жаныңда айкөл Манас жандап жүргөн.
Согушта ажал бүркөн кыргындардан,
Калкалап жаның сактап алып жүргөн.

Мөндүрдөй октон сизди калкалаган,
Калкандай колу менен далдалаган.
Кокустан жаса тайып тийген окко,
Бербестен жаныңызды далдалаган.

Жатканда жараланып кан майданда,
Палатка топтолтура жарадарга.
Бир кезде дал үстүнө бомба түшүп,
Атылып кетти баары алда кайда.

Сапырган адам күлүн бул ааламат,
Кандай жан дени бүтүн аман калат.
Бир кезде көзүн ачса бир чуңкурда,
Толтура көлкүлдөгөн сууда жатат.



Ал бомба жарылганда жер жарылып,
Учуптур көктү карай сапырылып.
Сукемди кошо учуруп, бирок жумшак,
Таштаптыр коомай гана сууга албарып.

Суу кирип ачыштырып тиккен жарат,
Көрүнүп жан көзүнө жалын жанат.
Бир кезде ал чуңкурдун төбөсүндө,
«Кимсиң»-деп кызыл киши карап турат.

«Кыргызмын, жардам бер»- деп араң айтты,
Ийилип ошол адам колдон тартты.
үстүндө кементайын чече коюп,
үшүбөй жата тур деп үстүн жапты.

«Ээ тууган, эч убайым жебегин - деп,
Мен сага көөлүк таап келейин - деп.
Буйруса өмүрүңүз узун болот,
Жардамды колдон келген берейин»- деп.

Өткөрүп кайра баштан көз алдынан,
Ураалап чабуул коюп бара жаткан.
Жоокерлер жаалданып токтоор эмес,
Мөндүрдөй жааган окко алды жактан.

Душманга баратышкан селдей каптап,
Агызып кетүүчүдөй жерге таптап.
Жамгырдай жааган окко жанын тосуп,
Жоокерлер кулап жатты жерге жалп-жалп.

Чубалган ичегисин карай коюп,
Ичине кайра жыйнап сала коюп.
Жыгылып баратканын сезип калган,
Көңүлү караңгылап жаман болуп.

Көз ачса палаткада жаткан экен,
Курсагын бир жак колун танган экен.
Сестра бир ууч окту ага сунду,
Денеден бирден терип алган экен.

Командир азамат деп колун берди,
Жылдызга көрсөтөм- деп сендей эрди.
Эс алып азырынча жата тур- деп,
Төрүнөн палатканын орун берди.

Ангыча бомба түшүп куту учуп,
Далайдын башы учуп, буту учуп.
Кан кузду аны карап турган адам,
Денеси адамдын бүтүн учуп.

Түшүптүр Сукем дагы мында учуп,
Жанында колдоочусу колдоп учуп.
Болжолдоп жыйырма метр аралыкты,
Окопко суу каптаган коргоп учуп.

«Өлгөндөрдүн тиесмесине кирерге,
Аз калганда, Петр деген бир эрге.
Дуушар болгом, сүйрөп чыгып ал мени,
Жеткирди эле октон далда бир жерге»...

Сиз эскерген Петр деген жакшы адам,
Өзү эсте, фамилиясы калбаган.
Билген жокко кимди сактап калганын,
Алкыш ага адамзаттын атынан.

Анткени сиз адамзаттык акынсыз,
Адамдардын бардыгына жакынсыз.
Адам пейлин мөл булактай тазартып,
Айдап чыгып арам ойду жагымсыз.

Касың деле досуң болуп сезилет,
Сен алардын колун алып тезирээк.
Мейли деле кай тарапка барбагын,
Сизге жалаң жакшы адамдар кезигет.

Бүт адамдар сыя берет ичиңе,
Сиз үчүн жок, бул чоң тигил кичине.
Баарын сизге бир туугандай сездирген,
Кулдук уруп улуу Теңир күчүнө.

Кыргыз пейли каныңда ойноп өзүңдө,
Кыргыз жаны кудуреттүү сөзүңдө.
Асыл наркы, бардык жакшы жактарын,
Бүт батырып жүрөсүз го көшүлө.

Кыргыз жаны сиңген асыл боюңа,
Кыргыз жаны сенин учкул оюңда.
Кыргыз пейли аянбастан бапырап,
Колдо барын чачып турган тоюңда.



Оо Суке, таасын чыкты тапканың да,
Мергендей жолборс түшкөн капканына.
Күйүмдүү жаныңызга бүлө күтүп,
Кубанам чоң бакытка батканыңа.

Аялдын мээримдүүсү алган жарың,
Бар экен бул жактан да абдан багың.
Жаракөр, жанга жагым, жумшак мүнөз,
Энедей имерилип көрөт камын.

Тикенек кирген Сукем таманына,
Кирсин деп турат менин маңдайыма.
Сукеме келген оору мага келсин,
Деп тилейт Теңирине жалбарына.

Көңүлгө чын сүйүүнүн отун жагып,
Жылынып ошол оттон кубат алып,
Жашартып алат тура жакшы адамдар,
Өмүрдүн кышын гүлдүү жазга айлантып.

Адамга кандай кымбат мээрим деген,
Оо Теңир, ажыратпа мээримиңден.
Баладай улгайса да көңүл чиркин,
Көрктөнүп гүлдөп турат мээрим менен.

Ашыпбай бул турмуштун кеңдигине,
Басынбай болуп калчу кемдигине,
Ачуусу, таттуусуна кайыл болуп,
Жылынат оттой ысык мээримине.

Жайдары мээрин төгүп эркелетет,
Бал татып айткан сөзү элжиретет.
Албина бир сиз үчүн жаралгандай,
Дүйнөдө бир да аял ага жетпейт.

Дүйнөдө жакшы аялды көрө билген,
Жок экен бул жактан да сиздей мерген.
«Буйрук» деп айткан менен тандабадым,
Сиз үчүн Теңир тандап, сүйүп берген.

Бар болсун тагдыр буйруп коштогонуң,
Жүрөгү өзүңүзгө окшогонуң.
Сиз үчүн керек эле ушундай жар,
Ал барда кайрат күчтөн тоспогонун.
Жеңемди айта берсем сөз түгөнбөйт,
Тизгиндеп өзүмдү өзүм токтотомун.

Карысак да сиздей болуп карысак.
Көрүнбөгөн касиет бар өзүңүздө.
Арысак да сиздей болуп арысак,
Көөнөрбөгөн кудурет бар сөзүңүздө.
Теңирге миң ракмат улуу адамды,
Замандаш кылып койгон өзүбүзгө.

Улуу адамды карай берем утуру,
Көрүнөт бир кыргыз киши жупуну.
Булбул куштай болот тура байкалбас,
Сырт жагынан улуулуктун тукуму.

Деп айтасыз «мени ашыра мактадың»,
Жокту ашыра айта албаган бар жагым.
Бүтөөр эмес сиз жөнүндө айтаарым,
Ырдай берем уландысы бар дагын...

Сексен курак тосчу курак кубанып,
Тилеген жаш Теңиримден суранып.
Бар бол, Суке, арабызда арыбай,
Кылым жашын сизге тилеп туралык!

## КУРДАШТЫК

***/Кара-Буура районун Сулуу-маймак айлынын тургуну курдашым, Рыскулбек кызы, Дүйшөмбү келини Кумарга/***

**/Даректүү поэма/**

Бир жалгыздык башта бар,
Жаныңа керек кыйбастык.
Жаныңды турса жаркытып,
Жашоодо кымбат курдаштык.

Беш күндүк ушул дүйнөдө,
Көңүлгө керек кыйбастык.
Өзөктү турса ысытып,
Өмүрдө кымбат курдаштык.

Курдашым элең сен менин,
Классташ бирге окуган,
Катарлаш бассак кубанып,
Парталаш бирге отурган.



Жаштыктай таттуу курдаштык,
Жанаша жүрүп ыр жаздык.
Жаңысын улам үйрөнүп,
Үн алышып ырдаштык.

Артылып ынак курдаштык,
Жүрөктү ачып сырдаштык.
Кат алып алгач жигиттен,
Жообун дагы бир жаздык.

Кыз туруп жипсиз тартылып,
Болгонсуң алгач мага ашык.
Кыйылып жал-жал карашып,
Болгонмун алгач сага ашык.

Эгизим өңдүү бир тууган,
Ээрчишип бассак жарашып.
Сүйкүмдүү кыздар экен деп,
Суктанар эле карашып.

Мектепти ошол бүтөрдө,
Өзүңдөн калдым бөлүнүп.
Күйөөгө берди дешкенде,
Көзүмдүн жашы төгүлүп.

Кабыргам жатты сөгүлүп,
Өзүңдөн көптү күтчү элем.
Окусак деп борбордон,
Тилек кылып жүрчү элем.

Билчи элем сенден төгүлгөн,
Бир жакшы акын чыгарын.
Баалачы элем балдай тил,
Көркөмдүү болчу ырларың.

Татыктуу адам болсок деп,
Алдыдан көптү күтчү элең.
Көп ишке дилгир жан элең,
Өнөрдү түрдүү сүйчү элең.

Бир сырыңды жан билбес,
Мен гана жалгыз билчи элем.
Бала туруп карыдай,
Ыйман жолун күтчү элең.

Элендей карап көрүнбөй,
Ээн жерге барчы элең.
Отура калып чөкчөйүп,
Намаз окуп алчу элең.
Кел, окуйбуз намаз деп,
Мени да колдон тартчы элең.
Окуй бергин өзүң деп,
Таңдана карап калчы элем.

-Чоң атам менин чоң молдо,
Үйрөткөн алты жашымда.
Санаа таза, жан таза,
Кудай деп жүргөн жакшы да.

Жалынып колдон тартчы элең,
Деп айтып кана жыгыл деп,.
Тилегиң берет акыры,
Кудайыма сыйын деп.

Көнбөсөң мейли, мына ушул,
Дилиңди таза карма деп.
Үйрөтчү элең түз жүрүп,
Булганыч ишке барба-деп.

Апамдан кийин сен айттың,
Ушундай асыл акылды.
Боорукер жана күйүмдүү,
Көрбөдүм сенден жакынды.

Бир кезде күткөн курдашты,
Таштаган жоксуң карганча.
Калкалап келе жатасың,
Канаттарың талганча.

Достуктун билген кадырын,
Жакшы адамдын белгиси.
Келип турса чоң бакыт,
Көргүсү жана келгиси.

Кудайым өзү сактасын,
Көргүсү келбей качкандан.
Жолундан чыкса бурулуп,
Жолобой тетир баскандан.



Энемдей көрүп эркелеп,
Мен дагы сага шашамын.
Ичимди такыр ачамын,
Өзүмдү бүтүн чачамын.

Энемди көргөн элең да,
Экөөбүздү дос кылган.
Достуктун бил деп кадырын,
Түбөлүктүү кош кылган.

Окшош көйнөк кийгизип,
Окшошуп бирге жүргүлө.
Айтпады беле карганча,
Бириңди бириң сүйгүлө.

Сенин дагы кең пейил,
Атаңдын көрдүм апасын.
Ак сакалын жайкалтып,
Чоң атаң берген батасын.

Экөөбүздүн тагдырда,
Бир окшоштук бар эле.
Аталар келбей согуштан,
Көңүлүбүз зар эле.

Апа жагын көп айтпай,
Атам, атам дечү элең.
Апаң тийип күйөөгө,
Көрсө көңүлүңдү эзчү экен.

Бир тууганым болуп бер,
Жан күйөрүм аз дедиң.
Жалгыз Сейил синдим бар,
Менден кичүү жаш жедиң.

Тийген эриң Орозбек,
Ойдогудай жар болду.
Өмүр сүрдүң эркинче,
Ойлогонуң бар болду.

Тарбыя берген балдарга,
Мугалим экен айылдык.
Адам экен ак адил,
Артыла берди жакындык.

Жети уул кызды жетилтип,
Бапестеп баптап бактыңар.
Жогорку билим алышты,
Жетишти бардык чактыңар.

Балдарың чыкты ыймандуу,
Тилегиң берип кудайым.
Бакубат жашап бар болуп,
Көрүүдөсүң убайын.

Акылың менен өзүндүн,
Иштин көзүн табышты.
Жаңы доорго жараша,
Фермер болуп алышты.

Колхоз тарап жатканда,
Бир короо кой менчикке.
Бөлүштүрүп алдыңар
Жүз гектар жер энчиге.

Бөлүп алган энчинин,
Өтөсүнө жеттиңер.
Андан ары көбөйтүп,
Өркүндөтүп кеттиңер.

Акырындап отуруп,
Чоң чарбага айланды.
Камсыз кылып иш менен,
Канчалаган адамды.

Качан болсо жыйылбай,
Дасторконуң бапырап.
Келгендерге ийилип,
Келиндериң жадырап.

Сыйга бүткөн өңдөнүп,
Тосуп турат адамды.
Кайнененин канынан
Жаратылып калганбы.

Берекеси артылып,
Таап адал пейлинен.
Жаныбегиң, Шакениң,
Алкыш алып элинен.



Орозбектин балдары,
Жакшы чыкты дедирген.
Рысманың баарысын,
Кучагына имерген.

Арак деген азаптан,
Үй-бүлөсүн корушат.
Жолун жолдоп апанын,
Баары намаз окушат.

Ичмек тургай арақты,
үйлөрүнө жолотпойт.
Азгырыкка ал арам,
Убакытты коротпойт.

Адал иштин ан сайын,
Берекеси артылып.
Берип жаткан өндөнөт,
Теңирим да жактырып.

Акыл калчап сүйлөгөн,
Уга берип сөзүңдү.
Ээрчип жүрөт билемин,
Бир касиет өзүңдү.

Таштап шаар көй-көйүн,
Айылыма кел дейсиң.
Кымыз кенен, эт кенен,
Жүрүп эле бер дейсиң.

Жылда айтамын барам деп,
Бирок такыр баралбайм.
Барган менен бир күн да,
Анда чыдап кала албайм.

Али ойлой элекмин,
Жалгыз жандын жыргалын.
Балдар эчак эр жеткен,
Ыйлап калат ырларым.

Терди төгүп күн сайын,
Келип турат иштегим.
Кетип калсам томсоруп,
Ээн калат Бишкегим...

Жесир калдың жаш туруп,
Тийип ал дедиң күйөөгө.
Асмандан түш да кол жетпес,
Жерде эле жүргөн бирөөгө.

Көрсөтүп койдум бирөөнү,
Тийем деп буга оштонуп.
Ушуга кантип тиет деп,
Уктабай чыктың ойлонуп.

Эртең менен ойгонсом,
Отурупсуң башымда.
Апамдан бетер ойлосом,
Кетиптир агып жашың да.

-Акылың деле кем эмес,
Билбегенди билесиң.
Аз беле көргөн азабың,
Алкашка кантип тиесиң.

-Алкаш болсо эмне экен,
Арак ичкис кылабыз.
Жаркыратып идиштей,
Кум менен жышып жубабыз.

Деймин күлүп шаңкылдап,
Жаманды жакшы кылабыз.
Адам болсо болду да,
Тагдырын оңго бурабыз.

-Сен бурганча кургурум,
Өмүр өтүп кетпейби.
Оңолгуча ойрондоп,
Бул түбүңө жетпейби.

-Баарыбыз көксөп жакшыны,
Бу байкушка ким тиет.
Даяр адам издесек,
Мунун сырын ким билет.

Эртеси койдуң зыңкыйтып,
Ээрчитип барып базарга.
Кулпунуп чыга калыптыр,
Ошол эркек жасана.



-Адамдын көркү чүпүрөк,
Деген ырас турбайбы.
Дейсиң эми мунуңа,
Кыздар көңүл бурбайбы.

-Бекер акчаң короптур,
Кылгамын десем тамаша.
-Кубанып калды сооп да,
Мейличи дейсиң бечара.

Жаркыраган алтын да,
Чаңда жатса кир болот.
Жакыр деген адам да,
Багын ачса пир болот.

Кемсинте берсе адамды,
Кара жер менен тең болот.
Көтөрмөлөп сүрөсөң,
Келишкен мындай эр болот.

Карыпты жөндөп оңдосоң,
Кадырга мүмкүн жетер деп.
Көтөрмөлөп көр дедиң,
Көнбөс болсо кетер - деп...

Калып калды ал адам,
Кадырыңа жетем деп.
Кубанып жүрдү дүйнөдө,
Бактылуу адам экем деп.

Сөз берген бойдон бир жолу,
Аракты оозго алган жок.
Жашадык жыргап сыйлашып,
Адамга ошол арман жок.

Шаардыктар мынча аз төрөп,
Башка эмне тойдуңар.
Кем кылып санын баланын,
Ченеп-бычып койдуңар.

Келген сайын көп кейип,
Төрө деп кеңеш берчи элең.
Көбөйөт кантип кыргыз деп,
Келечек камын жечү элең.

Бөлүшөйүн сага деп,
Бир кызыңды берди элең.
Өзүңдөй кылып өстүрүп,
Тарбыя бергин деди элең.

Таттуу кызың Динара,
Кыз эле жутуп ийчүдөй.
Кыз эмес болчу жөн эле,
Бирөөгө кыйып берчүдөй.

Кой десем болбой ал дедиң,
Аянбайм берем жанды да.
Таарынып калам болбосо,
Бергенде алат малды да.

Ошондо анык түшүндүм,
Курдаштык кандай экенин.
Кулпунтуп багып чоңойттум,
Курдаштын берген белегин.

Он жашында келди эле,
Үйүмө кетем деген жок.
Дээринде бар зирек кыз.
Эч кандай түйшүк берген жок.

Кайра узартып колумду,
Колума жүрдү кол болуп.
Жакшы жүрүп, жакшы окуйт,
Кубанчым жүрдү мол болуп.

Мектепти бүтүп эң жакшы,
Өз күчү менен окуду.
Ойдогудай адептүү,
Өркүндөп өсүп отурду.

Бир күнү келди кубанып,
Кызыл диплом алдым деп.
Таанышам дейт сиз менен,
Жанында жүрөтКаныбек.

Сураштырсам мен аны,
Баласы экен атанын.
Байсылдадай кыргызда
Бүт эл билген атагын.



Ылайыктап жактырып,
Өз теңине бергенмин.
Адам болду мээримдүү,
Жолун жолдоп эненин.

Ынтымакта, ырыстуу,
Рахаттуу жашашат.
Тили таттуу балдары,
Экөөбүздү талашат.

Чайын ичип алардын,
Төрүндө бирге отурдук.
Тобо деп жака карманып,
Көңүлдү шатка толтурдук.

Ушуларга окшогон,
Кыз эмес белек монтойгон.
Эликтей болуп жеп жеңил,
Чүрөктөй мойну койгойгон.

Ойлорду бирге ойлошкон,
Тойлорду бирге тойлошкон.
Балпайып төрдө отурган,
Чексиз тобо кудайга
Эми Байбиче болдук окшошкон...

## АСАНБАЙ

Даректүү публицистикалык поэма

*Өткөн кылымда шаарыбыздын тоо тарабына арык казып суу алып келип, какыр жерге эгин айдап, бак өстүргөн багбан дыйкан атабыз Асанбай Шама уулунун арбагына багыштайм. Азыр ал жер шаарыбыздын Асанбай кичи району деп айтылат.*

### 1. Асанбайдын арыгы



«Эр эмгегин жер жебейт»- деп айтмакчы,
Элин бакса, жер гана өзү бакмакчы.
Терин төксө ал алдабайт, калп айтпайт,
Эмгек ээси берекеге батмакчы.

Суу бул өмүр, бүтпөс байлык береке.
«Суу сыйлаган зор болот»- деп айтмакчы.
Жашоо күндүн, тирүүлүктүн чордону,
«Суу кордогон кор болот»- деп айтмакчы.

Алтындан кымбат туруп, арзанын айт.
Аскадан атырылып акканын айт.
Жашоонун каны болуп, шамы болуп,
Тирүү жандын баарына жакканын айт.

Ырга салгым келди бүгүн төгүлүп.
Мына ошол суу сыйлаган адамды.
Касиеттүү суунун тийип батасы,
Суудай узун өмүр алып калганды.

Ырга салдым мына муну тиледим,
Урпактарым аталарын тартсын деп.
Сууну сыйлап, жерди асырап тер төгүп,
Береке артып, жерден бакыт тапсын деп.

Жер бетине эмгек менен из салсаң,
Ошол изиң тамгаланып калмакчы.
Касиеттеп колдон колго өткөрүп,
Кылымдарга атынды атап бармакчы.

Эски арыктын нугу жатат чөп басып,
Суу акмакчы аккан гана арыктан.
Эл ичинде эрдин атын өчүрбөй,
Асанбайдын арыгы деп атыккан.



Көз алдыма туруп алды Көк-Жардын,
Касиеттүү алп денелүү белеси.
Ал белестен суу жетелеп келе аткан
Ак ниеттүү Асанбайдын элеси.

Сооп таап, адам эмес чөптөн да,
Жерге жашыл өмүр берген бул адам.
Пейили ак, суудай таза көңүлү,
Өзүнчө эле көз алдыма алп караан.

Калбай калды ыр жазбаска түк айлам,
Ышкым козгоп бир күч келди үндөгөн.
Таасим этип арбагына багыштайм,
Касиетинен шаар өсүп, гүлдөгөн.

Өттү канча бекзаадалар шарактап,
Жан жыргатып эл, жер менен иши жок.
Өттү баары, өчтү аты калбастан,
Арт жагында келген, кеткен изи жок.

Өттү канча падышалар эл бийлеп,
Кыргын салып кылычынан кан тамган.
Ак ниеттүү, адам үчүн айтарлык,
Арт жагында адал изи калбаган.

Бардыгынан бийик турат Асанбай,
Эл жеринин камын көргөн эр адам.
Болсо дагы карапайым кетменчи,
Кең ааламдай көкүрөгү кең адам.

Ал билген жок суу жиберген бул аймак,
Каларлыгын Асанбай деп атыгып.
Ал сезген жок жаткандыгын кетмендеп,
Жер бетине автограф калтырып...

Асанбай таянып чоң кетменине,
Өрөөндү мелмилдеген турду карап.
Дыйканды кызыктырып, кыялдантып,
Азгырып туруп алды ошол тарап.

Дуулдап жанып турду кош алакан,
Дыйкандын делебеси кошо жанып.
Көңүлү эмгек көксөп алып учту,
Көрүнбөс касиетинен рахат алып.

«Тетигил какыр жерге суу жиберсем,
Ишиме жер да балкып, эл да балкып.
Ыраазы болот элем эмгегиме,
Жашоого мына ошондо моокум канып».

Жаңырып туруп алды кулагына,
Заңгырап ээндиктин жаңырыгы.
Жетелеп Асанбайды алып кетти,
Жеринин ээликтирип чакырыгы.

Көк-Жардан көз жиберсе алды жакка,
Бозоруп жетим талаа ээн жатат.
«Оо чиркин тийчи болсо камкор колго»...
Асанбай өз алдынча ойго батат.

Уккандай Асанбайды суу башы деп,
Чаңкадым суу берчилеп сурагансыйт.
Кеберсип көздөн учуп бир тамчы суу,
Таңдай какшып, өңү да кубаргансыйт.

Аралап ал талааны басып жүрдү,
«Суу болсо атаганат, жибимексиң.
Көөдөнүң какыраган таш болсоң да,
Көлкүлдөп ак эмгекке ийимексиң».

Ыргалды көз алдында эгин талаа,
Жайнаган гүлдөр турду башын ийип.
Сеңселип саябандуу жапжашыл бак,
Мөмөсү салаңдаган жерге тийип.

«Ал эми бак бар жерде жашоо сөолөт,
Аралап басып жүрсөң бир ажайып.
Берекe мөмөсүчү бышып турган,
Дасторконго төгүлгөн ширин байлык».

«Урушта туруш жок» деп шымаланып,
Киришти билек түрүп, белди чечип.
Чогойно, уйгак өскөн боз талаага,
Суу жыгыш бар мүдөөсү белден кечип.

Оо, адам, ташты жарып сенин демиң,
Жер барбы эмгектенсең жемиш бербес.
Күч болсо аракстиң, аккан териң,
Дүйнөдө кандай иш бар колдон келбес.



Текшерип жер өлчөмүн, жер мерчемин,
Ал кирди кетмен менен арык казып.
Чакылдап таштак жерлер моюн сунбай,
Чаалыкты бир топ күнү арып, азып.

Чоң кайлоо «түк-түк» этет челип жерди,
Асанбай быш-быш этет төгүп терди.
Мээнеттен эмне токтоп турмак эле,
Узарып арык алга кете берди.

Дүйнөдө болот экен түрдүү адам,
Белсенип өзү бир иш кыла албаган.
Андайлар майдаланып турат экен,
Ич тарып иштегенди көрө албаган.

Бир адам басып келди кербезденип,
-Ой кандай акмакчылык бул кылганың.
Жайыттын баарын бузуп чаң ызгытып,
Мал оттоор жердин баарын тарытканың.

Жеринин зыян кылбай бир чөбүнө,
Мал менен өткөн сенин ата бабаң.
Токтоткун, жердин баарын аң дөң кылбай,
Кимдерге опо болмок сенин чарбаң.

Таңданып карап турду унчукпастан,
Асанбай калыбында момураган.
Күрсүнүп алды тереӊ терин аарчып,
Уккан жок аркы сөзүн опурулган.

Бакылдап чаап келди да бир атчан,
-Сен белең, чычканга окшоп жерди казган.
Аюбу деген элем дүңүрөңдөп,
Жер челип топурагын чачып жаткан.

Башыңды жара чаап бөлөйүнбү,
Текшерип билгичтигиң көрөйүнбү,
Мал түшсө мүдүрүлүп буту сынат,
Арыкка өзүң казган көмөйүнбү.

Обдулуп чала-чарбыт чаап калды,
Асанбай солк этпестен туруп алды.
Теминип дагы экинчи чабарында,
Камчысын шарт колунан жулуп алды.

-Бар деди малыңды бак, ал да керек,
Мен болсо жерди казам бул да керек.
Жер казсам мен казамын эмнең кетти,
Экинчи келчү болбо мени демеп.

Күзүндө кызылды үйүп алсак түшүм,
Көрөрмүн нанды жебей чанганыңды.
Турганда шагын ийип алма, жүзүм,
Көрөрмүн жемиш жебей танганыңды.

«Көрөрмүн, көрөрмүн»-деп жолго түштү,
Асанбай көөнү чөгүп ойго түштү.
Шалдырап демдүү турган күчү тайып,
Денеси суу сепкендей боло түштү.

Да бирөө акыл айтат «койсоңчу»-деп-
Кур мээнет бул эмгегиң текке кеткен».
Бербеди беттегенин жер оодарып,
Аташты Асанбайды көк бет экен.

Жайкалтып ак сакалын бир карыя,
Келди да Асанбайга жакын басып,
-Оо балам, оюм жетсе колум жетпей,
Келгемин койсоң боло акылдашып.

«Эзелтен эр эмгегин жер жебейт»-дейт,
Бул ишиң азаматтык билгендерге.
Ишиң ак, эмне дешсе ошол дешсин,
Айла жок көңүл бурба билбегенге.

Жер деген адамзаттын чоң сынчысы,
Сен кимсиң, кандайсың деп турат карап.
Колуңдан эмне келет, канакей деп,
Адамга кое билет эң чоң талап.

Жер деген берешен да, сараң дагы,
Колу ачык бергендерге чача билет.
Ал каттуу бербегенге адал терин,
Дүңкүйүп сыртын салып жата берет.

Пайда жок, тоо томкоруп, зоо бузгандан,
Терди да акыл менен төгө билгин.
Кут түнөп, баба дыйкан мээрин чачкан,
Бул жердин эртеңкисин көрө билгин.



А бирок бир кишинин күчү жетпейт,
Бул жерге бирдик керек, билек керек.
Берилип беттегенден тайгылбаган,
Жер сүйгөн, жерди күткөн жүрөк керек.

Билек да аздык кылат, билим керек,
Аңтарып жердин сырын билүү керек.
Ушул жер эмне берип, эмне коет,
Үйрөнүп андан кийин тигүү керек.

Өзү агат ага турган жолун таап,
Кээ жерден сууну эркине кое бергин.
Жеңилдейт суу жумшартып казган жер да,
Жетелеп жеңил гана кете бергин.

Деди да ал карыя басып кетти,
Көздөрүн Асанбайдын ачып кетти.
Өңдөнүп баба дыйкан жүрөгүнө,
үмүттүн үрөндөрүн чачып кетти.

Бул ишти угуп, көрүп түшүнгөндөр,
«Берели кол кабыш»-деп келип жатты.
Аянбай билек күчүн, акыл күчүн,
Жардамын бардык жактан берип жатты.

Келишти кыз- келиндер шаракташып,
Энелер айран ташып, кымыз ташып.
«Суу барсын, суу жетсин-деп-бул аймакка»,
Киришти эми жапырт арык казып.

Канча таш, канча турпак ыргытылды,
Маңдайдан канча терлер шыпырылды.
Сезилбей кыйналганы иштеринин,
Эртеңки натыйжасы кызыктырды.

«Көз коркок, колуң баатыр»-деген ырас,
Узарып кетип жатты даяр арык.
Бир гана билишкен жок кетмен менен,
Жатканын жер бетине жазып тарых.

Мына Асанбай кадам таштап баратат,
Алды жакта ээн талаа чалкыган.
Арт жагында жүгөндөлүп ээрчиген,
Суу келатат арык менен ээрчиген.

«Суу келатат, суу келатат, сүйүнчү»,
Дешип жатты кубанычтуу дуулдап.
Жан киргендей денесине кан чуркап,
Жер жанданды бул жашоого кудуңдап.

Ээндиктин ырын ырдап уңулдап,
Жаткан жерде жаңы обон жаңырды.
Көзү ачылбай үмүт үзгөн жашоодон,
Бүт теребел тыңшап калды жаңы ырды.

Баары өлүп, куйкаланып аптапка,
Ным көрбөгөн жалынып да жалбарып,.
Ысыкка да, суукка да чыдамдуу,
Таштар гана жатчу күнгө кактанып.

Ырыскы алып жашоо үчүн шашкандай,
Суу келатат мелт-калт болуп жүгүрүп.
Багелегин, билектерин түрүнүп,
Асанбай да кошо келет сүйүнүп.

Өттү күндөр кубанычтуу үн менен,
Жалбырактар ырын ырдайт жел ыргап.
Ишенбейсиң кылым бою бул жерлер,
Жаткан десе таңдай катып, тил кургап.

Мына Асанбай кадам шилтеп баратат,
Арт жагынан суу келатат шаркырап.
Алды жакта ээн талаа чалкыган,
Суу артынан жашоо күлүп жаркырап.

Кереӊ талаа көзүн ачып жанданып,
Суу артынан бүчүр байлайт бак дарак.
Карт өмүрлөр кереметтей жашарып,
Гүлдөп турат шаңга батып чар тарап.

Суу акпастан жактан өңдүү кут агып,
Арык суусу жерге сиңди кан болуп.
Алма, жүзүм, кайың, арча ыргалды,
Бул аймактын маңдайына бак конуп.

Бак дарактар айтып турду миң алкыш,
Жагалданып жашыл көйнөк кийинип.
Өсүп өн деп биздей болуп бутактап,
Мажүрүм тал таасим эте ийилип.



Чөптөр, гүлдөр айтып турду миң алкыш,
Өздөрүнөн тили менен жамырап.
Жердин улуу касиети колдосун,
Өсүп өн деп биздей болуп тамырлап.

Жер дүркүрөп айтып турду миң алкыш,
Сен кулпунтуп өмүрүмдү жашарттың.
Урпактарың өссүн мендей өркүндөп,
Жан балкытып, көөдөнүмдү тазарттың.

Адамдар да айтып турду алкышын,
Жакшы ишинди кудай өзү жалгасын.
Кыдыр даарып өссүн укум-тукумун,
Улуу ишинди урпактарың уласын.

Манас ата берип турду батасын,
-«Ушул жерде жашоо шамы жансын деп.
Конуш алып көчөсүнө эл толуп,
Асанбайдын атын атап калсын»-деп.

Аала талаам карап турду кубанып,
-«Жетпегенге муундарың жетсин деп.
Жашоо жарыш өмүрдөгү бүтпөгөн,
Ал жарышта дайым жеңип келсин»-деп.

Теңир өзү көрүп турду кубанып,
Көөнү толуп Асанбайдын ишине.
Шаар өсүп, гүлдөсүн деп эл журту,
Кут жиберди басып кеткен изине.

Ботаника багы делип аталып,
Эмнелер бар ушул бакта өспөгөн.
Көчөт барбы дүйнөдөгү дарактан,
Мекен кылып ушул жерге көчпөгөн.

Унутпаптыр эр эмгегин эл журту,
Асанбайдын көзү өтсө да акыры.
Ысмын сактап урмат менен атайын,
Деп жүрүштү Асанбайдын арыгы.

Учун улап алып кетти дыйкандар,
Асанбайдын арыгы узун чабылды.
Береке артып арык суусу болсо да,
Агымынан канча байлык алынды.

Өттү жылдар желдей сызып, жаңырып,
Жашыл бакта жашоо күүсү кагылып.
Өттү канча өмүрлөргө шам жагып,
Бул арыктан канча суулар агылып.

## 2. Асанбайдын каналы

Турмуш күүсү миң кубулуп чертилип,
Биздин күнгө келип жетти аягы.
Чоң каналга жатып калды нук болуп,
Асанбайдын кол арыгы баягы.

Суу инженер Асанбайга таң калды,
Билими жок жердин тилин билгенин.
Анык болжоп келечегин аймактын,
Алдын ала арык казып киргенин.

Ал таянып илим менен билимге,
Жер кыртышын канча үйрөнүп тактады.
Билими да, акылы да айланып,
Асанбайдын арыгына такалды.

Ар мезгилдин айта турган сөзү бар,
Өз обону, өз үлүшү, изи бар.
Казыш керек биздин жаңы арыкты,
Бул күндүн да өзүнө чак иши бар.

Канча план, канча долбоор түзүлүп,
Талкуулашып кайра кайра такташып.
Карапайым көзү менен иштеген,
Таң калышты Асанбайды макташып.

«Суу агат да аккан гана арыктан»,
Канал түштү кенен, түп түз тарткандай.
Чагылышат күн нуруна жаркылдап,
Топтолтура бермет көлкүп жаткандай.

Баягыдай кетмендебей каналды,
Техниканын күчү менен бүтүрдү.
Бетондолуп бардык жагы зыңкыйып,
Түбөлүктүү келечекке күтүндү.



Көрсө Асанбай жомокпу деп кубанмак,
Ушул күндө чоңоюп ал кетмени.
Бир челгени бир машина толтуруп,
Чоюн алпка айланып ал кеткенби.

Экскаватор баркырап да шаркырап,
Өзү сузуп, өзү ыргытып күркүрөп.
Кайратынан кабыргасы солкулдап,
Сөгүлүүдө жер денеси титиреп.

Ошол кезде ушул курал болгондо,
Асанбайдын көзү кандай ачылмак.
Алка-шалка айлап казган арыгы,
Даяр болуп бир күндө эле казылмак.

Төөдөй ташты топтой жеңил көтөрүп,
Чымчып таштап тиши менен акырын.
Бүгүн эле мында жүргөн күркүрөп,
Эртең көрсөң кеткен канча чакырым.

Жан киргизип чоюн алпты башкарып,
Асанбайдын муундары отурат.
Кол алдында турган кезде мындай күч,
Өз мүдөөсүн каалагандай болтурат.

Баягы арык Асанбайдын кенелип,
Болуп калды каналдын нук негизи.
Изи өчпөй жер бетинде эмгектин,
Мөмөлөдү акыл ойдун жемиши.

Ушул канал Асанбай деп аталды,
Мурас болуп муундардан муунга.
Кан тамырдай өмүрлөргө таралып,
Чайынсын деп ал каналдын сууна.

Эритип Чүй денесин көлкүлдөтүп,
Дыйкандын салаасынан береке агып,
Пейлиндей ал дыйкандын агыл-төгүл,
Батмандап агымынан ырыскы алып.

Оолак болуп той тамаша үлпөттөн,
Жүрөт кээде үстү башы чаң болуп.
Кубанчы экен көркко батып турганга,
Өз колунан талаа бети шаң болуп.

Өзү дагы жерине окшош жупуну,
Жери менен тоюн тойлоп алчу экен,
Башка бирөө түшүнбөгөн, сезбеген,
Кубат алып ырахатка батчу экен.

Аны кээде түшүнө албай күлгөндөр,
Сезишкен жок кимдин кимге күлгөнүн.
Жандарында жаман айтпай бир жанга,
Басмырт басып бир даанышман жүргөнүн.

Бул дүйнөгө түркүк болуп калчудай,
Бектер өттү артта калган изи жок.
Бар атагы керт башынан аша албай,
Эл, жер үчүн жасап кеткен иши жок.

Түбөлүккө алтын такта калчудай,
Кандар өттү сыйпаласаң орду жок.
Урмат кылып кимдер аны эскермек,
Жашап өттү жасап койгон зообу жок.

Барган сайын эрдин даңкын көтөрүп,
Эмгек гана түбөлүккө калмакчы.
Бул каналдан аккан суулар кылымга,
Асанбайдын атын атап бармакчы.

## АСАНБАЙ ШААРЫ

Ал каналдын агып өткөн жээгине,
Жаркыраган жаңы калаа курулду.
Суу бар жерде-жашоо да бар, көрк да бар,
Жомоктогу сыйкырлардай кубулду.

Кылымдарга эмгек күтүп зарыгып,
Жаткан жерге ээндикте күңгүрөп.
Ушул учур кенен күүлөп канатын,
Өрттөй өөрчүп шаар келди дүркүрөп.

Ал муздактан бери карай мелтиреп,
Жаткан жерге таш, кумдарга басылып.
Учкул учур кенен таштап арышын,
Шаар келди алтын нуру чачылып.

Адам ата жаралгандан бер жакка,
Жаткан жерге адам колун сагынып.
Ала-Тоонун бойго жеткен кызындай,
Шаар келди алтын чачпак таганып.



Байыртадан кулак мурун кескендей,
Жаткан жерге чың уйкуда ойгонбой.
Кут түнөдү күндөй күлүп жаркырап,
Шаар конду бирөө кое койгондой.

Кыргыз үйү күнгө жакын конуштап,
Турмуш көркү бара жатат бийиктеп.
Кара алачык кайда калды чоочулап,
Таба албайсың издеп дагы иликтеп.

«Асанбай» деп атап койду эскерип,
Ал каналдын боюндагы калааны.
Тааныбайсың кеткен болсоң аз жылдар,
Кече күнкү ээн жаткан талааны.

Асман тирейт Асанбайдын кааласы,
Москванын үйлөрүндөй заңкайып.
Аскасына атаандашып тургандай,
Ала-Тоонун этегинде маңкайып.

Ак куулардай койкойушкан ак үйлөр,
Катар турган кемелердей калкылдап.
Терезелер чагылышып күн менен,
А түнкүсүн жакуттанып жаркылдап.

Коюн-колтук кучакташып бак менен,
Көчөлөрү гүлгө оронуп алышкан.
Каналдагы суудай агып адамдар,
Аллеяда катар-катар жарышкан.

Жаштар барат көчөсүндө көрк болуп,
Күлмүңдөшүп гүлдүн көркүн талашкан.
Карттар барат чүрпөлөрүн жетелеп,
Саябандуу жашыл бакка жарашкан.

Карап турсаң жаңы план, стилде,
Көчөлөрү түптүз жарыш сызыктуу.
Кандай бакыт басып жүрүү бул жерде,
Жашап жүрүү андан бетер кызыктуу.

Асанбайдын кирди бекен түшүнө,
Ушундай деп какыр жердин эртеңи.
Ушул калаа алтын нурлуу жайнаган,
Гүлгө оронгон бактылуулар Мекени.

Күүлдөгөн күүсүн кагып турмуштун,
Жаркып жатат Асанбайдын алаасы.
Көз тайгылткан төрөп алды жаңы шаар,
Асанбайдын кут түнөгөн талаасы.

Асанбайдын муундары бүгүнкү,
Эң биринчи шаар кышын кынады.
Батмандаган оор жүгүн көтөрүп,
Башкарууда көк мелжиген кранды.

Бисмилла деп ташын коюп жатканда,
Түбүң болсун уюткулуу бек деди.
Ушул үйлөр болуп бизден эскерме,
Муундардан муундарга жет деди.

Аталардын эрдигине суктанып,
Замандашым кээде өзүңө капасың.
Бейпил күндүн талабындай сен деле,
Жер гүлдөтүп, шаар куруп жатасың.

Жасап коюп улуу ачылыш дүйнөлүк,
Калдың аны өзүң дагы байкабай.
Муундарга иш калтырып түбөлүк,
Баратасың эрдикке аны санабай.

Жүргөн менен учурунда байкалбай,
Муундарың сыймык менен эскерер.
Эмне иштеп өткөндүгүн аталар,
Эрдиктерче баалап алар кез келер.

Асакем эңсегендир ушул күндү,
Чөмүлүп мочоктогон маңдай терге.
Суу жыгып жаткандыгын сезди бекен,
Келаткан муундарга, эртеңдерге.

Ал билген жок баскан изи кут болуп,
Бул аймакта шаар өсүп чыгарын.
Ал сезген жок мончок терин төккөн жер,
Кылымдарга атын атап каларын...

Асанбайдын көчөсүндө баратат,
Түрдүү улут желдин окшоп гүлүнө.
Бир идиште гүлдестедей жарашык,
Берип турат карап турсаң түрүнө.



Кыргыз болсо ал гүлдөрдүн кызылы,
Өзү дагы жакшы көрөт кызылды.
Айкашуудан көркү чыгат өңдөрдүн,
Достукта дейт бул жашоонун кызыгы.

Айкашуудан көркү чыгып турмуштун,
Бейкуттукта бул жашоонун жагымы.
Бүтпөсүн дейм мен ичимден күбүрөп,
Көчөсүндө гүлдөй элдин агымы.
Өчпөсүн дейм терезеден нур чачкан,
Ар бир үйдүн күйүп турган жарыгы.



## ҮЙ БҮЛӨЛҮК АЛЬБОМДОН









































**МАЗМУУНУ**


Кут Дүйнө..........1
Гүлсайра-Куттуу Жердин Кызы..........4
Китептин демөөрчүсү
Абдраимова Дилбар Жанболотовна..........13
Кызым Дилбарга..........14
Куттуу Мекен..........15
Кут дүйнө..........16
Кел-кел заман..........17
Ата Мекен..........18
Теңир сөзү..........19
Байыркымын..........20
Эгемен Мекен эсен бол..........21
Намысыма тийдиң сен неге..........23
Бишкегим..........25
Токмогум..........28
Тоолуктар..........29
Жүрөгүм тоолордо..........29
Тоомо шашып жөнөдүм..........30
Тууган жер..........33
Кут конгон Бишкек..........34
Өз мүдӨөңдөн улуу бол..........41
Каниет..........41
Ушундай бир эл көрдүм..........42
Тоодо..........43
Тоо жолу..........45
Тобо дейин кудайым..........46
Ыйман улук..........47
Арак азгырган жоо..........48
Кыйкырык..........52
Бар бекен бүгүнкүнүн Курманбеги..........55
Чоор үнү..........58
Ынтымак..........63
Куран китеп..........65
Өзүңдү өзүң бак..........67
Наалыдым..........67
Ак босого..........68
Кайынэне..........69
Баламды атпагыла..........72

Эл эмне дейт ....................................................73
Калкыма Жаңы жылдык каалоо....................................74
Келди Нооруз....................................................75
Менин күнүм....................................................76
Ак бата....................................................77
Кантип сен аш кыласың....................................78
Курусун....................................................79
Кайдасың Жайсанбаев....................................79
Жалбырак....................................................80
Бир касымды таап алдым ....................................81
Ракмат касыма да....................................81
Биримдик....................................................82
Суктанам күздүн өңүнө....................................89
Тоо гүлү....................................................90
Бул өмүр-биздин өмүр....................................90
Эненин ыры....................................................91
Мен үйүмө шашып барам....................................92
Баламдын бетинен өөп кой....................................92
Балага....................................................93
Бардык балдар аман бол....................................94
Үй тоюна ак бата....................................95
Карыя коммунисттин кайгысы....................................97
Ыраазымын....................................................98

**КУТТУУ АДАМДАР....................................................99**
Жакшы адамдар....................................................100
Атыбыздан Чыңгыз ага сүйлөсүн....................................101
Жоолукчан эле дебесе....................................103
Сабира эже, кыргыз эне....................................104
Комуз үнү карыбайт....................................105
Эл куту болуп эсен жүр эже!....................................107
Сагынып жазды күттү элең....................................109
Сыбызгып назик үн болуп....................................111
Барпы акын....................................................112
Атай агага....................................................113
Канбайт кулак кумары....................................114
Сенин ырың....................................................115
Эл куту....................................................116
Биздин замандын улукманы....................................117
Арыба, Ала-Тоодой агаларым....................................120
Адам....................................................124
Үмүттүн ак шооласы үзүлбөсүн....................................129
Өмүргө жарык чачып....................................139
Эр азамат эл намысын туу туткан....................................140
Аялдык касиетиң....................................144
Булбул үнү карыбайт....................................145
Токтогулдун эстелигине....................................146



Ал эстелик тирүү болчу биз үчүн....................................147
Атуулсуз асыл нарктуу....................................148
Дастан ага....................................................149
Бата болсун ушул сап....................................150
Эмгеги бар эстелер....................................151
Жакшы адам....................................................152
Жетекчисиң көөнү жарык көрөгөч....................................153
Бийлик сынайт эр жигиттин кимдигин....................................155
Эл унутпайт....................................................157
Замандын көтөрүшүп оорун жонго....................................162
Байкемдин ыр кечесине....................................165
Чолпонсуң бизге жердеги....................................166
Ойдогудай адамсың....................................167
Жарык болду жүзүңүз....................................168
Бийликте аял болуу....................................169
Тунук дайра....................................................171
Аялдык асылдыгың....................................172
Замандын чыгаан кызысың....................................173
Ак куудай аппак ниетиң....................................177
Маселе чечет дүйнөлүк....................................177
Кыргыздын сыйлап атасын....................................178
Замандашым, санаалашым....................................179
Сенин ырың сени тарткан....................................181
Жарадың кыйын күндүн керегине....................................183
Кандай эле Касыкем....................................185
Кетип барат куш кайтып....................................187
Мукамын жазбай сайраган....................................190
Сени сүйбөс адам жоктур....................................190
Жылынып алайынчы....................................191
Күйүп турган жалын ал....................................192
Сенин үнүң заман үнү....................................193
Шаарыңар гүлдөп өсүптүр....................................193
Аял турап, эр мүнөздүү....................................194
Айтылып келет анын адамдыгы....................................195
Аял-эне-акын....................................200
Манас айтат акындардын акыны....................................202
Ынтымак деп сайрап турат ак дилиң....................................203
Назик адам....................................................204
Нур жаап турсун....................................205
Асылкеч....................................................206
Замандашым....................................................207
Какем ким?....................................................208
Эки элге орток уул бол....................................209
Айыл куту....................................................211
Келген келин кут болсун....................................212
Кыз бурак....................................................213
Үзгөн сайын өсөсүң ....................................215

Жазгандарың кудуреттүү..........216
Ой бешигин терметесиң..........217
Көктөм..........218
Ак жаркын адам..........220
Шоро..........221
Мээнеткеч тынбас эрдениси..........222
Ырың калды жүрөгүмдө..........223
Самара..........224
Сүтүн актап Курманжандай эненин..........225
Канаттуу кыз..........226
Сахна гүлү..........227
Айчүрөк сиңдим, өзүңдү сүйдүм..........227
Булбулум, булбулум ай..........228
Ракмат ..........229
Гезиттердин аксакалы..........230
«Эркин Тоо» гезитине..........231
Ала-Toого күн тийбей койбот..........232
«Кырчын» деп шаңшыган кош шумкар..........232
Жоктоо..........234
Талантың талант эле ташкындаган..........235
Кош бол эсил коңур мүнөз жакшы ага..........236
Үйдүн куту..........237
Сенин ырың Рыспай..........239
Элиң турат сагынып..........240
Теңири Манас өңдөнүп..........241
Ыраазымын жан курбум..........242
Шакенди узаткандагы кошогум..........242
Бороон соккон тоо гүлү..........244
Арман..........245
Кайда учуп кеттиң, ак туйгун..........246
Сен менин таалайым элең..........247
Сахнабыздын чүрөгү элең..........249

**КУТТУУ МАХАБАТ..........253**
Сүйүүнү бүттү дегем..........254
Адамдарга..........254
Келдиңби сүйүү..........256
Жылынсам мээримиңе..........256
Булакка айтым сырымды..........257
Сагындымго..........257
Сөздөрүң жүрөк тузагы..........258
Түтөө ..........258
Таарынган элем..........259
Кийин билдим баркыңды..........259
Жазга айланып баргым келет..........260
Сен болуп жүрбө..........260
Айта албай койдум..........261


Арманым белең..........261
Бир сөз үчүн..........262
Кечиппечи..........262
Кайдан табам..........263
Сен кимсиң..........263
Күтүү..........264
Жаштыгыма чакырасың ..........265
Жактырбайт деп ойлобо..........266
Жолуктуң кайдан..........268
Жоктойм ..........268
Эсиңдеби..........269
Кантесиң..........272
Төрт саптар..........273
Сыр..........274
Карааныңдан кагылайын эркектер..........275
Аппак сакал чал жолукту сен болуп..........275
Ак сүйүүмдү кантемин..........276
Мен эмесмин баягы..........277
Калдым ойдо..........278
Сен мага Сары-Челекти белек эттиң..........279
Сыныңа толсом..........280
Сүйсөң мени..........280
Ыр окусам..........281
Кызганчаагым..........281
Ракмат сага..........282
От башында..........283
Сен келгенде..........284
Сен кеткенде..........285

**ПОЭМАЛАР..........286**
Боз үй..........297
Ала-Тоо айымы..........304
Аял кудурети..........314
Менин апам ..........339
Бүгүнкү аял..........345
Журт атасы..........360
Улуулук..........368
Курдаштык..........378
Асанбай..........388
Асанбай шаары..........392

ҮЙ БҮЛӨЛҮК АЛЬБОМДОН..........

Адабий-көрком басылма

ГҮЛСАЙРА МОМУНОВА

КУТ ДҮЙНӨ

*Баш сөзүн жазган Э. ТУРСУНОВ*

*Башкы редактор* Махаббат МОЛДАЛИЕВА
*Корректору* Айгүл ЭЛЕБЕСОВА
*Тех. редактору* Нурбек АЛБАНОВ
*Сүрөтчүсү* АБДРАИМОВ Адил Жанболотович
*Компьютерде терген* Назира КУШУБЕКОВА

Терүүгө 01.12.2003-жылы берилди.
Басууга 26.01.2004-жылы кол коюлду.

Форматы 84x108 $^1/_{32}$. Кагазы офсет. 25,5 б. т.
Нускасы 1000. Заказ № 57 Келишим баа

Бишкек шаары
Киев көчөсү, 77
«Бийиктик» басмасы
Тел.: 90-04-79

